Все большую популярность приобретают различные модели правовоспитательной деятельности, которые взаимосвязаны с многочисленными концепциями правового образования[1]

Известно, что правовое образование является важным комплексным компонентом механизма процесса правовой социализации личности (усвоения, принятия и реализации субъектами правовых ценностей общества, идей, переживаний, чувств и эмоций людей, правовых оценок, норм и моделей поведения). Общество в целом, правовая практика определяют позитивную или негативную направленность правовой социализации и правового образования. Личность активно и избирательно воспринимает внешнее воздействие и преломляя его сквозь призму внутренних помыслов, убеждений, которые сложились первоначально.

Формирование нового закона образовательного права стало важной основой построения нормативной базы в области правовой культуры и воспитания гражданского общества в Кыргызстане. В новых нормативных актах часто употребляются понятия "правовая культура", "правовое сознание", "правовое образование", "правовое воспитание". Следует заметить, что они не являются чисто юридическими и заключают в себе первоначальный смысл, заложенный в них другими науками, в частности педагогикой, психологией, социологией, культурологией.

Многие термины, употребляемые в теории права могут иметь несколько значений. Изучая различные подходы к проблеме понимания права, многие юристы конца 19 –го и начала 20 вв. (Р. Иеринг, Н.М. Коркунов, Н.С. Таганцев, Л.И. Петражицкий, С.А. Муромцев) обращали внимание на это понятие в аспекте нормативного выражения согласованных интересов иметь в виду, что составные термины, подобно указанным выше, представляют собой не просто набор взаимозаменяемых слов-элементов, а устойчивые образования, внутри которых устанавливаются логические отношения. Актуализация указанных выше понятий не только в теории права, но и в реальной практике породила необходимость их более четкого дефинирования в юридическом смысле. Современное осмысление этих конструкций невозможно без экскурса в прошлое.

Например, начало этапа становления национальной правовой культуры русской государственности относят обычно к древнерусскому периоду. Формирование ее в полномасштабном объеме определяется концом XVIII-началом XIX вв. В этот период утверждаются позиции различных школ права, приобретают популярность идеи о неотъемлемых правах и свободах человека [2].

Так, в частности, закладывались основы формирования концепции естественного права. Однако оно не соответствовало принципам официальной государственной политики, поэтому его преподавание в учебных заведениях было запрещено и предпочтение отдано общей теории законоведения [3].

В 60-е годы XIX века предпринимаются попытки советских ученых разработать новую систему правовой культуры, связанную с установлением самой конституции.

В рамках нового юридического мышления развивались основные представления о правовой культуре с опорой на политико-правовые доктрины правоведов конца 19 – го нач. 20 вв. Л.И. Петражицкого, Б.А. Кистяковского, Г.Ф. Шершеневича. Впервые в советском государстве заговорили о формировании правового сознания и правовой культуры на всеобщем уровне.

---

[1] Стратегия развития образования Кыргызской Республики до 2020 года

2 Семитко А.П. Русская правовая культура: мифологические и социально-экономические истоки и предпосылки // Государство и право. -1992. -N 10. -С.108.

3 Семитко А.П.Указ.соч. -С.108.

Понимание советской (социалистической) правовой культуры как особого качественного состояния правовой жизни начинается именно в XX веке. Воспитание нового человека требовало активного воздействия на общественное сознание. В этом большую роль сыграл фактор заидеологизированности. Источником формирования представлений о понятии правовой культуры нередко служили идеи партийного руководства.

Только в 60-70-е годы XX века благодаря работам Е.В. Аграновской, С.С. Алексеева, В.П. Казимирчука, Д.А. Керимова, Н.М. Кейзерова, В.П. Кудрявцева, Е.А. Лукашевой и других предпринимаются системные исследования правовой культуры, понимая, что при изучении правовой культуры важно различать ее содержание и уровень. Содержание определяется направленностью правовой идеологии и правовой политики, а также действующей правовой системой. Уровень правовой культуры - это степень ее интенсивности, насыщенности.

Основополагающие концептуальные подходы в формировании современной дефиниции понятия "правовая культура" были сформулированы в 80-е годы XX века. Правда, это осуществлялось через категорию "социалистическая правовая культура", где одним из основателей этой концепции был профессор А.П. Семитко. Заметим, что разработка данного понятия происходила в основном с прикладных позиций без учета социально-философского аспекта проблемы.

В современной юриспруденции существуют разнополярные подходы к соотношению понятий "правовая культура", "правовое сознание", "правовое воспитание" и "правовое образование".

Насчитывается около 250 различных научных позиций по вопросу определения правовой культуры. Формирование нового понятийного аппарата, отражающего реалии изменяющегося общества, позволило по-иному взглянуть на данные объекты правовой жизни, их роль в процессе социализации личности, эволюции всего общества.

Современный этап характеризуется выработкой целостной ее концепции на основе развития юридических знаний, традиций. А.П. Семитко характеризует правовую культуру как качественное состояние правовой жизни общества[1].

Кыргызский ученый З.Ч. Чикеева с точки зрения правовой онтологии полагает, что, рассматривая правовую культуру только как качественное состояние жизни, мы констатируем лишь внешнюю форму данного явления [2]. Внутреннее же ее содержание заключается в развитии самого человека.

Таким образом, развитие личности в процессе деятельности по формированию правовых ценностей и их усвоению есть форма существования правовой культуры. Ее структуру можно рассматривать как единство двух подсистем: субстанциональной и функциональной. В первом случае речь идет о фиксации правового опыта общества, граждан, о правовых теориях и идеях, во втором - подразумевается процесс оформления этого опыта в практической правовой деятельности.

До конца XX века комплексное определение понятия "правовая культура", которое соответствовало бы его сущностному (аксиологическому) содержанию, отсутствовало. Оно не рассматривалось в соотношении с такими категориями, как духовность ее философской, социальной и правовой интерпретации.

Большинство определений носило чисто прикладной характер.

---

1 . См.: Семитко А.П. Правовая культура социалистического общества: сущность, противоречия и прогресс. -Свердловск, 1990.

2 . См.: Чикеева З.Ч. Формирование правовой культуры студенческой молодежи в современных условиях: Дисс. : канд. юрид. наук. -М., 1992.

В частности, акцентировалось внимание на правовой культуре должностных лиц [1].

Рассматривая данное понятие в более широком аспекте, В.И. Каминская и А.Р. Ратинов показали, что это система овеществленных и идеальных элементов, относящихся к сфере действия права, их отражению в сознании и поведении людей [2] .

В качестве элементов понятия были выделены право, правовые отношения, государственные органы, организации по реализации права, правовое сознание и правовое поведение.

Однако, по мнению Н.М. Кейзерова, указанные элементы недостаточны для определения сущности правовой культуры, к ним необходимо добавить критерии политической оценки права и правового поведения [3] .

Н.Я. Соколов считает, что правовая культура может рассматриваться как "совокупность правовых знаний, убеждений, установок личности, которые реализуются в процессе труда, общения, поведения, а также отношения к материальным и духовным ценностям общества"[4].

В правовой литературе закрепилось понимание культуры как совокупности принципов, мировоззренческих установок в области права, подкрепленных профессионально-правовыми знаниями. Это категория общечеловеческих ценностей, она выступает критерием становления любой государственности. Выделяют внешнюю правовую культуру как совокупность идей, представлений о праве, его месте в социальных отношениях и внутреннюю, с позиции, которой осуществляется исследование того, каким образом формируется система права.

Исследование отечественными правоведами вопросов правовой культуры позволило вычленить отдельные ее аспекты, создать целостное учение.

Но в последнее время правоведы все чаще стали рассуждать об институте правового воспитания. В современной юридической литературе появилось даже понятие "институт правового воспитания". Это позволяет говорить о сущностной основе правового воспитания, которое входит в содержательный аспект дефиниции.

Правовое воспитание детерминирует правовую практику и должно выстраиваться на основе общечеловеческих ценностей. В этой связи ученые выделяют ближайшую, промежуточную и конечную его цели. К первой они относят формирование системы правовых знаний, ко второй - формирование правовой убежденности, а к третьей - формирование мотивов и привычек правомерного поведения [5].

До начала 80-х годов в литературе понятия "предмета" и "объекта" правового воспитания фактически не разграничивались. Ученые приходили к выводу, что субъект правового воспитания и является объектом воспитательного воздействия. В. Момов подчеркивал, что "в сложном процессе воспитания необходимо разграничить личность как объект воспитания и предмет этого воздействия - средства и качества сознания и поведения. Личность оказывается здесь субъектом воздействия по отношению к предмету воспитания.

---

1 . См.: Ершова Л.А. Правовая культура должностных лиц и пути ее формирования: Дисс. : канд. юрид. наук. - М., 1991; Мирзоев Г.Б., Кейзеров Н.М. Правовая культура адвоката. - М., 1995; Сальников В.П. Правовая культура сотрудников органов внутренних дел. - Л., 1988.

2 . Каминская В.И., Ратинов А.Р. Правовое сознание как элемент правовой культуры // Правовая культура и вопросы правового воспитания. - М., 1974. -С.43.

3 . См.: Кейзеров Н.М. Политическая и правовая культура. Методологические проблемы. - М., 1983.

4 . Сальников В.П., Соколов Н.Я. Юристы и формирование правовой культуры граждан в правовом государстве // Методологические проблемы воспитательной работы в органах внутренних дел и внутренних войск. - СПб., 1991. -С.3-10.

5 . См.: Головченко В.В. Эффективность правового воспитания. Понятие, методика, критерии измерения. -Киев, 1985. -С.26.

Кыргызский юрист К.Н. Нурбеков, например, считал, что предметом правового воспитания является правовая культура. Это значит, что правовая культура - результат правового воспитания [1].

По мнению Г.И. Демченко, правовое воспитание - это процесс взаимодействия правовых средств с индивидуальным правосознанием и психологией членов общества в целях повышения их правового сознания [2].

Целесообразно рассматривать правовое обучение и правовое воспитание как дефиниции, обладающие относительной семантической самостоятельностью, которая предполагает их постоянную взаимосогласованность, но не поглощение одного другим.

Становление правового образования осуществляется именно в системе совершенствования и создания новых тенденций развития правового обучения и воспитания. При этом правовое обучение предполагает накопление теоретических и практических правовых знаний, умений и навыков, правовое воспитание способствует развитию общекультурных параметров личности. В целом их состояние определяет уровень правовой культуры общества.

Средством правового воспитания в целевом аспекте рассматривается *правовое обучение.* Целью правового обучения является, таким образом, формирование теоретической основы правового сознания и правовой культуры, обеспечения необходимого уровня систематизации знаний о праве, развитии правовых интересов, чувств, правового мышления, формирование научного правового мировоззрения. Однако данные определения не совсем верны.

До настоящего времени доминировал нормативный подход в правовом обучении, предполагающий передачу информации о праве, действующих нормативных правовых актах. Во многих концепциях гуманитарного образования не предусматривается формирование социально-правовой активности субъектов обучения, умения оценивать право и правовые явления.

Основным субъектом воспитания является государство, для которого крайне важно сформировать положительное отношение населения к действующему праву, подготовить профессиональных юристов-практиков, ученых-правоведов. Правовое обучение и воспитание - часть всего процесса духовного формирования личности, ее убеждений в необходимости следовать правовым предписаниям, прививать умения и навыки реализации права. Полученные правовые знания должны превратиться в личное убеждение, в прочную установку строго следовать правовым предписаниям, а затем - во внутреннюю потребность и привычку соблюдать правовой закон, проявлять правовую активность.

Вопросы эффективности правового воспитания детально разработаны В.В. Головченко [3], который обосновал общие критерии и показатели его эффективности: уровни правовых знаний, правовая убежденность, социально-правовая активность членов общества, поведение, соответствующее нормам права.

Однако спустя годы отдельные авторы практических разработок в области юриспруденции стали высказывать мысль о том, что "правовое воспитание" нельзя "точно измерить", а потому и определить эффективность правовоспитательной деятельности в реальной жизни непросто [].

---

1 . Нурбеков К.Н. Сущность правового воспитания // Правовое воспитание трудящихся. - Фрунзе, 1978. - С.99.

2 . См.: Демченко Г.И. Основные вопросы правового воспитания в социалистическом обществе: Дисс. : канд. юрид. наук. М., 1978.

3 . См.: Головченко В.В. Теоретические вопросы эффективности правового воспитания: Дисс. : канд. юрид. наук. Киев, 1982.

Правовая культура выступает системообразующим пространством. В ее рамках правовое образование представляет собой комплексную систему институтов образовательной деятельности, контролируемых государством, где выделяются относительно самостоятельные формы деятельности - обучение и воспитание, отличающиеся целенаправленным воздействием на формирование определенного типа личности. В этом смысле в качестве субъектов выступают образовательные учреждения, государство, педагоги, родители, объектами являются сама правовая образовательная деятельность и отношения по ее поводу (включая процесс образования), а содержанием - комплекс юридических прав и обязанностей, определяющих правовой статус личности.

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН «БЕТМЕ-БЕТ» ПОВЕСТИ К.АСАНАЛИЕВДИН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ

Айталиева Т.К.
Талас мамлекеттик университети

УДК.894.341.09.

КРнын Эл жазуучусу, көрүнүктүү адабияттаануучу жана сынчы К.Асаналиев «Адабий айкаш» аттуу эскерме – баянынын 1-бөлүмүн: «Адабий сынга кантип келдим?» деп атаган. Бул бөлүмдө орус жазуучусу Л.Н.Андреевдин «эгер адам баласына тагдыр буйруп, кудай болуп калса, анда анын «ордо тагы» китеп болмок» - деген сөзүн мисалга келтирип баштаган экен. Китеп жөнүндө К.Асаналиев ой жүгүртүп, бул өткөн кылымдарда айтылган афоризмдин бүгүнкү күнгө канчалык деңгээлде туура келерин талдайт. Китеп дүйнөсүнө өзүнүн кечигип келгендигин, Гомер, Данте, Сервантес, Шекспир, Лев Толстой жана Феодор Достоевский аттуу адамдар бар экендигин эрезеге жетип, Кыргыз пединститутун Тил жана адабият бөлүмүндө окуп жүргөнүндө билгенин айтып, «…китеп дүйнөсү менен кечигип тааныштым. Бул күнөө эмес, эстен кетпес ызалуу өкүнүч…» деп эскерген. Өзүнүн бала кезиндеги алгач окуган китептери, окууга болгон ынтызарлыгын арттырган окуялар жөнү ндө кеңири баяндап жазган. «Адабий айкаш» аттуу эскерме баян китебин окуган окурман кыргыз адабиятынын көптөгөн урунттуу учурлары тууралуу маалымат ала алат.

Эскерме-баян китебинин III бөлүмүн “Жаш Чыңгыздын адабиятка келиши» деп атап анда Ч.Айтматов менен биринчи жана экинчи жолу кездешүүсүн баяндап берген. Экинчи кездешүүсү «Бетме-бет» повести менен байланыштуу. Бул тууралуу Ч.Айтматов өзү мындайча эскерген экен: «…Ылдам эле повесть жазып бүтүрүп, кол жазмамды кимге көрсөтөрүм билбей, көпкө чейин көтөрүп жүрдүм. Бир жолу көчөдө баратып, «Москва» конок үйүнүн жанынан белгилүү сынчы К.Асаналиевди жолуктуруп калдым. Бардыгы эсимде, биз кокусунан жолуктук, анын колунда кызыл болуш керек эле, чоң портфели бар экен. Аны токтотуп алдым да бир нерсе көрсөтөм дедим. Ал анда Кыргызстанда аты чыгып калган белгилүү сынчы болчу, филологиялык билими бар, Москвага командировкага келиптир. Биз экөөбүз түз эле коридордон, бурчтан орун алдык. Өзүмдүн чыгармамды бир жарым сааттай окудум. Ал абдан толкунданып, ыраазы болду. Жыйынтыктап, бул кыргыз адабиятындагы жаңы сөз деп айтты. Мен ошондо өзүмдүн үлүшүм Шекер менен байланыштуу экенин түшүндүм».

Жогорудагы Ч.Айтматовдун эскерүүсү 1978-жылы «Литературный Киргизстан» аттуу журналдын №6 номерине жарыяланат. К.Асаналиев бул маалыматка мындайча тактоо киргизген: «Ч.Айтматовдун эскермесинде эки деталь боюнча гана так эместик кеткен. Менин колумдагы кызыл портфель эмес, кара чемодан болчу, биз көчөдөн эмес, «Москва» конок үйүнүн ветюбилинен кездешкенбиз. Калганынын баары дал өзүндөй...»

К.Асаналиев тарабынан «Кыргыз адабиятындагы жаңы сөз» деген баа алган бул чыгармада согуш качкыны Ысмайылдын жасаган иштери, анын ялы Сейденин аракеттери баяндалат. Адис Айтматов таануучу, академик А.Акматалиев: «Бетме-бет» повести жазуучунун адабияттагы өз чыйырын тандоодо чоң мааниге ээ болот. Повестте автор Сейде менен Ысмайыл аркылуу коом менен жеке адамдын тагдырынын бир бүтүндүгү жөнүндөгү философиялык проблеманы козгойт. Каармандардын жашоого,үй-бүлөгө, Ата Мекенге карата көз караштары, алардагы психологиянын өзгөрүшү , адамдык бийик касиетти сактап калу чыгарманын өзөгүн ээлейт»-деп жазган. «Бетме-бет» жарыкка чыкандан кийин кыргыз сынчылары чыгарманы курч талкууга алышкан. Алардын пикири боюнча: «Биздин типтүү каармандарыбыз, согушта жеңишке жетишкен каармандарыбыз кайда? Чыныгы баатырлар өлбөс-өчпөс эрдик көрсөткөндөр кайда? Дезертирлерал кезде дароо эле кармалып, атылып кетчү . Ал эми Айтматов кайдагы бир дезертирди трагедиялуу фигура катары көрсөтүп отурат. Жаңылышпасак, аны бизге туура кылды, оң каарман деп көрсөткүсү келет. Эгерде Айтматов ушундай идея менен ишин улантып отурса, антисоветтик ой-пикирлери менен бизди каякка алып барарын жакшылап, азыртан ойлонуубуз абзел!»-деп айтышкан. Жазуучунун айтуусу боюнча чыгарманын Москвадан чыкчу журналга жарык көрүшү оңдой берди болгон. Анткени, анын тагдыры опурталдуу эле.

Ысмайыл согушка баруудан баш тартып, качып келип, жашырынып жүрсө, Сейде аны коруп, тамак-ашын дайындайт. Жаз келсе, бул жерден качып кетүү тууралуу өз ара сүйлөшүшөт. Ысмайыл кошунасы Тотойдун жалгыз уюн уурдап союп алгандан кийин Сейде Ысмайылды жек көрүп аны кармап берүүгө батынат.

«Бетме-бет» повестинде «…Очоктун башында күйпөлөңдөп, күйөөсү алдыртан жал-жал карап ,Сейде ар кайсыны ойлонот. Ал Ысмайылды аяйт. Андан айрылып жетим-жесир болуп калабызбы деп коркот. Жарык көрбөй үңкүрдө жата бергендиктен Ысмайылдын ireңи шишиңки, жаактарында сакалы тикенектей дүрдүйүп өскөн. Көзү бирде кылмыштуудай жалтаңдап, бирде жанкечтилик менен эки жакты окурая чалып, заардуу тиктейт. Карап отуруп кишинин эси чыгат. Баягыда, өткөн жылкы жайда, Ысмайыл ушундай беле?» Жогорудагы текстте Сейде күйөөсүнүн бул акыбалга келе элек кезин ойлоп бушайман болот. Анда Ысмайыл жайдары, кечке жаны тынбай иштеген, жакшы үмүт, тилектери бар адам эле. Элден кем калбай алар да үй салып, бала багуу жөнүндө кыялданышчу.

Азыр ал- качкын. Эми ал көпчүлүктөн жашырынып күн кечирет. Ушундай жашоо Ысмайылга жагабы? Же анын жаны ошончолук таттуубу? Же Ысмайыл өтө акылдуу адамбы? Мындай жашоо канчага созулушу мүмкүн? Согуш адамдардын башына трагедия алып келет. Алаамат согуш кимдин баатыр, кимдин коркок экендигин айгинелейт. Согушка канчалаган чыractай жанган жаш жигиттер аттаныып, көбү кайра кайтпай калышты. Алардын артында балдары да калган жок.

Ысмайылдын аялы Сейде: «Мейли, качкын болсо качкындыр, алтын башы аман болсо болду? ...Эркек деген эмне кылса өзү билет. Ар кимге өз жаны кымбат, бул кыргында башын калкалаган эле тирүү калат. Түшүмө кирбеген, ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фронтко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем, атасынын көрү , бир күндүк өмүрүм болсо да ушул жерде жүрүп өтөм, өз башымды өзүм окко тосор алым жок!-дейт. Эгер ушундай түшүнүк бардык адамдарда болсо эмне

болот эле. Бүткүл элдин башына мүшкүл түшүп турганда андан тайсалдап, артка чегинип, качып, жанын сактай турган болсо, жаалданган душмандарга туруштук бере албай өлкө жеңилүүгө учураса, ошондо элдин тагдыры алардын арасында Ысмайылдын тагдыры эмне болмок? Мекен үчүн көз жумушкан азаматтардын эрдиктеринин үзүрүн кийин бүткүл өлкө, анын ичинде ошол эле Ысмайыл жана анын балдары көрүштү .

Өз жанын коргоп, калкалаган адамдын эч кимди аябай турганын Ысмайылдын коңшусунун уюн союп алган жеринен көрүүгө болот.

«…Ошол убакта топ элдин ичинен суурулуп, башында жоолугу жок, чачтары саксайып, көзү алаңдаган Тотой сарайынын жанына ыйлап жүгүрүп барды.

-Мынакей, айланайын эл-журт! Мынакей! Жаман кулпуну сууруп алып эле, алып кетиптир! Кокуй, кокуй, эми шорубуз кайнабадыбы!-дейт.

-Ана Тотойдун этегине чыркырап жармашкан балдарынын түрлөрү ; кичинеси төшөктөн жаңы эле турган көрүнөт жылаңайлак чыла кечип: «Апа!, Апа!»-деп бакырат. Тотой аны менен иши жок, ал өз алдынча жулунат.

Ушул сүрөттөөлөр жазуучунун «Балалыгым»аттуу чыгырмасындагы «Адам өлтүрүүнү көздөп…» деген чакан окуянын таасиринде жазылгандай .Анда «…Уйдун уурдалганынан шек калган жок. Мындай үрөйдү учурган суук кабарды эртелеп угуп, баарысы эмне кыларын билбей, ыйлап гана отурушт эми биринен бири кичине , ийилген чийдей төрт бала, оорусунан кыйналган апабыз, күйөөсүнөн ажырап, бизди караан туткан, жалгыз таежебиз Гүлша апанын күнү не болот?» Бул жерде окуялар өтө окшош болбосо да, уйдун уурдалышы менен үй-бүлө мүчөлөрүнүн баштарына түшкөн кыйынчылык окшош.

Караңгыда Ысмайыл үйүнө келди. Көтөргөн баштыгы бар, баштыктагы эт экенин билгенде Сейденин жүрөгү опколжуп:

-Сен белең ! Сен уурдап союп алдыңбы!-деп таң кала карайт. Ысмайыл:

-Унчукпа ишиң болбосун!- деп аялын демитет. Андан кийинки окуянын өнүгүшүндө жазуучу Ысмайылдын Сейдеге ачууланып айткан сөздөрүн баяндоо менен анын өтө өзүмчүлдүгүн, өзүнүн жанын сактап калуу үчүн өзгөлөрдү кымындай да аёо сезиминин жоктугун сүрөттөйт. Кан күйгөн согушта Ысмайылдай болбосо да, башка мүмкүнчүлүктөрү нөн пайдаланып, жанын сактап калгандар деле болгон.

Бул адамдардын татаал тагдырына согуш күнөөлүү . Бирок өзүмчүл ,жан бакты адамдар тынч жашоодо деле, көп адамдарга зыянын тийгизип, камырабай, менин жашоом жакшы болсо болгону деп өмүр кечиришсе керек.

Сейде:

-Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө өзүбүздүн кунаажынды союп алсаң болбойт беле!- деди.

Ысмайыл:

- Былжыраба! Мени үйрөткөндү коюп, өзүңдү бил. Заманың бөрү болсо, бөрү бол. Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да бирөө келип, казаныңа аш салып бербейт. Алган алып, жулган жулат!..

-Эмне унчукпайсың, яа! Эмне унчукпайсың дейм? Мен өзүбүздүн кунаажынды союп алсам балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби, яа. Чаткалга жер ооп жетер белең, ушуну ойлойсунбу, яа. Кетерибизге эми аз калганда мени үңкүрдө ачтан өлсүн дейсиңби, аа! Же башкалар сага менден артык болуп кеттиби?... Жетишет, кышы менен калчылдап, тишимдин кирин соруп отурдум. Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин! Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм!... деп киркирейт.

Ысмайыл кетеринде:

-Көп сүйлөбөй этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу!- деп акыл үйрөтөт.

Жогорудагы Ысмайылдын айткандарын окуп отуруп, Ысмайыл кандай адам?- деп суроо бергиң келет. Эмнеге ал өзүнүн кылган ишин туура деп ойлойт? Өзүн башкалардан акылдуу сезгени кандай?

«Балалыгым» аттуу чыгармада «Чыныгы Ысмайыл» деген бөлүмүндө жашоодо Ысмайыл күлүк ат мингенди, ойноп-күлгөндү жактырган адам болгондугу баяндалат. Ал өзүнүн согуш качкыны болуп камалып, көптөгөн адамдардын «дезертир», «качкын», «чыккынчы» деген сөздөрүнө терикчү эмес экен да, «Менин жаным тирүү калды, эмне десеңер ошо дегиле. Башкалардай окко тосулган жокмун» деп айтчу экен. Кийин ал Ч.Айтматовго кат жазган. Катында: «Качкын болуп жүргөн мен тууралуу чыгарма жазыпсың. Эки уулум азыр Советтик Армиянын катарында кызмат өтөшөт. Түшүндүңбү? Эми баары өз жолунда»-деп эки уулунун сүрөтүн конвертке салып жибериптир. Айылдаштарына «Мени мурда Шекерликтер гана билсе, эми жердеш жазуучунун чыгармасы аркылуу көп адамдар билет. Чыгарма көп тилдерге которулуп мен дүйнөгө таанылдым»- деп айтчу экен. Ысмайыл өзүнүн түшүнүгүндө туура кылдым, өлгөн жокмун, тукумум уланды, балдарым бар деп ойлойт. Бир чети согуш болбой эле койсо жакшы болмок, согушта көз жумган жоокерлер деле аман-эсен тынч жашоодо өмүр сүрүшсө болмок деп ойлойсуң. Бирок, мезгил ошондой болду. Согушту баштап, анын башында тургандарга канча адамдардын каргышы айтылды. Бирок аларды согушуп гана жеңбесе, башка жол жок эле да.

К.Асаналиев Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» повестин угуп бүткөндөн кийин эсине түшкөн бир окуя тууралуу төмөнкүлөрдү жазган. Согуш мезгилинде өзүнүн айылында айылдык кеңештин катчысы болуп иштеп жүргөндө алардын айылында да согуштун качкындары болгон экен. Биздин айылда алты согуштун качкыны бар эле дейт. Ошол согуштун качкындары чогулуп алышып тоого кетип калышкан экен. Эч ким бара алгыс жерге жашынып алышып, төмөн жактан кимдин карааны көрүнсө атып салууга даяр болушкан. Ошондуктан алардын артынан түшүп издегенден коркушуп, эч ким барчу эмес. Алар кезек кезеги менен айылга келишип, тамак-аш алып кетишчү экен. Бирок, айылдык кеңеште иштегендер алардын үйлөрүнө барышып, сурамжылоо иштерин жүргүзүп турушат. Күндөрдүн бир күнүндө айылдык кеңештин төрагасы Жумагул Түкбашев К.Асаналиев экөө салык чогултуп жүрүшүп, Абдий аттуу согуш качкынынын үйүнө келишет. Абдийдин аялы аларды ал жерден эрте кетирип жиберүү үчүн «эртең эле базарга барып акыркы жүгөрүмдү сатсам да налогуңарды төлөп берем»-дейт. Күйөөсү тууралуу сураганда баласынын согушта-шиленип, безилдеген аялды карап турган адам ишенбей коймок эмес. Аңгыча төрага шатыны алып, үйдүн чатырын көздөй көтөрүлө баштайт. Чатырга баш багып кайра өтө шашылыш түшүп, атына минип тез бастырып кетет. Кеңешбек агай да артынан шашыла жөнөйт. Жетип барса Жумагул Түкбашевдин өңү купкуу, «Абдий чатырда жашынып жаткан турбайбы» дейт. Кийин согуш бүткөндө алар амнистиядан кийин кайрадан үй-бүлөсүнө келишип жашап калышты. Абдийдин уулу согуштан бир бутунан жарадар болуп келип, колхоздо эмгектениптир. Көп мезгилдер өткөндөн кийин К.Асаналиев Абдийге жолугуп «…ошондо эмне кылат элеңиз?» - деп сураганда, «дагы бир аз көтөрүлө түшкөндө, Жумагулду атып салат элем»-деп айтыптыр. Бул тууралуу К.Асаналиев : «Айылдан көргөн Абдийдин окуясы туурасында кийин ошондой эле үй-бүлө тиричилигиндеги бир үзүндү дегендей ойдо жүргөм, ал турмак эсимден да чыгып кеткен. Анан ошол өз айлыман өспүрүм кезимде көргөн адамдардын тагдырын дал нукура өзүндөй түрүндө көркөм чыгармадан эми кайрадан көрүп жатканда, ырасын айтсам, эң оболу, азыр өз турмушумда экинчи жолу кездешип жаткан Чыкеме эмне

айтарымды билбей (жалпылаштырылган мүнөздөмөдөн тышкары) таң калып отурдум. Анткени, ушул мени менен курбалдаш жаш бир үзүндүсүндөй деген окуя мааниси жагынан тап-такыр башка деңгээлге көтөрүлүп жатпайбы. Көрсө, нукура көркөм чыгарманын илгертен, оболтодон келаткан сыйкырдуу касиет-сапаты да ушунда турбайбы. Ал көркөм чыгарма адамдын жеке тагдырын түздөн-түз сүрөттөп, ички туңгуюк сырларын ача баштаганда гана улуттук адабият өзүнүн накта улуттук мартабасына ээ боло баштайт экен да».-деп баа берген. К.Асаналиев Ч.Айтматовдун «адабий дебюту» болгон «Бетме-бет» повести тууралуу жогорудагыдай ойлорун билдирүү менен жазуучунун тагдырында билингвизим анын бакты - таалайы экен деп белгилейт. Кыргыз жазуучулары анын мартабасы жогорку деңгээлде көтөрүлүүсүнө жол беришет беле? деген оюн да билдирген.

К.Асаналиев- Ч.Айтматовдун дээрлик бардык чыгармалары тууралуу изилдөө жүргүзгөн окумуштуу. Доктордук диссертациясын «Чыңгыз Айтматов.Көркөм образдын поэтикасы» аттуу темада жазган. Анын Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча жазган сын макалаларын окуган бир дагы адам кайдыгер калбайт.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч.Т.Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы. 5-том,Б.,2008,404-бет. 2.Айтматов Ч.Т.Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы.1-том,Б.,2008,106-бет.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы.Б.,2002.8-бет.
4. АйтматовЧ.Т.Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы. 3-том,Б.,2008,404-бет.
5. Кыргыз адабияты:тарых жана мезгил.Б.,2010.
6. Муратов А.Адабият-ыйман сабагы.Б.,1993.65-бет.
7. Үкү баева Л.Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты.Б.,2012.
8. Асаналиев К.Адабий айкаш.Б.,2008.

КӨРКӨМ ТЕКСТТЕ ТЕМПТИН ФОНОСТИЛИСТИКАЛЫК КОННОТАЦИЯСЫ

Алымбаева З. А.
Ж. Баласагын атындагы Кыргызулуттук университети

УДК: 894.341 (043.3)

Көркөм текстте чыгарманын көркөмдүк дараметин арттырып, өзгөчө бир добуш кооздугун жаратып, көркөм деталь катары колдонулуучу фонетикалык каражаттардын бири – тексттин темпи.

Темп – сүйлөшүү ылдамдыгын билдирүүчү интонациянын компоненти (Зиндер Л.Р. 1979. 276-б.).

Темп – сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн маанисине ылайык сүйлөшүүнүн ылдамдыгы же жайланышы.

Сүйлөшүүнүн темпи фразадагы сөздөрдүн, сөз айкаштарынын айтылуу ылдамдык өлчөмүн аныктайт. Көркөм тексттин темпи тексттеги окуянын жүрүшү, идея, мазмун менен байланышта болот. Ыр тексттеринде ыр саптарынын муун өлчөмү, ритми да анын темпине өз таасирин тийгизет.

Тексттин темпи сүйлөөчүнүн же каармандын учурдагы түрдүү психологиялык жагдайын туюндурат.

Темп көркөм образ түзүүчү касиетине ээ. Көркөм тексттеги окуянын өзгөчөлүктөрүн, маанисин, каармандардын психологиялык абалын, ички дүйнөсүн, мүнөзүн жана башка ар кандай өзгөчөлүктөрдү кыйытып түшүндүрүүдө тексттин темпи маанилүү роль ойнойт.

Көркөм текстте баяндоонун ылдамдыгы же үн узундугу ар түрдүү болот. Темп тексттеги ой-пикирдин, сезимдин көркөм чагылышын камсыз кылат. Ошентип, тексттин темпи текстте көркөмдүүлүктү жаратып, эстетикалык баалуулукту натыйжалуу берүүгө көмөкчү болот. Ошондуктан көркөм текстте өзгөчө стилдик каражат катары тексттин темпине чоң маани берилет.

Тексттин темпи – көркөм чыгармадагы үн кооздугун жаратуучу көркөм каражат. Ал эстетикалык кабылдоону камсыз кылат. Көркөм текст канчалык эмоционалдык татаал мүнөзгө ээ болсо, анын темпи ошончолук айкын жана ар түрдүү болот.

Көркөм тексттеги темптин жайлашы же ыкчамдоосунун натыйжасында текст жандуулукка ээ болуп, анын элестүүлүгү, ийкемдүүлүгү, жагымдуулугу артат.

Көркөм текстти окуунун темпи тексттин мүнөзүнө, маанисине, идеясына, сюжетине төп келгенде гана көркөм тексттин жандуулугу артып, көркөм чыгарма эмоцияга, таасир этүүчү сезимдерди тартуулоочу көркөм туундуга айланат.

Бул айтылган маселени көркөм тексттин мисалында карап көрөлү. Мисал үчүн эки түрдүү темптеги (жай, ылдам) текст алып, аларды салыштырып, тексттердеги темптин мазмун туюндуруу, подтексттик информацияны каймана түрдө кыйытып берилишине стилдик анализ жүргүзүүгө аракет кылып көрөлү.

Ар бир мезгилдин ырга шыктуу, таланттуу акындары болот. Бирок поэзияда акындык дидар менен көрүнүп, өз ордун таап, башкача айтканда, поэзияда өз нугун салып, окурмандын сүймөнчүлүгүнө ээ болуу озуйпасы нукура таланттарга гана ээ. Анын О.Султанов – поэзия дүйнөсүнүн түйшүгүн тартып, жылдыз болуп жанып-күйгөн, таланттуу акындарыбыздын бири. Ал кыргыз поэзиясында өз сөзү, айта турган оригиналдуу ою бар акындарыбыздын бири. О.Султанов сүйүү лирикаларында сезим отун, махабатты, кыялый дүйнөнү, кубаныч менен кайгыны бүт кан жаны менен туюп, көркөм дүйнөсүнөн өткөрөт, анан гана окурмандын акыл-сезимине таасир этүүчү, махабат дүйнөсүнө окурманды кошо жетелөөчү, эмоциялык таасири күчтүү, эстетикалык кунары бийик ыр тексти талап кылган тилдик каражаттарды чыгармачылык менен тандап, сүйүү лирикасынын арманга толгон саптарын жаратат. Сүйүүнүн бал татыган таттуулугун, оош-кыйышын, сүйүнүч-арманын жандуу сүрөттөп, салмактуу ойлор менен окурмандын акыл-сезимине жугумдуу жеткире алат. О.Султановдун ырларына жүргүзгөн байкообузга караганда, акындын ар бир тилдик каражатка карата жасаган мамилеси жана алардын ар бирин ыктуу, акындык чебердик, таланттуулук менен колдоно билүүсү өзгөчө, башка акындардан кескин айырмалуу. Акын ар бир тилдик каражатты, стилдик коннотацияны образдын мүнөзүнө, сүйлөө манерасына, окуянын идеясына жараша колдонот, окурманды ойго түртүүгө мажбурлайт. О.Султановдун жүрөк сырын армандуу баян этип, лирикалык каармандын кайгынын кучагында термелген муңдуу саптары ырды окуунун жай темпин талап кылат.

Жаркыным деп айтууга түгөндү үнүм
Жалдырап жан-жагыма карайм басып.
Чегинде үмүт менен түңүлүүнүн
Чачылып жыйнала албай турам катып.

(Султанов О. 1982. 225-б.)

Бул ыр саптарындагы айлуу түндө көл үстүндө сыдырым соккон желге окшогон мелмилдеген жай темп ыр текстине өзгөчө бир көрк берип, анын эстетикалык кооздугун арттырып, мындай темп, ыргак ырдагы негизги ой, негизги идея менен үндөшүп, текстте колдонулган лексика-стилистикалык коннотациялардын элестүүлүгүн, образдуулугун арттырууда өзүнүн салымын кошо алды. Бул жагдай ыр текстинин добуштук кооздугун арттырды. Мындай көз жаш менен эмоцияга толгон, махабат дартына ууккан, муңайган сүйүү саптарын тез темп менен окууга мүмкүн эмес.

Тексттеги армандуу сүйүү шамалына ыргалган жай темп ыр саптарынын уккулуктуулугун, жагымдуулугун камсыз кылып турат.

Көңүлдү өксүтүп, жан дүйнөнү кайгыга орогон сүйүү азабын тарткан күндөр айга, айлар жылга оошуп, кыйла мезгил өтсө да, махабатын жүрөк түпкүрүнө бекем ката кош каректе каканактаган ысык жаш “мөлт” эте кулап, каармандын үнү дирилдеп, тулку-бою майда калтырак басып, добушу каргылданып, махабатына жетпеген азаптуу күндөрү, армандуу сезим дүйнөсүнүн абалы, ынак сүйүүдөн жаралган аруу дүйнө, санаркоо сезимдер, таттуу эңсөөлөр, бактылуу жолугушуулар, көңүлдө өчпөй калган ажайып сүйкүм элестер муңдуу, мээлүүн ыргак, мелмилдеген жай темп аркылуу берилген.

Эмоцияга, мөлтүр сезимдерге, аруу ойлорго көркөмдүктүн бийиктигине жеткен, көкүрөктөн сызылып аккан сезимди баяндаган бул чыгармадагы ыргак, темп, уйкаштык жана башка фоностилистикалык коннотациялардын колдонулушу менен текст бийик көркөмдүүлүктө берилип, ыр текстинин жугумдуулугу артып, сырткы сулуулук менен ойдун тереңдиги жуурулушуп гармонияны түзгөн.

Акын махабаттын аруу табиятын жарашыгын келтирип миң түркүн аземдеп ырга салып, анын ачуу трагедиясын окурмандын жан дүйнөсүнө таасирдүү берет. Акындын лирикалык каарманы – сүйүүнү идеал тутуп, аны жан дүйнөсүндө аруу сактап, таза ниети менен кастарлап жүргөн адам. Ал сезим дүйнөсүнүн баркына жетип кастарлай билген, жан дүйнөсү таза, руху бийик, сүйгөнүн чын жүрөгү, бүткүл дүйнөсү, бар ышкы көңүлү, көңүл түпкүрүндө алдейлеген жан туюму, аруу тилеги менен ысык сүйөт. Ыр текстиндеги сүйүү сезими чаң жугузбай ыйык сактай билчү аруулуктун, адамга сүйүү, кумар, ышкы, эргүү жаратчу асылдыктын символу катары берилет.

Сүйүү издеп, махабат деп соккон жүрөктүн кайгыруусу, муңкануусу, жүрөктү сүйүү дарты каптап, арылгыс муң аралап, үмүтү саргайып, арзышканы менен эрчишкен бактылуу күндөр түн койнунда күн желеси өңдөнүп, жан дүйнөсү эңшерилип, арзыган сезимдер айкалышып, бакыт кучагына термелген күндөрдөн күдөр үзүп, көңүлү чөгүп, маанайы суз тартып, кирпигине ысык жаш имерилген көңүлү бөксөргөн лирикалык каармандын психологиялык абалын бул көркөм тексттин фоностилистикалык коннотациясы аркылуу көркөм аңдап билүүгө болот.

Ыр текстиндеги темп фоностилистикалык коннотацияга ээ болуп, ал өкүнүү, өксүү, сагыныч, кусалык, үмүтсүздүк, тажоо, ошол эле мезгилде тунук сүйүү сезимине жык толгон назик сезимдерди, ичи элжиреп жакшы көрүүнү, эбегейсиз чоң сүйүүнү, күтүүнү, адам үмүтүнүн жашоо үчүн, сүйүү үчүн күрөшүүсү сыяктуу контрастык сезимдерди чагылдырат. Адам жана анын жан дүйнөсү алдыңкы орунга чыгып, Омор Султановдук поэтикалык идея өз милдетин, окурмандын рухий эстетикалык дүйнөсүн арууланту сыяктуу бийик максатын жакшы аркалай алгандыгын келгендигин байкоого болот.

Ыр текстиндеги тез темп менен жай темптин айырмасын, алардагы ички маани, мазмундун темп аркылуу туюндурулушун салыштыруу үчүн М.Алыбаевдин чыгармасын алып көрсөк болот.

Көзүң укмуш ак чыныдай карагат,
Көп карайсың жүрөгүмдү жаралап.
Көөнүң болсо бир белгиңди түшүндүр,
Киши жалдап сүйө албаймын паралап.

М.Алыбевдин бул сүйүү саптарындагы мазмун жана аны көркөм чагылдыруунун ыкмасы, ырдын архитектоникасы, темпи бири–бирине шайкеш гармонияны түзүп, сүйүү сезимин көркөм-эстетикалык маанайда кылдат сүрөттөгөн поэтикалык мыкты көркөм туунду жаралган.

Мисалга алынган бул ыр текстинде чың буралып күүгө келген, шаңкылдаган комуз үнүндөй текирең-таскак салган тез темп өзүнчө бир үндүк-музыкалык инструментовканын кызматын аткарды. Ушундай темп, бир чети ырдын көркөмдүгүн арттырып, ыр текстине добуштук кооздук тартуулап, сулуу кыздын назик, мукам үнүндөй куюлушкан поэтикалык музыкалуулукту, уккулуктуулукту жаратат. Ыр саптарынын башынан аягына чейинки ыргагы, темпи, ички динамикасы, эмоционалдык чыңалуусу бири-бирине төп келишип, ашыктыкты, арзууну, кумар отунун жалбырттаган алоосун, мөлтүр сезимдерди толуп ташыган эмоция менен туюндура алган. Бул саптарда сүйүү жалындаган ышкы кумар менен тереңден-тереңге сүңгүп, асманда эркин чабыттап, бийиктен бийикке эргип учкан куштай окурмандын көңүл черин жазып, аны махабаттын аруу дүйнөсүнө жетелейт. Ашыктык ышкысындагы жан дүйнөсү сүйүүгө толгон адамдын көзү менен окурманды дүйнөгө саресеп салдырып, ашыктыктын таттуу кыялдарында терметкен нерсе-ыр саптарынын жандуулугу, стилдик каражаттардын орундуулугу, сөз өнөрүнүн жандуу болушу, стилдик каражаттардын сыйкыры.

Жан дүйнө тереңинде жүрөккө кубат берген, керемет дүйнөгө жетелеген махабатын шаңдана жар салган лирикалык каармандын мүнөзү, мөлтүр суунун түбүндөгү кубулжуп ойногон асыл таштардай моймолжуган көздөрүн кадаган асылзаада сулууга, моймолжуган арууга арналган, өмүрдү кулпунткан бактылуу сүйүү сезимин, ышкы кумарын чагылдырууда ырдын темпинин жорго жүрүшүндөй кооз ылдамдыгы, күлүктүгү, тездиги белгилүү роль ойноду. Бул саптарды биринчи мисалдагыдай муңканган добуш, ыргалган жай темп менен окууга мүмкүн эмес.

Биздин оюбузча, акындын ой жүгүртүүсү, поэтикалык кабылдоосу, ыр текстинин элестүүлүгү, өзүнүн ички сезимдерин таасын билдирүүгө көмөктөш болуучу ийкемдүү, мазмунга шайкеш келүүчү поэтикалык формасы, темпи, ыргагы окурмандын купулуна толуп, жүрөгүнөн орун алат.

Ыр текстиндеги башынан аягына чейин сакталган ыргак, темп, ички динамика, эмоционалдык чыңалуу эч бир жерде калыбынан жазылбай, «ак жаандай себелеп», окурманды эмоционалдык бир демде кармап турат.

Демек, ар кандай көркөм текст өзүнө жарашыктуу добушту, мазмун менен идеяга шайкеш келүүчү темпти талап кылып, ыр текстинин, дегеле көркөм тексттин темпи мазмун түзүүчү касиетке ээ. Көркөм тексттин темпи да, подтексттик информацияны каймана түрдө туюндурууга, текстте ички жана сырткы жарашыкты, сулуулукту, көркөмдүктү түзүүгө көмөкчү болот.

Сөз, тыбыш, муун өлчөмү, ыргак (ритм), сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкашы, орун тартиби, уйкаштык байланышы дагы башка фоностилистикалык каражаттар сыяктуу эле ырдын темпи поэтикалык көркөм тексттин курулуш материалы катары кызмат кылат.

Кайсы гана ыр курулушунда болбосун, андагы башкы элементтин бири анын темпи болуп саналат. Ырдын темпи ыр текстинде мазмунга ылайык ыргакты жаратып, биринчиден, ырдын лирикалык касиетин жаратат жана сактайт. Экинчиден, ырдын темпи подтексттик информацияны туюндурат, ал көркөм деталдык касиет – белгилерге ээ болот. Натыйжада, ырдагы идея негизги мазмун менен үндөшүп, айтайын деген ойдун жетимдүү, көркөм, эстетикалык болушу камсыз кылынды. Мында ырдын темпи кайсы бир даражада ийкемдүүлүктү, текстти түшүнүүгө жеңилдиктерди түзүп, ыр текстинин семантика - структуралык бүтүндүгүн сактай алды. Ошондуктан бул ырдан лирикалык каармандын психологиялык абалын көз алдыбызга даана элестетип, бир жагынан, элестүү, экинчи жагынан, уккулуктуу, сезимге жеткиликтүү көркөм поэтикалуу текст түзүлдү. Ырдын жалпы курулушунда, жогоруда белгилегендей, мазмундук бүтүндүк айкын байкалып турат. Ошентип, ырдагы темп ар бир ырдын

контекстине жараша ага көрк берип, ырдын идеялык-көркөмдүк биримдигине данакер маанилүү компоненттердин бири болуп саналат.

Демек, көркөм тексттин темпи аркылуу түзүлүүчү фоностилистикалык коннотацияларсыз көркөм текст көрксүз, олдоксон, одоно, угуучунун, окурмандын сезимин ойгото албайт. Андай көркөм тексттин таасир этүү күчү төмөн, мааниси супсак, жармач, жагымсыз болот.

Адабияттар:

1. Алыбаев М. Медерим. – Бишкек: Учкун, 2007. -304 б.
2. Керимжанова Б. Кыргыз ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселелери. – Фрунзе: Илим, 1964. – 166 б.
3. Розенталь Д.Е., Теленкова М.А. Словарь-справочник лингвистических терминов. -2-е изд.,испр. и доп. –М.: Просвещение, 1976. -543 с.
4. Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. -Фрунзе: Мектеп, 1965. –199 б.
5. Султанов О. Жан берели сүйүүгө. –Фрунзе: Кыргызстан, 1982. - 287 б. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. –Бишкек: Картпредприятие УД МСХ КР, 1994. -200 б.
6. Шанский Н.М. Художественный текст под лингвистическим микроскопом. –М.: Просвещение, 1986. -160 с.

КӨРКӨМ ТЕКСТТЕ АССОНАНСТЫН ФОНОСТИЛИСТИКАЛЫК КОННОТАЦИЯСЫ

Алымбаева З. А.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК: 894.341 (043.3)

Көркөм текстте добуш кооздугун жаратып, тексттин көркөмдүгүн, уккулуктуулугун арттырган фоностилистикалык каражаттардын бири – ассонанс.

Ассонанс – француз тилинен орусчага которгондо "созвучие" ("үндөштүк") деген сөздөн жаралган термин. Ыр саптарынын башында, же ортосунда үндүү тыбыштардын бирдей угулуп, сингармонизм закондоруна негизделип кайталанышы кандайдыр бир уйкаштыкка окшогон угумдуулукту жаратат. Бирдей угулган үндүү тыбыштардын кайталанышын а с с о н а н с деп аташат (Шериев Ж. 25-б.).

Окумуштуу Ж.Шериев ыр саптарынын бирдей үндүү тыбыш менен башталганын же ыр сабындагы ошол үндүүнүн сөздүн ар кандай позициясында кайталанышын ассонанс катары карайт (Шериев Ж. 25-б.).

Ал эми орус тил илиминде “рифмадагы үндүү тыбыштардын үндөштүгү же стилистикалык ык катары бирдей үндүү тыбыштардын кайталанышы – ассонанс” деп белгиленет (Розенталь Д.Е., Теленкова М.А. 1972. 32-б.).

Орус стилисти И.Б.Голуб ассонанс катары үндүү тыбыштын ыр сабындагы сөздүн бардык позициясында кайталанышын жана ассонанстын негизин басым менен айтылган үндүү тыбыш түзөрүн белгилейт (Голуб И.Б. 1986. 285-б.).

Демек, көркөм поэтикалуу тексттин ар бир сабында үндүү тыбыштардын бири-бирине уйкашкан көркөмдүүлүгү ассонанс делет. Көркөм тексттин көркөмдүүлүгү менен элестүүлүгүн, таасындыгын, таасирдүүлүгүн, уккулуктуулугун арттырган тилдик каражаттардын негизги булактарынын бири – ассонанстар.

Ассонанстар – көркөм текстте көрктүүлүктү, уккулуктуулукту жаратып, куюлушкан ыргактуулуктун өкүм сүрүшүн камсыз кылып, тексттин ажарын ачкан, ага кооздук тартуулап туруучу фоностилистикалык каражаттардын бири.

Үндүүлөр көркөм текстте, ыр саптарында, сөздөрдө тил күүсүнө байланыштуу айкашат. Маселен, үндүүлөрдүн бир өңчөй жоон үндүүдөн туруусу мисалы:

Антташкан ак тилектүү жолугуулар
Алдыңда мен күнөөлүү эмес элем.
(Султанов О. 1982. 218-бет).

Ошондой эле үндүүлөр сөздөрдө эрин күүсүнө (маселен, эринчилден кийин эринчил үндүү бир өңчөй тизмектешет). Мисалы:

Өмүрүм кысарылса жолумду улаар
Өзүң деп келбес жерден сага келгем.
(Султанов О. 1982. 218-бет).

Мындай көрүнүш көркөм, поэтикалуу текстте өз алдынча фоностилдистикалык коннотацияны жаратып, стилдик мааниге ээ болот.

Ыр текстиндеги ассонанстарды үндүүлөрдүн үндөшүүсү, сингармонизм түзөт.

А↔Ы,У Э/Е↔И
О↔У Ө↔Ү

Куюлушкан ыргак, уйкаштык, таасирдүүлүк табият-белгилерине бай кыргыз тилибизде эрин жана тил күүсү өзгөчө өөрчүгөн. Башка түрк тилдеринде кездешпеген үндөштүк закону кыргыз тилинде эң бир ажайып кооздук менен кулак кычуусун кандыра алат. Мындай үндөштүк көркөм текстке уккулукттуулукту, жагымдуу музыкалуулукту тартуулаган стилистикалык кубулуш болуп саналат.

Ассонанстын көркөм текстте фоностилистикалык боёкко ээ болушу – поэтикалык чыгарманын ажарын ачып, аны өзгөчө бир көркөм дүйнө катары айырмалап, тексттин башынан аягына чейин өкүм сүргөн көркөмдүүлүктү жаратып, окурмандын кызыгуусун арттырган, көркөм дүйнөгө жетелеген кубулуштардын бири.

Кыргыз тилинин тыбыштык системасына мүнөздүү үндүүлөрдүн жоон же ичке, эриндүү же эринсиз болуп сөздүн бардык позициясында кайталанышы ыргактуулукту, музыкалуулукту, добуш кооздугун жаратып, көркөмдүктү камсыз кылат.

Тилибиздин тил байлыгында, элибиздин оозеки чыгармачылыгында, деги эле көркөм дүйнөсүндө тилдик каражаттарды жогоркудай чыгармачыл айлакерлик, нукура таланттуулук, чебердик менен колдонуп, сөздүн табиятына орошон маани сиңирүү кеңири өөрчүгөн.

Элдик оозеки чыгармачылыктын көрөңгөлүү байлыгы менен рухий кенчин өзүнө сиңирген, өзгөчө бир кыргыздык көркөм дүйнөнү чагылдырган элдик ырларда ассонанс кайталангыс фоностилистикалык боёкко ээ. Мындай стилдик коннотациялар нечен түрдүү керемет ойлорду туюндуруп, көркөмдүктүн бийик сересин багындыра алышат. Мисалы:

Ай/ тий/ген/ се/нин/ са/ра/йың(8)
Ай/ тий/ген/че/ ка/ра/йын(7)
Ай/ тий/ген/че/ кел/бе/сең (7)
А/за/бың/ тар/тып/ ка/ла/йын.(8)
(Элдики)

Сап башында уюшулган ассонанстар жана алардын кыргыз тилинин тыбыштык системасында өкүм сүргөн үндөштүк закону, үндүүлөрдүн тил күүсүнө карай үндөшүүсү (сарайың, карайын, азабың, калайын) менен гармониялуу коштолуусу поэтикалык көркөмдүктү жаратып, ыр саптарынын ажарын ачып, көрктүүлүгүн, уккулуктуулугун, таасирдүүлүгүн арттырып турат.

Ыр саптарында учураган ассонанстар стилдик коннотацияны уюштуруп, тексттин мазмунуна ар кыл өң-түс берип, сөз маанилерин кеңейтип, тексттин мазмунуна орошон ой сиңирип көркөмдүк менен катар маанилик таасирдүүлүгүн арттырат.

Жогорудагы ыр текстинде сап башындагы [а] тыбышынын ассонансы, үндүү тыбыштардын тил жана эрин күүсүнө карай жыш колдонулуп үндөшүүсү (*тийген, сенин, тийгенче, келбесең*) бул көркөм текстте уккулуктуулук менен катар эле адамдын ички дүйнөсүндөгү эң бир татаал, уйгу-туйгу психологиялык ой толгоолорду сүрөттөй алды. Ушул сыяктуу көп катмардуу семантикалык нюанстарды так ачып берүүдө ассонанстар кээде чечүүчү роль ойнойт. Биздин байкоолорубуз боюнча, көркөм тексттеги жоон үндүүлөрдүн орун алышы көбүнесе шаңдуулукту, эрдикти, тайманбастыкты, чыйралууну көркөм чагылдырууда колдонулса, ал эми ичке үндүүлөр сезимталдыкты, муңайымдыкты, жай, мукам баяндоону туюндурууда колдонулат. Ыр саптарындагы уйкаштык ырды жеңил кабыл алууга өбөлгө түзөрү белгилүү. Ал эми ыр текстинде үндүү тыбыштардын тил күүсүнө жана эрин күүсүнө карай үндөшүүсү уйкаштыкты түзүүдө чоң роль ойнойт. Бул ыр саптарындагы сингармонизм уйкаштыкты жана жеңил ыргакты түзүүгө активдүү катышты. Ырдагы аяккы уйкаштыктар (*сарайың, карайын, калайын*) ырды жеңил, оңой кабыл алууну камсыз кылып, анын эстетикалык таасирин арттырды. Ыр сабындагы муун санынын (8, 7, 7, 8) болуп түзүлүшү кубулжуган ыргакты түзүүгө көмөктөштү. Ал эми сап ичиндеги кайталоо (*тийген*) ыр сабына кошумча мелодика тартуулап, ырдын эффективдүүлүгүн, таасирин күчөттү. Музыкалуу, мелодикалуу ыргакта сөзсүз түрдө стилистикалык коннотациялар камтылган болот.

Элдик оозеки чыгармачылык – көркөм сөз өнөрүнүн түркүгү. Жазма адабияттагы салттуулук оозеки чыгармачылыктан уланып келет жана андан алуучу сабактарыбыз арбын. Текстке өзгөчө көрктүүлүк ыйгарган ассонанс кубулушунун стилдик маанини туюндурушу профессионал жазма адабиятта да өзүнүн салттуу жүрүшүн улап, ал – көркөмдүк, кооздук, уккулуктуулук, терең маанилүүлүк, добуштуулук, музыкалуулук, уккулуктуулук тартуулоочу стилдик мүмкүнчүлүктөрдүн бири.

Өзүңдү жерден издей, көктөн издей
Өкүнүчтөөмүр бою үмүт үзбөй
Саргайып жалбырагым үзүлмөкчү
Томсоруп суук күткөн кечки күздөй.

(Султанов О. 1982. 220-б.).

Бул ыр саптары – нукура махабат сезимин, чыныгы сүйүүнүн тазалыгын, кол жеткис бийиктигин, сүйүү жашоо-турмуштун өксүгүн толтуруп, ажарын ашырчу сулуулук экендигин, адамды адеп-ахлактык жактан асылдандырып, чыгармачылык духун көтөрүп, жакшы максаттарга нускап, одоно сапаттардан, пас сезимдерден тазартып туруучу улуу күч экендигин, адамды кусалантып оңой менен колго тийбестигин ырдап, бул улуу сезимди утурумдуктан түбөлүктүүлүккө айландырат.

Ыр саптарында баяндалган бул назик сезимдер, оң эмоциялар, лирикалык каармандын сүйгөнүнө арнаган көкүрөккө толгон аруу махабатынын бийиктиги, жүрөккө так салып, сүйүү жаратын ырбатып бул сезимдин турмушта ишке ашпаган арманы, көкүрөктү жаралаган сүйүү дарты, арзыган адамына жетпей, чалкыган сүйүү деңизинде турмуш толкунуна чайпалып, айласыздыктын туңгуюгуна, аргасыздыкка туш болгондугу ыр сабындагы фоностилистикалык коннотациялар аркылуу берилип, ар бир фоностилистикалык коннотация, ыргак, темп, тембр, ритмо-мелодика, ар бир тыбыш аркылуу коштолгон.

Ассонанстар – кыргыз поэзиясында, ыр жаратуунун эң кооз поэтикасынын үлгүлөрүндө көркөмдүктү камсыз кылып, сөз маанилерин кеңейтүүнүн эң бир зарыл жана керектүү каражаттары катары каралып, фоностилистикалык коннотацияны уюштуруп, ырлардын эң мыкты үлгүлөрүн жараткан.

Адабияттар:

1. Аширбаев Т. Тилдин фонетикалык жана лексикалык бирдиктеринин стилистикалык табияты: Филол. илим. д-ру ... дис.: 10.02.01. – Бишкек, 2000. – 364 б.
2. Гальперин И.Р. Информативность единиц языка. – М.: Высш. шк., 1974. –175 с.
3. Керимжанова Б. Кыргыз ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселелери. – Фрунзе: Илим, 1964. – 166 б.
4. Маразыков Т.С. Подтекст- көркөмчыгарманынтексттинуюштуруучукаражат катары// Вестн.Кырг. гос. нац. Ун-та. Сер.2: Филол. науки.-1995. –Вып. 2.- -15-24-б.
5. Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. -Фрунзе: Мектеп, 1965. –199 б.

Ч. АЙТМАТОВ – КӨРКӨМ САЛЫШТЫРУУЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН УЛУУ ЧЕБЕРИ

Аман кызы Б., Чоробаева Н. А.
С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

УДК.894.341.09.

Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» («Ала-Тоо» журналы 1957, №6) жана «Жамийла» повесттеринин (1958-ж, № 8. «Новый мир» журналы) жарыкка чыгышы менен республикабызда, ошондой эле ал кездеги союзда ар түрдүү көз караштар, чоң талкуулар богондугун иликтөөлөрдөн кабардар болуп келебиз. Акыйкаттык үчүн белгилесек, жазуучунун күтүүсүздөн чыккан жаңы ойлору, көз карашы трафареттик жолго түшүп алгандарга жаккан эмес. Алар найза менен сайгандай кабыл алышып, төбө чачтары тик турган ошондой бир учурду жазуучу өзү мындайча эскерет. Ошондо «классиктердин» бирөөнүн сын айткан сөзүнө бир ирет өз кулагым менен күбө болгомун. Эртеден бери жаш жазуучуларды эмгекчилдик духта тарбиялоо жөнүндө пикир алыштык. Бирок алар жаңылыш жолго түшүп алып, өзүлөрүнө жаңылыш пайдубал түптөп, адабиятты ууландырып жатса кантип тарбиялайбыз? Өткөндө командировкага Ысык-Көлгө барып калдым. Бир колхоздо эмгекчи элдин талаада кантип иштегенин көрүп, алар менен пикир алышып, жакындан таанышкым келген. Ошентип, жолдо кетип бара жатсам аркаман бир ат арабачан киши чыгып калды. Мен ага жол бошоттум. Ошого карабай арабакеч атынын оозун тартты. Арабага жакшы аттар чегилген экен. Колхоздун урматтуу адамдарынын бири экенин дароо сездим. Ал мага: «Эй, байкеси, каяка бара жатасың?»-деди. Мен болсо колхоздун эмгекчилеринин жумушу менен жакындан таанышуу үчүн талаа станына бараттым эле дедим. «Аа, мен сизди эми тааныдым. Сиз баягы баланча деген атактуу жазуучусузбу?». Мен дал ошонун өзүмүн дедим. Келиңиз, арабага отуруңуз. Каяка барсаңыз ошол жакка жеткирем. Эмне кааласаңыз ошону көргөзөм» - дегенинен тиги арабакечтин жанына отурдум. Бир маалда ал мага карап: «Сиз жазуучусуз да, Айтматовду тааныйсызбы?» - деп калды. Албетте, тааныймын дедим мен. Андай болсо ага аны аябай токмоктоорумду айтып койчу дейт. Эмнеге? – десем ал айтат: Жамийла жөнүндө бирдемелерди тантыраптыр. Эри фронтто жүрсө башка бирөө менен качып кетет имиш. Ушундай китеп кантип жазылсын? Мына элдин пикири мына ушундай – деп улантты сөзүн «классик» жазуучубуз. Мына, элден уккандарымды гана сиздерге айтып отурам. Мына, ошол жазуучу азыр биз менен биерде. Тилекке каршы, колубузда камчы жок. Жамийладан улам жей турган таягын мен азыр берет элем» - деп сөзүн тамамдады. Ч.

Айтматов жооп берген эмес. Бирок чындыгында мындай окуя менин көңүлүмдө өмүр бою калды.[1]

Жогорудагы ойдон көрүнүп тургандай, катардагы окурман эмес, жазуучуларыбыздын өздөрү чыгармадагы жаңычылдыкты, мезгилдин агымын, талабын түшүнө алышкан эмес. Ушундай эле көз караштагы ойлор «Бетме-бет» повестине карата да айтылган. Ысмайылдын өз башынын кызыкчылыгын көздөп качып кетиши уурулугу бутага алынып, таалим-тарбия берүүчү чыгарма эмес дегенге чейин жеткенбиз. Азыр Ч. Айтматовдун чыгармалары ЮНЕСКОнун каттоосунда дүйнө элдеринин 176 тилине которулуп, 80 миллиондон ашык нускада жарык көрүп, жер шарынын миллиарддаган окурмандар сүйүп окуп жаткандыгы жогорудагыдай сындарга жооп болот го. Ч.Айтматовдун дүйнөлүк кадыр-баркы жөнүндө академик композитор М. Бегалиев төмөндөгүдөй оюн билдирет: «Москва шаарындагы Колонналык союздар үйүндө өткөн Азербайжан элинин улуу акыны Низами Гянджевинин 840 жылдык мааракеси болсо керек эле. Ошого жаш композитор катары мага чакыруу келип, катышкан элем. Президиумдан дүйнөлүк эң улуу таланттар орун алып жатышты. Чыңгыз агабыз ал жакка карай көтөрүлүп бара жатканда эле шатыра-шатман кол чабылып турду. Ал эми сөз берип жатышканда бардыгынын тең наамдарын чыпчыргасын койбой атап турушту. Ал эми агабызга келгенде алып баруучу кыска гана сөз жазуучу Ч. Айтматовдо деп койгондо бүт зал ордунан тике туруп бир топко чейин кол чабышты. Ошондо мен кийимиме батпай, төшүмдү керип, кыргыз болуп төрөлгөнүмө кудайга миң мертебе ыраазы болгон элем»[2].

Чындыгында Ч.Айтматовдун дүйнөгө белгилүү улуу жазуучулардын алдыңкы сабында тургандыгын бүгүнкү турмуш чындыгы өзү далилдеп келе жатат. Айтматовдун артыкчылыгы - турмуш-жашоо көрүнүштөрүн эч жасалгасыз, көркөм сөздүн күчү менен күчтүү сезим-туюмдардын алкагында кыска жана нуска, так-таасирдүү, жеткиликтүү бере алгандыгында. Дагы бир өзгөчөлүгү - окуяларды сүрөттөөдө же кейипкердин бейнесин тартууда үстүртөн сүрөттөө, көп сөздүүлүктүн, тажатмалуулуктун жоктугунда. Көптөгөн каршы пикирлер Жамийланы кыргыз салтын бузуп кеткен шайкелең дешип, авторду болсо элдик нарк-насилди билбеген европалык ой жүгүртүүдөгү адам катары «талкалоого» багытталган. Аларга каршы профессор К.Асаналиев өз оюн төмөндөгүчө билдирген: «Бул анчейин эле чоң үйдүн же кичүү үйдүн жол-жоболорун бузуу, же жөн эле никелүү күйөсүн таштап кетүү эмес. Эгерде повесть никелүү күйөөсүн таштап кеткен аял жөнүндө гана болсо, анда ал ошол темадагы жазылган чыгармалардын карандай туурандысы болмок. Ачыкка биринчи чыгыш, андан кийин артынан «издеп келиш» бул Жамийланын гана колунан келет. Жамийла ата-салтын тебелеген жок, бул жердеги автор алып чыккан башкы нерсе – сүйүү эркиндиги, сүйүүнүн күчү, анын көзү көрбөс керемети»

«Жамийла» элүүнчү жылдардын аягындагы кыргыз прозасынын көркөмдүк өнүгүшүнө жаңы багыт ачты. Бул кыргыз эпосунун кайрадан жаралышы, Ренессансы, башкача айтканда, кыргыз эпосунун жаңы доорунун башталышы экендигин белгилүү орус окумуштуулары, сынчылары дагы белгилешкен. Жазуучу окумуштуу-академик катары адабият теориясын терең өздөштүргөндүгү жана аны натыйжалуу пайдалана билгендиги ар бир чыгармасында ажайып көрүнүп турат. Бул оюбузду бекемдөө максатында жазуучунун Жамийла повестинде көркөм салыштырууларды кандайча колдоно билгендигин мисал тартып көрөлү.

[1] Айтматов Ч. Балалыгым. Стамбул -2003, 122-123-б
[2] Жетиген журналы 2012-ж, 12-май, №5

1. Мүмкүн ошондо: «Жеңе коруйт десе, ушинте бересиңби, кичине бала. Кызыксың да, анан көңүлүм бузулса миң коругула, мен чабырадагы чымчык эмесмин да»[1]. (Чабырадагы чымчык. 200-бет.)

2. Коруп алар эч кимиси жоктой көп эле сугалактай бербегиле дегенчелик кылып, алардын сөзүн бөлүп, эпсиз какшыктап, сүзөнөөк теке улакчасынан кыйшайып, кабактын астынан үтүрөйө тиктейм[2]. (Сүзөнөөк теке улакчасынан)

3. Наркы өйүздө казактын боз адыр белесинде от жагылган тандырдын оозундай алоолонуп, билинер-билинбес мелт-калт ылдый чөгүп, жерге күүгүм чакырып, асмандагы борпоң булутчаларды кызыл сур түскө боёп, талыкшып албырган күндү Жамийла алаканын көзүнө калкалап, ошол жакта кандайдыр бир сонун көрк ачылып келе жаткансып, муңайым күлүмсүрөп карап турду. (салыштыруу кеңири колдонулган. 202-бет).

4. «Сен жанакыны оюңа албай эле кой, кичине бала», - деп койду. Ушул Осмонго окшогондор да кишиби? Дөбөттөр да ал бир. (Дөбөттөр да ал бир. 202-бет)

5. «Колхоздун талаада берген ысык оокаты болбосо, тим эле тентип эле кете турган неме, өзү да кудайдын боз кою», - дешип аяп жүрүштү. (Бос кою. 211-бет)

6. - Оо, узундуу-кыскалуу болгон кайрандар десе! Издешпей табышкансыңар го! Ай ким, Данияр белең? Карааның эркек эмеспи, жол башта – деди. (Узунду-кыскалуу деп салыштырса, карааның эркек эмеспи-шылдың иретинде.212-бет)

7. Ой, айланайын кең талаам! Казак боордошум жердеген алп талаам. Курумшунун үзүндүлөрүндөй карайган төө жалбыректын сыныктарын шамал алда кайсы жерден жол үстүндө айдап келип жатты. (Кең, алп, курумшунун үзүндүлөрүндөй. 247-бет)

8. Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу сапырыштырып, кырмандын четинде кыңырыла түшкөн боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап куюндады. Чагылгандар булуттун арасына көгүлтүр жалын ойнотуп, карагай сыныгындай кургак чатырап күн күркүрөдү. (салыштыруу кеңири колдонулган 249-бет)

9. Бүркүтүм! Шаңшыган бүркүтүм! Бери болчу, көзүңдү көрсөтчү. О, шаңшыган бүркүтүм! Жаан күчөп келди. Шамал учурган үйдүн үзүгү кулаалы канат каккандай далбаңдай жулунду. Кызгалдактын жазгы өртүндөй, жалын алган чагылгандар тоо боорлоп, төш-төшкө жайкады. (Шаңшыган бүркүтүм, кулаалы канат, кызгалдактын жазгы өртүндөй 250-бет)

10. Жайы менен жайлоодо түтүнгө ышталган жылкычылардын үйлөрү азыр чоң сайдын буурул тарткан чабындысында тигинде-мында карайып, ак элечек, ак көйнөк кийгендей түтүндөр чамгарактап, этек-жеңин чубалжытып той тойлогон аялдардай айылма-айыл көйкөлүшөт. (Кеңири салыштыруулар колдонулган. 252-бет)

11. Күз ушинтип эле жакшылыгын алып туруп алган жок. Көп кечикпей кара жел жүрдү, асмандын иреңи бузулуп, кар аралаш жаан башталды. (Кара жел. 252-бет)

Келтирилген мисалдардагы салыштыруулар жазуучунун сөз байлыгынын кенендигин, турмушту терең билгендигин ачык-айкын көрсөтүп турат. Окурман жазуучунун чеберчилигин сезе билгенде гана сөз кудуретине кандай басым жасагандыгын туйганда гана чыгарма талаптарына жооп берет. Ансыз жөн эле окуп кетүүдөн эч нерсе жукпай, түшүнүгүндө айрым бүдөмүк ойлор пайда болуп калат. «Жамийла» повести кыргыз кыйырынан чыккан элдик тарбиялык салттардын алкагындагы турмуш чындыгын жана адамдардын аракеттерин көрсөткөндүгү менен эстетикалык жактан болсун, поэтикалык жактан болсун, таалим берүүчүлүк жактан болсун улуттук маданиятыбыздын туу чокуларынын биринде болмокчу.

[1] Ч. Айтматовдун чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. 1-том. Бишкек 2008, 200- бет
[2] Аталган китепте 200-бет

Адабияттар:
1. Асаналиев К Көркөм нарк. Фрунзе 1988
2. Айтматовдун чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. 1-том. Б; 2008
3. Жетиген журналы 2012-ж, 12-май, №5

КОШОК ЫРЛАРЫНДА СОЦИАЛДЫК ТУРМУШТУН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Анарбекова В. Э.
Жалал-Абад мамлекеттик университети

УДК: 070007

Кошок айтуу кайсы доордо башталган? Анын жаралышын шарттоочу мотиви кайсы? Психикалыкпы, моралдыкпы, социалдыкпы, материалдыкпы - кайсы шарт кошоктун айтылышын шарттайт? Булөңүттө өз мезгилинде кыйла кызык ой жүгүрткөн белгилүү адабиятчы С.Жигитов: «Жекече күйүттүн күчү эмес, социалдык-экономикалык күйүттөр мотивдердин психологияга түшүргөн салмагы адамды күйүткө салып, кошок коштурушу мүмкүн деп айткан. Айталык, матриархат доорундагы аялдардын күйөөсү өлсө, алар күйүп-бышып ыйлашы күмөндөр нерсе. Биринчиден, матриархат учурунда аялдар турмуш-тиричиликте эркекти ашкере медер туткан эмес. Алар ал учурда коомдогу экономикалык бийликти өз колдорунда кармап турушкан; экинчиден, алардын күйөөлөрү жалгыз болбосо керек, ошон үчүн алар күйөөлөрүнүн бири өлсө эле кантип оокат кылам, кантип бала-чакамды багам деп мөгдөп калбаса керек, дүйнөдөгү артта калган айрым уруулардын киши өлгөндөгү кылган-эткени ушундай деген божомолдун негизи бардыгына далил боло алат.

Аялдардын өксөп ыйлап, какшанып кошок кошкону жеке үй-бүлө келип чыккандан кийин, эркек үй-бүлөдөгү оокатты кыймылдаткан күчкө айланып, тапчыл коом кадыресе өнүккөндөн кийин салтка айланып кетсе керек. Албетте, бала-чакалуу аял, кокус анын күйөөсү өлсө, оокат кылдырган медеринен гана эмес, жыт сиңишкен кадыркеч адамынан да айрылганына күйүп-бышат, бирок, ал күйөөсүнүн өлгөнүнө караганда өзүнүн кейиштүү абалда калганына көбүрөөк кайгырат; «бала-чакамды кантип багам, кантип оокат кылам, эми түйшүктөн түйшөлүп жүдөйм» дегендей көмүскө сарсанаалар анын көңүлүн зилдетип, эзилтип ыйлатат» [1.31] - дейт акын жана окумуштуу С.Жигитов. Илимпоз агайыбыздын ушул оюн тастыктаган элден жыйналган, дагы бир мисалга токтоло кетели. Үйдүн түркүгү болгон жубайынан айрылган жесир аялдын муңдуу-зарлуу кошогу:

Кокондон келген кош накти,
Эмне деп алдым колума.
Оо, кудайым салган иш экен,
Жесирлик кыйын иш болот.
Эмне деп алдым мойнума,
Ташкенттен келген кош накти.
Эмне деп алдым колума,
Кудайым салган иш экен.
Жесирлик кыйын иш экен,
Эмне деп алдым мойнума.
Боз тайлакка жүк арттым,
Боз тайлак белин кош тарттым.
Боз тайлак бели бош экен,

Эми боз балдарга күн арттым.
Көк тайлакка жүк арттым,
Көк тайлак белин бош тарттым.
Көк тайлак бели бош экен,
Эми боз балдарга күн арттым[2] -

мында аял өзүнүн жеке турмушун айтууга да үлгүрөт, өлгөн күйөөсү менен гана бактылуу болгонун, ансыз жашоо кыйындыгын, башына түшкөн азапты айтып болбостугун, жолдошуна чейин жашоосу кандай болгондугун саймедиреп айтууда. Артында калган уул-кызынын кайгысынан да кабар берет жана алардын (жетимдердин) айынан кайнисине баш кошуп, моралдык, социалдык жактан жабыркаганын байкатат.

И.Толстойдун «Статьи о фольклоре» деген чыгармасында мисалга алынгандай Патрокль өлгөндө туткун аял Брисеиданын кошкон кошогу жөнүндөгү Гомердин сүрөттөмөсү дагы: «Ага (Брисеидага) кошулуп катындар ыйлап жатты, сыртынан өлгөнгө ыйлагансыган менен, чынында ар кимиси өз кайгысын ыйлап жатты», [3.200] – делип, эркек-аял ымаласынын жамандыктагы көпчүлүккө көмүскө жактарын билдирет.

Биздин пикирибизде, кошок кошуу адамзат коомунда индивидуалдуу аң-сезим өнүккөн мезгилде

адамдар баа бере баштаган учурдан тартып, жакшылык-жамандыкты ичине сактай албаган аялзаты тарабынан аткарыла баштаган болуу керек. Ырас, жакындары үчүн адамдын жакшы, жаманы болбойт. Бирок, балким, кошок алгач жакшы адамдарга гана кошулуп, ырда алардын жакшы иштери гана айтылса керек. Андан соң, «өлүк улук» делип, жалпы баарына жакын адамдары тарабынан кошула баштаганга окшойт.

Дегеле кошокту аялзатынын кошуп калышына эмне себеп? Коомдук-социалдык жактан алганда, аялдын орду эркектикинен алда канча төмөн болуп келгени тарыхта маалым. Кайсыл гана маданиятты албайлы, аял ириде ашпоз, тикмечи, үй тазалагыч, күйөөсү менен балдарынын камын көрүүчү, көчмөн элдерде ал уй, бээ саагыч, азыктарды иштеткич, чыгыш хандыктарында гаремдин мүчөсү катары гана кызматтарды аткарып келишкен. Алардын айтчу сөзү да, сунушу да аз болгон. Ырас, өзү түшүнбөгөн социалдык тендикти издеп, козголоң кылган аялдардын бирин-экин болгонун эч ким танбайт, бирок алар доорду, көзкарашты, менталитетти өзгөрткөнгө алсыз эле. Ырас, кыргыздын кыз-келиндери алты бакан селкинчек тээп, жаштык дооронун сүргөнүндө шек жок, бирок чыгармачылык жаратмандык үчүн аларга эки учурда: биринчиси бешик терметип отурганда, экинчиси, кошок кошууда көбүрөөк мүмкүнчүлүк берилген. Натыйжада аялдар бир кубанычта, бир кайгыда көкүрөгүндөгүсүн төгүп кошок кошуп, ыйлап да, сүйүнүп да алышкан.

Биологиялык жактан деле алганда, эркектерге караганда аялдардын жүүнү бош. Алар болгон сырткы таасирлерге тез реакция беришет. Изилдөөлөргө караганда, аялдар эркектерден көбүрөөк сүйлөшөт. Кошок менен айтып чыгара албаган бугун сөзсүз сөз түрүндө кимдир бирөөгө билдирет. Мисалы, «Күйөөсү өлгөн аялдын кошогу»:

Кекилик гана жайлайт эй, Алайды,
Бул куураган шум өлүм,
Кейитет го далай адамды.
Кызыктуу жашоо маалында,
Кызыл ат гана минген эй, жылоолоп.
Кымбатым, кылчайбай кеттиң кыр салып,
Кызыл бир жүзүң нур чалып.
Аргымак ат, жылдап болот деп.
Ардагым, ак дикегин жаптырган,
Аргымак күлүк дедиртип.

Аргымак, айдап байге алдырган....,
Кара Ойдун гана башын тостурган,
Кара сан күлүк коштурган
Калайык калктан башкага,
Кадыр баркын арттырган. [4]

Бул кошок саптарында күйөөсүнүнүйбүлөдөгү орду идеалдаштырылууда. Жолдошунун социалдык чөйрөдөгү ордун бийиктетип көргөзүп, кадырлуу, сыйлуу, урматтуу, кымбат адам болгондугун баса белгилейт.

Салыштыруу аллитерация жолу аркылуу бир нече ирет кайталанат. Биринчиден, кошоктогу уйкаштыкты куугандык жана ырдын мазмунун, көркөмүн арттыруу, экинчиден кошокко чагылган ойду, кайгыны, жоготууну, өксүктү терендетип көргөзүү, зоболосун арттыруу. Башка түшкөн жоготууну, жаны кейип кабылдаган жапакеч аял экендигин туюнтуу үчүн да, аялдын кошогу узак, мазмундуу көркөм, мундуу болуш керек. Кыр башында күндөп, боз уйдө түндөп дастан айткан кыргыз үчүн, төрт сапты кураштыра салуу, жеген ашындай эле көндүм нерсе болгон. Эки сап кошо албаган чоркок аял урматталбайт, сөзгө алынып көпчүлүктө сыйлуу болбойт.

Кыргыз эли каймана мааниде сүйлөөгө өзгөчө маани берген. Жашоонун бул көрүнүшүн кайра кабыл алышка багыттап сөздү алыстан баштап, бир нерсенин четин чыгарып, угуучуну психикалык жактан даярдап, андан соң гана ток этер сөзгө өтөт. Бул айтылуу Кетбука ырчынын Чынгыз ханга уулунун өлүмүн угузганы – мыкты үлгү, таамай мисал боло алат.

Туу куйругу бир кучак,
Тулпар качты, Айганым.
Туурунан бошонуп,
Шумкар качты, Айганым.
Алтын така, күмүш мык,
Дулдул качты, Айганым.
Алтын ордо башынан,
Булбул качты, Айганым.
Агын дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым. [5.8]

Хандын каарынан коркуп, угуза албай күү менен баштап келип, хандын «тил кесмей» каарынан кутулган ырчы сөздүн күчү менен өзүн да, элин да сактайт. Мында угузуучунун кыраакылыгын белгилеп койсо болот. Күү, каймана сөз аркылуу чындыкты кабылдап, табышмак суроолорго табышмак жооп айтылат. Кыргыз элинин байыртадан бери сөзгө маани бергендиги байкалып, азыркы учурда да эл арасында мындай маанидеги кошоктор сакталып калган:

Өлүмдүн жоктур каралы,
Пайгамбар кудай досу экен.
Оо дүйнө кетер кезинде,
Адамзат пендеси,
Жардамсыз калган өзү экен.
Бозоргон тоонун боорына,
Бара албайбыз жол салып.
Боз топурак арасынан,
Ала албайбыз кол салып.
Кара жердин түбүнө,
Бара албайбыз жол салып.
Кара жердин түбүнөн,
Өлгөндөрдү ала албайбыз кол салып.

Ак кептер учат кыр менен,
Ак мечит бүтөт сыр менен.
Өлгөндөрдүн арманын,
Биз кургур, айтабыз ээ, муң менен.
Көк кептер учат кыр менен,
Көк мечит бүтөт сыр менен.
өлгөндөрдун арманын,
Биз кургур, айтабыз ээ, ый менен . [6]

Бул сап, кошоктун өлүмдү угузуу түрүнө кирет. Мында өлүмдү сөз менен сыпаттап айтууда. Ошондой эле текстте берилгендей өлгөндөн соң, аны тирилтүүнүн айласы жок экендигин, көмүлгөндөн кийин кайра жер астынан ала албастыгын ачык айкын сүрөттөөдө.

«Ат адамдын канаты»,«Алдыъда атыъ болбосо, минсе чатың толбосо, айылга барып не пайда?» «Алыска сапар жол жүрсөң, аземдүү жорго ат жакшы» (128-б); «Эрге кезек келгенде - экиден күлүк ат байлайт» (129); «Алыска сапар жол жүрсөң, алчактаган ат жакшы» (143-б.), [7.128.129.143] - делип, улуу эпосторунан, эң майда нуска, жаъылмач, макал-лакаптарына чейин бул эки нерсеге (ат, камчыга) байланышкан түшүнүктөр арбын. Булардын баары кошок жанрында колдонулат. Мисалы:

Үзөңгүсү коргошун,
Бай атам, үзбөй минген жоргосун.
Басмайылы коргошун,
Бай атам, башынан минген жоргосун.
Жоргону көрсө кайтпаган,
Жортокко бутун артпаган.
Аргымак көрсө кайтпаган,
Арыкка бутун артпаган.
Аргымак тандап ат минген,
Бай атам, ак куржун салбай салт минген.
Тобурчак тандап ат минген,
Төрбөлжүн салбай салт минген. [8]

– деген саптарда өлгөн адамдын өзү жөнүндө көбүрөөк айтылбай, тескерисинче, анын минген аты жана ат жабдыктары тууралуу баса айтылат.

Кара кыр чыга жайлаган,
Кайраным жеъем.
Карала бээ байлаган,
Карала бээ кымызын.
Балдары ичкен эркелеп,
Сары - Камыш чыга жайлаган.
Сарала бээ байлаган,
Сарала бээ кымызын.
Кыздары ичкен эркелеп. [9]

– деп, кошокчу аялзатынын да жылкы баласына жакындыгы жана уул-кыздары үчүн улуттук суусундук катары кымыз жасагандыгы баяндалууда.

Баштап бир гана баштап, айтайын,
Мен кургур, бай атамдын шаанисин.
Бардык бир гана элге даък болгон,
Айтсам, айтканымча бар эле.
Айтпай бир турган жан беле,
Кагылайын, бай атам.

Куйсөм, күйгөнүмчө бар эле,
Күйбөй бир турган жан беле.
Алтындан гана күрөк күрөгөн,
Бай атам, айда эле күлүк сүрөгөн.
Күмүштөн гана күрөк күрөгөн,
Менин болгонум атам,
Кундө эле күлүк сүрөгөн.
Катыранкы эле, булак башына,
Карагер кулун байлаган.
Карагер гана кулун энесин,
Кара эле жорго минип айдаган.
Долоно эле, булак башына,
Торала эле, кулун байлаган.
Торала эле, кулун энесин,
Болгонум атам тору жорго минип айдаган. [10]

– мында атасынын кесиби жорго салганын, ат чапканын сүрөттөйт. Жылкыны таптоодо атайын жайлоолорго бакканын, ата жолун жолдогонун деги эле түпкү теги жөнүндө да айтылат.

Адам жана ат бул эки түшүнүк те байыртадан бери эле биринен-бирин бөлүп алгыс бир бүтүн нерсе катары каралып келген. Айрыкча, көчмөнчүлүк жана жоокерчилик менен жашап келген элдерде ат өзгөчө сый - урматка ээ болгон. Ошондуктан элибизде «Ат, аттан кийин жат» деген сөз калган. Өзү ачка болсо да атына жем, чөп берип, атын тойгузган, сууткан, ар кандай кол салууларга, каршы турууга даяр болушкан. Байыркы жоокерчилик замандарда (түрктөр доорунда VI-VIII кк.) белгилүү жоокер жоо башчысы, эл башчысы көз жумуп, сөөгү жерге коюлганда, анын минген аты да өлтүрүлүп мүрзөгө бирге, чогуу коюлган. [11]. Жоокерге кийим кечеси анын денеси менен бирге мүрзөгө коюлгандай, жоокердин аты да жана ага таандык болгон ат жабдыктары менен толук бойдон мүрзөгө коюлган. Мындай салт жоокердин минген атына болгон эң жогорку сый-урмат катары бааланган. Эң негизгиси жоокер тигил дүйнөдө да эч нерседен кемибесин, анын минген аты да болсун деген түшүнүктөгү улуу камкордук болуп эсептелинген. Ушундай камкордуктардын катарына жоокердин сөөгү менен кошо жаш аялдын кийим-кечеси, жасалгалары менен кошо мүрзөгө коюлгандыгын да айтууга болот. Ушинтип айрым бир тандалган адамдарды тигил дүйнөгө узатуу жашоону уланткан тирүүлөр үчүн чоң жоготуу, улуу тендешсиз кайгы болуп эсептелинген. Мындай кайгырууларды белгилүү баатырлардын бүтүндөп эли-жери которушкан, кайгырышкан, бешиктеги бала ыйлап, жан жаныбарлардын баары ыйлап, Тоо-тоолугунан үн катпай тунжураган Аалам буулугуп, булуттар гана тоодон-түзгө, кайгы ташып, кабар айтып удургуган.

Адабияттар:

1. Жигитов С. Ырлар жана жылдар. – Фрунзе, Кыргызстан.1972, 31-б.
2. Информатор Жуманалиева Бактыкан. Аксы району. Мундуз айылы. 2003-ж.
3. Толстой И. И. Статьи о фольклоре. М.-Л., Наука. 1966, 200-б.
4. Информатор Кадырматова Касиет. Аксы району, Ак-Суу айылы. 2003-ж.
5. Кошоктор. 21 том. – Бишкек, «Шам». 1998, 8-б.
6. Информатор Нарбаева Сатимбү. Аксы району, Кызыл-Жар айылы, 2004-ж.
7. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. - Бишкек. Сорос-Кыргызстан фонду. 128, 129, 143-бб.
8. Информатор Анарбекова Турсун. Акмы району, Кызыл-Жар айылы.2005-ж
9. Информатор Дунгулова Алмакан. Аксы району, Чие айылы. 2004-ж.
10. Информатор Сопукулова Насибү. Аксы району, Кызыл-Жар айылы. 2003-ж.
11. А.Асанканов, О.Ж. Осмонов. Кыргызстан тарыхы. Бишкек, 2004.

КОШОКТУН ЭТИМОЛОГИЯСЫН ЧЕЧМЕЛӨӨ

Анарбекова В. Э.
Жалал-Абад мамлекеттик университети

УДК: 070002

Кыргыз фольклорунда өзүнчө жанрдык касиетке өсүп жетилген, көркөмдүк сапаты боюнча элдик поэзияда өнүккөн, аткарылышында өзүнчө мүнөздүү обону бар майда формадан тартып эпикалык көлөмгө чейин өсүп жетилген, мазмунунда адамдын ички кайгысын, жоктоосун, муңун, зарлануусун, туугандык жакындыгын билдирген ырлардын бир түркүмү кошоктор. Кошок – өлүмгө байланышкан ырым-жырымдар, салт-санаалар фольклордун жашашына түздөн-түз аралашып, өзүнчө ишгелип чыккан поэтикалык бир жанрдын негизги булагы болуп эсептелинет. Кыргыз элинде кошоктордун өлгөн адамга байланыштуу аткарылгандыгы Орхон-Энесай таш жазууларында сакталып калган. Ошон үчүн аларды кошок ырларынын эң алгачкы формалары деп билишет. Кошок ырлары көлөмү, тематикасы, обону жагынан айырмаланып турат. Дүйнө элдеринде адам өлгөндө аял-эркек болуп бирглешип жалпы ырдашса, түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда, аялзатынын же кошокчунун аткаруусу басымдуулук кылат. Бирок кээде кезектеп кошок айткан учурлар да бар.

Кыргыздардын тоолуу аймактарында эркектердин кадимкидей кошок кошуп ыйлаганын учуратабыз. Белгилей кетсек, Жалал-Абад областынын Аксы өрөөнүндөгү Кош-Дөбө айылынын жашоочусу Гүлжигитов Масалынын баласы кайтыш болгондо, анын мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгын жоктоп, таппай боздоп ыйлап тургандыгын ал мындайча кошот:

Жайында салкын күздөйүм,
Кулунум, жагоолонгон куштайым.
Кулунум, жалбырттап алып уччу элеъ,
Жай чилде болуп муздадым.
Коңурда салкын күздөйүм,
Кулунум, коңгуроолуу куштайым.
Көтөрүлүп уччу элеъ да,
Эми көк жибин гана учтадым.
Эми чапсам да бүтпөйт майданым,
Кулунум, чакырсам келбес мейманым.
Эми да бүтпөйт майданым,
Кулунум, эңсесем келбес мейманым.
Сап балта эле билегим,
Кулунум, көзү өттү эле.
Солкулдак болду жүрөгүм,
Айбалта гана эле билегим.
Кулунум, көзү өттү эле,
Армандуу болду жүрөгүм. [1]

Элдик салттын талабына жараша кошок ырларын аткарууда анын мазмунуна негизги маани берип, маркумга болгон кадыр-баркты, сый-урматты билдирүү үчүн кошоктун тематикалык түрлөрүн аткаруугаөзгөчө көңүл бурулган. Кошоктордун табияты түздөн-түз адам өлгөндө аткарылуучу салтка мүнөздүү болбостон, үйлөнүү салтында да колдонулат. Биздин өз алдынча жүргүзгөн изилдөөлөрөбүздө эл арасынан топтолгон кошок ырларынын мурункулардан айырмалангандыгын төмөнкүлөрдөн байкадык.

Жаңыча ой жүгүртүү, көркөм кыялдануу сапаттарынын пайда болуусу менен турмуштук шартка жараша аткарылышы мурунку кошок ырларында мезгили, жери, уруусу, социалдык абалы чагылдырылса, азыркы учурда алар колдонулбайт. Изилденип жаткан өрөөндөрдөн жыйналган кошоктордун тексттеринде (диндик ишенимдерде маркумдун кайра тирилип наркы дүйнөдө экинчи өмүр сүрүүлөрү) биздин эле диндик түшүнүктөгү бүтүмдөр элестетилет. Мисалы,

Балтырканы бүрдөгөн,
Энемди, Батмалары жүр деген.
Балтыркан бойлуу карагат,
Асыл бир жаның өткөн соң,
Энеке, Батмалар менен кошо жат.
Бүлдүркөнү бүрдөгөн,
Бүбүлөрү жүр деген.
Бүлдүркөн менен кожогат,
Асыл бир жаның өтүптүр,
Энекем бүбүлөр менен кошо жат. [2]
деп айтылса, дагы биринде:
Минген атың сарала,
Урматым, бейиштин ичи кызыл гүл.
Беш колуң тийбей ачылсын,
Бет алдыңа чачылсын …. [3]
Жети бир катар гүл бейиш,
Жемишиң болсун гүл мейиз,
Жети жашар баладай.
Айлансам энем дилгирим,
Жеңил да болсун күнөөңүз.
Жашылдан болсун көшөгөң,
Айлансам энем кеңешим.
Жанатта болсун төшөгүң. [4]

Жалпысынан, кошок ырларында ритм, рифмалык ыргактык, уйкаштыктар, метафора бирдей эле: жеке адамдын мүнөзү, жүрүм-туруму эскерилип, жетишкендик каалоолору билдирилип, макталып айтылат. Аткаруу салтына карата аларды ар кандай тематикалык түрлөргө бөлүүгө болот: угузуу, керээз, жоктоо, арман жана каргыш. Биз байкоо жүргүзгөн обьектилерде кошоктун бул түрлөрүн б.а. жакшылык тилектердин тескерисинче болушун каалоо да эл ичинде сакталып калгандыгына күбө боло алдык.

Кошок сөзүнүн этимологиясы «кош» жана «ок» деген эки сөздөн куралат. «Кош» сөзү көп маанилүү. Бир маанисинде «бирөө менен коштошуу учурунда айтылат». [5.556]. «Ок» - «мылтыкка дүрмөттөлүүчү зат». Кыргыздарда «айтылган сөз, атылган окко барабар» деген макал бар. Анын мааниси - ооздон чыккан сөз, атылган ок, ал кайра артка кайтпайт. Кээде чочууну да (айталы, «Ок, антип айтпа!») түшүндүрөт.

Айрым диний көз караштар боюнча «кошок», «кош ак» деген сөздөн келген. Анткени өлүктү узатаарда актоо (жаназа окуу, ж. б.) салттары менен коштоп узатышат. Аллага “ак” болуп, тазарып баруу, ак кепиндеп жерге коюу. Ал ак, кош эми, сен аксың (кош+ак): “бул дүйнөгө тап-таза ак келгенсиң, эми ал дүйнөгө да ак болуп баргын” деген маниде айтылгандай.

Дагы бир мааниси - «нерсенин негизги бөлүгү, таянычы»: «жердин огу», «арабанын огу». Ушул түшүнүктөрдөн алганда, бир үйбүлөнүн эркегинин (инсандын) дүйнөдөн өтүшү, ошолүйдүн түркүгү, таянычы кулашы менен барабар. Демек, үй ээсинин экинчи кайтып келгис сапарга узашын туюнтат. Тирүүлүктө калган жакындары дагы «кош» айтып, ошол тирөөчүнөн аргасыз ажыроого муктаж.

Түрк тилдүү элдердин байыркы доору мезгилинде «ок» деген термин этникалык бирдиктерге карата айтылган: бир нече уруу бирикмесинин же бир бүтүн элдин кандайдыр бир же бир канча бөлүгү. Байыркы Орхон-Энесай тексттеринде (VI-VII-кк.) «Он ок эли», «Тогуз ок эли» деп аталган этностук аталыштар кенен кездешет. Бул багытта Коркут Ата китеби (Китаби деде Коркут) жана «Манас» эпосторун мисалга келтирсек болот.

Бул чыгармаларда негизинен Борбордук Азиянын кең мейкиндигинде байыркы түрк цивилизациясын түзгөн, анын өнүгүүсүнө түздөн-түз катышкан түрк тилдүү этностордун байыркы тарыхы, маданаияты, саясий-экономикалык мамилелери чагылдырылган.

Түрк цивилизициясын өнүктүрүүгө негиз салган этностордун ичинен гунндар, огуздар жана кыргыздардын өзгөчө орунда тура тургандыгын эч ким танып кете албайт.

Түрк тилдүү этностордун тарыхы гунндар дүйнөсүнө барып такалуусу да тарыхта маалым. Ошол көөнө тарыхта гунндар менен кыргыздардын жана кыргыздар менен огуздардын жашоо тиричилиги, алака-бериш мамилелери бири-бири менен чырмалышып, кээде биригишип, бир саясий башкарууда болушуп, кээде бөлүнүшүп, ар кимиси өз алдынча саясий бөлүктөрдү, мамлекеттерди түзгөндүгү да чындык.

Анткени, эки элге бирдей таандык болгон көөнө тарых, улуу сөз маданияты жаралган. Кылымдарды карыткан эл тарыхы «кербен» болуп «көчүп-конуп», кете бере тургандыгын жана «дөөлөтү артып, сактыкта» болгон кийинки муундар ал тарыхты улай бере тургандыгы «Коркут Ата» дастанында мындайча баяндалат. «Коркут атам баян этти, сөз сүйлөдү, бу Огузнаамэни түздү, кошту, мындай деди:

Алар дагы бу дүйнөгө келди, кетти.
Кербен сыңар конду, көчтү.
Аларды да ажал алды, жерге кетти,
Өтмө дүйнө жана калды…[6. 25]

Улам мезгил өтүп улуулар кетип, алардын ордун кийинки муундар ээлей тургандыгын юаяндоодо.

«Коркут атам келип күү чалды, жер кыдырып, сөз айтып, казатта эрендер башына келгенин сүйлөдү:

«Эми кана, бек эрендер, дүнүйө меники дегендер?
Ажал алды, жер жутту, өтмө дүйнө кимге калды?
Келимдүү - кетимдүү дүйнө, соңку учу өлүмдүү дүйнө!
Ажал келгенде ар-ыймандан айырбасын!
Кадыр сени наамартка муктаж этпесин!
Алла берген үзүлбөсүн!
Ак алдында беш ооз дуба кылдык, кабыл болсун!
«Оомийин» дегендер дидар көрсүн!
Жыгыштырсын, туруштурсун, күнөөңүздү
Аты улук Мухаммед Мустафага багыштасын, Ханым, эй!!!» [6. 97]

Эл башкарган, эл бийлеген адамдардын жана элдердин көптөгөн баатырлардын минген аты, жашоосунда пайдаланылган курал-жарагы буюм-терими «ыйык» деп эсептелинген. Ушул түшүнүктө ал адамдын минген атына, алган аялына башка бирөөлөр ээлик кылуу күнөө катары эсептелинип, ал өлгөндө анын минген аты, алган эң сүйүктүү аялы кошо өлтүрүлүп, курал жарагы, буюм-терими, кийими, тамак-ашы-идиши менен кошо көрүстөнгө коюлушу маркумга көрсөтүлгөн сый урмат катары гана эсептелинген. Ал маркум, тигил дүйнөдө эч нерседен кемибей мурдагыдай жашасын, кемибесин деген түшүнүк болгон. Буга ачык мисал, скиф, сак-гунн, түрктөр доорлорундагы көрүстөн мүрзөлөрүнөн казылып алынган археологиялык материалдар

ачык мисал боло алат. Кийинки мезгилдерде маркумдун минген атын, ал кайтыш болгон күндөн баштап эч ким минген эмес. Анын жылдыгында же жыл – ашында кара ашка союлган. Мындай атка өзгөчө мамиле кылынып, ал минилбеген, жүк жүктөлбөгөн, башка минилүүчү аттардан айырмалоо үчүн жалына, куйругуна же көкүлүнө өзүнчө бир белги коюп же болбосо бир бөлүгүн кыркып, бул жылкынын өзгөчөлүгүн белгилешкен. Мындай жылкы кара аштын, кайгынын белгиси катары ага ар ким өзгөчө мамиле кылган. Бул атты көргөн ар бир адам ага «баатырга», «башкаруучуга» мамиле кылгандай сый урмат менен мамиле кылышкан.

Ошентип, кошок сөзү адабияттарда «каза тапкан адам же күйөөгө узатылып жаткан кыз жөнүндө ый аралаш аткарылуучу ыр, «кошок» деп мүнөздөлөт. Ошондой эле тарыхта байыркы түрк урууларында «он ок»[7. 21] эли жөнүндө айтылып, таш жазма эстеликтеринде да эскерилет. Демек, кошок ырлары ошол он октордун мезгилинде элепайда болгондугу ынандыраарлык.

Адабияттар:

1. Информатор Гүлжигитов Масалы.Аксы району. Кош-Дөбө айылы. 2003-ж.
2. Информатор Хасанова Азизбүбү. Аксы району,Майли-Сай айылы, 2006-ж
3. Информатор Алдосова Пашарат. Сузак району, Ачы айылы, Соку Таш, 2009-ж.
4. Информатор Нармырзаева Өктөмкан.Алабука району,Жапасалды айылы. 2004-ж.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Мектеп, 1984. 556-б.
6. Коркут Ата китеби. – Бишкек,2003, 25, 97 бб.
7. Караев Ө. Көөнө түрктөр тарыхы. – Бишкек, 1995, 21-б.

СИНТАКСИЧЕСКИЕ ФУНКЦИИ СЛУЖЕБНЫХ СЛОВ В РУССКОМ И КИТАЙСКОМ ЯЗЫКАХ

Апаева С. Х.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК 410-56

Среди многих лингвистических проблем, проблема значения слова - одна из важнейших. Обсуждение семантико-синтаксических свойства слова, их теоретическая интерпретация и лексикографическое представление были предметом огромного числа публикаций, авторы которых неизменно подчеркивали важность совершенствования методов лексической семантики. Однако основное внимание уделялось изучению семантической структуры и синтаксического поведения полнозначных (знаменательных) слов, в то время как служебные и так называемые строевые слова, т.е. слова, занимающие промежуточное положение между полнозначными и служебными, в их семантико-синтаксическом аспекте часто оставались вне поля зрениялингвистов.

Важность сопоставительно-типологического исследования разносистемных языков определяется практическим значением его результатов для тех, кто по роду своей деятельности связан с переработкой информации на разных языках. Исследования русского и китайского языков путем сопоставления явлений одного языка с фактами другого существенно для развития языковедческой науки проявлением общего и специфического в изучаемых языках.

Понимание языка как системы знаков, имеющих двусторонний характер - единство означающего и означаемого, неизбежно приводит к выявлению различных способов выражения одного и того же значения в разных языках. Поиск сходств и различий между двумя неродственными, разносистемными языками способствует

развитию сотрудничества между нашими странами и народами в целом и языковому, культурному и научному обмену в частности. [2,54]

В словосочетаниях, предложениях и текстах в качестве строительного материала используются слова (точнее, словоформы) с присущими им означаемыми и означающими. Выполнение таких задач, как соединение слов в речи, оформление предложений и текстов (развёрнутых высказываний) как целостных образований, членение текста на предложения, а предложений на их составляющие (конституанты), различение предложений разных коммуникативных типов, выражение синтаксических функций выделяемых в предложении конституентов и их синтаксически господствующего или подчинённого статуса, приходится на долю формальных синтаксических средств. В большинстве случаев одновременно используется несколько формальных показателей (например, интонационный показатель + линейный показатель, или аранжировка).

Наиболее универсальным синтаксическим средством является ***интонация***. В формальном отношении именно наличие интонации отличает предложение и текст как коммуникативные единицы от словосочетания. Она всеми своими компонентами (и прежде всего мелодической и динамической составляющими) обеспечивает единство коммуникативных образований. Фразовая интонация может выделять предложения в тексте и синтагмы в предложении, обеспечивать интеграцию фразы и синтагмы вокруг ударных слов, выделять наиболее важные в смысловом плане звенья предложения и синтагмы, разграничивать тему и рему высказывания. Интонационные средства могут способствовать различению вопросительных и повествовательных, восклицательных и невосклицательных предложений, сигнализировать наличие перечислительных конструкций и т.д. [4,73]

Другим наиболее универсальным синтаксическим средством является порядок слов (их аранжировка), а в более сложных конструкциях и порядок предложений. Порядок слов в предложениях характеризуется тенденцией к непосредственному соположению связанных друг с другом конституентов, т.е. их позиционному соседству, примыканию друг к другу. Здесь имеется в виду позиционное примыкание вообще, безотносительно к тому, выражается ли или не выражается данная синтаксическая связь морфологически.

В русской грамматической традиции примыкание как морфологически не маркированная синтаксическая связь отграничивается от морфологически маркированных согласования и управления, хотя в реальности примыкание зависимого слова к господствующему не исключается и при синтаксической связи типа согласования и управления.[6,50]

Если подчинённое слово находится перед господствующим, то говорят о препозиции (регрессивный порядок слов: *интересная лекция*). Если же подчинённое слово следует за господствующим, то мы имеем дело с постпозицией (прогрессивный порядок слов: *читать текст*). Преимущественное использование препозиции или постпозиции определения является одной из важных типологических характеристик синтаксического строя разных языков. Так, препозиция определения доминирует в славянских и германских языках, постпозиция определения является характерной чертой романских языков.

Если говорить о синтаксических функциях служебных слов в китайском языке то мы можем сказать, чтослужебные слова практически никогда не имеют полного вещественного значения. Они лишь обозначают связи и выражают отношения между предметами, а также служат средствами эмоционально-логического выделения знаменательных слов и передают добавочный смысл и экспрессивные оттенки.

Служебные слова могут употребляться только в одной функции или только в одном типе синтаксических отношений. Это один из важнейших признаков служебных слов.

Служебные слова в китайском языка трудно заменяемы в структуре словосочетания и предложения, иначе говоря, служебным словом мы можем считать такое, которое в контексте трудно чем-либо заменить без нарушения грамматической правильности предложения.

Еще один не маловажный признак служебных слов – отсутствие факультативных определений.

Кроме того , служебные слова не отвечают на вопрос и не могут быть заменены местоимениями.

Служебные слова- предлоги, союзы и частицы не называют предметов и признаков: их лексическое значение – это значение, абстрагированные от тех отношений, которые они выражают в предложении. Значение, объединяющие служебные слова в ту или иную часть речи, отличаются от значения, объединяющего в одну часть речи знаменательные слова. Служебные слова противостоят знаменательным словам как такие слова, которые во-первых: не имеют морфологических критерий и , во-вторых: выполняют только служебные функции в синтаксической конструкции.

Служебные слова употребляются для связи слов, предложений или частей предложений, а также служат для выражения разных оттенков субъективного отношения говорящего к содержанию сообщения. Отдельные частицы участвуют в образовании аналитических форм слова.

Близко к позиционному примыканию синтаксическое основосложение, используемое для создания инкорпоративных конструкций, в составе которых свободно соединяются корни (или основы). Инкорпоративные комплексы могут служить:

- для выражения атрибутивных связей
- для выражения отношений между действием и его объектом или обстоятельством
- для построения предложения в целом

Далее, в качестве формального способа выражения синтаксических связей и функций широко распространено использование служебных слов (союзов и союзных слов, частиц, предлогов и послелогов ,связок).

В аффиксальных языках широко используются морфологические показатели. Они сигнализируют наличие управления, при котором синтаксически господствующее слово предопределяет наличие в структуре словоформ зависимого слова той или иной граммемы (например, граммемы одного из косвенных падежей) и согласования, при котором в структуре словоформы зависимого слова повторяются одна или несколько граммем словоформы господствующего слова, т.е. наблюдается своего рода уподобления одного граммемного комплекса другому (например, в рус.прилагательном при его атрибутивном употреблении в его словоформе присутствуют граммемы падежа, числа, а также - в случае ед. ч. - и рода: *трудного экзамена*). В языках, имеющих согласовательную грамматическую категорию именных классов существительного, показатели определённого класса появляются в синтаксически связанных словах

Возможно одновременное использование показателей управления и показателей согласования: *пяти столам* (здесь связи разнонаправлены: числительное управляет существительным и само в то же время согласуется с ним);

Показатель синтаксической связи обычно появляется в словоформе зависимого слова. Но он может, однако, характеризовать словоформу господствующего слова.

Если говорить о служебных словах в китайском языке, то они практически никогда не имеют полного вещественного значения. Они лишь обозначают связи и выражают отношения между предметами, а также служат средствами эмоционально-логического выделения знаменательных слов и передают добавочный смысл и экспрессивные оттенки.

Служебные слова могут употребляться только в одной функции или только в одном типе синтаксических отношений.

Это один из важнейших признаковслужебных слов.

Служебные слова современного китайского языка трудно заменяемы в структуре словосочетания и предложения, иначе говоря, служебным словом мы можем считать такое слово, которое в контексте трудно чем-либо заменить без нарушения грамматической правильности предложения.

Еще один немаловажный признак служебных слов – отсутствие факультативных определений.

Кроме того, служебные слова не отвечают на вопрос и не могут быть заменены местоимениями.

Служебные слова- предлоги, союзы и частицы не называют предметов и признаков: их лексическое значение – это значение, абстрагированные от тех отношений, которые они выражают в предложении. Значения, объединяющие служебные слова в ту или иную часть речи, отличаются от значения, объединяющего в одну часть речи знаменательные слова. Служебные слова противостоят знаменательным словам как такие слова,которые, во-первых: не имеют морфологических критерий и, во-вторых: выполняют только служебные функции в синтаксической конструкции. Служебные слова употребляются для связи слов, предложений или частей предложений, а также служат для выражения разных оттенков субъективного отношения говорящего к содержанию сообщения. Отдельные частицы участвуют в образовании аналитических форм слова.

Таким образом, служебные слова китайского языка играют большую роль в синтаксисе китайского языка. От служебных слов зависит порядок слов в предложении, а также смысл перевода китайских предложений.

Литература:

1. Шмелёв Д. Н. Синтаксическая членимость высказывания в современном русском языке[Текст] / Д.Н.Шмелев.- М.: Наука, 1976.- 149 с.
2. Пешковский,А.М. Интонация и грамматика [Текст] /А.М.Пешковский // А.М.Пешковский. Избр. тр. - М., 1959.- С.177-191.
3. Григорова,З.Л. Интонация вопросительных предложений в современном китайском языке [Текст]: автореф. дис…. канд. филол. наук / З.Л.Григорова.- М., 1968.- 20 с.
4. Гринберг, Дж. Некоторые грамматические универсалии, преимущественно касающиеся порядка значимых элементов [Текст] /Дж. Гринберг // Новое в лингвистике.- М., 1970.- Вып.5.- С.114-162.
5. Дерибас, Л.А. Типы предложений в русском языке [Текст] /Л.А.Дерибас,К.И.Мишина.- М.: Высш. шк., 1981.- 167 с.
6. Арутюнова, Н.Д. Предложение и его смысл [Текст]/Н.Д.Арутюнова.- М.: Наука, 1976. - 383с.
7. Адмони, В.Г. Содержательные и композиционные аспекты предложения[Текст]/В.Г.Адмони // Теорет. проблемы синтаксиса современных индоевропейских языков. –Л., 1975.-С. 5-12.

КЕҢЕШБЕК АСАНАЛИЕВ - ПОЛЕМИСТ
(1-макала)

Апышева М., Абдырасулова Э.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.09

Адабият таануу илиминин ичинен Асаналиевдин айрыкча аздектегени – адабий сын эле. Бул багытта сынчы адабиятка адеп аралашкандан тартып, өмүрүнүн акырына чейин тынбай иштеп келди жана эң негизгиси өзүнө гана тиешелүү почеркине ээ болуу менен күжүрмөн сын жанрында оригиналдуу, курч, таамай ойлорун объективдүү аргументтештире билди. Оригиналдуу, курч ойлору анын полемикалык макалаларында өзгөчө таасын айтылды. Асаналиевдин полемикалык макаладагы жекечелиги, артыкчылыгы катары анын жаңы көз караштарга басым койгондугун, ар бир берген сынын конкреттүү чыгарманын мисалында далилдөө ыкмасын көрсөтүүгө болот.

1950-60-жылдар аралыгында анын калеминен “Ленинчил жаш” газетасындагы көркөм чеберчилик жөнүндөгү талкууга карата”, “Эки китеп жөнүндө”, “Кыргыз прозасындагы чеберчиликтин айрым маселелери”, “Көркөм деталдар жана образдар”, “Ыңгайлуу учурду күткөн кеңеш”, “Кыргыз аңгемелеринин айрым маселелери” [1] ж.б. макалалар жана “Романы Тугельбая Сыдыкбекова”, “Кыргыз прозасынын очерки” [2] аттуу китептер жаралды. Бул көркөм туундулар сынчынын адабиятчылык, сынчылык өнөрүнүн башталуу учуруна туура келсе да, өзүнүн көтөргөн жүгү, проблеманы коюу жана чечүү ыкмалары, оригиналдуу, курч маселелерди көтөрүү жана аларга далилдүү аргументтерди колдонуу өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Сөзүбүз кургак чыгып калбас үчүн айрым аргументтерге кайрылсак. Сынчы өзүнүн “Эки китеп жөнүндө” деген макаласын А.Убукеевдин “Жыргал”, Т.Шамшиевдин “Үч дөбөдө” китептерин талдоого арнаган. Ал китепке киргизилген аңгемелерге анализ берүүдөн мурун: “Чыныгы жазуучу реалисттик кандай гана окуяны мүнөздөбөсүн, аны турмуштагыдай ишенимдүү, эмоциялык күч менен окуучуга эстетикалык ырахат жана тарбиялык таасир бererлик кылып сүрөттөйт. Кыскасы, башкы нерсени арткы нерсе менен, негизгини экинчи баскычтагы көрүнүш менен, мүнөздүү деталды кокустук штрих менен, көркөмдүк жалпылаштырууну үстүртөн сүрөттөө менен алмаштырбоо – типтүү образдын үстүндө иштөө процессиндеги негизги шарт болуп эсептелинет,”[3] – деп, каралуучу маселеге карата талапты алдын ала эскертет. Демек, сынчы аңгемелердин деңгээлине жараша анализ жүргүзбөйт, тескерисинче, ал авторлордон аңгемелерди адабият көркөм дүйнөсүнүн талабына жооп бере турган деңгээлде жаратууну талап кылат. Ал эми чыгармадан катардагы окурманга анчейин гана көрүнүш катары сезилген окуялардан адам турмушунун негизин түзгөн проблемаларды бөлүп чыгуу, аны ошол деңгээлде аргументтештире билүү, муну менен жазуучунун чыгармачылык потенциалын аныктоо эң бир жоопкерчиликтүү иш-аракет экени талашсыз.

А.Убукеевдин “Жыргал” аттуу аңгемесин талдаганда К.Асаналиев чыгарманын жалпы жонунан айрым жетишкендиктерин белгилесе да, аны “толук кандуу чыгарма” болуу укугунан ажыратып турган негизги кемчилик – сюжеттин алда качан штампка айланган схема менен жаратылгандыгын туура белгилейт. Анткени, айрым бир салтка айланган “даяр формасы” бар нерсенин чегинде көркөм туунду жаратуу сөзсүз түрдө образдардын өз алдынчалыгын, жекечелигин жоготуп, ошол “даяр формага” ыкташуу аракетин жасаары бышык.

Ал эми Т.Шамшиевдин аңгемелеринин чоң кемчилиги деп сынчы автордо образдык ой жүгүртүүнүн жоктугун табат. “Жазуучу чыныгы реалдуу образдык ой жүгүртүү менен “кооз” орнаменталдуу сөздөрдүн тизмегинин ортосундагы асман

менен жердей айырмачылыкты сезбейт. “Кооз” сөздөрдү образ деп түшүнөт,”- [3] деген кейиштүү жыйынтыкка келет. Эмне үчүн кейиштүү жыйынтык? Анткени колуна калем кармаганына бир канча мезгил болуп, такшалып, белгилүү бир деңгээлде өз почеркине ээ болгон жазуучунун ушундай төмөнкү деңгээлдеги чыгарма жаратышы К. Асаналиевди катардагы окурман катары канааттандыра албаса, өз ишине чын дилден берилген кесипкөй сынчы катары өтө кейитет.

Сөз учугун 1957-жылы “Ала Тоо” журналынын №2 санына жарыяланган “Кыргыз аңгемелеринин айрым маселелери” макаласына бурсак. (Бул макала Кыргызстан Жазуучулар Союзунун 4-пленумунда К.Асаналиевдин жасаган докладынын кыскартылган варианты.) Сынчы колдогу адабий фактылардын негизинде баяндамасынын конструкциясын эки түйүндүү учурга байлаган. Биринчиси - бүтүндөй баяндаманын пафосун түзгөн бекемдегич, адабиятка келген оң көрүнүш жагы, экинчиси - эң майда көрүнүштөргө чейин адилет талдоого алынган сол, тескери көрүнүш жагы. Белгилей кетчү өтө маанилүү бир нерсе, көркөм адабиятты мындай бир беткей “оң-сол”, “ак-кара” кылып карама-каршы коюу, бул баарынан мурда, ошол мезгилдеги фактылардын негизинде иштелип чыккан концепция болчу. Аталган көрүнүштүн (концепциянын) ийгилиги иштин бир кыйла жандуу да, уккулуктуу да, эффективдүү да болгондугу. Макалада Н.Байтемиров, К.Каимов, А.Убукеев, Т.Абдымомуновдордун аңгемелери туурасында кеңири сөз болот. Мындай болушу табигый иш, анткени 50-жылдарда кыргыз аңгемесин мазмун жагынан да, форма жагынан да жаңылоого аракет жасаган ошолор эле. Бирок, мунун баары адабий процесстин фону, жалпы картинасы гана. Кантсе да талдоонун эң биринчи түйүндүү жерин, мындайча айтканда, кульминациясын Ч.Айтматовдун аңгемелери (“Ак жаан”, “Түнкү сугат”, “Асма көпүрө”) ээлеген. Сынчы тарабынан жаш жазуучунун сөз болуп жаткан аңгемелери ошол адабий кырдаал үчүн жаңылык экени, кыйла жагынан оригиналдуулукка ээлиги менен айырмалангандыгы, кыргыз аңгемелериинин арасынан өзгөчөлөнүп турганы таасын көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары макалада С.Шимеевдин аңгемелери да катуу сынга алынып, жазуучуга карата кескин пикир айтылган. “Ойго жарды, мааниге тайкы, көп сөздүү сүйлөмдөр С.Шимеевдин акыркы мезгилде чыккан “Алтын Булак” аттуу китебинен арбын учурайт” [1] деген жыйынтыктын чыгышы сынчы үчүн эң адилет көрүнүш. Анткени ошол мезгилдеги адабияттагы бардык “жаңылыктар” менен кабардар болууга аракеттенген жана белгилүү бир деңгээлде ал көрүнүштөргө карата өз көз карашынан мамиле жасоого жетишкен Асаналиев мындай жыйынтыкты С.Шимеевди жөн гана “маскаралоо” максатында эмес, тескерисинче, жазуучуга катуу сын айтуу менен бул кемчиликти келеркиде кайталабай, жогору карай жылууга үндөө, багыт берүү үчүн жасаган.

Арийне, Кеңешбек Асаналиевдин чыгармачылыгынын алгачкы жылдарында жаралган эмгектери азыркы адабий сынчылык деңгээли менен салыштырганда бир топ эле айырмачылыкка ээ. Алгачкы учурдагы анализдеринен стилдик келегейлик, адабий окуяга ошол учурдун жол-жобосу, көрсөтмөлөрү боюнча мамиле жасоо, эмоциялык эргүүлөргө жол берүү сыяктуу көрүнүштөр орун алган. Бирок, эң негизги белгилей кетчү нерсе, ага тиешелүү эмгектерден ачыктан-ачык сезилип турган пафос – бул адабияттын келечеги үчүн, адабияттын тазалыгы үчүн чын дилден күйүп-бышуу пафосу.

Кантсе да бул алгачкы ишенимдүү, жоопкерчиликтүү жана да түшүмдүү кадамдар эле. “30-жылдардагы прозага арналган Кеңешбек Асаналиевдин изилдөөлөрүн алсак, анда жалаң гана жазуучулардын аттарын, же чыгармалардын мазмунун кайталоо менен чектелбестен, А,Токомбаевдин, М.Элебаевдин жана Т.Сыдыкбековдун чыгармаларына таянып, кыргыз адабияты үчүн баалуу

жалпылоолорду, тыянактарды жасады, чыгарманын идеялык жана көркөмдүк жактарынын гармониялык бирдиктүүлүгүн ачууга аракеттенди. Бир топ макалаларында жазуучунун чеберчилиги жана анын башка жазуучулардан айырмаланган чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү жөнүндө сөз козгоду. Кыргыз совет адабиятында мындай кадамды кубаттоого гана болот,”- [4.85.] деген ой жогоруда белгиленгендердин ишенимдүү далили.

1960-80-жылдар жалпы эле кыргыз адабиятынын калыптануу, жетилүү, өнүгүү мезгили катары белгиленет. Ал эми ушул жылдардагы сын жаатындагы жетишкендик болсо, адабий талдоонун профессионалдык деңгээлинин жеткилендиги, союздук аренага көтөрүлүшү менен мүнөздөлөт. Анткени, кыргыз адабиятынын жаңыдан жаралуу, түптөлүү жылдарында чыгармачылык иштин “аралашкан формасы” басымдуулук кылган болсо, башкача айтканда, ошол эле К.Маликов, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбековдор көркөм чыгарма да жазышып, ошол эле учурда көркөм туундуларга карата анализди да өзүлөрү беришкен болсо, кийинчерээк профессионал адабий сындын калыптанышына чоң салым кошушкан сынчылар К.Асаналиев, А.Салиев, Ш.Үмөталиевдер бул көрүнүштү белгилүү бир ажырымга бөлдү. Ал эми алардын артынан келген экинчи толкун (К.Укаев, М.Борбугулов ж.б.) өзүнчө өнүгүү жолуна түшкөн сынды бийиктикке көтөрдү. Ушундан тарта кыргыз адабий сынынын сферасынын кеңейиши, анализ жасоо деңгээлинин өсүшү менен масштабы да кеңейип отурду, башкача айтканда, улам кийинки келген жаңы муун, күчтүү толкун менен толукталып жатты.

Ушул жылдары К.Асаналиев эмне жазды, кандай өсүштөргө ээ болду, адабиятка кандай жаңылык алып келди, кайсы маселелерге көбүрөөк токтолду? Бул суроолордун тегерегинде бир аз сөз козгосок. Сынчы мезгил талабынан артта калбаптыр. Ал аталган жылдар аралыгында “Азыркы күндүн темасы жана роман” (1961), “Кыргыз романы жана психологизм” (1969), “Кыргыз прозасынын ишенимдүү ориентациясы” (1967), “Традиции дух или буква” (1972), “О соотношении национального и интернационального” (1981), “На стыке художественных традиций” (1979), “Учууга эки канаттай” (1974), “Көнүмүштүн күчү” (1980) жана башка ушул сыяктуу прозага жана айрым конкреттүү портреттерге арналган макалалардын, акындар поэзиясына, кыргыз элинин көркөм мурасы болгон “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпосторуна, Молдо Кылыч, К.Тыныстанов жана башкаларга арналган “Башат” (1989), “Молдо Кылыч менен Тыныстановдун чыгармачылык мурасы жөнүндө” (1988) , “Сейтек” – “Манас” эпосунун үчүнчү бөлүмү” (Кириш сөз, 1960), “Изденүүлөр жана чаташуулар” (1968), “В чужой ли двор забрела коза” (1969) ж.б. макалалардын жана бир канча китептердин автору болууга жетишиптир. Албетте, анын сынчылык дараметин жараткан эмгектеринин санына жараша баалоого болбойт. Сөзсүз түрдө аларда берилген мазмундун чегинде сөз кылуу керек. Бирок айта кетчү нерсе, эмгектин саны көп болсо да, анын сапаттык деңгээли ошондой эле эволюциялык өнүгүшкө ээ.

1960-70-жылдары К.Асаналиев проза жанрынын жаңы табылгаларын, өсүш деңгээлин, анда орун алган кемчиликтерди белгилөө менен кыргыз прозасы эмненин негизинде пайда болду, өсүп-өнүктү, кандай шартта өнүгүп жатат жана анын пайда болуп, өнүгүшүнө кайсы факторлор түрткү болду деген сыяктуу суроолордун тегерегинде (айрыкча кыргыз романдары боюнча) көбүрөөк сөз кылды. “Кыргыз романы жана психологизм” деген макаласында У.Абдукаимовдун “Майдан” романы талдоого алынган. Анда мындай дейт: “Майдан” - көп аспектүү, көп пландуу роман. Мындай сапат окуянын географиялык чөйрөсүнүн масштабдуулугуна, каармандардын көп сандуулугуна гана эмес, ал баарынан мурда адам турмушунун концепциясын, адамдын жан дүйнөсүн ачууга негизделген”. [5.86.] Суроо туулат, А.Токомбаев баштаган бир топ адабиятчылар (Ш.Үмөталиев, Ш.Бейшеналиев ж.б.) “...автор бул

чыгармасында социалисттик методду четке каккан”, “...автордун саясий, адабий позициясы жок”, “...согуш күндөрүндөгү эбегейсиз эмгек, патриотизм, элдердин бирдиги менен достугу, аракеттери көмүскөдө калган” (бул сындар А.Токомбаевге тиешелүү), “...романда адамды ойлондура турган эч нерсе жок”, “...доордун стили бул китепте жок” [6.44.] (сындын ээси Ш.Үмөталиев), деген жыйынтыктарды чыгарып жатышса, Кеңешбек Асаналиев эмне үчүн булардын оюна таптакыр туура келбеген концепцияны берип жатат. Көрсө, А.Токомбаев баштаган “дагы-дагылар” бул маселеге саясий кызыкчылыктын бийиктигинен (айрымдары жөн гана алардын пикирине каршы чыгуудан тартынып) туруп мамиле кылышкан экен. Ал эми К.Асаналиев бул окуяга өзүнүн чыгармачылык бийиктигинен туруп мамиле жасаган. Адабиятта мурунку штампка айланган схематизмди четке каккан, адабий турмушка өзгөрүү киргизген, бурулуш жасаган “Майдан” романы жаралып жатса, сынчы кантип ошол жаңылыкты иликтебей, окурман чөйрөсүнө жеткирбей коймок. Албетте, ал “Майдан” романын кеңири талдоого алган илимий изилдөөнү жүргүзүшү керек болчу. Эч болбогондо, адабий процесске жандуу аралашкан, ошону менен жашаган инсан катары К.Асаналиев ал ишти аткарууга милдеттүү эле, бул бир жагы. Ал эми сынчынын романдын тагдырын мындай планда чечишинин экинчи учугу башка жакка барып байланат. Баарыбызга белгилүү болгондой, адабиятта жаңылык, жаңы нерсе болмоюн, сында да өзгөрүү болбойт. Сынчы “Майдан” романы алып келген жаңылыкты илгиртпей сезген. Ал эми полемикалуу курч макала ага ичинде бугуп жаткан ойлорду сыртка чыгаруу үчүн кызмат кылган. Ыңгайлуу түзүлгөн бул шарт өз кезегинде адабияттын өсүш деңгээли менен бирдикте кесипкөй сынчынын да чыгармачылык потенциалынын, иш тажрыйбасынын жогорулашын шарттаган.

Адабий коомчулуктун кызыгуусун арттырган дагы бир жаңылык, Кеңешбек Асаналиевдин “Открытие человека современности. Заметки о творчестве Ч.Айтматова” (1960) китебинин жарыкка келиши болду. Бул ачылышка байланыштуу пикирин А.Югов: “Выгодно отличает книгу К.Асаналиева проникающая ее полемичность. Это качество стиля самого критика сообщает о его работе живость, наглядную убедительность. Доказательна, например, полемика автора с концепцией Н.Никипорца, согласно которой последний все беды киргизской прозы склонен объяснять влиянием фольклора,” [7.114.] - деп билдирди. Мындан сырткары массалык-маалымат каражаттарынын беттеринин биринде В.Вакуленконун “Новые книги о Чингизе Айтматове” [8] деген макаласы да жарыяланды. Автор К.Асаналиев жана Глинкиндин Ч.Айтматовго арналган эмгектерин салыштырып талдоого алды. Биринде бийик деңгээлде, профессионалдуулук менен чечилген маселе, экинчи автордо баралына жеткире каралбаганын, же тескерисинче, биринде начар иштелген проблема, экинчисинде бийик деңгээлге жеткирилгенин талдап көрсөтүү менен: “Богатая эрудиция авторов, широкое привлечение критических материалов, глубокое знание существа вопроса – все это по своему предопределило уровен новых работ, их содержательность и актуальность,” [8] – деп жыйынтык чыгарат. Эмне үчүн бул авторлордун көз караштарына акцент коюп жатабыз. Бул, биринчиден, кыргыз сынынын деңгээлин союздук аренага көтөрүүдөгү К.Асаналиевдин ролун аныктап турса, экинчиден, кыргызда да дүйнөлүк аренада аты таанылган, адам турмушунун бүткүл адамзаттык концепциясын ачуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ жазуучу бар экенин жеткиликтүү анализдеп берген К.Асаналиевдин сынчылык дараметин көрсөтүүдөгү негизги шарттардан болуп саналат.

Бирок, В.Вакуленко сынчы менен бардык эле учурда макул боло бербейт: “К сожалению, излишняя полемичность книги К.Асаналиева не всегда одинаково благоприятно сказывается на глубине и объективности исследования. В качестве

примера достаточно привести хотя бы отрывок, речь в котором идет о романе Ш.Бейшеналиева “Путь к счастью” [8] -деп жазат.

Ал эми маселени дал ушул өңүттөн алып караганда, өз кезегинде В.Вакуленкого да каршы чыгууга туура келет. Сынчынын “көп сандаган фактылардын арасында адашып калган Ш.Бейшеналиев натуралисттик баяндоону, сүрөттөөнү берген” деген жыйынтыгы туура. Анткени, адабий чыгарма көлөмүнө карата эмес, маанисине, көркөмдүк сапатына жараша бааланары анык эмеспи.

Кийинки келген он жылдык, башкача айтканда, 70-80-жылдардын аралыгы Кеңешбек Асаналиев үчүн маанилүү жылдардан эле. Себеби, дал ушул аралыкта ал адабий жана сынчылык өнөрдүн жаңы бийиктигине көтөрүлүп чыккан. Бул мезгилге карата М.Жаңыбаеванын: “Ал эми кийинки он жылдыкты (сөз 70-80-жылдар туурасында бара жатат) анын илимпоздук жана сынчылык өнөрүнүн жаңы горизонтторунун ачылышы деп атасак болот”, - деп айтканы да бекеринен эместир.

Ошентип, адабиятты тагдыр күткөн сынчы өз ишмердүүлүгүн ийгиликтүү улантып жатты. Биз бул жерде “тагдыр” деген түшүнүктү кең мааниде колдонуп жатабыз. Себеби, тагдыры жок киши анын ичине сүңгүп кире албайт, аны өмүрүнүн “азыгына” айландыра албайт. Ал эми Кеңешбек Асаналиев адабияттык ишмердүүлүктү “бул менин тагдырым” деп кабыл алды, аны өз өмүрүнүн “азыгы” катары, жан дүйнөсүнүн “жыргалы” катары баалады. Эгерде чынында мындай болбогон болсо, ал “кайдагы бир” жазуучулардын чыгармаларынын тагдыры үчүн өзүнүн жеке адамдык тагдырын сайып иштей алмак эмес. Дал ошол чыгармалардын негизинен түзүлгөн адабияттык тагдыр – Кеңешбек Асаналиевдин адамдык тагдыры болгон үчүн сынчы болгон эрудициясын, күч-кубатын жумшап, бүткүл өмүрүн сарптап жашап келди, “эки кош бирдиктүү тагдыр” (адабияттык жана жеке адамдык) үчүн тынымсыз күрөш жүргүздү. Сынчы 1958-жылы жаш Айтматовдун “тилин” талкуулоодо да, 1962-жылы У.Абдукаимовдун “Майданын” талкуулоодо да, 1984-жылы Т.Касымбековдун “Келкелин” талкуулоодо да азчылык тарабында болуп, алар тарап үстүртөн караган адамга жеңилүүгө дуушар болгон.

Демек, мындай талкуулардын жыйынтыгы боюнча чоң сынчы, күчтүү адабиятчы экенине карабастан Кеңешбек Асаналиев дайыма эле жеңилип жүргөн деген чолок бүтүм чыгарууга болот. Бирок, дароо эле кайсыл тарап көпчүлүк экенин билип, аларга кошулуп кетүүгө жол бербей турган, жеңилип баратсаң да абийириңе камчы чаптырбай, өз оюңду айттырган бир улуу нерсе бар – ал эртеби-кечпи баары бир орной турган Чындык. Ал эми таланттуу адабиятчы, адабият сынчысы эң биринчи иретте ошол чындыкты издейт, “өз тагдыры” үчүн күрөшөт [9.76.] жана акыр аягында келип күрөшүп жүрүп тапкан чындыгын иш жүзүндө далилдейт, турмушта экинчи далилдегис аксиома катары орнотот.

Адабияттар:

1. К.Асаналиев. “Ленинчил жаш” газетасындагы көркөм чеберчилик жөнүндөгү талкууга карата.//Кызыл Кыргызстан, 1954, 25-август; К.Асаналиев. Эки китеп жөнүндө. //Ленинчил жаш, 1955,1-июнь; К.Асаналиев. Кыргыз прозасындагы чеберчиликтин айрым маселелери. //Советтик Кыргызстан, 1955, 24-декабрь; К.Асаналиев. Көркөм деталдар жана образдар //Советтик Кыргызстан, 1956, №9; К.Асаналиев. Ыңгайлуу учурду күткөн кеңеш. //Ала Тоо, 1956, № 10; К.Асаналиев. Кыргыз аңгемелеринин айрым маселелери //Ала Тоо, 1957, №2.
2. К.Асаналиев. Романы Тугельбая Сыдыкбекова –Ф., 1956-ж.; К.Асаналиев. Кыргыз прозасынын очерки. 1-бөлүм. –Ф., 1957-ж.; 2-бөлүм. –Ф., 1960-ж.
3. Асаналиев К. Эки китеп жөнүндө. // Ленинчил жаш, 1955, 1-июнь.
4. Төлеев Ж. Кыргыз совет прозасынын өсүш этаптарына арналган кайсы бир макалаларга карата. // Ала Тоо, 1956, №11, 85-б.
5. Асаналиев К. Тандалмалар. – Ф., 1983, 86-б.
6. Тиллебаев С. У.Абдукаимов жана “Майдан” талкуусу.- Б.:2000, 44-б.
7. Югов А. Открытие современника. // Литературный Кыргызстан, 1969, №1, 114-б.
8. Вакуленко В. Новые книги о Ч.Айтматове. // Советская Киргизия, 1969, 2-октябрь.
9. М.Апышев. Адабий сындын патриархы. //Китепте: Мезгил бурулушу жана түбөлүк нарк. – Б., 2008, 76-б.

КЕҢЕШБЕК АСАНАЛИЕВ - ПОЛЕМИСТ
(2-макала)

Апышева М., Абдырасулова Э.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.09

1970-80-90-жылдар аралыгында да сынчы мурдагыдай эле адабий талкууларга активдүү катышып, проза жанрындагы өзүнүн илимий иликтөөлөрүн тереңдетип улантып жатты. Ошону менен катар поэзия да, сын да унутта калган жок. Бул багытта полемикалык жана проблемалуу макалалары тынымсыз жарыяланып, адабият чөйрөсүндө резонанс жаратып турду. Алардын бири - сынчылар тарабынан актуалдуу проблемага айланып, көп ирет талаш-тартыштардын объектиси болгон фольклор жана реалисттик адабияттын карым-катышына байланышкан маселе. Кеңешбек Асаналиевдин “Учууга эки канаттай” макаласынын лейтмотивин дал ушул “эки булакка” байланышкан проблема түзөт. Анын логикасы - жогорку аталган эки булакты бири-бирине барабар койгон образдуу салыштыруу. Чынында мындай корутунду менен толук макул болууга болот. Анткени, ал эки традиция бири-бирисиз жашай албайт, жашашы да мүмкүн эмес.

Кыргыз адабиятында фольклор менен реалисттик адабияттын байланышы, карым-катышына байланышкан проблеманы чечүүдө окумуштуулар арасында кайчы пикирлер орун алып келген. Айрымдары фольклордун маанилүүлүгүнө басым койгон болсо (А.Садыков, Ш.Үмөталиев, К.Артыкбаев), Кеңешбек Асаналиев экөөнү бирдей деңгээлде маанилүү деп табат. Маселе такыр башка ыңгайдан туруп каралышы керек. “Маселенин маңызы: фольклорго кандай аспектиден жана кандай позициядан туруп мамиле жасоодо” [1.152.] - бул Кеңешбек Асаналиев койгон проблема. Көрсө, бул татаал көркөм процесстин диалектикасы чынында ушундай экен, улуттук адабият башка эстетикалык көрүнүштөр менен болгон байланышында кандайдыр бир жаңы сапатка ээ болот да, ошол эле учурда өзүнүн эзелки кээ бир эн тамгаларын жоготпой койбойт. Бирок, жаңы сапатка ээ кылган байланышка ал башат булактын негизинен агып барып кошулат.

Өзүнүн койгон суроосун сынчы К.Жантөшевдин “Каныбек” романындагы негизги каарман Каныбектин образына байланыштыра ишенимдүү жооп берет. Себеби, К.Жантөшевдин романдагы образдарды ачууда фольклорго кайрылуусу ошол мезгилдин талабы менен караганда, чынында, законченемдүү көрүнүш болчу. Кеңешбек Асаналиев белгилегендей: “Коом таануу илимдеринин ал кездеги деңгээли дагы жазуучуга жарытылуу көмөк көрсөтө албады. Автордун таянар тоосу – бул эл оозунан алынган ар түрдүү аңгеме кептер, уламыштар, поэтикалык материалдар болду. Ушундан улам Каныбектин жеке адамдык касиет-сапаттарын сүрөттөөдө фольклордук эстетиканын, жомоктук каармандарды сүрөттөө принциптеринин айкын издери жатканы таң каларлык иш эмес” [1.155.].

Фольклордун мааниси, анын чыгарманын мазмунуна тийгизген таасири жөнүндө кеп кылганда жеке гана бир фактордун негизинде, башкача айтканда, фольклордун таасири чыгармада күчтүүбү же күчтүү эмеспи деген ойдун тегерегинде эмес, ага тарыхый шарттын негизинде ошол мезгилдеги жазуучунун, дегеле коомдук аң сезимдин жалпы ойлонуу деңгээлин эске алуу менен иш жүргүзүү керектигин ишенимдүү далилдей алгандыгы Кеңешбек Асаналиевдин жемиши болду. Сынчынын бул пикирин А.Эркебаев да: “Сөз болуп жаткан маселе боюнча адабиятчылар К.Артыкбаев, А.Садыков, Ш.Үмөталиевдер менен курч талаш бар. Бул маселеде мен

Кеңешбек Асаналиевдин позициясына кошулам,” [12.99.] -деп белгилүү бир деңгээлде колдоого алды.

Макалада Кеңешбек Асаналиев 30-жылдардагы фольклорго кайрылуу, ага жасаган мамиле менен, мисалы кийинки 60-жылдардагы мамиле эки башка болорун, башкача айтканда, “реализм улам көркүнө чыгып, чыңала баштаган мезгилде ал карым-катнаш башкача мааниге өтөрүн” [1.154.] көрсөткөнү полемикалуу ойлорунун дагы бир оригиналдуу учугу. Аталган эмгектеги проблеманын коюлушу, чечилиши, ага карата колдонулган аргументтердин жандуулугу сынчынын бир эсе адабиятты терең өздөштүрө алгандыгын далилдесе, бир эсе окурманга өз алдынча жыйынтык чыгарууда көрсөткүч, таяныч материал катары кызмат кылары шексиз.

Бул багыттан алып караганда, Кеңешбек Асаналиевдин ою менен М.Борбугуловдун да пикири жакындашат, үндөшөт: “Как известно, формирование писменной киргизской литературы опиралось на традиции народного творчества. ...однако неоспоримо также и то, что фольклор не был единственным фактором ее (литературы) становления и развития. Киргизские писатели, уже в советское время сделавшие первые шаги в сторону профессионального искусства и письменной литературы, конечно, не могли в один день, за короткий срок освоить их законов и принципов. Для этого требовалось время. Поэтому киргизские писатели, отряд которых поначалу был очень малочисленным, не могли не обратиться в своем творчестве к опыту литературы, которая имела бы свои давнишние традиции, развитую основу. Такой литературой для них была прежде всего литература русская” [9.126.].

Ал эми биз кийинки сөз кылуучу маселе - социалисттик реализм методу, анын кыргыз адабиятында тамырлашы, тийгизген пайдасы, зыяндуу жактары, дегеле социалисттик реализм методун кыргыз адабиятчылары кандайча түшүнөт, ушуга байланыштуу болмокчу. Өз учурунда аталган маселе туурасында көптөгөн эмгектер жаралып, ар ким өз түшүнүгүн бекемдеп, аны окурманга жеткирүүнүн аракетинде болду. Алардын арасында Кеңешбек Асаналиев да бар эле. Эмки биздин максат ошончо көпчүлүктүн арасынан аталган сынчы, адабиятчы айырмалана алдыбы, же өзүнө чейинки, жана өзүнөн кийинки жаралган эмгектердин мазмунун кайталоо менен чектелдиби? Эгер айырмаланса, кайсы өзгөчө идеясы же далилдүү аргументи менен, дегеле Кеңешбек Асаналиевдин түшүнүгү боюнча социалисттик реализм деген эмне? деген суроолордун тегерегинде ой жүгүртүү.

“Социалисттик реализм советтик көркөм адабияттын жана адабий сындын негизги методу болуу менен бирге художниктен турмуш чындыгын туура, тарыхый конкреттүү жана эволюциялык өнүгүштө сүрөттөөнү талап кылат. Ошол эле учурда турмуш чындыгын туура жана тарыхый конкреттүү сүрөттөөдө эмгекчи элди социализм духунда тарбиялоо жана идеялык жактан кайрадан жаратуу максатына баш ийдирилиш керек. ...Көрсө, дал ушул формулада совет адабиятынын эң түпкү максаты, адамды идеялык жактан кайра жаратуу максаты ачык жана так берилген экен. Ал эми адамды кайрадан жаратуу, бул коммунисттик бийликтин бирден-бир көздөгөн максаты болчу.

Мына ошондуктан, башкача айтканда, социалисттик реализмдин аныктамасы совет бийлигинин эң башкы максатына толук айкалышып (негизделип) тургандыктан совет бийлиги жашап, күчөп турганда ага кандайдыр бир кескин өзгөртүү, корректив киргизүү мүмкүн эмес болчу. Дал ушундай догмага, таштан чеккендей бузулбас жол-жобого баш ийдирилген адабият ошол нукта, ошол чийинден чыкпай өнүгүшкө аргасыз болчу” [2] – деген пикирин сынчы колунан келишинче далилдөөгө аракет кылды жана ал аракети иш жүзүнө ашты. Дегенибиз, караңгы бир айылдан чыккан жигиттин же кыздын илим-билимге сугарылып, эл башкарууга жөндөмдүү болуп чыга келиши, же жалкоо, ыкшоо жигит активист кызды жактыргандыктан, ага жагынуу аракетинин

негизинде, же түздөн-түз ошол кыздын таасиринин астында үлгүлүү, иштерман адамга айланган ж.б.у.с. белгилүү бир үлгүгө салынган сюжеттин негизинде пайда болгон коёндой окшош чыгармалар адабият майданын каптап кеткени кашкайган чындык эмеспи. Дал ушул үчүн Ч.Айтматовдун “Бетме-бет”, “Жамийласы”, У.Абдукаимовдун “Майданы” ж.б. бул алкактан суурулуп, нормадан тыш адам жан дүйнөсүнүн үнүн чагылдырган чыгармалар катуу, катаал тагдырга туш болгон да. Ал эми ар бир адабий кубулушка, анын ичинде социалисттик реализмге жекече чыгармачылык билгичтик менен мамиле кылуу Кеңешбек Асаналиев белгилеген экинчи маселе. Так ушул социалисттик реализм методу үстөмдүк кылып турган учурда жаралган жогоруда аты аталган чыгармалар бул ойдун ачык далили.

Бирок, сынчы-адабиятчы Ш.Үмөталиев социалисттик реализм белгилүү бир жоболордун негизинде чыгарма жаратууга аргасыз кылган метод деген Кеңешбек Асаналиевдин пикирине каршы. Ал өз оюн төмөндөгүчө билдирет: “Ошентип, социалисттик реализм адабияттагы башкы проблема. Анын мүнөздүү өзгөчөлүгүнүн бири турмуш процесстерине байланыштуу өтө татаал экендигинде, турмуштук көрүнүштөрдүн байлыгына жана татаалдыгына карата ал улам жаңы маселелерди коюп өнүгүп жүрүп отургандыгында. Ушу себептен айрым бир адабиятчылардын социалисттик реализмди кандайдыр бир биротоло дапдайын болгон эрежелерге такап, калыпка салып койгондой абалга чейин жеткирүүгө аракет кылышкандыктары, анын аймагын белгилеп, туптуура чектерин ченге салып көрсөтүүгө жасаган аракеттери, же тескерисинче, аны колго кармалбаган, көзгө көрүнбөгөн чексиз нерсе катарында сунуш кылуулары бир жактуу. ...Турмуш улам бир кырын көрсөтүп жаткан сыяктуу бул методдун да ар кандай жактары, мурда болбогон түрлөрү ачыла бермекчи. Бирок, ал турмуштун артынан ээрчиген, же анын этегинде илээшкен пассивдүү нерсе эмес, ага биротоло киренди кирип алган нерселерден да эмес, ал турмушка активдүү түрдө кийлигише турган жана турмуш чындыгын көркөмдүк чындыкка айландыруучу чыгармачылык активдүү метод. Мына ошон үчүн ал барган сайын актуалдуу проблема катары коюлуп отурат ” [11.58.] .

Эгерде социалисттик реализм “турмуштук көрүнүштөрдүн байлыгына жана татаалдыгына карата улам жаңы маселелерди коюп жүрүп отурса”, эмне үчүн адабиятта каармандарды сүрөттөөдөгү схемалуулук жашаган, же ошол учурда чынында эле адамдар коёндой окшош турмуш менен жашап, психологиялык, нравалык жактан өсүү, оңолуу гана жолунда жүрүштү беле. Албетте, жок. Маселенин туйүнү башкада. Маселенин түйүнү кыргыз адабиятынын өкүлдөрү социалисттик реализмди чыгармачылык, философиялык көрүнүш катары эмес, марксистик-лениндик программа, жол-жобо сыяктуу кабыл алышкандыгында. Бул багыттан алып караганда, Кеңешбек Асаналиевдин пикири чындыкка үндөшүп турат: “Чынында да кыргыз совет адабияты пайда болуп, бүгүнкү даражасына жеткенге чейин “социалисттик реализм” дегенибиз жөн эле сырттан алып келинген “адабий курал ”эмес эле, дал марксизм-ленинизмдин синониминдей, субститутундай болуп, кыргыз жазуучусунун дүйнөгө, турмушка болгон көз карашын калыптады, аныктады” [2]. “Ошол себептен алар ошол социалисттик реализмдин ыңгайынан, социалисттик реализмдин талап-шартынын негизинде жазуучу катары калыптанды. Бул тарыхый процесс” [3]. Чынында эле, бул тарыхый процесс, аны адабият тарыхынан алып таштоого эч мүмкүн эмес. Тескерисинче, социалисттик реализм дал ушундай шартта адабият тарыхында жашагандыгы менен эртеңки күнү кандай жолду басышыбыз керек деген адабиятка, чыгармачылыкка жаңыча мамиленин иштелип чыгышын шарттаган.

Белгилүү бир рамканын чегинде иш кылуу жеке эле жазуучуларга гана эмес, сынчыларга да мүнөздүү көрүнүш эле. Анткени, биздин кыргыз адабиятыбыз ошол социалисттик реализмдин калыптарында өнүккөн болсо, адабий сын да андан башкача

жолго түшүп кете алмак эмес. Бул көрүнүшкө карата Кеңешбек Асаналиевдин өз көз карашына өзгөртүү киргизгени бар: “Ал эми азыркы менин баамым боюнча “Ажар” менен “Узак жолдун” кийинчерээк чыккан чыгармаларга караганда кандайдыр бир өзгөчөлөнүп турушу, адамдарга таасир тийгизүү жагынан, турмушту кененирээк сүрөттөө жагынан, адамдагы трагедиялык тагдырды чагылдырышы боюнча, беркилерге салыштырганда (кийинки жарыкка келген чыгармалар туурасында айтып жатат) *сезим ойго жакын сезилип турган себеби* (биздин белгилөөбүз) 30-жылдардын башында социалисттик реализм турмушубузга кадимкидей кирип, өзүнүн канат-куйругун жайып, кадимкидей тамырлап кете элек болчу. Жазуучулар мурдагы өзүнүн аң сезиминде жашап жүргөн жана ага чейин жашап келген чыгармалардын негизинде стихиялык түрдө өзүнүн турмушта көргөн окуясын болгонун-болгондой сүрөттөөгө аракет кылышкан” [2]. Белгилейли дегенибиз, сынчынын көз карашындагы чыгармачылык эволюцияны көрсөтүү. Анткени, азыркы көз карашында сынчы чыгарманын *сезим ойго* таасир берүүчү жагдайына акцент коюп жатат. Ал эми чыгарма жарыкка келген учурда алган талдоосуна көңүл бурсак, “Каармандын эволюциясын көрсөтүү жазуучулардан чоң чеберчиликти, өнүккөн адабий тажрыйбаны талап этери белгилүү. Ушул мааниде “Узак жолдун” баш каарманы кандай эволюциядан өткөнүн карап көрөлү...” [4.51.]. Көрүнүп тургандай, Кеңешбек Асаналиевдин сынчылык ой чабыты да эволюциялык өнүгүштө, башкача айтканда, ал каармандын артынан ээрчип талдоого аракеттенет, каармандын психологиясындагы билимге болгон ынтызарлыкты көрсөтүүнү биринчи планга алып чыгат. Албетте, бул сынчынын мурунку көз карашын жокко чыгаруу аракети эмес. Ал убакта дал ушул өңүттөн изилдөөгө алышы законченемдүү көрүнүш болчу. Тескерисинче, адамдын акыл сезиминдеги артка кайрылып анализ бере алуу өзгөчөлүгүн көрсөтүү менен бирге, Кеңешбек Асаналиевде өз кесибиндеги тажрыйбанын дагы да болсо топтолуп жаткандыгын белгилегибиз келет. Бул маселе боюнча К.Даутовдун да адилет белгилегени бар: “Баарыбызга маалым эле го, М.Элебаев да, К.Жантөшев да, А.Токомбаев да мындан жыйырма беш жылдын ары-берисинде Кеңешбек Асаналиев тарабынан бир-бирден жазылып өткөн. Аларды монографиялык эмгектеринен да, айрым маселелерге арналган макалаларынан да кездештиргенибиз бар. Сынчы ошондогу ойлорунда эле калса болот беле? Болот да эле, болбойт да эле. Эгерде ошол 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башталышында бут коюп турган тепкичинен өйдө көтөрүлбөй, илимий теориялык түшүнүгү жаңыланбай токтоп калса, анда эч кандай өзгөрүштөр пайда болмок эмес. Эгерде илимпоздун жалпы аң сезим, адабият жана көркөм өнөр жөнүндөгү түшүнүгү жандуу процесс менен кошо алгалап, чыгармачылык тажрыйбасын арттырып, аңдап билүү аянтынын чектерин кеңитип турса, анда сөзсүз, өзүн-өзү таанууга жетишет. Мурда кайсы бир акын-жазуучунун чыгармаларын илимий аңдаштырууда үстүрт же бир жактуу кетип калган жерлерин оңдоп берүүгө жарайт. Демек, бир нокотто туруп калуу жок. Ошондуктан Кеңешбек Асаналиевдин бул иштерин акындын көркөм тажрыйбасын кайрадан окуп чыккан экен деп гана билбестен, сынчынын өзүн-өзү да кайрадан карап чыгуусу деп түшүнө берсек болот” [10.31.].

Биз буга чейин сөз кылгандай, Кеңешбек Асаналиев өзүнө-өзү объективдүү баа берүү, өзүн өзү сындай алуу өзгөчөлүгүнө ээ. Бул касиет анын Молдо Кылыч, К.Тыныстановго байланышкан көз караштарында да чагылган. Баарыбызга белгилүү болгондой, Кеңешбек Асаналиев 1960-жылдарда Молдо Кылыч менен К.Тыныстановдун мурастары тууралу бийликтин, саясаттын көрсөтмөсүнө негизделген, башкача айтканда, аларды адабияттын казынасына туура келбеген, кыянатчы катары мүнөздөгөн баяндама жасаган. Бирок, бул жаңылыштык иш-аракетин кийин иш жүзүндө актоого жетишкен. Ал Молдо Кылычтын чыгармаларын талдоого алган жана анын мурастарына чабуул коюунун тарыхый шарттарын түшүндүргөн

“Башат” аттуу макаласын жазган. “Молдо Кылыч өзүнүн бүткүл билимин, акындык өнөрүн элдин маданиятын өнүктүрүүгө жумшаган. Ошондуктан, ал кол жазма адабиятынын башатында турган. Башат, бул караңгылыктан, түпкүрдөн жылчык таап, көз таап жарыкка чыгуу. Молдо Кылыч ошол башаттай” [5] – мындай жыйынтыктын чыгышы логикалык жактан Кеңешбек Асаналиевдин психологиясына гана туура келмек. Анткени сынчы ошол жасап жаткан кадамынын натуурулыгын ачыктан-ачык түшүнгөн, бирок бир жагынан бийликтин кысымы таасир этсе, экинчи жактан пендечилик кызыкчылыктын кесепетине азгырылган. Бирок, эң негизгиси ал катасын өз мезгилинде мойнуна алып, аны оңдоого жасаган иш-аракети. Ал эми К.Тыныстановго карата көз карашынын өзгөргөнүн жазуучулар союзунун жана республиканын илимпоздорунун өкүлдөрүнөн турган комиссиянын составына кошулуп, Молдо Кылыч менен К.Тыныстановдун чыгармачылыгын илимий иликтөөгө алгандыгынан көрүүгө болот. Бул илимий иликтөөнүн жыйынтыгы “Молдо Кылыч менен К.Тыныстановдун чыгармачылык мурасы жөнүндө” деген ат менен “Кыргызстан маданияты” газетасына 1988-жылы жарыяланган, анда бул инсандардын чыгармачылык көркөм мурасын ар тараптан изилдөөнү колго алууну актуалдаштыруу маселеси каралган.

Жалпылаштырып айтканда, мезгил кушунун закымдап учушу менен Кеңешбек Асаналиевдин да чыгармачылык тажрыйбасы артып, ой чабытынын диапозону кеңейип, тереңдеп, далилдөөдө колдонулган аргументтери да курчуп отурганы байкалат.

“Деги Кеңешбек Асаналиев өзү талдоого алган прозалык чыгарманын башкы өзгөчөлүктөрүн тезис формасында чагылдырып, андан кийин гана аларды конкреттүү материалдын өзөгүнөн алып чыгып ынандырууга уста. Бул анын изилдөөчүлүк калеминин башкаларга эч окшобогон сапаты жана касиети. Мындай айырмалуу белги анын тарыхый-адабияттык же сын багытындагы эмгектеринин маңызын, таасир күчүн эч бөксөртпөйт, кайра тескерисинче, макаланы талдоого жана өз оюн ырааттуу чагылдырышка, оригиналдуу беришке өбөлгө түзөт”, - [8.187.] деген К.Байжигитовдун берген баасы сынчынын чыгармачылык ишин ар тараптан талдоого алып, анализдегенден кийинки жыйынтыгы экени көрүнүп турат.

“-Кеңешбек Асаналиевич, убагында жандуу сын макалаларыңыз менен коомчулукка резонанс жаратып турган полемик-сынчынын ушул тапта деми кандай? Доор алмашып, чакчалекей түшүп жаткан заманда көркөм сөз өнөрү көмүскөдө калган жокпу?”- деген журналисттин суроосуна сынчынын берген жообу:

-Табиятка шүгүрчүлүк десем болот, калем колдон түшө элек, чыгармачыл дем-демилге дале бар сыяктуу, бирок, чынын айтсам жазуу кыйын болуп калды. Мурда дегеле эчтеке болбогондой, мурда дегеле колго калем кармабагандай, кудум актай баректан жаңы гана баштагандай...” [6].

Эмне үчүн ага жазуу кыйын болуп калды? Көрсө, азыркы биздин адабиятта жашап жаткан башаламандык, чыгармачылык ишке болгон үстүрт мамиле сынчыны так ушундай кризиске кириптер кылыптыр. Өз кесибине болгон ак ниет, адамгерчиликтүү, уяттуу мамиле эч убакта Кеңешбек Асаналиевди мезгил агымы, мезгил шарты ушундай деген шылтоо менен адабият көркөм дүйнөсүнүн талабына жооп бере албаган “эптеген” чыгармаларга “эптеген” сын берүүгө жол бербейт. Чыгармачылык ишинин алгачкы этабындагы “Эки китеп жөнүндө” макаласындагы Т.Шамшиевдин чыгармасы аны кандай канааттандыра албай, кейиткен болсо, профессионализмдин туу чокусуна жеткен (албетте, бул салыштыруу шарттуу түрдө алынды) учуруна туш келген жараксыз чыгармалар аны эки эсе кейитет, жан дүйнөсүн оорутат, керек болсо ыйлатат. Дал ушун үчүн анын жан дүйнөсү ал көркөм туундуну өзүнүн элегинен өткөрүүгө ыктабайт, колундагы калем шилтемге келбейт.

Бирок, чыгармачылык иш дегендин өзү өтө татаал кубулуш. Ал бир күндө эле токтоп калышы эч мүмкүн эмес. Эгер ал таптакыр токтоп калуу кризисине кабылган болсо, чыгармачыл адам өз өнөрүнөн баш тартууга аргасыз болот. Бул багыттан алып караганда, Кеңешбек Асаналиев чыгармачылык жактан токтоп калуу, адабиятка болгон кызыгууну, берилүүнү жоготуу кризисине кабылган эмес. Тескерисинче, ичиндеги бугуп жаткан идеяларды, ташкындаган энергияны окурман чөйрөсүнө жеткирүү үчүн татыктуу объекттин жоктугунан улам (албетте, алар бар, бирок саналуу гана) жабырлануугa кириптер болгон. Бирок, канткен күндө да, адабият сенек болуп катып калбайт, ар дайым кыймылда болот. Ошон үчүн андагы өзгөрүүлөрдүн, жаңылануулардын болуп турушу мыйзамченемдүү көрүнүш. Маселени ушул ыңгайдан алып караганда, Кеңешбек Асаналиев акыркы жылдарда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын ар тараптан талдоого алууга көбүрөөк ыктап кеткени байкалат. Албетте, бул сынчы ушуну менен гана чектелип калды дегендикке жатпайт. Мындан сырткары ал К.Акматов, Т.Касымбеков, К.Сактанов, С.Жусуев, А.Алдашев, С.Станалиев, Э.Турсуновдордун өнөрканасына көз жүгүртүп, ой-пикирин билдирүү менен “Манас” эпосунун тагдырын чечүүдөгү маселелерди тарых менен байланыштыра окурман чөйрөсүнө түшүндүрүүгө белсенип киришкени көрүнүп турат.

Кеңешбек Асаналиев үчүн көркөм чыгарманын идеялык жана социалдык мазмуну башкы мааниге ээ. Ал эми адабий туундудагы каарман, образ дал ошол мүдөөнү ишке ашыруунун башкы ачкычы. Демек, прозада жаңы типтеги каарманды түзүү жана сүрөттөө калемгердин изденүүсүндөгү негизги максат болуп калышы керек. Сынчы Төлөгөн Касым-Бектин прозалык чыгармаларын, тагыраак айтканда, “Баскын”, “Кыргын” романдарын дал ушул өңүттөн карап, ушул позициядан туруп түшүндүргүсү келет. “Менин толук ишенимимде Төлөгөн Касым-Бектин баатыр Шабдандын өмүрүн сүрөттөөдө жалаң эле “хандык”, “баатырдык”, “Войсковая старшиналык” наамдар менен бекемделген даңазалуу, даңктуу учурларын” гана эмес, мезгилдин, доордун татаалдыгына байланыштуу ар түркүн драмалык кырдаалдарга жык толгон, акыры дал ошол кагылыштардын негизинде, персонаждык бүт турмуштук идеалдарынын кыйрашын чагылдырган трагедиялуу образды жаратуу милдети турган. “Кыргын” романында ошондой образ барбы, башка тарыхый, оозеки булактардын негизинде бизге мурдатан эле тааныш, бирок, автордун дал ушул чыгармасында бизге көп жагынан тааныш эмес, Шабдандын башкача, өзгөчө бир гана Төлөгөн Касым-Бектин калемине тиешелүү образ барбы?” – деп Кеңешбек Асаналиев өз алдына суроо коюп, чыгарманын жалпы жонунан “ырас эле” жазылганын белгилесе да, жазуучунун мурунку көркөм туундуларына салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде экендигин, Төлөгөн Касымбектин жазуучулук деңгээлинин чегинен караганда, анын өздүк талабына жооп бере албасын белгилейт.

Ырасында эле, каарманды жалпыга, элге тиешелүү кылып сүрөттөө, жеке турмуштук кырдаалдарды жалпыга мүнөздүү көрүнүшкө айландыруу, негизги каарманды эл камы үчүн жүгүргөн, эл деп, улут деп жашаган үлгүдө

көрсөтүү – бул кечээки социалисттик реализмдин гүлдөгөн доорундагы көрсөтмө болчу. “Баскын”, “Кыргын” романдарындагы негизги чыгармачылык жаңылыштык көнүмүш боюнча жеңил, тез жазуу максатында “эски сокмого” салуу, өткөн көнүмүш тажрыйбаны кайрадан “ишке жумшап”, ылгоосуз пайдаланууудан келип чыккан нерсе. “Көрсө, атак-даңктын, бийликтин эң бийигине жеткен, жаш жагынан деле ал заман учурунда жетишээрлик эле жашаган Шабдандын арманы да, күйүтү да бар экен. Арманы – “жалаага аралжы” боло албаганы. ...бул деген, ошончо жылдан бери ак дилден кызмат өтөп, бир максатка чечкиндүү багытталып жашаган өмүрдүн текке кеткен трагедиясы”. [7].

Жазуучу дал ушул жеке адамдык трагедияны, жеке адамдык тагдырды көмүскөдө калтырып, тарыхый фактылардын көптүгүнөн түзүлгөн “коомдук” адамдын образын жазууну биринчи планга алып чыккан. Ал эми Төлөгөн Касым-Бектин кетирген бул кемчилигин тажрыйбалуу сынчы Кеңешбек Асаналиев эч кечире албайт болчу. Анткени, Кеңешбек Асаналиевге бардык ишти жогорку жоопкерчиликте, берилүү менен, терең билимге, бийик эрудицияга негиздеп чечүү мүнөздүү жана бул ыкма, бул принцип анын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн алгачкы этабынан тартып, өмүрүнүн акырына чейин эч бузулбай, темирдей бекем сакталган.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Тандалмалар. –Ф., 1983, 152-б.
2. Асаналиев К. Социалисттик реализм доорунан кийин... Биринчи макала: Көчкөндө сак бол. // Кут билим, 23-ноябрь, 1996.
3. Асаналиев К. Соцреализм. Адабият жана Айтматов. // Адабий Алатоо, 2008, №4.
4. Асаналиев К. Көркөм нарк. – Ф.,1988, 51-б.
5. Асаналиев К. Башат. // Кыргызстан маданияты, 24-август, 1989.
6. Асаналиев К. Азыркы банкир ыр жазабы? // Кыргыз Туусу, 23-январь, 1998.
7. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр. // Адабий Алатоо, 2006, №13
8. Байжигитов К. Кыргыз адабий сыны жана илими. – Б., 2006, 187-б.
9. Борбугулов М. От фольклорной идеализации – к исследованию жизни. // Литературный Кыргызстан, 1969, №1, 126-б.
10. Даутов К. Көркөм дүйнө элестеринен. – Б.2005, 30-б.
11. Үмөталиев Ш. Советтик кыргыз адабиятында социалисттик реализм методунун түзүлүшү. – Ф.,1973, 58-б.
12. Эркебаев А. Сын жана сынчылар. –Ф.,1986, 99-б.

АДАБИЯТТЫ ТАГДЫР КҮТКӨН ИНСАН
(К.Асаналиевдин чыгармачылыгы тууралуу)

Апышева М.Т.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.09

Улуттук адабий процесстин XX кылымдагы өнүгүү багыттарына өз чыгармачылыгы менен ар тараптан кеңири таасир этип, кайсыл бир деңгээлде анын жетишкен чектерин, көркөмдүк бийиктиктерин аныктап келген Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары адабият таануу жана адабий сындын алкагында такай кызыгуу туудуруп, ар кандай деңгээлде каралып келе жаткандыгы мыйзамченемдүү көрүнүш. Ушул кезге чейин көркөм дүйнөсү дээрлик бардык ракурстардан каралып келген атактуу жазуучубуздун кеңири белгилүү чыгармаларынын адабий сын жана адабият таануу илимдери менен болгон мамилелери, карым-катнашы өз алдынча адабий изилдөөнүн предметине айланганын дагы белгилеп коюш керек.

Ушул аспект менен алып карай турган болсок, кыргыз адабият илиминде профессор Кеңешбек Асаналиевдин чыгармачылыгы өзгөчө орунду ээлеп турат. Чыңгыз Айтматовдун ар бир жаңы жарык көргөн чыгармасы эч кимди кайдыгер калтырбай, алар жөнүндө өз пикирлерин, ойлорун жазган адабиятчылар, сынчылар мурдагы совет адабиятында эле эмес дүйнөлүк деңгээлде дагы көп болгондугу маалым. Ошол көптөгөн авторлордун ишмердигинин далалаттарынын натыйжасында бара-бара Айтматовтаануу аттуу адабият таануудагы жана адабий сындагы туруктуу агым пайда болгондугу белгилүү. Георгий Гачев, Лариса Лебедева, Владимир Лакшин, Виктор Левченко, Чолпон Жолдошева, Кеңешбек Асаналиев сыяктуу адабиятчылар

атактуу жазуучунун көркөм дүйнөсүнө арналган атайын китептерди чыгарышып, дал ошол Айтматовтаануу агымынын калыптанышына орчундуу салым кошушкандыгы талашсыз. Ошол эле учурда Ч.Айтматов жаш жазуучу кезинен тартып (ошол кезде адабиятчы катары республикада таанылып калган К.Асаналиев анын "Бетме-бет" повестин кол жазма түрүндө окуп чыгып, эң жогору баа бергендигин жазуучу өзү кийин дүйнөлүк деңгээлге жеткен кезинде ыраазы болуу менен эскергени жалпыга белгилүү адабий факт), анын азыркы күндө эң соңку чыгармасы болгон "Тоолор кулаганда" романына чейин туруктуу иликтеп келген адабиятчы К.Асаналиев адабияттагы Айтматовтаануу агымынын лидери болуп калгандыгы айныгыс чындык.

Албетте, адабий сын жана адабият таануу илиминде өмүр бою активдүү иштеп, улуттук көркөм адабий нарктын эстетикалык, рухий бийиктиктеринин жалпы кабыл алынган критерийлерин аныктаган адабиятчы катары К.Асаналиевдин улуттук көркөм адабияттын эң мыкты үлгүлөрүн жараткан Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына болгон такай кызыктар мамилеси жазуучунун дээрлик бардык чыгармаларына оперативдүү түрдө калыс, терең жазылган пикирлерин билдирип туруу менен улуттук адабий процесстин өнүгүшүнө орчундуу салым кошкону азыр ачык, даана көрүнүп турат.

К.Асаналиев адабиятчы катары көп эле акын-жазуучулардын чыгармачылыгына кайрылып келди. А бирок, анын илимий-эстетикалык элегинен эң көп өткөнү Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары болгондугун да өзгөчө белгилеп кетүү керек. Ошол эле учурда, бул өңүттөн алып карай турган болсок, атактуу жазуучубуздун чыгармачылык эволюциясы менен катар эле адабият таанууда өз жолун, татыктуу изин калтырган адабиятчы К.Асаналиевдин дагы "өсүү" процессин, изденүүчүлүк параметрлерин, ар кандай этаптардагы көркөм дүйнө таанымындагы өзгөрүүлөрдү иликтегенге жетишерлик бай, кызыктуу материал бар десек болот.

Эгерде К.Асаналиевди белгилүү, эң ири Айтматовтаануучу катары кароону максат кылып ала турган болсок, анын "Бетме-бет" повестине эң алгачкы ирет оозеки айтылган пикиринен тартып, соңку кезде толук бойдон айтматовдук образдардын көркөм семантикасына арналган эмгектерине чейин карап чыгуу зарылдыгы туулат. Алгач Айтматовдун ар бир чыгармасы жарыяланар замат адабий сындын көңүл чордонуна түшүп, көп учурларда кызуу талаш-тартыштарды жаратып келгендигин эстен чыгарбай туруп, ошол авторлордун ичинен К.Асаналиев эмнеси менен айырмаланып келгендигин аныктап алуу абзел. Бул өңүттөн алып караганда Асаналиевдин Айтматовтаанууга кошкон эмгектерин да кайсыл бир деңгээлде өз алдынча классификациялап, сынчынын, адабиятчынын көз карашындагы көркөмдүк-эстетикалык критерийлердин эволюциясына баа бере кетүү талап кылынат.

Негизинен жазуучунун ар бир чыгармасына өз пикирин билдирип, баасын берип келген адабиятчынын эмгектерин үч топко бөлүп карооого болот. Биринчи топто, албетте, адабий сындын эң оперативдүү жанры болгон рецензиялар турат. Асаналиевдин макалаларында Айтматовдун ар бир жаңы жарыяланган чыгармасына карата дароо реакция жасап, анын жаңычылдыгын, актуалдуулугун, учурдагы адабий процесстеги ээлеген ордун учкай болсо да, ачык, так белгилөө мүнөздүү. Жаңы жарык көргөн чыгармаларга алгачкы адабий сын реакциясы оперативдүүлүгү менен гана айырмаланбай, ал чыгарманын кийинки тагдырында орчундуу роль ойноочу пропагандалык кызматты дагы аткарары белгилүү. Бул милдет адабий чыйыр салууда өзгөчө жооптуу да болуп, ал рецензиянын көлөмүнүн салыштырмалуу кыска экендигине карабастан иликтөөгө алынып жаткан чыгарманы бардык кырдан баалап чыккандыгы менен кийинки кайрылган авторлорго көркөм-эстетикалык ориентир болуп калат.

Маселен, "Саманчынын жолу" - өмүр жолу", "Новая повесть Ч.Айтматова", "Удел мастера – поиск", "Жоргоңон жазба, Гүлсары!" [1] өңдүү макалаларында Кеңешбек

Асаналиевдин “Саманчынын жолу”, “Жаныбарым, Гүлсары!” повесттерине жасаган эң алгачкы адабий талдоолору абдан тереңдиги, объективдүүлүгү менен айырмаланып турат. Айталык, повесттеги ат Гүлсары менен башкы каарман Танабайдын образдарын жаңаша, мындай көркөм метафораны ар кандай конфликттерде салыштырып кароо бүгүнкү күндө жалпыга маалым эстетикалык критерий катары каралып калды. А бирок, эң алгачкылардан болуп ушул параллелге көңүл буруп, андагы подтекстти чечмелеп, окурманга ачып берген Асаналиев болгондугун азыр белгилеп койсок акыйкаттык болор.

“...Гүлсарыны кишендөө, бул – Танабайдын күч кубатын, инициативасын “кишендөө”. Кишенге да моюн бербей, Гүлсары үйүрүнө качып келген сыңары, Танабай да куру кыйкырыктардын, мансапкорлордун ар түрдүү арамза иштерине моюн бербейт, өз жолунан, өз позициясынан кайтпайт. Ак ниеттүүлүктү, принципиалдуулукту, чечкиндүүлүктү даңазалаган повесттин пафосу ушунда. Биз повесть жөнүндө олуп-чолуп айттык. Анын не бир эстетикалык рахат бере турган жактарын окуучу өзү окуп, өзү биринчи сезгени алда канча жакшы...” [2].

К.Асаналиевдин экинчи топтогу эмгектери катары анын көркөм жалпылоого багыт алган, мурунку жарыяланган чыгармаларга дагы кайрадан кайрылып, жазуучунун чыгармачылык концепциясына тереңден карап, адабий-сүрөткерлик бейнесин тартууга умтулган макалаларын айта алабыз. “Движение во времени” (1978), “Возрождение эпоса” (1983) [3] өңдүү концептуалдуу, жазуучунун көркөм дүйнөсүн ар тараптан изилдөөгө алган эмгектери менен автор Айтматовтаануу жаатында гана эмес, жалпы эле улуттук адабият таанууда өзгөчө көркөмдүк-эстетикалык чектерге жеткендиги менен өзгөчөлөнүп турат.

Сынчы “Жаныбарым, Гүлсары!” повестин баалап жатып, “Чыңгыз Айтматовдун мурдагыга канааттанбаган, улам жаңыны тапкысы келген изденгич касиети бар” экендигин белгилейт. Мындай критерий призмасы аркылуу карай турган болсок, К.Асаналиев адабиятчынын өзүндө да дал ушундай изденгич мыкты сапаттар бар. Мисалы, ал мурда өзү жазып, кайсыл бир деңгээлде жеткиликтүү иликтеп чыккан чыгармаларга дагы кайрадан кайрылып, мурда каралбай, көз жаздымында калган жаңы параметрлерди изилдеп чыгуудан танбайт. Алсак, “Айтматов: кечээ жана бүгүн” (1995) [4] аттуу фундаменталдуу эмгеги өзү мурда бир канча ирет жазган чыгармалар жөнүндө жазылгандыгына карабастан, бул ирет жазуучунун кош тилдүү табияты иликтөө предметине айлангандыктан жалпы эле адабий турмуштагы өзүнчө бир жаңычыл эмгек болуп калды.

Ар бир чоң жазуучунун чыгармачылыгы жөнүндө жазылган көптөгөн адабий сын макалалар биринчи иретте пропагандалык гана ролду ойноп тим болбостон, анын көркөм образдар дүйнөсүнүн татаал системасын терең интерпретациялап, окурмандар чөйрөсүнө жеткиликтүү деңгээлде чечмелеп бере алгандыгы менен баалуу экендиги түшүнүктүү.

Ар бир жазуучу, акын өз чыгармачылык жолунда сөзсүз басып өтүүчү чыгармачылык эволюцияны адабиятка бүт күчүн үрөп, жалпы чыгармачылык потенциалын, интеллектуалдык энергиясын арнаган адабиятчылар, адабий сынчылар дагы чыгармачылык башталууну, профессионалдык жетилүүнү баштан кечиришет. Ошол себептен биз адабият таанууда дагы тигил же бул адабиятчынын өз шедеврлери жаралганын адабий-эстетикалык факт катары кабыл алабыз. Алсак, Михаил Бахтиндин, Игорь Селезневдун Федор Достоевский жөнүндөгү, Игорь Золотусскийдин Николай Гоголь жөнүндөгү эмгектерин бул жанрдагы шедеврлер катары каралат. Биздин пикирибизче, улуттук адабият таануубузда Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын изилдөөдө ушундай көркөм-эстетикалык бийиктикке жеткен эмгектер

катары Кеңешбек Асаналиевдин “Шекер и Космос”(2002), “Аил Шекер и Космос”(2004) аттуу эмгектерин атасак болот.

Жогоруда белгиленгендей, жарым кылымдан ашуун убакытка созулган чыгармачылык жолунда Кеңешбек Асаналиев жалпы адабият маселелери менен тыгыз алектенип, анын ичинде Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары жөнүндө өзгөчө ынтаа коюу менен жазып келди. Ошентсе да жазуучунун чыгармачылык портретин, анын көркөм дүйнөсүн жалпылап караган талдоолорун салыштырмалуу кечирээк жаза баштады. Алсак, “Айтматов: кечээ жана бүгүн (кош тилдүү чыгармачылык жана көркөм ойлоо маселеси)” деп аталган эмгегинде кыргыз адабияты үчүн гана эмес жалпы эле мурдагы советтик адабият тарыхында феномен болгон бул кубулушту дүйнөлүк адабий процесс фонунда карайт. Айтматовдун мурдагы совет элдеринин адабиятынын өнүгүшүндө кеңири таркай баштаган кош тилдүү чыгармачылыкка берген таасирин, анын чыгармачылыгындагы дал ушул өзгөчөлүк менен байланышкан артыкчылыктарын жана айырмачылыктарын чечмелеп берет. Дүйнөлүк адабий процессте кеңири таркаган тенденцияларды кош тилдүү, көп тилдүү чыгармачылык аркылуу иликтеп, адегенде кыргыз жана орус тилдеринде параллелдүү түрдө көркөм чыгармаларды жаратып жүргөн жазуучунун кийинчерээк биротоло орус тилинде гана жазып калгандыгына дагы кеңири токтолот. Жазуучунун өзү мунун себебин улуттук адабий сындын деңгээли чектелүү келип, анын тар ой жүгүртүүлөрү да биротоло орус тилинде жазууга түрткү бергендиги менен түшүндүргөнүнө К.Асаналиев ынана бербейт жана бул көбүнчө “официалдуу адабий сынга” тиешелүү болсо керек деп айтат. Чынында эле, улуттук адабий сын жана улуттук адабият таануу үлгүлөрүн Кеңешбек Асаналиев жана Камбаралы Бобулов сыяктуу улуттук Айтматовтаанууга бир топ олуттуу салым кошушкан авторлордун чыгармачылыгы аркылуу карай турган болсок, анда алар да Айтматовдун чыгармалары тууралу эң бийик деңгээлдеги иликтөөлөрдү жазышкандыгын белгилеп коюу зарыл.

Адабиятчы Георгий Гачевдин “Чингиз Айтматов и мировая литература” (1982) деп аталган глобалдуу масштабдагы адабий изилдөөсү сыяктуу бийик көркөмдүк-эстетикалык деңгээлде жазылган чыгармалар сейрек учурайт. Ошол эле учурда Кеңешбек Асаналиевдин улуттук көркөм образдардын семантикасын терең изилдөөгө алган “Шекер и Космос. (Ч.Айтматов: художественная семантика образов)” (2002), “Аил Шекер и Космос. (Ч.Айтматов: Художественная семантика образов)” (2004) сыяктуу эмгектери Асаналиев Айтматовтаануучунун жеке чыгармачылыгындагы гана эмес, жалпы эле улуттук адабият таануудагы эң жогорку бийиктиктер (шедевр) катары каралыш керек. Анткени Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсү сүрөткер катары гүлдөп-өскөн доорунда жаралган “Жаныбарым, Гүлсары!”, Ак кеме” повесттери жана “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат” романдары жөнүндө жазуучунун эң алгачкы чыгармачылык башаты болгон этабынан тартып, бүткүл көркөм дүйнөсүн мынчалык масштабдуу, элестүү изилдеген эмгектер мурда болгон эмес эле...

Чыңгыз Айтматовдун эң соңку чыгармалары “Тавро Кассандры” жана “Когда падают горы” романдары жөнүндө да Кеңешбек Асаналиев адабий сындагы жалпы агымдан айырмаланып, бул чыгармалардын жаңы доордо жаралганына карабастан жазуучунун мурдагы чыгармачылыгынын табигый уландысы катары эволюция контекстинде кароого умтулат. К.Асаналиевдин “Безилдейт неге, чабалекейлер...” [5] аттуу “Тоолор кулаганда” романына жана “Адабий дебюттун дүйнөлүк арымы” (мемуар китептен) аттуу Чыңгыз Айтматовдун эң алгачкы көлөмдүү повестине (“Бетме-бет” повестинин жарыяланганына 50 жыл толгонуна байланыштуу) арналган макалаларынын “Адабий Алатоо” газетасында бир учурда басылып калышынын өзү да символикалуу көрүнүш. Биздин оюбузча, өмүр бою, б.а., чыгармачылыгынын башталышынан тартып эң соңку этабына чейин масштабдуу алкакты камтып келген

адабиятчы да чыгармачылык изденүүлөрүн жалпылоого, мурдагы коюп келген суроолоруна тыянак чыгарууга умтулган десек болот.

Кеңешбек Асаналиевдин Айтматовтаануу жаатындагы көптөгөн эмгектеринин дагы бир уникалдуу касиети - алар мурда эле бир нече ирет иликтенген болсо да, эч качан бирин-бири кайталабайт. Улам жаңы көркөм-эстетикалык катмарларды ачып, өзү изилдөө темасы кылып алган жазуучунун чыгармаларынын мурда белгисиз болгон, айтылбаган сырларын “аңтарууга” далалат жасагандыгы менен баалуу болуп эсептелет.

Адабияттар:

1. К.Асаналиев. “Саманчынын жолу” - өмүр жолу. //Советтик Кыргызстан, 1964, 22-май. Асаналиев К. Новая повесть Ч.Айтматова. // Советская Киргизия, 1966, 27 апрель. Асаналиев К. Удел мастера – поиски. // Литературная газета, 1967, 11-фев. К.Асаналиев. Жоргоңон жазба, Гүлсары! // Ала Тоо, 1968, №12.
2. К. Асаналиев. Көркөм бийиктиктер. -Ф., Кыргызстан, 1974, 11-б.
3. Асаналиев К. Движение во времени. Портреты, полемика, заметки. –Ф.,1978. Асаналиев К. Возрождение эпоса. /Китепте: Чингиз Айтматов. Избранное.–Ф.,1983.
4. К.Асаналиев. Айтматов: кечээ жана бүгүн (кош тилдүү чыгармачылык жана көркөм ойлоо маселеси). –Б., 1995.
5. К.Асаналиев. Безилдейт неге, чабалекейлер...//Адабий Алатоо, 2006-ж., 20-июнь.

ПРАВОВОЕ ОБЕСПЕЧЕНИЕ ПРАВ МОЛОДЕЖИ В КНР

Арзиева Д. К.
Кыргызский национальный университет им.Ж.Баласагына

УДК. 341.231.14:342.7

Современный Китай стремительно растет в экономической и геополитической областях, что неизбежно приводит к усложнению общественных отношений, существующих в нынешнем китайском социуме. Данное усложнение не может не порождать определенные изменения в одном из основных регуляторов общественных отношений — праве. Китайская правовая система сегодня — динамично развивающееся явление, которое представляет для исследователя немалый теоретический и практический интерес.

В современных условиях становления и развития правового государства и гражданского общества в КНР особо важное значение приобретают вопросы работы с молодежью, защиты ее прав, формирования правовой культуры молодежи.

В декабре 2009 года Генеральная Ассамблея ООН, подчеркивая значение, которое международное сообщество придает проблемам молодого поколения на глобальном, региональной и национальном уровне, приняла резолюцию 64/134, провозгласившую проведение Года молодежи с 12 августа 2010 года по 12 августа 2011 года [5].

В рамках ООН, наряду с другими документами, посвященными молодежи, было принято Руководство по формированию и осуществлению молодежной политики на национальном уровне. Национальная молодежная политика должна включать как прямые, так и дополнительные меры, которые бы затрагивали все сферы деятельности молодежи в каждом секторе национальной жизни государства, как, например, в сфере образования и здравоохранения, так и национальной политики и других программах.

Государственная молодежная политика Китая выражает в отношении к молодому поколению стратегическую линию государства на обеспечение социально-экономического, политического и культурного развития, на формирование у молодых

граждан патриотизма и уважения к истории и культуре, к другим народам, на соблюдение прав человека.

Государственная молодежная политика осуществляется государственными органами и их должностными лицами, молодежными объединениями, их ассоциациями, молодыми гражданами.

В ноябре 1991г. китайским правительством была опубликована книга «Права человека в Китае», благодаря которой международное сообщество ознакомилось с основной позицией и практикой Китая в области прав человека, например, право народа на существование и развитие, гражданские и политические права, гарантии прав человека в работе правоохранительных органов, право граждан на труд, права и интересы трудящихся, право граждан на образование, защита законных прав и интересов женщин и детей, обеспечение прав национальных меньшинств, обеспечение прав и интересов инвалидов [1].

Китай осуществил стремительный рывок в области народнохозяйственного и социального развития и достиг намеченной цели – четырехкратного увеличения по сравнению с 1980г. объема валовой национальной продукции.

Сфера образования – одна из приоритетных в области китайской социальной политики. Необходимо отметить, что за последние 15-20 лет в Китае выросли зарплаты у преподавателей вузов. К зарплатам обычно прибавляются дополнительные формы доплат и заработков. Государство предоставляет преподавателям жилье на льготных условиях. При этом учитывается стаж работы, квалификация и т.д. Пенсии, например, в институтах Академии Наук Китая составляют 100% от зарплаты. Но там действует очень жесткий принцип: по достижении 60 лет руководитель любого уровня, вплоть до директора, обязан уйти на пенсию. Только вышестоящие руководители могут на 2-3 года продлить срок своей работы.

Для современной промышленности и информационных технологий требуется грамотная, хорошо подготовленная рабочая сила. Во многих институтах решен вопрос с молодыми кадрами. Эта проблема возникла в 80–90-х годах, когда произошел отток молодежи в бизнес. Еще приДэн Сяопине был взят курс на улучшение жизненных условий интеллигенции. Главной проблемой для интеллигенции является дорогое образование. Хотя в ведущих университетах есть и бесплатные места, но только для малоимущих студентов. Хорошее образование – это хорошее будущее, поэтому подавляющая часть студентов учится в вузах за свои деньги. Также очень дорого стоит качественное медицинское обслуживание.

Среди решений последнего времени – введение всеобщего бесплатного 6-летнего образования для крестьянских детей, а их сейчас в стране порядка 150 млн. В ближайшей перспективе станет бесплатным образование для детей крестьян в рамках средней школы первой ступени, то есть 9-летнее обучение. Таким образом, решаются и социальные задачи, и задачи подготовки кадров молодежи.

Формируется новое общество современного типа. В Китае нередко можно встретить термин «деревня нового типа», «крестьянин нового типа», «новый человек» – то есть человек всесторонне развитый. Китайское руководство совершенно сознательно выстраивает политику формирования «человека нового типа», потому что без него ни о каких инновациях в развитии не может быть и речи. Специфика китайской реформы в том что, параллельно с быстрым экономическим развитием идет постоянный прирост жизненного уровня населения. Это не взаимоисключающие процессы. Такова политика государства, в которой постоянно присутствует мощная социальная составляющая.

В Китае ещё в 80-е годы взяли курс на искоренение бедности. Были выделены самые бедные районы в разных частях страны. Власти разрабатывали специальные меры по ускорению социально-экономического развития в этих районах. Центральные

власти, изучив эту ситуацию, приняли в октябре 2006 года на VI пленуме ЦК КПК «Программу построения социалистического гармоничного общества». Целью ее является выход Китая к 2020-му году на уровень среднезажиточного общества, в котором подавляющее большинство членов имеет приемлемый образ жизни. В соответствии с этой программой производится перемещение приоритетов с темпов экономического роста к общему качеству развития. Качество роста обеспечивается в рамках так называемой научной концепции развития. Концепция предусматривает одновременное комплексное развитие и экономики, и социальной сферы, и административной сферы, и защиту природной среды. Власть должна быть способна обеспечить разумное проведение внешней политики, создать благоприятные внешние условия для реализации своих программ. Принимаются меры по улучшению управления сельским хозяйством.

Одновременно Китаем взят курс на развитие системы социального обеспечения, улучшение образования молодежи, введение системы медицинского страхования для молодежи. Оно вводится на основе медицинских кооперативов, поскольку государство не может сразу взять на обеспечение большого количества человек. Но шаги в этом направлении сделаны: в этом процессе участвуют и граждане своими деньгами, и государство. Программа построения социалистического гармоничного общества носит комплексный характер.

Отдельно в этой Программе говорится об улучшении морально-нравственной сферы, потому что 25 лет реформ сказались и на моральном состоянии общества. Произошло размывание прежних, социалистических идеалов, особенно у молодежи. В значительной мере утрачиваются и традиционные идеалы. На государственном уровне принято решение о преподавании конфуцианства с первого класса в школе, вплоть до зубрежки наизусть конфуцианских текстов, но пока в порядке эксперимента. Естественно, что если преподавание конфуцианства станет обязательным, это может вызвать серьёзное недовольство в некоторых районах.

Для желающих основать свое хозяйство предусмотрены безвозмездные пособия, бесплатное предоставление техники. В условиях общенационального контроля над рождаемостью представителям национальных меньшинств разрешается иметь двоих, а семьям малочисленных народов – троих детей.

В целом сегодняшняя политика КНР в отношении молодежи направлена на ускорение экономического и культурного развития страны.

Самая крупная в Китае общественная организация Всекитайская федерация молодежи обеспечивает тесную связь среди молодежи всей страны. Ряд организаций работают над повышением информированности и над улучшением ситуации с правами человека в Китае. К ним относятся Международная амнистия, ХьюманРайтсВотч, «Права человека в Китае», «Китайские правозащитники» (КП) и Китайская правозащитная группа юристов (КПГЮ).

Китай придает важное значение распространению знаний о правах человека и просветительной работе в этой области. В последние годы Пресс-канцелярия Госсовета КНР опубликовала ряд документов, в частности «Права человека в Китае», «Кому принадлежит суверенитет над Тибетом и как в Тибете обстоит дело с правами человека», «Как перевоспитываются преступники в Китае» и т.д.[2].

В Китае агитационно-просветительная работа в области прав человека тесно увязывается с государственным законодательным строительством. В связи с обнародованием или вступлением в силу законодательных актов, таких, как, например, «Закон об обеспечении прав и интересов женщин», «Закон о защите несовершеннолетних», «Закон об обеспечении для инвалидов», «Трудовой кодекс», «Административно-процессуальный кодекс», «Закон о государственном возмещении»

и др., в стране развертываются агитационно-просветительные кампании, направленные на расширение познаний молодежи в области законодательства и гражданских прав.Во всех вузах введены курсы лекций о правах человека, в некоторых высших школах начато изучение соответствующих дисциплин, с тем, чтобы систематизировать преподавание теоретических основ прав человека. Широкое развертывание агитационно-просветительной кампании в области прав человека позволило молодежи значительно расширить возможность повысить качество и уровень своего законного осуществления прав человека, усилить у молодежи чувство гражданственности и ответственности, и тем самым подготовить благоприятный общественный климат и социальные условия для дальнейшего совершенствования в области этих прав.

В апреле 1994г. во время встречи с бывшим генеральным секретарем ООН К. Вальдхаймом заместитель премьера Государственного Совета, министр иностранных дел КНР ЦяньЦичэнь еще раз подчеркнул: «Китай уважает «Всеобщую декларацию прав человека», «Тегеранскую декларацию», «Декларацию о праве на развитие» и другие международные документы о правах человека», «он будет и впредь вместе со всем международным сообществом прилагать общие усилия по укреплению международного сотрудничества в области прав человека».

Руководствуясь позитивным и конструктивным подходом, Китай принимал участие во Всемирной конференции по правам человека, состоявшейся в 1993 г. в Вене. Китай с самого начала участвовал во всей подготовительной работе к этой конференции, принимал участие в четырех подготовительных совещаниях ООН и подготовительной сессии стран Азиатского региона. В ходе подготовительной сессии стран Азиатского региона Китай вместе с другими странами Азии прилагал позитивные усилия для принятия «Бангокской декларации» и систематизированного изложения основных позиций стран Азиипо вопросам прав человека. В ходе работы Всемирной конференции по правам человека Китай активно излагал свою позицию и осуществлял откровенный обмен мнениями со всеми странами-участницами. Вместе с тем, Китай совместно смногими странами вел решительную борьбу вызывающих позиций и действий некоторых стран Запада, провоцировавших антагонизм, навязывавших собственную точку зрения другим и пытавшихся помешать успешному проведению конференции. В ходе консультации по заключительному документу конференции китайская правительственная делегация внесла множество конструктивных замечаний и предложений. На принципиальной основе и с учетом интересов целого, она, проявляя гибкость в подходе к сотрудничеству, решала и согласовывала проблемы и противоречия, возникавшие в процессе составления проекта документа, способствовав тем самым, достижению консенсуса между странами-участниками конференции, что позволило успешно принять «Венскую декларацию и программу действий».

Китай последовательно поддерживает усилия ООН, нацеленные на выполнение роли женщин и содействие достижения равенства между мужчинами и женщинами. В сентябре 1995г. Китай успешно организовал и провел IVВсемирный конгресс женщин под эгидой ООН и Форум неправительственных женских организаций, внеся свой вклад в прогресс дела женщин во всем мире и осуществление женских прав. Это была самая крупная международная конференция за весь период со времени образования ООН. Глава китайской правительственной делегации, заместитель председателя ПК ВСНП ЧэньМухуа была избрана председателем конгресса. Китайская делегация принимала активное участие в обсуждении вопросов, излагала свои позиции по вопросам улучшения положения женщин, стратегии содействия достижению равенства женщин и мужчин и по другим важным международным проблемам, внесла свой вклад в принятие «Пекинской декларации» и «Программы действий», имеющих важное историческое значение. Китайское правительство добросовестно выполнило

обязательства страны-организатора, активно развивало тесное сотрудничество с ООН, правительствами всех стран и заинтересованными организациями , привлекло огромные людские силы и материальные финансовые ресурсы, мобилизовало народ всей страны и женщин, представлявших различные общественные круги, приложило огромные усилия для подготовки и проведения конгресса, обеспечило его полный успех и заслужило всеобщее признание со стороны международного сообщества. Заместитель Генерального секретаря ООН И.Киттани признал, что этот конгресс открыл новую эпоху в отношениях Китая с Организацией Объединенных Наций и стал вехой в истории женщин ООН.

На сегодня Китай последовательно ратифицировал и присоединился к 15 Международным конвенциям о правах человека, в том числе к 4 «Женевским Конвенциям от 12 августа 1949 года и 2 «Дополнительным протоколам» к ним, Конвенции о предупреждении преступления геноцида и наказания за них, Международной конвенции о пресечении преступления апартеида и наказания за него, «Конвенция о ликвидации всех форм дискриминации в отношении женщин, Международной конвенции о ликвидации всех форм расовой дискриминации, Конвенции о положении беженцев, Протоколу о положении беженцев, Конвенции о запрещении пыток и других жестоких, бесчеловечных или унижающих достоинство человека форм обращения и наказания, «Конвенции о защите прав детей» и Конвенции о равной оплате за равный труд для работающих мужчин и женщин». Китайское правительство серьезно относится к выполнению обязательств предусмотренных Конвенциями, к которым оно присоединилось. Путем применения законодательных, юридически и административных мер оно обеспечивает строгое соблюдение положения данных конвенций, и своевременно представляет доклады об их исполнении.

В опубликованной 19 октября 2005 года «Белой книге – развитие демократии в Китае» говорится, что китайский народ сегодня пользуется всесторонними, реальными и достаточными правами человека. Согласно этому документу, Конституция и законы КНР защищает свободу вероисповедания, слова, печати и собрания граждан, признают и защищают права граждан на имущество, честь, имя, личное достоинство, неприкосновенности личности и жилья[3].. В Белой книге подчеркивает, что Конституция и законы КНР гарантируют права граждан на труд, отдых, равенство и одинаковую заработную плату мужчин и женщин, интеллектуальную собственность, социальные гарантии, получение материальнойпомощи, образование, свободу бракосочетания и развода, а также право на научно-исследовательскую, литературно-художественную и другие формы культурной деятельности. В документе обращается внимание на то, что в Китае разработаны законы, нацеленные на защиту прав человека и представителей разных групп, в том числе и молодежи.

Закрепляя равенство граждан перед законом (ст. 33), равные права женщин и мужчин во всех областях (ст. 48), Конституция КНР содержит достаточно широкий перечень их прав и свобод, а также обязанностей граждан КНР. К числу политических прав относятся избирательные права (ст. 34), свобода слова, печати, собраний, союзов, уличных шествий и демонстраций (ст. 35); право обращаться с критикой или предложениями в адрес любых государственных органов или государственных служащих; право обращаться в соответствующие государственные органы с жалобами, обвинениями или заявлениями по поводу нарушения закона или служебного долга любым государственным органом или государственным служащим (ст. 41). Вместе с тем, Конституция предусматривает возможность лишения граждан политических прав в соответствии с законом (ст. 34).

Наибольшее внимание уделяет Конституция закреплению социально-экономических прав и свобод, которые рассматриваются в КНР как приоритетные. К их числу относятся право на труд (ст. 42), на отдых (ст. 43), право на пенсионное обеспечение (ст. 44), право на получение материальной помощи от государства и общества в старости, в случае болезни или потери трудоспособности (ст. 45), право собственности и ее наследования (ст. 13), право на образование (ст. 46). Кроме того, Конституция закрепляет ряд прав в социально-культурной области, в частности, свободу научно-исследовательской деятельности, литературно-художественного творчества и деятельности в других областях культуры (ст. 47).

Личные (гражданские) права и свободы в действующей Конституции представлены гораздо шире, чем во всех предшествующих. Так, граждане КНР имеют свободу вероисповедания, свободу и неприкосновенность личности (ст. 37), неприкосновенность чести и достоинства(ст. 38), неприкосновенность жилища (ст. 39), свободу и тайну переписки (ст. 40), право на возмещение ущерба, причиненного государственными органами или государственными служащими в результате нарушения гражданских прав (ст. 41). Особое внимание заслуживают конституционные положения, касающиеся брака и семьи: устанавливается принцип свободы брака, а также государственная защита семьи и брака, материнства и младенчества. Запрещается жестокое обращение со стариками, женщинами и детьми (ст. 49)[4].

Конституция не закрепляет *принцип презумпции невиновности,* но в ней есть право обвиняемого на защиту (ст. 125). Аналогичное положение содержится также в Уголовно-процессуальном кодексе КНР (ст. 8), однако участие защиты предусматривается только начиная со стадии судебного разбирательства. Необходимо отметить, что это право в значительной мере остается только на бумаге, прежде всего ввиду острой нехватки в Китае квалифицированных адвокатов, а также в связи с низким уровнем правосознания и правовой культуры в стране.

Конституционные обязанностиграждан КНР, так же как и права, соответствуют социалистической доктрине прав человека и в этой связи имеют ряд характерных особенностей. Прежде всего обращает на себя внимание чрезвычайно широкий, по сравнению с другими странами, круг основных обязанностей, причем многие из них имеют ярко выраженную идеологическую направленность. Некоторые обязанности носят не только правовой характер, но и представляют собой сочетание правовых и моральных обязанностей. Более того, целый ряд обязанностей носит чисто моральный характер, например обязанность трудящихся относиться к своему труду как хозяев страны (ст. 42).

К числу основных обязанностей граждан КНР относятся обязанности соблюдать Конституцию и законы страны; хранить государственную тайну; беречь общественную собственность; соблюдать трудовую дисциплину и общественный порядок, уважать нормы общественной морали; охранять безопасность, честь и интересы родины, защищать отечество и отражать агрессию, при этом воинская служба и участие в народном ополчении является почетной обязанностью граждан; защищать единство государства и сплоченность всех национальностей страны; в соответствии с законом платить налоги. Праву на образование соответствует конституционная обязанность учиться, а праву на труд — почетная обязанность всех трудоспособных граждан трудиться. К числу конституционных также относится обязанность родителей содержать и воспитывать несовершеннолетних детей, а совершеннолетних детей — содержать и поддерживать родителей.

К важнейшим задачам, провозглашенными Декларацией прав человека, которые стоят перед международным сообществом в области осуществления прав человека, относятся: искоренение нищеты, обеспечение права на развитие наименее развитых

стран, предоставление равного доступа ко всем уровням образования для каждого; осуществление стратегии, дающей молодым людям во всем мире реальный шанс найти достойную работу, гарантирование права на жизнь путем сокращения материнской и детской смертности и масштабов распространения ВИЧ/СПИДа, защита уязвимых групп населения, особенно детей, беженцев, перемещенных лиц, всего гражданского населения, испытывающих наибольшие страдания в результате стихийных бедствий, геноцида, вооруженных конфликтов.

Хотя за последние годы Китай добился заметных успехов в области прав человека, тем не менее, положение с правами человека в Китае соответственно прав молодежи оставляет желать лучшего в силу ограничения и развития. Правовой статус личности в КНР базируется на социалистической доктрине прав человека и вместе с тем отражает традиционные китайские воззрения на роль человека в обществе, умаляя ценность отдельной человеческой личности и акцентируя внимание на преобладании коллективистских начал в общественной жизни.

В мире нет ни одного государства, где бы безукоризненно соблюдались все права человека. Китай - не исключение, но, тем не менее, в области прав человека Китай добился значительного прогресса. Трудность безоговорочной реализации всех прав человека в Китае, заключается в том, что Китай – государство Востока, где традиционно интересы государства в целом выше, чем интересы отдельной личности. Конечно, пока вопрос о правах человека для правительства Китая чуть менее важен, чем устойчивое развитие экономики, поддержание стабильности, преодоление социальных противоречий, проведение политики мира и тому подобное.

Дальнейшая защита прав человека и содействие их развитию, не прерывное повышение уровня народа по пользованию правами человека, таковы долгосрочные задачи китайского народа и правительства страны.

Литература:

1. Белая Книга Китая. Правительство КНР.1991г. [Электронный ресурс]. URL: http://www. russian.china.org.cn
2. Белая книга о прогрессе Китая в области защиты прав человека» 2004г. [Электронный ресурс]. URL: http://www. russian.china.org.cn
3. Белая книга – «Развитие демократии в Китае»октябрь 2005 г.[Электронный ресурс]. URL: http://www. russian.china.org.cn
4. Конституция КНР 1982г.
5. Устав ООН от 26 июня 1945г.// Действующее международное право: В 3 тт.Т.2/ Сост. Ю.М. Колосов и Э.С. Кривчикова. – М.: МНИМП, 1996. 864с.
6. www.knowledge.allbest.ru/law/
7. www.chinalawinfo.ru/constitutional_law/
8. www.china.org.cn

К.АСАНАЛИЕВ ЖАНА КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТАГЫ ДЕИДЕОЛОГИЗАЦИЯЛОО МАСЕЛЕСИ

Асакеева Д. Ж.

Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети

УДК.894.341.09

Орошон адабиятчы, сынчы, публицист К.Асаналиевдин чыгармачылык кызыкчылыгы көп кырдуу болгондуктан кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынан тартып, Орхон-Енисей жазма эстеликтерине, кыргыз кол жазма адабиятынын

маселелери, акындар поэзиясы жана профессионал адабиятка чейин кеңири изилдөөлөр жүргүзгөндүктөн кыргыз адабияты, маданияты тууралуу Асаналиев кайрылбаган тема дээрлик жокко эсе. Улуттук адабият үчүн күйүп-бышкан кесипкөй катары кыргыз адабияттынын өзгөчөлүгүн, өнүгүш мыйзам-ченемдерин, илимий-теориялык өңүттөн талдоого алып, кыргыз адабияты кандай адабият, жаралуу, калыптануу жана өнүгүү жолдору кандай болгон, улуттук адабият катары башка улуттук адабияттардан эмнеси менен айырмаланат, кыргыз совет жазуучусу деген кандай жазуучу, ал эмнелерди башынан өткөрдү? ж.б.у.с. маселелер тууралуу өзүнүн оригинплдуу ойлорун айтып өттү.

К. Асаналиев устат катары мага адабиятчы болуума, адабиятты кандай изилдөө керектиги, көркөм чыгарманы сындоонун жол-жобосу тууралуу зарыл керектүү кеңештерин өтө көп берген эле. Айрыкча мен кызыгып жүргөн адабий-көркөм процесстин өнүгүш мыйзам-ченеми, адабият, маданияттын өнүгүшүн көзөмөлгө алып турган идеологиянын таасири, кыргыз адабияты үчүн советтик идеология деген кандай көрүнүш болгондугу сыяктуу суроолорума дайыма ар тараптуу жоопторду угар элем. Мына ушундан уламбы, кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө түздөн-түз жол көрсөткөн идеологиянын таасирин изилдөөнү колго алгам.

К. Асаналиевдин изилдөө объекери өтө кеңири болгондуктан, мен ошолордун ичинен сынчы абдан берилип изилдөөгө алган жана менин да кызыгуума туура келген улуттук адабиятта көркөм чыгармачылыкты деидеологизациялоо аракеттеринин башталышы анын маани-маңызы кандай болгондугу тууралуу маселени тандап алып, сынчынын буга жасаган мамилеси жөнүндө сөз кылууну туура көрдүм.

Чындыгында К. Асаналиев көптөгөн темалардын үстүндө майын чыгара иштеген. Мына ушундай изилдөөлөрүнүн бири-кыргыз профессионал адабиятынын жаралуу, калыптануу жана өнүгүү жолу К. Асаналиевдин ою боюнча, кыргыз совет адабияты өнүгүүнүн эч кандай багытын тандап алган эмес, буга шарты да туура келген эмес. Октябрь революциясынын жеңиши кыргыз жерине кандай орносо, адабият, маданият да ошондой жол менен, Москвада кандай башталса, дал ошондой ыкмада пайда болгон жана аты эле айтып тургандай, совет адабиятынын өкүлү катары башка адабияттар кандай өнүксө, алардан ажыратылбастан окшош, бирдей адабият катары жашап келген. Улуттук адабияттын мына ушул өзгөчөлүгү илимпоз сынчынын иликтөөсүнүн башкы тематикаларынын бири болгон.

Кыргыз совет адабиятын адеп баштагандар аз да болсо эркин ойлонгон, ыр жазуунун табитин түшүнгөндөр болгон эле, бирок, совет бийлигинин таасиринин, адабият менен маданиятты тыкыр көзөмөлгө алуусунун натыйжасында анын үстүнө совет коому кандай талапты койсо, кыйшаюсуз аткаргандардын жардамы менен репрессиянын кесепетинин айынан адабияттагы эркиндик жоюлуп кеткен. Ошону менен кыргыз совет адабияты: «…Кыргыз адамы коммунисттик идеяга жана аны жараткандарга эч такатсыз шек кылбай, кыргыз жергесине асмандан түшкөн жаңы диндей, жаңы кудайдай сыйынса, дал ошондой эле социалисттик реализмди да жазма адабиятка биринчи киришкендер бүк түшүп кабыл алды. Арийне, өзүнөн-өзү эле жазма-басма иши башталып, ыр жазууга, китеп чыгарууга шарт түзүлүп, кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылып жатса, ким эле кол шилтеп, текебер баш чайкасын, тескерисинче, улам жогортодон даяр түрдө түшүп турган жаңы көрсөтмөгө, жол жобого бүткүл дили менен ишенбеске, кабыл албаска чара жок болчу. Чынында эле социалисттик реализмди кыргыз жазуучусу ташкындаган кубаныч, түгөнбөгөн дилгирлик, баарынан маанилүүсү - өз эрки, аң-сезими менен кабыл алды, ошол жолдон кылча кыйшайбай, ак дил менен туруктуу кызмат кылды, көркөм чыгарманын сонундугу да, начардыгы да бир гана өлчөм – социалисттик реализмдин жол-жоболору менен бааланды. Ошентип, социалисттик реализм улуттук адабият үчүн жок нерсе

эмес, миф да эмес, ал өткөн тарых, болгон реалдуулук. Муну эч качан жокко чыгарууга, тануугa болбойт» (1), - деп, сынчы так аныктама бергендей, кыргыз адабияты социалисттик реализм кабыл алынган күнүнөн тартып, иштеп, социалисттик реализм методунун жол-жоболоруна ылайык советтик идеологиянын таасиринин алдында, андан эч чыкпастан кызмат кылды. Ошол багыт менен кыргыз жазуучулары көркөм чыгарма жазууга үйрөнүштү. Натыйжада көптөгөн көркөм чыгармалар, бирок, «формасы улуттук, мазмуну социалисттик» чыгармалар жаралып жатты.

Ошону менен кыргыз адабияты даяр темаларды чагылдыруу ыкмаларын өздөштүрүүгө өттү. Темалар болсо, мезгил-мезгили менен жаңыланып турду, маселен, 30-жылдары тап күрөшү, коллективдештирүү темасы биринчи орунга көтөрүлсө, андан ары жеке адамга сыйынуу, социализмдин жеңишин даңазалоо, эмгек каармандарынын үлгүлүү образдарын түзүү сыяктуу кубулуштар орун алган.

Көркөм адабияттагы мындай абалды К. Асаналиев «адабиятты ачыктан ачык саясатташтыруу, адабиятка идеялык кишен салуу» деп мүнөздөгөн. Ал өзүнүн Касым Тыныстанов, «Манас» эпосу, кыргыз манускриптик адабияты тууралуу ж.б. макала, китептеринде кыргыз эли совет бийлиги жылдарында көркөм адабиятка ээ болгондугун, адабий-көркөм процесс жаманбы, жакшыбы өсүп жаткандыгын, көркөм чыгарма дегендер байма-бай чыгып, саясий лирикалар, «Көк жайык», «Даңкка жараша жүк» сыяктуу көлөмдүү китептер жарык көрүп, кыргыз адабияттында салтанаттуулук, майрамдык жышаан, шаан-шөкөттөр көбөйүп жаткандыгын, «жазуучуларды наамдар, сыйлыктар, китептердин жарык көргөн сандары менен теңдөө» өнөкөт болгондугун дайыма айтып келген.

Сынчы көркөм чыгармачылыкты деидеологизациялоо керек деп эсептеген, бирок, өзү белгилеп өткөндөй, идеологиядан дароо эле чыгып кетүү мүмкүн болгон эмес.

Советтик идеологиянын таасиринен чыгып кетүү чынында кыйын болду, ал гана эмес, социализм кулап, эркиндик алган кезибизде деле социалисттик реализм методунун талаптарынан көпкө чейин чыга албай тушалып келбедикпи?

Чындыгында, советтик идеология адабиятты толук бойдон башкарып, чыгарманы кандай жазуу керек, эмнени жазуу керек, теманы кандай чагылдыруу керек ж.б. суроолорго чейин жооп берип, көрсөтмө берип эле тим болбостон, көз салып турган. Кандай коом, кандай мезгил, кандай адабият болбосун идеология керек, бирок советтик идеологиядай баарын бирдей ойлонткон, бирдей жаздырган идеологиянын кереги жок. Ошондой болсо да, идеологиядан шак эле баш тартып кетүүгө мүмкүн эмес.

«Советтик идеология» кандай болгондугуна, дегеле эмне болгондугуна постсоветтик өлкөлөрдүн баары кайрылышууда, кээ бирлердин айтымында идеология бул – тоталитардык бийликти реализациялоо болсо, постдиссиденттик муун үчүн идеология - бул репрессияны эске түшүрүүчү коомдук кубулуш, а кээ бирлери үчүн тамшанып, кубанып эстөөчү коммунизмди эске түшүрөт, жаш муун болсо, эстебей да калышты, анткени Союз тарар менен бул «хобби» унутулду» (2), - деп түшүндүрүлгөндөй советтик идеология бүгүнкү күндө маанисин жоготуп, өткөндү эскерүү иретинде калгандай туюлат. Азыркы күндө ушундай маанайда, а «өнүккөн социализм» учурунда анын таасиринен чыгып кетүү оңой менен ишке ашпас, татаал, оор нерсе эле.

Идеологиянын мына ушундай маанайына жараша советтик тартипти орноткон совет коому тарагандан бери көркөм чыгармачылыкты деидеологизациялоо аракеттери болуп жатат. Кантсе да бир кылымга жакын жашап, кан-жанга сиңген идеологиядан дароо баш тартып, деидеологизациялоого тез эле өтө албайбыз. Ошондой болсо да улуттук адабияттын көркөм өнүгүшүндө деидеологизациялоо аракеттери 50-жылдардын аяк ченинде аздап башталган, маселен, идеологиянын ичинде тургандай көрүнгөн Ч. Айтматовдун чыгармаларында деидеологизация орун алган.

Жалпы совет адабиятында да деидеологизациялоо иши Б. Гройстун айтымында 50-жылдардын аягында Хрущевдук «желаргы» мезгилинде башталган бирок, толук ишке ашышы эркиндик алган 90-жылдарга туура келет. Көркөм чыгармачылыктагы деидеологизациялоо аракеттери К. Асаналиев айткандай, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы менен бирге каралышы керек. Анткени, улуттук адабиятыбызда ушул жазуучубуз гана чыгармаларында советтик бийликтин терс жактарын ачып берүүгө умтулган.

К. Асаналиевдин термини менен айтканда, ак менен кара теңделип, нукура көркөм нарк менен менен жаралган чыгармалар көзгө көрүнбөй, улуттук адабият идеялык башкаруунун алдында калган. Мунун натыйжасында Ш.Бейшеналиев, М. Жангазиев, С. Өмүрбаев ж.б. жазуучулардын чыгармалары сыяктуу ошол мезгилдин көрүнүшүн, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, жаңылыктарын жылмалап чагылтуу менен социалисттик реализм методунун нагыз үлгүлөрүн берген чыгармалар үстөкө-босток жарала берген.

Сынчы баса белгилегендей бул жылдары кыргыз совет адабияты эки багытта өнүгүп жатты - биринчиси, жогоруда айтылгандай китеп артынан китеп чыгарып, бирок дүйнөлүк эмес, союздук деңгээлге да көтөрүлө албагандар, экинчиси, социалисттик реализмдин «кишендеринен» чыгууга аракеттенип, чыгармачылыктын жаңы сапаттык тепкичине көтөрүлүүгө умтулгандар. Буга жоопту адабиятчы Ч. Айтматовдон тапкан.

Советтик идеология көркөм чыгармачылыкты совет чындыгынын максатына, советтик патриотизмге, советтик маданиятка байлаган. Совет коомунда жашап турган кыргыз эли, анын адабияты менен маданияты мындай алкактан чыга алган эмес. Мына ушундай жашоо ыңгайына ылайык адабий-көркөм процесс да ушундай калыпта өнүгүп келген. Бул мезгилде чыгармачыл инсан өзүнүн жеке туюмуна, жеке максатына карай чыгарма жаратпастан, коом, мезгил, совет бийлиги талап кылган чыгармаларды жаратууга мажбур болушкан.

Көркөм чыгарманын наркы талап кылган эрежени канчалык даражада аткарганына жараша бааланып, адабияттын мындай «камкордукта» ыкмада өнүгүшүнө жазуучулар союзу көз салып турган. Эгерде чыгарма идеология талап кылган жоболорго жооп бербесе, аны автору оңдогонго, коюлган талаптарга ылайык кайра жазганга мажбур болгон.

К. Асаналиев көркөм чыгармачылык мына ушундай жолдо өнүгүп келгендигин, эми «демократия, айкындуулук, ачык айтуу» келген 90-жылдардын башында баштагыдай өнүгүү жолунан баш тартыш керектигин көтөрүп чыккан. 1988-жылы, 20-ноябрда Кыргызстан Жазуучулар союзунун кезектеги пленумунда негизги докладчы катары К. Асаналиев чыгат. Сынчы докладында: «Ушул жолку докладымдын негизги максаты 60-80-жылдарда калыптанып, өсүп чыккан кыргыз совет жазуучусунун туруш-турпатын, эгерде туурасын айтсам, типтүү образын түзүү экенин жогортодо айттым эле го. Мен бул максатты конкреттүү жазуучунун конкреттүү чыгармасын конкреттүү талдоо негизинде жүзөгө ашырган элем. Чыңгыз Төрөкулович менен телефон менен сүйлөшүп жатканда макул болбой жатканымдын себебим да ошого байланыштуу болчу» (4), - деп эскерип өткөндөй, сынчы кыргыз совет жазуучусунун кандай тиби пайда болду эле? деген суроого жооп берүүнү эң негизги максаты деп эсептеген. Бирок, ошол мезгилдеги адабий кырдаалга байланыштуу жана Ч. Айтматовдун пленумду тынч өткөрүү максатында баяндаманы тынч, чыр-чатаксыз жасоо сунушун кайра-кайра айткандыгынан улам конкреттүү жазуучуларга, конкреттүү чыгармаларга байланыштуу оюн ачык айта албай калган. Кыргыз адабиятынын тарыхында мына ушундай кырдаалдар көп эле болгон. Дал ушундай себептерден улам улуттук адабият советтик идеологиянын таасиринен көпкө чейин бошоно албай келген.

К. Асаналиев көркөм адабият адабиятты башкарып, түзмө-түз көрсөтмө берип турган идеологиянын болушуна, айрыкча советтик идеологиянын болушуна каршы болуп келгендиктен кыргыз улуттук адабияты советтик идеологиянын таасиринен алда канча мурда чыгып кетиши керек эле деген көйгөйүн айтып, бирок: «Кеп өткөнгө болгон ишенимдин катуулугунда, бекемдигинде гана эмес. Кеп нукура чыгармачылык эркиндикти, демократияны билип-туйбаган, өз алдынча ойлонуп, өз алдынча маселе чечпеген, дайыма жогортону карап, жогортодон түшкөн көрсөтмөлөрдүн чегинен чыкпай аракеттенген адамдын психологиясында, жедеп аң-сезимге сиңген күн карама көз карашында. Өткөндүн жүгү өтө оор. Ошондуктан андан кутулуу, калыптанып катып калган көз карашты өзгөртүү, жаңыча ойлонууга өтүү, бул даяр жолго түшүп, түз эле «аттанып» жүрүп кетүү эмес» (5), - деген жыйынтыкка келген.

К. Асаналиев көркөм адабиятка дүйнөлүк бийик чен-өлчөм менен карагандыктан өзү айтып кеткендей бүгүнкү жазуучу «жасалмалуу, иллюзиялуу», коом, мезгил талап кылган эреже менен догмалардан чыга албай, чектелип калган жазуучу болбостон, заманбап жаңылануу га башын сайган жаңыча ойлоно билген атуул болуу керек деген ой менен жашап өттү.

Адабияттар:
1. К. Асаналиев. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Б., 1995. 89-90-бб.
2. К. Чухров. Деидеологизация «советского» // Художественный журнал. 2007, №65/66, июнь.
3. Б. Гройс. Коммунистический постскриптум. - М., AdMerginem, 2007. С. 144.
4. К. Асаналиев. Адабий айкаш. – Б., 2008.272-б.
5. К. Асаналиев. Аталган эмгек, 108-б.

УСТАТЧЫЛЫКТЫН БИЙИК ҮЛГҮСҮ

Аскар уулу Т.
С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

УДК.894.341.09.

Кыргыз адабият илиминин залкар өкүлү К.Асаналиевдин «Көркөм нарк» аттуу адабий-сын макалалар жыйнагындагы «Тазбаймат кимди унутту?.. Же адабий сындагы ойку-кайкылар» деген макаласы сын жазууга дилгирленгендерге инсандарга устатчылык, таалимчилик ой-пикирлерди камтыйт. Анда ай тылган орошон ойлор адабий сын ишмердиги абдан татаал экендигин, ага жоопкерчилик менен мамиле кылуу зарылдыгын таасын туюнтат.

К.Асаналиевдин ою боюнча, кыргыз адабиятынын өнүгүү процессине сереп салган адабиятчы-сынчылар айрым учурда «Чынгыз Айтматов сыяктуу кашкайган чыгармачыл инсандын келиши менен адабиятыбызда түзүлгөн тарыхый кырдаалды унут калтырышат, же билип турса дагы атайылап эле билмексен болушат» [1, 182-б.]. Окумуштуу бул оюн андан ары улантып, төмөндөгүдөй тыянакка келет: «Улуттук адабиятта Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы сыяктуу көркөм байлыкка ээ болуп туруп, анан аны чыгармачылык ишмердиктин айкын багыты катары тутпоо, жок дегенде ага бир аз жакындап барууга аракет жасабоо бери эле калганда колдо бар алтынды уруна албай, өзүнүн рухий ырысын өзү кесүү дегендикти билгизет. Мына ушунун өзүнөн эле мындай жыйынтык чыгарууга болот: азыркы кыргыз сынынын алдында турган албан милдеттеринин бири – Ч.Айтматовдун эстетикалык сабактарына таянып, адабий кубулуштарга баа берүүдөгү, анын агы менен карасын, бөзү менен чытын, нукура

менен жалгамасын айра таануудагы солк этпеген критерийлерди ачуу жана аныктоо болуп саналат» [1, 183-б.].

Сынчы чыгармачыл инсандардын жараткан көркөм туундуларын эч бир критерийге таянбай эле «көкөлөтүп мактоого, жерге киргизе каралоого» [1, 183-б.] каршы чыгуу менен ал мына ушундай сындардын катарына Т.Аскаровдун «Турмуш чындыгынын чыгармачылык процессте чагылышы», К.Матиевдин «Тарыхый реалисттик роман» деген макалалары кирерин белгилейт. Т.Аскаров кыргыз адабиятынын акыркы он-он беш жылдагы жетишкендиктери катары К.Баялиновдун «Боордоштор», Ш.Бейшеналиевдин «Болот калем», А.Токтомушевдин «Алтын тоо» романдарын баш кылып, көптөгөн жазуучулардын чыгармаларын атаптыр да, кыргыз адабиятын кыйла бийик деңгээлге көтөргөн Ч.Айтматовдун ысымын унутуп таштаптыр. Муну адабиятчы Чоң казатка бараткан жолдо өзүнө караштуу он кишинин ичиндеги Манасты унутуп койгон Тазбаймат он башынын кылыгына салыштырганы бутага дал тийиптир. Анткени XX кылымдын 50-80-жылдарындагы кыргыз адабиятын, маданияты менен искусствосун Ч.Айтматовсуз элестетүү дегеле мүмкүн эмес.

Ал эми К.Матиев өз макаласында Ш.Бейшеналиевдин «Болот калем» романын ашыкча эле мактап салганын далилдөө үчүн макаладан келтирилген үзүндүнү окуганыбызда сынчы чындап эле субъективдүүлүккө берилип кетип, романды ашыра мактап койгонуна ынанабыз. К.Асаналиевдин пикири боюнча «Чыгарманын көлөмдүк салмагы көркөмдүк сапатына шай келбейт, б.а. аны Матиев айткан бийик искусствонун катарында, социалисттик реализмдин үлгүлөрүндө жазылган «тарыхый реалисттик романдарга» батынып кошо коюу бир топ эле кыйын иш» [1, 186-б.]. Азыр да «Көркөм нарк» жыйнагы жарыялангандан жыйырма беш жыл өткөн соң адабиятчы өз убагында абдан көрөгөчтүк кылганына тан бербей коё албайсың. Чынында да бүгүн «Болот калем» өңдүү «калдайган» романдарды эч ким окубайт. Бизге окшогон изилдөөчүлөр эле окубаса…

Макаланын экинчи бөлүгүндө адабий сындын өнүгүүсүнө жолтоо болгон кедергилерге арналган. Сынчынын ою боюнча мындай көрүнүштөрдүн биринчи себеби Жазуучулар союзунун жетекчилигинин (Т.Аскаровдун) сынчыларга карата калыстыктан тайган мамилеси экен. Ал «белгилүү бир чөйрөнүн кызыкчылыгын сактаган позицияны» [1, 190-б.] ээлеп калыптыр. Көркөм адабий процессти калыс караган, «…адабий өнүгүштүн күндөлүк практикасына тикеден-тике кийлигишкен сын көп учурларда көз жаздымында калтырылды, алардын ордуна даражасына карап жагынган көшөкөр сынга кеңири жол ачылды» [1, 190-б.] дейт окумуштуу. Бул, албетте, көркөм процесске терс таасирин тийгизбей койгон эмес.

К.Асаналиевдин пикири боюнча экинчи бир терс көрүнүш: «…жаш же таптакыр дайын жок авторлорду баса калып сынга алуу, ал эми аттуу баштуу авторлор жөнүндө сөз кетсе жалтактап калуу» [1, 199-б.] экен. Ал бул багыттагы оюн дагы Т.Аскаровдун сындарынын мисалында улантып, ал абройго карап пикир айтууга ыңгайлашып алып, жаңыдан жаза баштаган авторлорго кыргыйдай тийет экен да, беделдүү адамдарды мактап-жактап коё берет. Албетте, мындай көрүнүш көркөм өнүгүүгө оң эмес, терс гана таасир тийгизерин сынчы учурунда туура баамдаган. Дал ушундай көрүнүштөн улам кыргыз адабиятынын тарыхында жаратылган далай адабий фактылардын көркөм дөөлөттүк баркы-баасы туура аныкталбай келет.

К.Асаналиевдин оюнда мындай терс көрүнүштү «гүлдөткөндөр» Т.Аскаров менен эле чектелбесин адабиятчылар Ш.Үмөталиевдин, А.Эркебаевдин да бир катар макалаларына да талдоо жүргүзүү менен ырастайт. Алардан да жогоркуга окшош көрүнүштөрдү таап, аларга байланыштуу ой жоруусунда ал дагы бир терс көрүнүштү – «адабий сындагы тенденциялуулукту, топ-топко бөлүнүү жышаанасын» [1, 207-б.] бөлүп көрсөтөт. Автордун ою боюнча «атактууларга» көшөкөрлөнүүнү токтотуп,

чыгармачылыкты баалоодо калыстык мамилеге өтүү абадай зарыл. Ал калемгерлерге алардын ар биринин «конкреттүү кошкон көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрүнүн чен-өлчөмү менен» [1, 219-б.] мамиле кылууну сунуштайт. Бул жаатта дале болсо орус адабият таануусу жана адабий сыны бизге өрнөк болорун эскертет. Окумуштуунун бул пикирлери бүгүн да актуалдуулугун жогото элек. Алсак, азыр деле чыгармачыл инсандарды аброюна карап мактап коюу кыргыз адабиятчыларынын арасында токтоло элек. Ошондуктан К.Асаналиевдин эмгектеринде, адабиятчыларга, сынчыларга сабак болчу карата устатчылыктын бийик үлгүсүн биз дайыма өрнөк тутуп жүрүүгө милдеттүүбүз.

Адабияттар:
1. Асаналиев К. Көркөм нарк. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 236 б.

КЕҢЕШБЕК АСАНАЛИЕВДИН ТИЛИНДЕГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Бабашева Б.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.413

Сөздү баалап, барктап, багып келген Кеңешбек Асаналиев агайдын калеминен жаралган ар бир макала, сын же рецензия болобу, же анын көркөм чыгармага болгон көз караш, ой-пикири тууралуу оозеки ой жүгүртүүлөрү болобу, бардыгынын тең тили оригиналдуу келип, өзүнчө бир стилдик өзгөчөлүккө ээ болуп турат. Албетте, филология багытындагы ар бир адистин тили өз алдынчалуулукка ээ экендиги талашсыз. Ошентсе да, улуттук адабияттын, анын сынынын өнүгүүсүнө өз салымын кошкон, өзүнүн кайталангыс чыйыр жолун салып кеткен илимпоздун тили тууралуу сөз козгоо да азыркы мезгилдин зарыл талаптарынан. Дегеним, адамдын кебинде анын инсан катары өзгөчө багыттары: анын кызыкчылыгы, ишениими, талабы ачылып берилет. Ой-жүгүртүүсү менен кебинин байланышы аркылуу анын өзгөчөлүктөрү чагылдырылгандыгын байкоого болот. Тактап айтканда, илимпоздун көркөм, сынчыл ой жүгүртүүсүнүн негизинде, көркөм, сын кеби пайда болгон. Экинчиден, К.Асаналиев кайсы жанрда жазбасын, кеп маданиятын терең сактоо менен бирге, өзүнчө бир стилдик өзгөчөлүккө ээ болуп турган. Ошондой өзгөчөлүктөрдүн бири катары илимпоздун эркин ой жүгүртүүлөрүндө кесинди конструкциялардын жыш колдонулушун байкоого болот. Мисалы: *Тек гана өз ишим менен алек болуп, өзүнчө бир келе калган эйфорияда жашап жүрдүм.* ***Бир топко чейин …*** *[1] 2). Же болбосо, Пушкин XIII кылымда эмес, кийин Горькийдин заманында жашап калган болсо, анда улуу акындын чыгармаларынын мазмуну да, темасы да «Евгений Онегинге», же «Капитан кызына» дегеле окшошмок эмес.* ***Дегеле, Пушкин болуп жаралганына карабастан.***

Албетте, мындай «апозиопезис» кубулушу илимпоздун сүйлөм тизмектеринде көп кездешет. Аталган конструкциялар «жазуучунун интонациялык жана пунктуациялык чеберчилиги аркылуу жүзөгө ашырылып, сүйлөшүүнүн эмоция-экспрессивдик мүнөзүн ачууга багытталып, өзгөчө стилистикалык ыкма» [2.119] катары колдонулат. Тактап айтканда, илимпоз оюн кандайдыр бир чекке, алкакка буктурбай, эркин баяндайт.

Ошону менен бирге Ломоносов, Карамзин, Пушкин эне тилин баалаган сыяктуу эле, Кеңешбек Асаналиев да кыргыз тилин чыгармачылыгында өзүнүн эстетикалык

зарылдыгы үчүн жөн гана колдонуп койбостон, аны улуттук мурас катары баалап, колдонулушун кеңейтүү максатында нормадан четтебей, анын (тилдин) тагдыры үчүн жанган инсан болгон. Тилде жыш колдонула бербеген бөлүкчөлөрдү ал өз лексикасында мол пайдалануу менен, берейин деген оюн баса көрсөтө билген.

Мисалы: *1) Тескерисинче, мен **өтө** тартынчаак болчумун, эл чогулган жерди четтеп өтүп, колдон келсе каччумун, а балким коркчумун. 2). Маселен, Аргентинанын улуу жазуучусу Хорхе Луис Борхес «бейишти мен китепканага окшоштурам» деп жазганы бар. Бул салыштыруу **түк** бекеринен чыкпаптыр. Көрсө, ал жарык дүйнөгө келгенде эле китепкананын дүйнөсүнө туш келип, ошондой атмосферада дем алып, чоңойгон экен. **Эч** кандай күмөн жок, Борхес жаралышынан эле айрыкча таланттуу. 3). Кудум **эң** аялуу буюмдай кирдебесин, айрылбасын дегенсип сыртынан ак кагаз менен ороп, кастарлуу жерде сактап жүрчүмүн.. 4). Мен үчүн ал мезгилде кандай **гана** китеп болбосун, анда эмне **гана** жазылбасын, анын баары текши **эч** катасыз, **эч** күмөнсүз, **эч** качан өзгөрүлбөс чындыктай көрүнчү. [1]*

Албетте, бөлүкчөлөр ар бир адамдын кебинде кездешет, бирок, мынчалык деңгээлде жыш кездешүү К.Асаналиевдин гана калеминен жаралган саптарга мүнөздүү. Илимпоз бардык нерсенин оң жана терс жактарын тереңден карап талдоо жүргүзүп, ага баа берип, сын көз менен карай билген адам болгондугу белгилүү. Демек, өз кебинде күчөткүч бөлүкчөлөрдү жыш колдонуу менен бере турган оюн бекемдеп, тактап көрсөтүү аракети сезилет.

Экинчиден, илимпоз автордун оюн, көз карашын туюндуруучу киринди конструкцияларды да жыш колдонот. Кыргыз тилинде колдонуудан чыгып бара жаткан «сыйкы» (по-видимому, как- будто) киринди сөзүн кенен колдонуу менен, аны окурмандардын эсине салат.

*1). **Сыйкы,** бул түшүнүксүз парадокс маселеге карата коюлган критерийлердин, методологиялык принциптердин ар башкалыгынан чыгып жатат окшойт*. 2*). **Сыйкы**, булар тек гана сырткы белгилер, жакындыктар.[3.74]*

Кеп инсандын өзүн-өзү туюндуруусунун негизги каражаты болуп саналары белгилүү, себеби анын маңызы да, стилдик өзгөчөлүктөрү да окурман же угарман үчүн маалымдап жаткан субъектинин психологиялык портретин түзүп берет. Адам баласынын кебинин вербалдык тутумун анын кебинин, эң алды менен анын лексикасынын өзгөчөлүгүн аныктап турат. Бир да адам, мейли ал акын болобу, мейли жазуучубу, мейли тилчиби, улуттук тилинин байлыгын толугу менен биле бербейт. Бирок, илимий тармакта эмгектенген инсан өзүнүн адистик таандыктыгын илимий терминдерди же чет тилинен кабыл алынган сөздөрдү колдонуусу аркылуу көрсөтөт. … 1). *Роман артынан роман жараткан, анын үстүнө дегеле бардык жагынан шайма-шай болуп көрүнгөн жазуучу да тагдырдын ырайымсыз куугунтугуна туш келгени жөнүндө. Бул **парадокспу?** Кыргыз совет адабиятында №1лерден делинген жазуучу «адабияттагы зомбулук» жөнүндө, «улуттук тил» жөнүндө туура, адилеттүү козгогон маселеси үчүн айыпталып, куугунтукка алынышы, бул чынында азыркылар үчүн түшүнүксүз **парадокс. 2).** А чыныда **сенек-трюизм** («турмуш-күрөш») дароо эле күтүлбөгөндөй, эч ойго келбегендей түс-түргө келет. 3) Бул сөздөр, мындай караганда айтылып эле жүргөн, ар кимге белгилүү **трюизмдей** байкалат. 5) Ошого карабастан, акын эч жалтанбай туруп дал ошол «жышылган» сөз менен ырды баштайт. Андан ары **трюизм** жанданабы, же ошол калыптанган сенек абалында калабы, маселенин маңызы мына ушунда.4) Бул маселенин тегерегинде теоретикалык **фортификация** куруп, анчалык тереңдөөнүн азыр зарылчылыгы жок. [3.38]*

«Парадокс» сөзү К.Асаналиевдин кебинде «мөөр» сыяктуу кабылданат. Мейли, анын жазма формасындагыбы, мейли оозеки формасындагыбы көркөм туундуларында «парадокс» сөзү өтө жыш колдонулат. Деги эле турмушунда акты актай, караны

карадай кабыл алып, бардык нерсени түз маанисинде гана, түз багытта колдоно билген илимпоз үчүн коомдогу аң-сезимдүү көз карашка карама -каршы келген жоруктар, сөзсүз түрдө, «парадокс» болмок. Сынчынын чыгармаларында жогоркулардан сырткары **«эпигондук мамиле», «реминсценция»** жана башка сыяктуу терминдер кенен колдонулгандыгын байкоого болот. Албетте, башка сынчы-жазуучулардан айырмаланып, мындай кабыл алынган илимий терминдерди кенен колдонушуна түрткү берген дагы бир себеп бар. Ал илимпоздун Ленинград шаарындагы институтта билим алып, ошол жактан илимий даражасын жактап келгендиги, тактап айтканда, орус адабиятынын өкүлдөрү менен бетме-бет баарлашуусу, алардын чыгармаларын окуп, ошол орус тилинде кандидаттык ишин жазышы да себепчи болгон. Демек, К.Асаналиевдин социалдашуусу ишке ашкан улуттук чөйрө да анын кебинин бардык мүнөзүнө өз таасирин тийгизгендиги талашсыз. Билингвизмдин негизинде анын тилдик өзгөчөлүгү татаалдашып, ал гана эмес, бере турган оюн да айрым учурларда орус тилине мүнөздүү болгон стилге салып, тактап айтканда, сөздөрдүн кыргыз тилине мүнөздүү болгон орун тартибин толук сактабай жазгандыгын байкоого болот.

*1). **Белгилүү го,** жедеп тапталган даяр жол менен поэзиянын кыл чокусуна эч ким жеткен эмес. [3.198] 2). **Биз дагы кайталайбыз,** К.Баялиновдун котормосуна акындык шык жетишпей жатканы, ошого байланыштуу котормо көркөмдүк жагынан аксап жатканы Д.Кулбатыров айтпаса деле белгилүү болучу.[3.127]*

Сүйлөмдөрдөн байкалгандай, кыргыз тилинде ***«белгилүү го»*** киринди конструкциясы орус тилиндеги «известно», «как известно» сыяктуу киринди конструкциянын эквиваленти болуп саналып, орус тилинде алар сүйлөм башында келсе, кыргыз тилинде киринди конструкцияга караганда этиштик функцияга жакыныраак болуп турат.

Албетте, көркөм адабияттын бардык жанрында кенен түшүнүгү бар илимпоздун кандай гана чыгармага пикири жаралбасын, алды менен ошол автордун жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, анын айта турган сөзүн алдын ала билген өндүү ар бир сөзүнө маани берип, аларга карата сын пикирин тилдеги кептик этикетти бекем сактоону тутуп жаратып келген. Тактап айтканда, өзү сын көз караш менен карай турган чыгармалардын авторунун психологиясы менен тилдик өзгөчөлүгүнүн синтезин терең түшүнүп, анын негизинде илимпоз өзү эмоционалдык чыңалууга батып кетип, кебинде **балким, мүмкүн** деген сыяктуу божомол маанисиндеги киринди сөздөрдү кенен колдонуу менен, ой-толгоолорунун маңызын ачып берүү үчүн окурмандар алдында өзүнө-өзү суроо узатып, кайрадан окурмандары үчүн өзү жооп берүү стили калыптанган. Мисалы: *1). Жок, кантсе да «кыргыз совет адабияты» ааламдагы табышмактуу «кара үңкүргө» түшүп кетпесе керек… А балким ошол эле «советтик» деп аталган «нерсенин» азыркы көрүнүшү Сактановдун Сталин жөнүндөгү панегирик жазмакейлеринде, же Надырбековдун профессионалдуу шайдоот жамактарында уланып жаткандыр… **ким билет?***

*Айтор, эмнеси болсо да «Кыргыз совет адабияты» деген «нерсе» абстрактуу түшүнүк, же көздөн учкан мунарык эмес эле го, анын ары жагында конкреттүү адамдардын тагдыры бар эмес беле: Токомбаев менен Сыдыкбековден тартып, Абдукаримов менен Сасыкбаевге чейин, Осмонов менен Алыбаевден тартып, Акаев менен Жангазиевге чейин… Алар эми кайда, алардан эмне калды, совет мезгилинде жазындагы байчечекейдей жайнап чыккан китептери кайда, алар тытылып бүткөндө кийинкилер **эмне кылат, эмне окуйт? Ың-жыңсыз белгисиздик деген ушулбу? Же бул улуттук асылнарк деп эсептелинген «нерсенин» тагдырыбы?***

Жок, мындай болушу мүмкүн эмес, ар кандай саясий платформалар, коомдук түзүлүштөр учуру жеткенде урап, кыйрап жоголушу мүмкүн, бирок адамдын жеке тагдырынан жаралган асылнарк эч качан жоголбойт, эч качан өчпөйт. Ал, маселен,

Афанасий Феттин «Күүгүмдөгү отторундай» болуп, дайыма жалындап, дайыма күйүп турат.

Демек, суроо-жооп формасында монолог түзүү менен, К.Асаналиев башка сынчы-адабиятчылардан өзгөчөлөнгөн стил аркылуу өз багытын түзүп, сүйлөө жана жазуу искусствосунун пафосун жараткан. Дагы бир мисал ала турган болсок: *1). Сөз эстетикалык кредо жөнүндө болуп жаткандыктан, суроону ачык коюу керек,* ***Эрнис Турсунов кандай жазуучу, кимдин жазуучусу, кимдин ырын «ырдайт», кимди даңазалайт?*** *Белгилүү го, улуттук адабият «советтик» деп, аны жараткандар жана өнүктүргөндөр да «советтик» жазуучу деп аталчу... ...Эрнис Турсунов дал ошондой атмосферада туулуп, дал ошондой чөйрөдө адабий ишмер катарында калыптанганы талашсыз...*

Кеңешбек Асаналиев сөзүн баштаарда токтоо мүнөзү менен жаңы гана жарышка түшүүчү аргымактардай болуп, оюн жай баяндоо менен баштап, улам барган сайын образга берилип, күүлөнүп, тээ алыска көз ташташгандай, ошол оюн көз алдынан кинотасмадай өткөрүп, окуядан жыйынтык чыгарып, **көрсө, балким, негедир** деген сыяктуу киринди сөздөрдү жыш колдонуу менен, кыргыз тилинде өтө сейрек колдонулуучу каршылагыч **а** байламтасын да кененирээк колдонуп, ой чабытынын маңызын чыгара баяндап берүү кудуретине ээ болгон.

1) ***А*** *бул жерде болсо маселенин маңызы ой чабытынын чукул бурулушунда: ...2).* ***Көрсө,*** *форма издөө, кандайдыр бир конструкция жасоо, тажрыйба, эксперимент жүргүзүү аң-сезимге келген идеянын маани-маңызына, мүнөзүнө, табиятына жараша болот экен. 3). Мында эмнени жана кимге уктуруу жөнүндө сөз болушу мүмкүн.* ***А көрсө,*** *лирикалык каарман ушул ыр жазылып жатканда жетимишке чыгып, карт куракты «жүгөнүн» башка катып калган учуру экен. 4) Себеби,* ***көрсө,*** *сүйүү, жыргалчылык, бакыт-таалай адамды канчалык жумшак бешигине бөлөп, магдыратса, дал ошондо эле ай, жылдыз, күн, тоо, талаа, бак-дарак, токой, булак, өзөн-суу, жай, жаз, кыш, күз, сыяктуу не бир шумдук көрүнүштөр дайыма курчап турса, алардан ажыроо, бул тарапта такыр болбогондой, ың-жыңсыз, белгисиздик дүйнөгө кетүү, ошончолук оор, ошончолук трагедиялуу.*

Жыйынтыктап айтканда илимпоз К.Асаналиевдин тили илим менен анын турмушунун, маданиятынын жана интеллектисинин туундусунан жаралган өзгөчөлүк катары тарыхта кала берди.

Адабияттар:
1. Асаналиев К. Адабий айкаш. -Б., 2008;
2. Токоев Т. Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар. Бишкек, 2006;
3. Асаналиев К. Өрдөн өргө. -Ф., 1977.

ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ГАРМОНИЯЛЫК ЖАНА ДИСГАРМОНИЯЛЫК ЛЕКСЕМАЛАР

Бабашева Б.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.413

Дүйнөнү көркөм көрө билүү жана ошол реалдуулук фрагменттерин тилдик чыгармачылыкта алып чыгуу искусствонун жалпы принциптери, мыйзамдары жана багыты менен байланышкан. Ошол мыйзамдардын бири гармония болуп саналат.

Гармонияны таба билүү, тактап айтканда, табият мыйзамы менен көркөм чыгармачылыктын биримдиги менен симметриясын таба билүү – учурдун талабы болуп турган чагы. Учурда автордун поэтикалык дүйнөсүнө сүңгүп кирүү үчүн анын чыгармаларынын тексттеринде бирдиктүү бүтүн тилдик кубулуш катары жашап турган гармониялык мыйзамдарды аныктоо зарылдыгы бар.

Тил социалдык феномен катары пайда болуп, жашап жана өнүгүп тургандыктан, жеке инсандын тилдик өзгөчөлүгүнө талдоо жүргүзүү кызыктуу маалыматтарды берет. Экинчиден, кептик этикет инсандын маданияты менен коомдогу этикеттик жүрүм-турумунун жалпы системасынын ажырагыс бөлүгүнүн зарыл элементтеринин бири болуп саналат. Андыктан, жалпы эл алдында өз пикирлерин жаратып, чыгармачылыгын тартуулап жүргөн акындардын поэтикалык кебинде өзгөчөлөнгөн тартип, өзгөчөлөнгөн лексемалардын көркөм каражат катары колдонулушу окурмандардын көңүлүн гана буруп койбостон, автордун өзүнүн талантынан сырткары, маданиятынын деңгээлин да чагылдыра алары талашсыз. Албетте, ар бир доордун өзүнүн шарты, ошого жараша окуялары болот. Ошол шартка, социалдык-экономикалык абалга жараша турмуш чындыгын чагылдыруу ар бир акындын калеминен ар башкача жаралып, ар башкача туюндурулуп келет.

Демократ акын Токтогул Сатылгановдун «чагылдыруу» ыкмасын талдоого алуу менен, анын поэтикалык кебинин өзгөчөлүгүн да аныктоого болот. Бирок, бул жерден баса белгилей кетүүчү жагдай, азыркы биз окуп, угуп жүргөн чыгармаларынын көптчүлүгүн Токтогулдун өзүнүн оозунан жазылбай, Калык акындын жана башка акындардын жатка айтып, бизге жеткиргени боюнча билебиз.

Акындын жан дүйнөсүнөн агылып чыккан ар бир туюм анын бүткүл жашоо казанында кайнап, бышып жетилген сезимдеринен улам ырга айланып эл алдына тартууланып турган. Демек, акындын турмуш тажрыйбасы ал тарабынан берилген сөздөрдүн маанисине да таасир этет. Ошентсе да, кыргыздын ошол мезгилдеги шартына көңүл буруп көрсөк, жаза билген да, билбеген да акын-ырчылар кандайдыр бир деңгээлде жалпы журтка өз чыгармалары аркылуу маданияттын үлгүсүн тартуулап, тарбия иштерин жүргүзүп отурушкан. Алардын катарында Токтогул акын да турмушта канчалык чайналбасын, өз чыгармаларында кеп этикетин бекем тутуп, сөздү баалап, бага билген кыргыз журтунун салтынан чыккан эмес. Анын саналуу чыгармаларын да, айтыштарын да бирден талдоого алып отуруп, алардын басымдуу бөлүгүнүн жалпы мазмуну да, поэтикалык кеби да дисгармониялык маанайда берилип, ички ызасын, мекенине болгон кусалыгын жана келечекке болгон үмүтүн көңүл чордонуна коюп, окурмандарга жөнөкөй сөздөр менен жеткиргендигин байкоого болот. Балким, акындын революциядан кийинки ырлары жазылып калган болсо, анда гармониялык маанайдагы тексттерди көбүрөөк жолуктурат белек? ..

Өлүп калсам, Токтогул,
Кол-бутумдан сүйрөшүп,
Колотко таштап коет бейм.
Көөмп коер адам жок,
Карга-кузгун чокушуп,
Кара көзүм оет бейм. [2.64].

Акындын пессимисттик маанайда жаралган бул ыры, албетте, бүткүл тулку бою менен дисгармониялык лексемалардын туруп, келечектен үмүтүн үзгөн, эртеңки эмес, ананкы учуруна ишеними калбаган адамдын кейипин берет. Ак кепинге оролуп, каадасы менен жерге берилүү салты анын өзүнүн тирүүлүгүнөн да жогору коюлары акындын жогорудагы саптары менен далилденип, анын адамдык сапатынын бийик деңгээлин туюндуруп турат.

Албетте, ар бир доордун чыгармасы ошол доордун документи, тарыхы болуп кала берет. Андыктан, жогоруда сөз кылып кеткендей, чыгарма жөн гана автордун тил маданиятын гана туюндурбастан, анын өздүк жан дүйнө маданиятын да туюндурат. Акындын ошол эле ырындагы:

Кетмен -Төбө жериме,
Барып өлсөм арман жок.
Керимбайдан кегимди,
Алып өлсөм арман жок. [2.64]

- деген саптарында акындын жогорудагы биз берген баага карама-каршы баа бере турган саптарын көрөбүз. Туулган жерин бир көрүп, сагынычын таркатуу менен чектелбестен, Керимбайдан өчүн алуу максатын койгон. Албетте, кек алуу, кун төлөтүү байыркы кыргыз элинде болуп келген көрүнүш. Бирок, мезгилдин агымы айрым сапаттарды жууп, гумандуулукка багыт алуу талабы алдыга коюлуп баштаган доордо, жалпы кыргыз журтун биримдикке, ынтымакка жана кечиримдүүлүккө чакыруу милдети эң алды менен дагы эле ошол акындардын, төкмөлөрдүн функциясы болгондугун эске алсак, Токтогул Сатылгановдун Керимбайдан кегимди алып өлсөм арман жок – деген саптары кептик этикеттин чегинен чыгып, дисгармониялык лексемалардын айкашында берилгендигин айтууга болот. Албетте, мындай саптардын жаралуу себебине да, тарыхына да көңүл буруубуз зарыл. Көргөн кордугу, азабы анын жанын кейитип, саат сайын эмес, мүнөт сайын эскертип тургандыгы бегилүү. Пендечилик ар бир инсанда бар экендигинде талаш жок, бирок, ошол мезгилдерде элди үндөөгө, чакырууга акындардын таасири абдан зор болгондугун эске алсак, жогорудагы саптарды дисгармониялык лексемалардан турган, ошондой маанай жаратуучу деп атабай коюуга болбойт.

Акындын эмоционалдык терс маанайы жеке Керимбай сыяктуу бай-болуштарга гана карата багытталбастан, өзү сындуу акындардын, эл жарчыларынын «элдик» болбой, жеке кызыкчылыгын көздөп, «жылуу орун, ысык тамак» үчүн күн өткөргөн сапатын жектеп ырдаган ырларынан да көрүнөт. Анын «Арзыматка» деген ырында бир эле эпизоддун сүрөттөлүшүн алып көрсөк:

Бекти көрсөң мактайсың
Бекер ичкен аш үчүн
Кошомат кылып бегиңе
Бечараны каптайсың.
Ханды көрсөң мактайсың,
Кардың тойгон жериңде
Кошомат кылып ханыңа
Карыпты көрсөң каптайсың. [2.11]

Бир караганда «карды тоюу» айкашы эч кандай терс маанай жаратпайт, бирок, көркөм чыгармада сюжетти берүүдө Арзымат ырчынын кара жаны, бир курсагы үчүн намысын жоготуп, ак менен каранын чегин ажыратпай байларды мактап ырдагандыгын туюндурган бул эки куплетинин биринчисинде жөн гана «бекер ичкен аш үчүн» деген нейтралдуу стилдеги айкаш менен берилген болсо, экинчи куплетинде анын кандайдыр бир деңгээлде «ар намыстан» жеке кызыкчылыгы, курсагынын ток жүргөнү маанилүү экендигин туюндуруу үчүн «кардың тойгон жериңде» деген дисгармониялык маанайдагы айкашын колдонуу менен, ошол «менди» шылдыңдоо пикирин туюнткан. Тактап айтканда, ыр саптарынан байкалгандай, акын этикеттин түрдүү стилдеги формаларын – гармониялуу жана дисгармониялуу лексемаларды - аралаштырып колдонуу менен жумшак, бирок одоно сөз айкаштарын орундуу колдонгондугун байкоого болот. Муну менен акын чыгармаларында эмоционалдык-көркөм ыкманы колдоно билүү чеберчилигин көрсөткөн. Экинчиден, акындын жогорудагы текстинде

сөздөрдүн кайталанышы жөн эле туш келди кайталоо эмес, же тафталогия эмес, ошол куплеттердин, көркөмдүк таасирдүүлүгүнүн гармониялык уюшулуш каражаты болуп саналат да, интегративдик, лейтмотивдик функцияны аткарат.

Деги эле аталган ырдын бүткүл тулку бою дисгармониялык лексемалардын тизмегин камтып, Арзыматка болгон ызасын туюндуруп турат.

Кошоматка кой союп,
Күлгөнүңдү ырдадың…
Казы менен картага
Тойгонуңду ырдадың…
Кара карга үндөнүп
Каркылдаган урганым!...[2.11]

«Кошоматка кой союу» терс маанай жаратуучу, төмөнкү стилдик маңыздагы, адамдык сапатынын төмөндүгүн айгинелеген тилдеги даяр каражат катары колдонулат. Бирок, акындын ыр сабында ал «казы менен картага тойгонуңду ырдадың» деген саптары менен толукталып, чыгарманын маңыздык борбору, «Кара карга өндөнүп, каркылдаган урганым» деп метафоризацияланып берилген Арзыматтын арсыз экендигин жана аны акын адам катары санабасын туюнткан «чекит» болгондугу менен өзгөчөлөнөт.

Акын, жазуучулардын турмуш тажрыйбасы дүйнө таануусу, баамчылдыгы канчалык мол болсо, ал ошончолук даражада эне тилиндеги сөздөрдүн бай казынасынан өзүнүн айтайын деген оюна шайкеш келерлик элестүү сөдөрдү тандап алып, окуяга ылайык келерлик пайдаланары белгилүү. Ошол сыңары Токтогул Сатылгановдун өзү теңдүү торгойдой сайраган акындардын арасында жүрүшү, турмуштан алган тажрыйбасы анын ой-жүгүртүүсүн тереңдетип, «аттиң арман дүйнөнүн» бир ачуусу менен бир таттуусун жуурулуштуруп ырдаган саптары окурмандарды өзгөчө өзүнө тартат. Акындын бүткүл чыгармаларында ак менен каранын философиялык жуурулушу чагылдырылып, образдардын карама-каршылыгы сүрөттөлөт. Андыктан, анда гармонияны, да дисгармонияна да туюнтуучу тилдик каражаттардын молдугу көрүнөт. Мисалы, бай менен кедейди, бек менен жалчыны, беш каман менен жетим-жесирлерди, тирүүлүк менен ажалды бетме-бет коюп, угуучуну бирде алга сүрөсө, бирде терең капага батырып, бирде ысытып, бирде муздатып, бир абалдан экинчи абалга өткөрүп турган.

Келериңде дүнүйө,
Ак үйгө салган айнексиң.
Кетериңде дүнүйө
Туткасы сынган чайнексиң.
Келериңде дүнүйө,
Айчыгы алтын туудайсың.
Кетериңде дүнүйө,

Соолгон кудук суудайсың. [2. 21]Акын көркөм чыгармачылыктын түрдүү каражаттарын колдонуу менен кебинде гармониялуу жана дисгармониялуу салыштырууларды эркин колдонгон. Адам жарык дүйнөгө келишин ак үйгө салган айнеккке, айчыгы алтын тууга салыштырып оң эмоцияны жараткан болсо, кетээринде «бири кем дүйнө» дегенди чагылдырып, туткасы сынган чайнекке, соолуп кургаган кудукка окшоткон. Акындын биринчи куплеттеги бул дисгармониялык салыштыруусун автордук салыштыруу катары карасак болот.

«Чынында эле, мыкты акындын ырларын окуу өзүнчө эле бир чыгармачылык процессти баштан кечирүүгө тете. Анткени, андай ырлар сенден рухий дүйнөңдүн чыңалуусун талап кылат. Күнүмдүк оокаттын күйпөтүндө жүргөн кезиңде өзүнүн сыйкырдуу дүйнөсүнө акырын чакырып алат. Анан күчтүү поэзиянын деми менен

бийик болгуң келет, таза болгуң келет. Майда-чүйдө нерселерди биротоло жээрип кеткиң келет… Адам болгуң келет» [4.8] – деген сыяктуу, акындын окурманды өзүнө тартып ала турган таасирлүү саптары да бир топ экендиги талашсыз.

Кылычтын көркү курчунда,
Кундуздун көркү сыртында,
Алышкан душман жоо келсе,
Азамат көркү журтунда.
Сыянын көркү каламда,
Сырыңды айтпа жаманга.
Сыр алышып, сыр түйгөн
Сырдашың келет саламга. [2.35]

Акындын азыр да обонго салынып ырдалып жүргөн мазмуну терең, көркөм сөздүү санат-насыят ырларынын актуалдуулугу күн өткөн сайын арбып барат. Тексттерде сөз жөн гана нерселердин жупташынын көркү тууралуу айтылбастан, бирисиз экинчисинин функциясы аткарылбасын, ааламдагы бардык нерселер бирин-бири толуктап, бирин бири көркүнө чыгарып турарлыгын, ар бир жандуунун да, жансыздын да баркын көтөрүп, көркүнө чыгарып турган нерсе же жорук-жосун болорлугун акын жөнөкөй гана сөздөр менен берип, угарманга таасир эте алган. В.В.Виноградов тилдин коомдук үч функциясын - баарлашуу, маалымдоо жана таасир этүү - баса белгилеген. [1.5] Жогоруда биз мисалга алып жаткан ыр саптарында таасир этүү функциясы орун алып, Сырыңды айтпа жаманга, сыр алышып, сыр түйгөн, сырдашың келет саламга деген насаатын айтып өткөн.

Сөз эмоционалдык реакция чакыра ала тургандыктан, алар негативдик же позитивдик маанай жарата алат:

Жашыл жоолук - түрдөй жан,
Жаш өмүрдө гүлдөй, жан.
Жаш кезиңде ойноп күл,
Жаным сага бирге, жан.
Жаш өмүрүң өткөн соң,
Жанып келбейт гүлдөй жан. [3.93]

Кептин коммуникативдик аспектисинде адресат менен адресанттын бири-бирине болгон психологиялык таасири байкалат. Ал эки тараптын туурун аныктап, бири-бирине болгон мамилесин туюндурат. Ошол сыяктуу акындын жогорудагы «Селкинчек» деген ырынан алынган үзүндүдө акындын селкинчек тээп жаткан кыз-келиндерге арнап ырдаган ырында өмүрдүн гүлү болгон жаштык кездин кадырын билип, ойноп алгыла деген чакырыгы менен жаштарга позитивдик маанай тартуулагандыгын көрөбүз. Жаштыкты гүлгө салыштырып, анын кадырын билүүгө чакырат. Экинчиден, бул ырындагы лексемаларынын маңызы менен ал эки тараптын жакындашуусуна жол ачып берет.

Демек, акындын тилинен жаралган поэзияда кеп маданиятынын орундуу колдонулушунун негизинде, чыгармалары маңыздуулугу менен азыркыга чейин эл арасында ырдалып, андагы насаат, үлгү ырлары актуалдуулугун жоготпой келет. Гармониялык жана дисгармониялык лексемалардын жуурулушуп колдонулушу анын турмуш чындыгынан алган саптарынын көркүн ачып, «баш тоголоткон» үлгү ырлардын катарын толуктап турат.

Адабияттар:

1. Виноградов В.В. Стилистика. Теория поэтической речи. Поэтика. –М., 1963;
2. Токтогул. Тандалган ырлар. //Редактор жана түзүүчү Ж.Жапиев. Ф., Кыргызстан, 1976;
3. Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. //Түзгөн С.Тургунбаев. –Ф., Адабият, 1990;
4. Эрматов Э. Мезгил турмуш тууралуу. //Кыргызстан маданияты. 13.08.1981.

«МАНАС» ЭПОСУНДА ТУУРАНДЫ СӨЗДӨР УЮШТУРГАН КАЙТАЛОО СТИЛДИК КАРАЖАТЫНЫН БЕРИЛИШИ

Бешкемпирова А.И.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.413.0:415.0

Кайталоо синтаксистик фигурасы көркөм стилде көп керектелген каражаттардан. Ал аркылуу көркөм тексттин мазмунунун таасир этүү күчү байытылат. Тууранды сөздөрдү кайталоо эпостун дабыш кооздугун жаратуу менен кептин таасиринин жогору болушу үчүн өтө жыш учурайт. Тууранды лексемалар дайыма кайталоо процессиндеги негизги каражаттардан. Ал турган турушу менен кайталанган тилдик бирдик, аны ар тараптан терең изилдөө зарыл.

Д.Э. Розенталь, М.А.Теленкованын «Словарь-справочник лингвистических терминов» (1974) деген сөздүгүндө кайталоо кубулушунун бир нече түрлөрү берилип, анда табыш тууранды сөздөрдүн кайталанышы кайталоонун өзүнчө бир түрү катары каралат.

Кыргыз тил илиминде да кайталоо ыкмасынын колдонулуш өзгөчөлүгү илимий изилдөөдө жолго коюлган десек болот. Бул ыкмага Т.Аширбаев, Б.Орузбаева, Б.Усубалиев, Т.Маразыков, А.Ормонбекова, Т.Токоев, А. Оморов, О.Турганбаев, А.Абдыкеримовалар кайталоонун түрдүү жактарын анализге алышса, Г.Кожоева «Кайталоону стилдик каражат катары сыпаттоо» (2. 2012) деген кандидаттык диссертациясында кайталоону кептик-дискурсттук, прагматикалык, эмоциялык-психикалык, орноменталдык, позициялык жана позициялык эмес деп бөлүштүрүп изилдөөгө алат. К.Кырбашев кайталоо фигурасы тууралуу «Манас» эпосунун стили» деген монографиясында «бир строфа экинчи бир жерде кайталануу менен ыр саптарда мурункудан да күчөтүлүп гиперболалык апыртуу аркылуу эпикалык мүнөздөмөгө өтөт» (3.83.) деп белгилейт.

Ал эми Т.Аширбаев синтаксистик кайталоо фигурасы көркөм чыгармага эстетикалык кошумча боёк берүүчү каражат катары байыртадан бери колдонулуп келе жаткан ыкма экендигин белгилеген. (4.158.)

Текстте бири-бирине жакын жайгашкан тыбыштардын, сөздөрдүн, морфемалардын ж.б. бир нече жолу кайталанышы кайталанма фигурасы деп аталат (5.96.) деген эреже белгилүү окумуштуу Б.Усубалиев тарабынан чыгарылып, өз максатына ылайык талдоого алынган.

Эпосто тууранды сөздөрдүн кайталанып келиши эпостун негизги идеясын же баатырдык темасын бөлүп көрсөтүп, тексттин эмоционалдуулугун, экспрессивдүүлүгүн арттырып, каармандардын образдарындагы өзгөчөлүктү ачып берет. Кайталоо ыкмасынын «Манас» эпосундагы тууранды сөздөрдү келиши эпостун башынан аягына чейин кан-жүлүнүн аралап өтөт.

Баабедин деп **бакырып,**
Желектүү найза **жапырып,**
«Манастап» ураан **чакырып,**
Аралашып калганы.
Айбалта башка **шака-шак,**
Найза төшкө **така-так,**
Башка кылыч **жарка-жарк.**
Карсылдашты кошулуп
Кара кан баштан жошулуп. (Манас, 1. 258)
Чопкуттар болду электей,

Согушуп жүрүп баштары
Жошологон челектей,
Айрылып бүтүн чапаны
Найзага таккан желектей
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,
Кылычтар жанда чака-чак
Мылтыктын үнү тапа-тап.
Күрсү чаап күпө-күп,
Төө мылтык атып дүпө-дүп (Манас, 2. 141)

Мисалдарда берилген тууранды сөздөрдөгү кайталоолор эпостогу окуянын таасирдүүлүгүн күчөтүп, окуп же угуп жаткан адамдын көңүлүн алып-учуп, окуяга аралашып жүргөндөй элес калтырат. Мисалдардагы «Айбалта башка шака-шак, Найза төшкө така-так» деген кош сөз формасындагы тууранды сөздөрдү грамматикалык кайталоолор берилип, табыш тууроонун сандык белгисин көрсөтүп, айбалтанын бир жолку чабылышын эмес, бир нече жолу чабылышындагы жана бир эле найзанын тийгендеги эмес, бир нече найзанын келип тийишиндеги дабышты туурап көрсөтүлгөндүгү берилди. Экинчиден, субъектинин аткарып жаткан процессин аныктоого болот. «Шака-шак» тууранды сөзүнүн айбалта менен келиши бир адамдын аткарган процессин билдирсе, найзанын төштүн сөөгүнө тийишиндеги «така-так» бир кишинин эмес, бир нече кишинин, көпчүлүктүн аткарган процесси менен берилди.

Жогорудагы мисалдарда «шака-шак, чака-чак, така-так, күпө-күп, дүпө-дүп, жарка-жарк» туурандылардын морфологиялык же сөз тутумундагы мааниси баары тең кош сөздөр түзүп турат, ошондой эле кайталануучу уңгунун ортосунда –а, –ө аффикси колдонулду. Мындай аффикс тил илиминде интерфикс деп аталат. Интерфикс (лат.interfixys – арасына бекитилген, коюлган). Ар башка морфеманын ортосуна келип, ал морфемаларды татаал сөзгө бириктирип турган грамматикалык каражат. (6. 88.)

Ал эми жоокерчилик заманды чагылдырган төмөнкү строфада:

Үркүп жүрөт азоосу,
Дөгөн келди бакырып,
Жылкыны кайра жапырып.
Алтайлык келди акырып,
Домабил деген башчысы
-Токтотпо, деп бакырып. (Манас, 1. 139)

бакыр, акыр деген тууранды сөздөр синонимдик кайталоону түзүп турат. **Бакыр-айкыр** деген табыш тууранды сөздөр мааниси боюнча бир семантикалык топто туруп, ***«үнүнүн бардыгынча кыйкыруу, катуу үн чыгаруу»*** дегенди билдирет. **Акыр** деген сөз да **«катуу бакыруу, кыйкырык, катуу чыккан үн»** деген маанини туюндурарын белгилүү окумуштуу К.Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» белгилеп көрсөткөн: «**Акыр-то же что айкыр** (7. 42.) **Айкыр**-окрикивать, кричать, орать. (7. 31.)

Бул тууранды сөздөр эпостун бардык бөлүмүндө, бардык эпизоддорунда кайталанып бир өңчөй мүчө формасында учурашат. Маселен, жогорку мисал «Манастын балалык чагы, Жакып өзүнүн Ошпур деген койчусуна Манасты алып барып бергени» деген эпизоддо **«бакыр»** деген сөз он жолу, **«акыр»** деген сөз төрт жолу кайталанган.

Эпосто тууранды сөздөр жөнөкөй эле бир мазмунду же маанини түшүндүрүп кайталабастан, ар бир ситуациялык окуянын жүрүшүнө, образдын мүнөзүнө жараша жаңы маани, жаңы мазмун берип жүрүп отурат. Ошондуктан эпосто тууранды сөздөрдүн кайталанышы «тавтологиялык милдетти аткарбастан, көркөм образга жаңы

маани киргизүүчү жаңы информациялар менен жабдып, толук түшүндүрүү сыяктуу коммуникативдик» (8. 43.) стилистикалык каражаттын милдетин аткарат.

Стилистикалык кайталоо жогоруда белгилеп өткөнүбүздөй көркөм чыгармада атайын максат менен кептеги экспрессивдүүлүктү же эмоционалдуулукту күчөтүү үчүн колдонулат. (9. 159.) Андыктан кайталоо эпостук тексте лингвостилистикалык мааниге ээ. Ал көркөм тексте тактоо, эскертүү, таасирлентүү, ишендирүү, көркөмдөө, ойду күчөтүү, эмоцияны козгоо жана башка максаттар үчүн кызмат кылат.

Алсак: 1. Бай Жакып үнү **баркырап**
Меңдибайлап чакырды,
Мени карап **бакырды.** (1. 40)

2. Баканды кармап **бакырып,**
Бакшы менен бүбүдөн
Немесин койбой чакырды.
Түндүктү карап түйүлдү. (1. 56)

3. Байбичең тууйт дегенде
Бай Жакып ыйлап **каңгырап,**
Бакырып ыйлап заңгырап,
-Баласы жоктон жүдөдүм,
Эркек деп бирөө жүгүрсө
Жарылып кетер жүрөгүм. (1. 56).

Строфалардагы **«бакыр»** тууранды сөзү биринчи, экинчи сүйлөмдө үстүртөн караганда, эч кандай эмоцияга, боёктуулукка ээ болбой оозеки сүйлөшүү стилине таандык болуп, жөн эле **«үнүн катуу чыгарып сүйлөө»** маанисин туюндуруп жаткандай көрүнгөнү менен, чындыгында, алар каармандардын ар кандай физика-психологиялык абалды, тактап айтканда, биринчиде Жакыптын тушуккан абал-акыбалында, экинчиде төрөө учурундагы кыйналууну элестүү берип турат. Ал эми үчүнчү сүйлөмдө **«бакыр»** сөзү өзгөчө бир эмоциялык-психологиялык касиетке ээ болуп, экспрессивдүүлүгү арткандыгы айкын көрүнүп турат. Мындагы бакырык – Жакыптын бала үчүн көксөгөн мүдөөсү ишке ашар учурундагы сүйүнүчтөн, кубанычтан чыгарган бакырык ыйы. Ал жай да, жөн да ыйлаган жок. Бул бакырыкта Жакыптын психологиялык абалы кайталанган **«бакыр»** тууранды сөзү менен эмоционалдуу, экспрессивдүү болуп элестүү сүрөттөлдү.

Кыргыз элинде эркек балалуу болуу тукум улоо, үйдүн ээси, ата уулу түшүнүктөрү менен түшүндүрүлөт. Ата уулу дегенди Мекен уулу, эли-жерин сүйгөн, коргогон, алар үчүн күрөшкөн эр Манастын төрөлүшү катары да түшүнсөк болот. Ал эми эркек бала күтүп жаткан Жакыптын жогорку алты саптын акыркы, **«жарылып кетер жүрөгүм»** деген саптагы чыңалуусун үчүнчү саптагы **«бакырып»** сөзү өзүнүн нормасында сактап калгандай туюлат, ошондой эле Жакыптын физика-психологиялык абалын дал өзүндөй берүүгө да чоң көмөк көрсөткөн. Бул жагынан алганда, сүйүнүчтүн өлүмгө дуушар кылчу абал-жагдайынан Жакыпты дал ушул **бакырып** сөзү сактап калган десек болот. Анткени Жакыптын бакырып, болгон күчүн чыгарып ыйлап алуусу, бул аркылуу, ички эмоциясын сыртка чыгарып салышы менен анын жүрөгү жарылбай сакталып калган. Дагы бир атайын айта кетчү нерсе – бул микротекстте «бакырып» сөзү башкача эмоциялык-нарктагыч түскө ээ болот. Ал контексттен сырткары өзүнчө турганда негизинен терс эмоция –бааны билдирет, ал эми жогорудагы микротекстте сүйүнүчтүн бакырыгы катары оң эмоция-баага ээ болуп жатат.

Строфадагы **бакыр** табыш тууранды сөзүнө уланган чакчылдын **–ып** мүчөсү **«ыйлап», «заңгырап»** деген сөздөргө да кошо уланып келип кайталоону уюштуруп турат. Ошондой эле **«бакыр»** табыш тууранды сөзү өзүнөн-өзү эле болуп жаткан процесстин, башкача айтканда, Жакыптын кыйкырыгынын толук кандуу элесин бере

албайт. Ал **«ыйлоо»** сөзү менен биргеликте келип, аны менен жуурулушуп, ширелишип Жакыптын жөн эле ыйлаган учурун эмес, сүйүнгөндөн үнүнүн бардыгынча кыйкырып, бакырып ыйлаган элесин көз алдыбызга тартат.

Эпосто сөздөрдүн, строфалардын кайталанышын Сагынбай манасчы туш келди, баш аламан эмес, кандайдыр бир атайын максатты көздөп, колдонгондугу айкын көрүнүп турат. Бул жагынан алганда, ал кайталоо ык-амалынын маанисин жетесинде туя билгендей, алардын ордун кан-жаны менен сезип тургандай таасир калтырат. Алсак, улуу манасчы тууранды сөздөрдү биринчи учурда эпосто баатырдык, күрөшчүл учурдун өзгөчө бир ыргак – маанайын ачыш үчүн колдонсо, экинчи учурда ойдун улам чыңалышында колдонгон. Сөзүбүз кургак болбош үчүн жогору жакта берилген биринчи мисалдарга кайрылсак:

Айбалта башка **шака-шак,**
Найза төшкө **така-так,**
Башка кылыч **жарка-жарк.**
Карсылдашты кошулуп
Кара кан баштан жошулуп. (1. 258).
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так,
Кылычтар жанда чака-чак
Мылтыктын үнү тапа-тап.
Күрсү чаап күпө-күп,
Төө мылтык атып дүпө-дүп (2. 141).

Кандайдыр бир катуу зат, предмет баш сөөккө тийгенде сөзсүз бир үн чыгат. Эпосто баатырдык куралдар айбалтанын, найзанын келип кагылышкан, тийишкен жеринен чыккан үндү **«шак», «так»** деген табыш тууранды сөздөр жана **«жарк»** деген элес туурандылар ачып берди.

Ыр саптарында **«шака-шак, тапа-тап, жарка-жарк»** тууранды сөздөрдүн кайра-кайра кайталанышы градациялык кайталоону түзүп, окуянын уламдан-улам курчуп, күчөп бара жатканын натыйжасында, андагы баатыр, эр көкүрөк кыргыз элинин Манастап ураан чакырып, баштарын канжыгага байлап коюп, өз урпактарынын келечеги, азаттыгы үчүн майданга кирип калмактар менен карсылдашып жаткандарын көрөбүз.

Ал эми жаландаган кылычтардын **«жарка-жарк»** деген элеси аркылуу шилтенген учурдагы бир нече баштын шылынып түшкөн кайталанышы көз алдыбызга даана тартылат.

Албетте, бул саптарды **«Карсылдашкан чабышта айбалта башка шак деп, найза төшкө так деп, кылыч башка жарк деп тийип, баштан кара кан жошулду»** деген сүйлөмгө айландырып окусак деле айтайын деген ой берилет. Бирок поэзиянын өзүнө гана таандык ыргагы өзгөчө айтуу, жетер жерине жеткирүү бөтөнчөлүгү бар. Ошол себептүү строфадагы тууранды сөздөрдүн **«шак; шака-шак, так; така-так, жарк; жарка-жарк»** болуп кайталанышы, биринчиден, эпизоддогу окуяны таамай, так жана элестүү берүүгө өбөлгө түзсө, экинчиден, анын (окуянын) күчөтүлүшүн көрсөтүп, чыккан үндүн, элестин бир жолку эмес, бир нече жолу болушун ырастады.

«Манас» эпосу – уйкаштыкка өтө бай жана ал ар тараптуу. Көрүнүп тургандай мында ыр түрүндөгү кептин ритмикасында ар бир түрмөк же сап бүтүн бир түрмөктү (фразаны) өзүнө камтып, бирдей муун өлчөмдөрүнө (7 же 8) ээ. Бул түрмөктөрдүн курулушунда абдан көп жалпылыктар бар. Алар баш жана айкындооч мүчөлөрдүн турат. Мында тууранды сөздөр баяндоочтук милдетти аткарып келип кайталанышы баяндоого динамикалуулукту, үндүн өзгөчө гармониясын берип турат.

Келтирилген үзүндүдөгү саптардын аягында келген тууранды сөздөрдүн басым жасалып айтылышы ыргактык-ритмдик жактан бөлүнүп турушу, бирдей кайталанышы баяндоонун бирдей, так болуусуна шарт түзүп «карсылдашты» деген сөзгө жутулуп, эбегейсиз зор согуш талаасы менен адаттан тыш үндөштү. Баяндоонун ритимдүүлүгүн, бүтүндүгүн жана эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүн шарттаган жогорудагыдай курулмалар С.Орозбаковдун чоң чебер манасчы экендигинин далили болуп берет.

Кийинки үзүндүдө сап аягында келген тууранды сөздөр жупташып, алты жуп үндөшкөн рифмадан турат:

шака-шак
така-так
чака-чак
тапа-тап
күпө-күп
дүпө-дүп

Бул кош туурандылар бардык саптарды бир бүтүндүккө бириктирип эле турбастан, жалпы уйкашты сактоого жардам берет. Мисалдардан көрүнүп тургандай, тууранды сөздөрдүн кайталанышындагы окшош тыбыштардын строфада вертикалдык да, горизонталдык да абалда катар жайгашышы ырдын көркөмдүүлүгүн, элестүүлүгүн жакшыртып, бир бүтүндүктө коштоду.

Жыйнтыктап келгенде, тууранды сөздөрдүн кайталоо ыкмасында сап аралык, строфа аралык же эпизоддор аралык келиши эпостун тексттинде арбын учурайт. Бул учурда кайталоо эпостун эпизоддук бөлүктөрүн тыгыз байланыштырып, анын дабыштык угумдуулугун, кооздугун, көркөмдүүлүгүн арттырып, эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүн күчөтөт.

Адабияттар:

1. Розенталь Д.Э., Теленкова М.А. «Словарь-справочник лингвистических терминов» -М., 1974
2. Кожоева Г. Кайталоону стилистикалык каражат катары сыпаттоо. Автореф. ф.и.к. –Б., 2012
3. Кырбашев К. «Манас» эпосунун стили. –Ф., «Илим», 1983
4. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин морфологиялык жана синтаксистик стилистика. 3-китеп –Б., 2001
5. Усубалиев Б. Антонимдер жана аларды окутуу. – Ф., «Мектеп», 1987
6. Оморов А., Осмонова Н. Лингвистикалык терминдердин сөздүк –справочниги. Бишкек – Жалалабат – 2004.
7. Юдахин К Кыргызча-орусча сөздүк. – М., «Советская энциклопедия басмасы», 1965
8. Маразыков Т. Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар. 3-китеп. –Б., «Бийиктик», 2005
9. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Морфологиялык жана синтаксистик стилистика 3-китеп (Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби) –Б., 2001
10. Орозбаков С. Манас. 1-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1978
11. Орозбаков С. Манас. 2-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1980
12. Орозбаков С. Манас. 3-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1981
13. Орозбаков С. Манас. 4-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1982

АДАМДАРДЫН СЫРТКЫ КЕБЕТЕ-КЕШПИРИН ТУЮНДУРГАН ЭЛЕС ТУУРАНДЫЛАР

Бешкемпирова А. И.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК 413.0: 415.0

Элес тууранды сөздөр деп жандуу, жансыз заттардын кыймыл-аракетин, ал-абалын, келбет-көрүнүшүн элестетип көрсөткөн сөздөр [1] болгондуктан анда элес туурандылар сыяктуу айлана-чөйрөдөгү жандуу-жансыз нерселердин көрүнүшү тууралат. Элес туурандылар табыш туурандылардан айырмаланып, көрүү сезимине негизделет. Ошондой эле элес тууранды сөздөр маанилик жактан табыш тууранды сөздөргө караганда татаал келет, анткени, кандайдыр бир элес ичтне жиктелип бөлүштүрүлбөйт, толугу менен кандай турпатта кабылданса ошол боюнча бүтүндөй чагылдырылат [2]. Адам баласы жаратылыштын бир бөлүгү болгондуктан, алардын сырткы кебете-кешпири, көлөмү, формасы, акыл-эси, жынысы, жаш курагы ж.б. жактары менен айырмаланышат. Ошондуктан ар бир кишинин дүйнөнү кабыл алуусу ар түрдүү. Адамдын кебетесин, өңүн, чоң-кичине, толук-арык, чалыр же төкөр экенин көрүү аркылуу кабыл алабыз. Сырткы кебете-кешпирди тууроодо ошол кишинин көрүнүшүн кабыл алуудан пайда болгон ойдун, элестин ал адамдын касиеттерине дал келүүсүн чагылдыра алуу экинчи тараптагы туурап жаткан адамдын жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Адам көргөн же кабыл алган кебете-кешпирди өзү каалагандай кайра жаратып, өзгөртөт. Адатта адам бардык нерсени бүтүн, бирдиктүү, кабыл алат. Анан анын айрым элементтерин, касиеттерин териштирет. Кем болгон жерлерин толуктайт. Демек, тилде башка сөз түркүмдөрү сыяктуу пикир алышууда ойду образдуу, экспрессивдүү-эмоционалдуу туюндурууда тууранды сөздөрдүн табияты жогорудагы сөз болуп жаткан кебете-кешпирди берүүдө көп кырдуу касиетке ээ боло алаары шексиз.

Кылыч тийип колуна
Чолойгону дагы бар
Шыпыра чаап кулагын
Молойгону дагы бар
Найза тийип көзүнө
Олойгону дагы бар
Чоюн баш тийип мурдуна
Былчыйганы дагы бар.
Союл тийип ууртуна
Чулчуйганы дагы бар.
Айбалта тийип кашына
Алжайганы дагы бар,
Кара бою жарадар
Калжайганы дагы бар.
Шашкеде келип урушуп
Түш эңкейген чагы бар. (2.88.)

[1] Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / түз. А.А.Акматалиев, С.Мусаев. – Бишкек: “AVRASYA PRESS” 2010. 469-б
[2] Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. –Б., 1997. 265-б

Жоокерчилик мезгилдеги кыргын-чапкындагы кебете-кешпирди сүрөттөө менен манасчы ошол доорду көз алдыга жандуу тартып берген. Ал жандуулукту колдонулган курал-жарактар далилдеп тургансыйт. Эгерде 19-кылымдан бери болгон тарыхты көз алдыга чагылдырган тарыхый чыгармаларды карап көрсөк, аларда жогорудагы чоюн баш, найза, айбалта, айбалка өңдүү куралдардын дээрлик колдонулбаганын көрүүгө болот. Текстте берилген **чолой, олой, молой, чулчуй, былчый, алжай, калжай** элес тууранды лексемалар чабыш болгондон кийинки каармандардын сырткы кебете-кешпиринин гармониясын түзүп, градациялык ыкмада келди. Берилген текстте элес тууранды образдуу, экспрессивдүү, эмоцияналдуу берилип, колунан, көзүнөн айрылган, бети-башынан тамтык калбаган жоокерлердин элеси тартылды.

Чындыгында логикалык бир алкакка сыйбаган тууранды микро тексттин ичинде келгенде түрдүү маанини жаратып, өзүнүн тулку боюна ар кандай маалыматты батырган. Башкача айтканда, кебете-кешпирдин оң, терс көрүнүшүнүн топтомунан турбастан, бейтарап көрүнүштү да туюндурган. Мисалы,

Аккула ат менен болкоюп,
Арстан эр кырда золкоюп,
Адамы жок жер эле,
Арстан Алмаң арбайып,
Аралдан чыкты далдайып,
Каруу- жарак карк алтын,
Келе жатыр калдайып. (299-б).2-к
Ай тамагын кылайтып,
Ак булчуңун булайтып (85-бет) 4-к

Бул контексттеги **арбай, дардай, булай** туурандыларды чылгый оң же терс баада келди деп айтуу кыйын. Көрүнүп тургандай адамдын же каармандын ошол учурдагы абалы, маанайы көрүнүшүнө жуурулушуп, элес туурандылардын семантикасы ар түстүү боёкторго ээ болуп турат. Адамдын кебете-кешпирин сыпаттап келген мындай тилдик каражаттарды биз тилде калыптанып калган салттуу ыкмага салып, оң маанайдагы кебете-кешпирди туюндурган жана терс маанайдагы кебете-кешпирди туюндурган элес туурандылар деп экиге бөлүп карадык.

Оң маанайды туюндурган элес туурандылар

Нарктуу, зор, күчтүү көрүнүштө кебете-кешпирди билдирген элес туурандылар

1. Туучунак менен болкоюп,
2. Ол сөздү айтып болкоюп,

Абаңыз Жакып золкоюп,
Атына минип алыптыр (1. 180.)

Абакеңиз эр Кошой
Жатып берди солкоюп
Узунунан узарып,
Арстандай көзү кызарып. (3.216.)

3. Калдайган колду көргөндө
Айран азыр калыптыр (2.39.)

Болпоюп, момун, бийик, өтө чоң, алибеттүү көрүнүштө болуу маанилерин туюндурган биринчи, экинчи сүйлөмдөгү *болкой, золкой* туурандылар Жакып менен Кошойдун сырткы кебетесин берүүдө алп баатырлардын элесин берди. Ошондой эле, золкой, солкой лексемалары тыбыштык жактан бирде «з», бирде «с» тыбышы менен алмашылып берилди. Бул эпостун оозеки айтуу үлгүсүнө жаткан көрүнүш. Кийинки мисалдагы *калдай* өтө көп, көлөмдүү болуп көрүнүү семантикасын туюндуруп, Үч Турпанды жердеген, урушуп адам жеңбеген Каар аярдын баласы Култаң менен Текес кан биригип кыргызга каршы турганда Манас өзү баштап азар түмөн кол менен Бай Жакыптын кызыл туусун желбиретип кирип келгенде Текес Култаңдын кардын жарып, өзүн-өзү сайып өлтүрөт. Манас калың элге тийбей, калмак элин чогултуп Текес кандын

иниси Темирдин Тейиш аттуу баласын кан көтөрөт. Бул жерде оң маанай кызыл кыргын болуп, кан төгүлбөстөн калдайган жоокерлердин сүрүнөн калмак башчылары өздөрүн-өздөрү өлтүрүшүп, эли аман калышы. *Калдай* эпосто психологиялык чабуул жасаган лексема катары негизги орунга чыгып, эпостун эстетикалык татымын жогорулатып турат.

Сүйүнгөн, кубанган кебете-кешпир маанилерин билдирген элес туурандылар

Адам баласынын бардык эмоциясы, ички сезимдери, маанайы ж.б. жагдайлары өзүнүн айланасында болуп жаткан таасирлерге жараша түрдүүчө өзгөрүп, бир калыпта болбойт. Ал коомдо, жаратылышта, айлана-чөйрөдө ар бир окуяларга, кубулуштарга карата ички сезимдерин ар кандай жолдор менен билдирет. Бирок ошолордун ичинен кебете-кешпирди билдирген элес туурандылар өтмө, көп маанилүүлүктү билдирип келип, терең иликтөөнү талап кылат.

1. Жандары тирүү калганга,
Жаркырап кымкап алганга,
Соодагердей кампайып,
Тонду артынып дампайып,
Жолго түшүп тампайып
Туйгун Манас баатырдан
Кутулдукпу шүк дешип. (4. 32.)

2. Алты жүз мешке куйдурган
Алып келген кымызды
Аксакал бою балкышып,
Аны ичкен соң карпаңдап
Аңгемени кылышты. (2.19.)

3.Күлүк тийди колго деп,
Жакшы болду жолго деп,
Күдүңдөгөн андан көп. (4.77.)

Биринчи сүйлөмдө алты кан жөнөткөн элчилерди Манастын колу тосуп, аскелери добул кагып, алты күн сый-урмат көргөзүп тосуп алып, кайра аттап-тондоп жөнөткөн Манастын айкөлдүгүнө, арстандыгына, күчтүүлүгүнө, сүрүнө таң калган элчилердин баштары аман калгандарына сүйүнүп, кубангандары *кампай* элес тууранды менен берилип, Манастын сыйына ыраазы болгондой, кубангандай, көңүлдөрү көтөрүнкү маанайды берди. Кампай- өзүнүн маанисинде чоң, чыңалып турган көрүнүштө болуу, өзүн жогору сезип көтөрүлүү, мактануу маанилерин берет[1].

Экинчи подтекстте Жакып элди чогултуп, Алтайдан Анжиянга көчөлү деген сөзүнө Манас каршы чыгып, атамдан калган жерди алдырып аңкайып жатып албаймын, кыргыз уулу болгон соң жерди алдырып, кыяматта жүргөнчө кытайды чабалы деп айтып, элүүчө жылкы сойдуруп сары казы, жал берип, кымызга чайкап бал берип, элди таратат. Ошондо кымыз ичип алагүү болуп карпаңдаган карылардын барпаң-барпаң этип, барпаландаган көрүнүштө болгон элесин, кебете-кешпирин берет. Үчүнчүсүндө Манас Бээжинге чоң чабуулга жөнөгөндө өзүнүн баккан жылкыларын колго, элге берип, кош башына бир байтал коштоп союп алгыла, кытайдан кырылып, Бээжинден кыргын тапсак чылбыры тутам бул малдын мага чын дүйнөдө тийер кереги жок деп малын тараткан окуяда колдоруна тийген энчиге өз ичинен кубанган, шаттанган сүйүнгөн элес, абал *күдүң* лексема менен берилди.

Терс маанайдагы кебете-кешпирди туюндурган элес туурандылар

Үтүрөңдөгөн, кыйынсынган, текеберленүүнү билгизүүчү элес туурандылар

Адамдардын кулк-мүнөзү, кылган иш аракети, адамдарга жасаган мамилеси, баскан-турган кылык-жоругу башка адамдар менен карым-катнаш жасашында оң жана терс экени көрүнөт. «Терс эмоцияны туюндурган сөздөрдүн маанилеринин ар

[1] Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / түз. А.А.Акматалиев, С.Мусаев. – Бишкек: “AVRASYA PRESS” 2010. 622-б

тараптуулугу, көп маанилүүлүгү, ар түрдүү кептик терс кырдаалдарды жаратуусу менен кадыресе маанилерден кескин айырмаланат. Алардын табиятын билүү адамдагы кеп маданиятынын канчалык деңгээлде өнүккөндүгүн аныктайт, анткени терс эмоцияларды чагылтууда кайсы тилдик бирдикти пайдаланса, анын кеби же сүйлөшү экинчи тараптын сезимине түз таасир берерин аңдап-таанып, ошол терс боёктуу сөздөрдү орду менен колдонууга аракет жасайт.»[1] Терс маанинин туюндурган элес туурандылар турушу менен эле эмоциялык-баалоо сапатына ээ. Себеби көпчүлүк учурда терс эмоцияны берген туурандылар жактырбоо, тоготпоо, кыйынсынуу, кемсинтүү маанилерин жаратат. Мисалы,

Калмактардын Күлдүрү,
Атка минип эрбейген,
Найза кармап сербейген,
Адаммын деп дердейген.
Азаматтан калбасын (2. 25.)
Жаалы чыгып сөзүнөн,
Жалын чыгып көзүнөн
Арстан Көкчөм, сен болсоң,
Лапшыйган аюу мен болсом,
Аныктап арбак урган го
Корооңдо болгон коңшуңа
Коржоңдогон капырсың! (2. 262.)
Көзү кетти чекчейип,
Көкүрөк жүнү сексейип.
Сакалы кетти түпсүйүп,
Чачы кетти үксүйүп.
Үтүгүнө шоодай деп,
Өтүрөңдүп бу капыр.(3.123.)

Биринчи сүйлөмдөгү *дердей* лексемасы дайым терс маанайды жараткан, кыйынсынган, бой көтөргөн, таноосу көөп көтөрүнкү абалдагы көрүнүштү элестетет. Дердеңде – таноонун ачылып, жабылып андан да күчөтүлгөн менменсинүү кебетесин берет. Экинчи мисалда Көкчөнүн тегерегиндегилер Алмамбетке ичтери тарып, Акеркечти алууга Алмамбеттин көңүлү бар деп, бузукулук кылышып Көкчө экөөнүн ортосуна от жагышат. Контексттеги *лапшый* лексемасы өтө чоң, сүйкүмү жок келишимсиз кебете-кешпирди билдирет. Бирок, контекстте чоң көлөмдү түшүндүрүү менен ал прагматикалык (өтмө) мааниге жылышып, Алмамбеттин айкөлдүгү, акылмандыгы, ашкан баатырлыгы айтылып, оң маани берилип, Көкчөгө карата сен ойлогондой акылсыз мен эмес деген эскертүү саптын акырына коюлган илеп белгиси менен туюнтулуп жатат. Ал эми *коржоң* сөзү терс маанини туюнткан чакчаңдаган, тоң моюнданган, тоңдоосундук кылган көөдөнү жок Көкчөнүн акылы азыраак экени Алмамбетке кылган мамилесинен, кебете-кешпиринен көрүндү.

Үчүнчү сүйлөмдө Жолойдун ашта казандагы этти жемекке ниети бузулуп турган кебете-кешпири *чекчей, сексей, түксүй, үксүй* деп сырткы кебетесинин улам бир жерин ачкан сүрөттөө жогорулап келип, Жолойдун ичине батпай калган терс эмоциясы *үтүрөң* элес туурандыга жутулуп, кабагы бүркөлүп, түйүлүп, түнөрүп, ачууланып, өзүн-өзү токтото албай уруш чыгарып үтүрөңдөшү берилди. Жогорудагы саналып берилген элес туурандылар Жолойдун образын терең ачууда негизги каражат болуп бере алды.

[1] Кошматова Ж. Т. Касымбековдун «Сынган Кылыч» романындагы терс эмоцияны билдирген тилдик бирдиктердин семантикалык топтору. –Б.,2011. 22-б

Жыйынтыктап келсек жогорку тексттердеги ой өзөгүн түзгөн элес алкагын аныктаган лексемалар көркөм сөздүн ички талабына, башкача айтканда, уйкаштыкка, ыргакка гана сыйдырылып ылайыкталгандай көрүнгөнү менен, терең карай келсек ал эпостун ички түзүлүшү, курулушу, маани-мазмунунда бузулгус бир логикага баш ийдирилгенин баамдайбыз.

Адабияттар:

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. –Б., 1997
2. Кудайбергенов С. Элестүү этиштер. «Илим» басмасы, -Ф., 1981
3. Кошматова Ж. Т. Касымбековдун «Сынган Кылыч» романындагы терс эмоцияны билдирген тилдик бирдиктердин семантикалык топтору. –Б.,2011
4. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / түз. А.А.Акматалиев, С.Мусаев. – Бишкек: “AVRASYA PRESS” 2010
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф., 1969
6. Орозбаков С. Манас. 1-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1978
7. Орозбаков С. Манас. 2-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1980
8. Орозбаков С. Манас. 3-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1981
9. Орозбаков С. Манас. 4-китеп, –Ф., «Кыргызстан», 1982

НОВОМЕТОДНЫЕ ШКОЛЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ И ТАТАРЫ ПРОСВЕТИТЕЛИ

Бикбулатова А.Р.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК.947.1/.9 (575.2)

На территории Кыргызстана в конце XIX начале XX века дети местных жителей получали начальное образование в религиозных мектебах. Обучение проводилось по старому методу и называлось «усули –кадим». В этих мектебах обучали в основном религиозным дисциплинам. Развитие товарно-денежных отношений, новое экономическое развитие требовала специалистов со знанием светских дисциплин.

У истоков религиозного движения «джадидизм» стояли татары и башкиры. Они считали, что для реформирования общества необходимо преподавать в мектебах светские дисциплины. Таким образом, появляются «усули-джадид» мектебы с новым методом обучения.

По данным исследователя дореволюционных школ в Кыргызстане Д. Айтмамбетова на территории Кыргызстана новометодные школы появились к началу XXв. К началу 1901-1902гг. было три школы в г.Пржевальске, две школы в Пишпеке и одна школа в городе Токмак. Несколько позже появились новометодные мектебы и в таких отдаленных местностях, как Чон-Кемин, Кочкор и дальше, в глубине Тянь-Шаня- в Куртке, на берегу Иссык-куля – в Тоне и других местах. [1].

Аида Кубатова в своей монографии «Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы (1900-1916) попыталась более шире проанализировать и дать список мектебов с новым методом обучения до Октябрьской революции на территории Кыргызстана. Она отмечает, что в Туркестане насчитывалось около ста новометодных мектебов. Из них тридцать на территории Кыргызстана. Данное количество школ, она считает результатом деятельности джадидистов[2]. Остановимся на более известных из них.

В конце XIX века Токмак из-за своего выгодного географического расположения был центром торговли и ремесла. Он связывал города Чуйской долины с городами побережья Иссык-Куля. Здесь проживали выходцы со всего Туркестана, татары и башкиры из Приволжья, выходцы из северо-западных провинций Китая, уйгуры и

узбеки. В числе жителей Токмака были и осевшие кыргызы. Появившиеся товарно-денежные отношения служили хорошим стимулом для получения образования. В 1898 году в городе Токмак татары купцы впервые открыли школу с новым методом обучения[3].

Для продолжения образования в этом же городе в 1902 году открывается знаменитое медресе «Экбаль». В медресе получали образование дети разных национальностей. Так, например, 1908 г. в этом медресе обучалось татар-36, узбеков-30, дунган- 9, кашгарцев -5, а киргызов-200. Количество учителей было 8. Окончившим курс медресе «Экбаль» выдавали дипломы на татарском языке. В «Экбаль обучение было рассчитано на 4 года, учащиеся занимались в трех классах. В медресе наравне с религиозным образованием учащиеся получали и знания по анатомии, географии и др. т.е. светское образование. Постепенно медресе «Экбаль» в Токмаке сделался центром подготовки мусульманских деятелей для всего Северного Кыргызстана. Здесь получили образование многие учителя местных мектебов. Здесь же учились те, которые в последующем поступали в учебные заведения Казани, Уфы, Оренбурга.

Как было сказано выше, в городе Каракол 1901-1902годах было три школы с новым методом обучения. Одна из первых школ с новым методом обучения была при татарской мечети. История этой мечети связан с именем Мухтурулла Баширова. В 1840-году по направлению Казанского муфтията он был направлен в город Верный, он был известен своей набожностью. В 1850-году он перебрался в город Каракол и остался жить. По его инициативе в 1878 году на средства местных жителей и татарских купцов, в городе Каракол было начато строительство татарской мечети. Строительство мечети было завершено в 1887 году. При мечети создается мектеб для мальчиков. Начиная с 1901 года обучение в мектебе велось по новому методу.

При мечети также было открыто медресе, где получали образование дети горожан. В медресе в 90 гг. XIX века начали преподавать светские дисциплины. В это время там работал переехавший из Казани со своей семьей Мужабиров Шакир мулла. У него получили образование Иманалы Эркебаев, Абдылда Арыстанов, Ыбырай Абдрахманов, Иса Чокморов, и др. которые в последующие годы стали известными просветителями в регионе[4].

По данным исследователя А.П. Яркова по национальному составу: 31 узбек, 20 дунган, 10 татар, обучались в мектебе. Вмедресе обучалось всего 130 учеников из них 77 татары, 28 кыргызов, 24 дунганина [5].

Кроме этого в городе Каракол была еще одна школа-дунганская, в которой обучали по новому методу.

В Пишпеке при татарской мечети существовала мужская новометодная школа. По данным исследователя А. Осмонкулова новый метод обучения в ней был введен в 1902году[6].

В 1912-1914гг. здесь обучалось 120 человек. 30 из них татары, а остальные кыргызы и узбеки. Обучение во всех отделениях велось на татарском языке[7].

В 1910 г. в г. Пишпеке был открыт второй мужской однокласный мектеб с тремя отделениями. В котором обучалось 60 учеников. Мектеб называли «Ильяс мектеби», обучение в котором велось по новому методу[8].

Третьим в Пишпеке был женский новометодный мектеб. Он был открыт в 1909 году. В 1912-1914гг. училось 70 девушек. По национальному составу 50 из них были татарки, 20- кыргызски. Учителями в этой школе были татарки, получившие образование в женских мектебах городов Казань и Уфа. Программа женского мектеба не отличалась от программы мужского, единственным отличием был предмет рукоделие. С каждым годом желающих обучаться в этом мектебе росло. К 1917 году в двух классах (с 6 отделениями) училось уже 180 учениц.

В городе Ош до Октябрьской революции (1917г.) было два мектеба с новым методом обучения. Одна из них была открыта в 1910 году под руководством Фазылбека Касымова. Известно, что в нем обучались и девочки. В новометодном мектебе расположенном в Кара-Суу обучалось около 20 учащихся. В целом по данным 2014 года, в этих двух мектебах обучалось 100 учащихся[9].

В распространении новометодных мектебов, в просветительской деятельности активное участие принимали местные баи, манапы. Многие из них проявляли истинную заботу о своем народе. Часто на свои средства открывали мектебы, приглашали учителей. Один из них, Шабдан Жантай уулу (1839-1912). Он на свои средства в Кемине в селе Тар-Суу открыл медресе. В этом медресе обучались ученики из Кочкора, Жумгала и Чуйской долины. Медресе располагалась на левом берегу реки Чон-Кемин, и называлась «Шабдания». В наши дни от этого медресе остались лишь руины[10].

Если первым шагом в движении джадидизма было реформирование системы образования, внедрение в систему образования «Усули джадид»-нового метода, то вторым шагом джадидских просветителей было обучение взрослого мусульманского населения с помощью периодической печати и новой мусульманской литературы .Джадидисты в своих произведениях обращались к произведениям западных мыслителей. Их волновали вопросы гуманизма, прогресса, воспитания, и т.д.

Как известно И. Гаспринский, имел свою типографию и издавал книги для учащихся мектебов, медресе, взрослых передовую литературу на татарском языке. Он издавал газету «Тержиман», которая в Средней Азии появилась в начале 1890 г. Целью газеты было объединение мусульман, обсуждение проблем просвещения, а также создание «единого языка» основанного на объединении языков среднеазиатских народов с языками народов проживающих на Босфоре и на побережьях Адриатики[11].

До окраин Кыргызстана доходили газеты «Юлдуз»,«Баян-Ульхак», (Казань), «Вакт», «Маглюбат» (Оренбург), «Идель» (Астрахань), «Тержиман» (Крым), «Ульфет» (Петербург). В 1909 году руководитель русско-туземной школы Ат-Баши в своем отчете инспектору народного образования Жети-Суйской области пишет о получении местного населения газеты «Вакт».

Некоторые номера газеты «Вакт», и другая литература были обнаружены и изъяты в г. Ош во время обыска у местного жителя[12].

В 1913 году создается казахской интеллигенцией организация «Алаш Ордо». Они начали издание газеты «Казак». Главным редактором газеты был АхметБайтурсунов, он собрал вокруг себя талантливых поэтов и писателей своего времени. Он отражал в своей газете реформистские идеи направленные на повышение культурного уровня населения. Они выступали против переселенцев из России, которые отбирали плодородные земли у местного населения. В этой газете работал и И. Арабаев, он внес свой посильный вклад в работу газеты.В 1913-1914гг они не раз были закрыты. Лишь в 1918 году газета полностью прекратила свою деятельность.

В Чон-Кемине в медресе «Шабдания» получали газету «Ак-Жол» из Оренбурга.

Не смотря на то, что все эти издания периодической печати издавались в разных городах они доходили до Кыргызстана. Корреспондент газеты «Семиреченские областные ведомости» отражая в своем материале трехлетнюю (1886-1888) деятельность почтового отделения г. Токмак пишет, что через почтовое отделение прошли 5570, за семь лет 93330 газеты. Также известно, что через почтовое отделение г. Ош за 1913 было получено газет 78 наименований в количестве 81795[13].

Все выше перечисленные издания периодической печати издаваемые в разных городах джадидистами за короткий срок смогли оказать огромное влияние на сознание

народа и способствовали распространению прогрессивной идеи джадизма по реформированию общества.

Таким образом, движение джадидизма зарождается в среде татарской интеллигенции и распространяется на всей территории Центральной Азии, в том числе и среди кыргызов. Распространителями этого движения были татары просветители, они часто на свои средства открывали мектебы, так как они считали, для изменения общества необходимо бороться «за умы» будущего поколения, начать обучать детей с раннего возраста светским дисциплинам т.е. ставили своей целью обучение молодого поколения.

«Кыргыз романы: кербен жол жана туюктар» деген экинчи бөлүмүндөгү үч макалада автор XX кылымдын 80-жылдарындагы кыргыз романынын өнүгүүсү жөнүндө кеп кылат. Биринчи макалада К.Каимовдун «Акырын күтпө» романы, К.Сактановдун «Абат дүйнө» романы сөзгө алынат. Экинчи макалада Ө.Даникеевдин «Көкөй кести» романы, С.Өмүрбаевдин «Бороондуу күндөр», «Көк жайык», «Өзгөргөн өрөөн» романдары, Ш.Абдрамановдун «Күлазык» романы, К.Ашымбаевдин «Интергельпо» романы тууралуу кеп болот. Үчүнчү макалада Ш.Бейшеналиевдин «Болот калем» романы кеңири каралат. Окумуштуу адаттагыдай эле өзүнүн илимий көрөңгөсүнө жана ички туюмуна таянуу менен аталган чыгармаларга баа берет. Алсак, К.Каимовдун романы туурасында «...кылмыштын ички кыймылын көрсөтүүдө автор экинчиликтен, кайталамадан, сюжеттик калыптардан чыга албай калган...» [3, 87-б.], К.Сактановдун романына карата «...адамдардын ички дүйнөсүндөгү татаал, кескин өзгөрүштөрдүн ордуна эч нерсеге арзыбаган жеңил баа окуялардын эффектисине алданып, ошонун кызуусу менен реалдуу турмушту бир беткей, үстүртөн каралоонун жолуна түшкөн» [3, 93-б.], Ө.Даникеевдин көркөм туундусу жөнүндө «...кыргыз романынын активинде, оң флангасында турган чыгармалардын катарында турат, ал өзүнүн адамга, реалдуу турмушка болгон көркөмдүк мамилеси менен улуттук романдын жаңы жолдорун ачып жаткан жаңычыл чыгармалардын тобуна кошулат...» [3, 100-б.], С.Өмүрбаевдин романдарына болсо «(Эски чыгармасын бир аз жаңылап кайрадан чыгара берүү, чынында, кыргыз жазуучуларында көп эле кездешет)» [3, 102-б.], Ш.Абдрамановдун романы боюнча «...реалдуу турмуштук материал ...романдык ой жүгүртүүнүн негизинде көркөм чындыкка айланбай...» калган [3, 104-б.], К.Ашымбаевдин чыгармасына карата «Сөз чынынан бузулбайт, «Интергельпо» романында топтолгон турмуштук материалдар, ар түрдүү тарыхый фактылар, окуялар, ошондой эле адамдардын биографиясы романдык формада реализациялоонун деңгээлине көтөрүлө албай жатат» [3, 108-б.], Ш.Бейшеналиевдин романын кеңири талдоого алып, ал боюнча «...автор ...фундаменталдуу негизден алыстап, сүрөттөөдөгү бир беткейликке, кастарлап жасалгалоого ооп кеткен» деген бааларын ортого салат. Көрүнүп тургандай, бир канча чоң-чоң чыгармалардан жалгыз гана Ө.Даникеевдин «Көкөй кести» романы адабиятчынын купулуна толуп, ага жогору баа ыйгарылат. Кептин туурасын айтсак, бул чыгарма бийик баага татыктуу көркөм дөөлөт экени, көркөм баалуулук катары касиет-сапаттарга ээ экени шексиз. Мындан биз К.Асаналиев адабиятчы, сынчы катары көркөмдүк сезим-туюму жогору, эстетикалык табити бийик, көркөм дөөлөттөргө, баалуулуктарга чыныгы бийик талаптарды коё билген нукура илимпоз инсан болгондугуна дагы бир жолу ынандык.

Жыйнактын үчүнчү бөлүмү толугу менен Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналып, ага «Кыргыз эпосунун жаңы доору» деген аталыш берилген. Эгерде адабияттык-теориялык билими чектелүү адам бул макаланы үстүрт баректап чыкса, анда теманы эпоско байланыштуу коюптур, бирок эмнегедир Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына басымдуу орун бериптир, бул эмнеси деген суроого такалары бышык. Иштин жөнү көркөм адабияттагы баяндоочу формалар жалпысынан эпос деп аталганында жатат.

Айталы, «Литературный энциклопедический словарда» момундай аныктама бар: «Эпос (грек. epos – сөз, баяндоо, аңгеме), 1) лирика жана драма менен катар ажыратылуучу адабияттык тек, жомок, уламыш, баатырдык эпостун түрлөрү, эпопея, эпикалык поэма, повесть, аңгеме, новелла, роман, очерктин айрым түрлөрү менен берилген» [4, 513-б.]. М.Борбугуловдун «Адабият теориясы» деген эмгегинде эпоско

өзүнчө тема арналып, анда эпикалык тектин жогорку аныктамада эскерилген түрлөрүнүн көбүнө кеңири мүнөздөмө берилип кетет [5,394-432-бб.]. Орус адабиятчысы В.Е.Хализевдин «Теория литературы» аттуу китебинде эпос тууралуу «Адабияттын эпикалык тегинде *(бай. -гр.* epos – сөз, кеп) чыгарманын уюштуруучу башталмасы кейипкерлер (аракеттенүүчү адамдар), алардын тагдырлары, жосундары, акыл маанайлары жөнүндө, алардын турмушундагы сюжет түзүүчү окуялар жөнүндө баяндоо болуп саналат. Бул – сөздүк билдирүүлөрдүн чынжыры, же, жөнөкөй айтканда, мурда болуп өткөндөр тууралуу аңгеме» [6, 298-б.] деп айтылат. К.Асаналиев менен Р.Кыдырбаева «Көркөм адабияттагы баяндоочу түрүн да эпос деп коюшат. Баяндоочу адабияттын, эпикалык түрдүн негизгилери: роман, повесть, аңгеме, новелла, көркөм очерк болуп эсептелет» [7, 566-б.] дешет. Ошентип, эпос адабий-теориялык түшүнүгүнүн арымы, чабыты өтө кеңири.

К.Асаналиевдин Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы жөнүндө макаласына жогорку аталышты ыйгарганынын жөнү мына ушунда. Ч.Айтматовдун адабий ишмердик жылдары чындыгында эле «кыргыз эпосунун жаңы доору» болуп калды. Окумуштуунун бул аныктамасы зор жүк көтөрүп турат. XX кылымдын экинчи жарымынан XXI кылымдын башына (Ч.Айтматовдун көзү өткөнгө) чейинки мезгил үзүмү жеке эле кыргыз адабияты менен совет адабиятында гана эмес, дүйнөлүк адабиятта да Ч.Айтматовдун «арааны» жүрүп турбадыбы. Ырас, акыркы он жылдыктарда Айтматов негизинен Европада кеңири белгилүүлүккө ээ болуп турду. Ошол эле учурда мекенинде да анын чыгармачылыгына кызыгуу артып турбадыбы. Ырасында да ал мындай бийик деңгээлге советтик мезгилде, совет өлкөсүндө жеткени талашсыз чындык.

«Көркөм нарк» жыйнагынын үчүнчү бөлүмүндө, жогоруда айтылгандай, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы тууралуу сөз болот. Мында негизинен «Жамийла» повести менен «Кыямат» романы баалуулуктук аспектиде талданып, алардын адабий-эстетикалык наркы, куну аныкталат. Окумуштуунун ушундай өңүттө талдоо кылуусу бекеринен эмес. «Жамийла» повести кылымдын ортосунда Ч.Айтматовду дүйнөлүк масштабдагы сүрөткер катары таанытkан. Ал эми «Кыямат» романы жазуучунун мындай беделин кылымдын аягына жакын дагы бир жолу ырастаган. Анан да эки чыгарма тең калемгердин советтик мезгилдеги чыгармачылыгынын жемиштери. К.Асаналиев биринчи көркөм туунду жөнүндө «Ч.Айтматовдун «Жамийла» повести менен улуттук сөз искусствосунун жаңы мезгилин, жаңы мейкиндиктерин ачуу доору башталды, тагыраак айтканда, кыргыз эпосунун жаңы доору башталды» [3, 138-139-бб.] деген пикирин айтат. Ал эми экинчиси («Кыямат») туурасында «...бийик реализм менен байыркы эпостун табийгы түрдө айкалышкан көркөм синтезинин натыйжасында жаңы көркөмдүк мыйзамдар, жаңы өлчөм-ченемдер, критерийлер жаралат, байыркы эпос өзүнүн эстетикалык жаңы дооруна өтөт, реализм болсо мурда өнүкпөгөн, тымызын, дымып жаткан сапаттарын күчүнө келтирет» [3, 170-б.] деген жыйынтык чыгарат.

Албетте, нукура окумуштуу катары К.Асаналиев маселенин маңызын кылдат баамдап, туура жыйынтыкка келген. Бирок, ал мындай тыянактарга келүүдө кандай критерийлерге таянганы тууралуу конкреттүү айтып бербейт. Аларды жыйнактын тулкусунан кадала отуруп гана издеп табууга болот. Адабиятчынын көркөм дөөлөттөргө баа берүүдөгү негизги критерийи алардын «эң биринчиден, искусство болуп жаралуусу...» [3, 128-б.]. Өзү айткан ушул чен-өлчөмгө бирок, окумуштуу түшүндүрмө бербейт, чечмелебейт. Эгер маселенин ушул жагын чечмелеп берген болсо, анда жалпы эле көркөм адабий туундулардын көркөм баалуулуктук, дөөлөттүк нарк-насилин аныктоо ишине чоң тактык киргизмек эле. Муну менен XX кылымдагы

кыргыз адабиятында жаратылган көркөм туундуларды баалуулуктук аспектиден талдоо, баалоо жумушуна чоң жеңилдик апкелмек.

Ырасында эле «Жамийла» менен «Кыямат» классикалык көркөм дөөлөттөр катары чыныгы бааларын, наркын эскиртпестен, тескерисинче, азыр алардын тулкусундагы адамзаттык баалуулуктар - Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук ж.б. жөнүндө б.а., тереңде катылып жаткан философиялык ойлорду, идеяларды ачып берүү маселеси алдыга коюлуп отурат. Нукура көркөм дөөлөттөр ошентип, мезгил арылаган сайын жаңы кыры ачыла берген касиетке ээ болушат. К.Асаналиев окумуштуу, адабиятчы, сынчы катары көркөм нарктын ушундай касиет-сапатын алдыртан туя алган мына ушундай жөндөмдүүлүккө ээ болчу.

Адабияттар:

1. Кыргыз адабият таануу илимий жана сыны. 2-том. – Бишкек: 2005. – 720 б.
2. Садыков А. Кыргыз залкарлары. 5-том. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 276 б.
3. Асаналиев К. Көркөм нарк. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 236 б.
4. Литературный энциклопедический словарь. – Москва: Советская энциклопедия, 1987. – 752 б.
5. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек: Шам, 1996. – 551 б.
6. Хализев В.Е. Теория литературы. – Москва: Высшая школа, 1999. – 410 б.
7. Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин термидер сөздүгү. – Бишкек: БИЛД, 2004. – 572 б.

УПОТРЕБЛЕНИЕ ЭВФЕМИЗМОВ В КИТАЙСКОМ, КЫРГЫЗСКОМ И РУССКОМ ЯЗЫКАХ

Жээнбаева А. С.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК: 42/49 (510/517)

Довольно часто мы находимся в ситуациях, где мы не можем называть предметы, свойства или действия по их настоящим именам. Причиной этого может являться стремление избегать коммуникативные конфликты, завуалировать суть дела; целью может быть также намерение скрыть от других то, что говорящий хочет сообщить только конкретному адресату. В таких ситуациях нам нужно найти другое средство обозначения явлений. Таким видом иносказания является эвфемизация. Эвфемизм - это «стилистически нейтральное слово или выражение, употребляемое вместо синонимичной языковой единицы, которая представляется говорящему неприличной, грубой или нетактичной».

В каждом языке есть слова, употребления которых люди интуитивно или намеренно избегают, потому что они считаются говорящими или грубыми, неприятными, или низкими, невежливыми. Поэтому люди обычно заменяют такие слова эвфемизмами. Эвфемизмы и эвфемизация являются следствием того, что люди чувствовали свою слабость перед силами природы. Суеверный страх праотцов породил на определенные слова запрет и взамен табуизированных слов создавались новые наименования. Так, в силу табу начинал развиваться древнейший пласт эвфемизмов - дозволенных наименований. Социализация человека стала причиной другой сферы использования эвфемизмов: переименования стали нужны по соображениям стыда и вежливости[14].

«Эвфемизмы - (греч. euphemismos, от ей - хорошо и phemi - говорю) - эмоционально нейтральные слова или выражения, употребляемые вместо

синонимичных им слов или выражений, представляющихся говорящему неприличными, грубыми или нетактичными»[15]. Эвфемизмами являются, например: *скончаться, отправиться к праотцам* вместо *умереть, ждать ребенка* вместо *беременна, новообразование* вместо *опухоль, рак*[2,4,9]. Однако, как напоминает В. П. Москвин, эвфемизмы все-таки оставляют возможность любому носителю языка (речь, разумеется, идет о носителях языка, для которых русский является родным) догадаться, о чем идет речь.

Другая цель эвфемизации заключается в вуалировании, камуфляже существа дела. В настоящее время эвфемизмы часто используются для того, чтобы сообщить нечто адресату таким образом, чтобы это было понятно только ему. Поэтому явление эвфемизации наблюдается в различных сферах социальной жизни человека и общества. В современных условиях наибольшее развитие получают как раз способы и средства эвфемизации, затрагивающие социально значимые темы, сферы деятельности человека, его отношений с другими людьми, с обществом, властью.

Названия животных, эвфемизированные в китайском, кыргызском и русском языках. Животных, на которых охотились, надо было обозначать описательно, так как люди считали, что прямое их именование сулило охотнику неудачу и даже смерть. Вследствие этого суеверия прямые наименования некоторых животных утратились, и только описательные, эвфемистические замены сохранились. Эвфемизмами у многих народов были названия животных. Так, исчезновение древних русских названий медведя, мыши, лисицы, жабы, оленя, зайца, а также сходных слов в ряде индоевропейских языков объясняется табуистическими запретами. Запреты возникали по разным причинам. Некоторые из животных являлись объектом охоты и были опасны для человека, например, медведь. Русское слово медведь является древним эвфемизмом - это искусственно составленное сложное слово, буквально означающая: «тот, кто ест мед». Медведь очень сильное животное, всегда был объектом охоты у славян, поэтому ему пришлось дать имя, отличающееся от первоначального. Боязнь произнести название животного иногда приводит к тому, что слово подвергается вторичному запрету. И уже не каждый на охоте произнесет слово «медведь» (бывший эвфемизм), а скажет звирь («зверь») северорусские говоры, ломака, мохнач, лесник, потапыч или даже просто он. Как отмечает Реформаторский, русское слово змея того же корня, что и земля, и змий. Обратимся к Этимологическому словарю русского языка Н.М. Шанского: «Змея - общеславянская форма женского рода к змий, суффиксальному производному от той же основы, но с перегласовкой ь/е (зьм-), что и земля. Змея буквально- земляная, ползающая по земле ». Название считается табуистическим (чтобы не накликать уксуса)». По словам Д. Зеленина, в языке охотников и рыбаков, по обычаю предков, змею также не называли прямым именем, а говорили о ней худая.

В китайском языке есть подобные древние эвфемизмы для замены названий опасных животных. К примеру, люди употребляют 山猫 shanmao (букв.горный кот), 大虫 dachong (букв. большой червь), 白额 baie (букв. белый лоб), 山神 shanshen (букв. горный бог) вместо прямого названия 老虎 laohu (тигр), вместо 蛇 she (змея) говорят 长虫 changchong букв. длинный червь.

В кыргызском языке встречаются эвфемизмы с названиями животных. Например, прямого наименования «карышкыр» (волк) заменяли эвфемизмами бөрү, көксерек, вместо слова «ит» люди употребляют эвфемизмы куш, көк жал, кашаба, «жылан» (змея) также не называли прямым именем, а говорили о ней түймө, камчы, азиз.

Эвфемизация лексики в различных социальных сферах общества исследуемых языков. *Тематическая сфера «смерть».* Люди всегда пытаются скрыть слово «смерть». Смерть окутана тайной, она враждебна человеку, её боятся. Во многих культурах понятие смерти издавна было табуированным и подверглось эвфемизации. Китайцы

часто эвфемизируют слова или выражения, обозначающие смерть. Это объясняется, во-первых, спецификой буддистского учения: за гранью смерти человека ждет наказание за все плохие поступки, которые он совершил при жизни (отсюда страх смерти), во-вторых, связью этого понятия с такой неприятной вещью, как болезнь, которая обычно предваряет смерть.

В словаре эвфемизмов китайского языка существует 480 единиц, обозначающих понятия, связанные со смертью. Но в реальности, в разговорной речи их насчитывается более тысячи. Приведём некоторые из них. Так, значение ‘умереть’ может дифференцироваться в зависимости от разных признаков: 1) причина смерти: обычной смертью 老了 laole (‘постареть’), 没了 meile (‘исчезнуть’), 不在了 buzaile (‘перестать здесь находиться’), 过世了 guoshile (‘прожить жизнь’), 归天了 guitianle (‘вернуться на небо’); умереть от болезни – 没治好 meizhihao (‘не вылечили’), (не спасли’), 殇 или 夭折 yaozhe – (‘про смерть в раннем возрасте’); 2) название смерти для разных классов людей (только в древнекитайском языке): 崩 beng (смерть императора), 薨 meng (смерть князя), 卒 zu (смерть сановника), 不禄 bulu (смерть чиновника).

В кыргызском языке люди по-прежнему избегают прямо называть слово «өлдү» (смерть). Поэтому это понятие передают эвфемизмами *көз жумдуу, дүйнөдөн кайтты, кайтыш болду, көзү өттү, каза болду, үзүлдү, учуп кетти, чарчады, ээсине бердик и т.д.*

Кроме этого в эпосе очень много вариантов эвфемизма: *жутуу, жалмоо, топурак басуу, кара ташты жаздануу, о дүйнөгө жөнөө, кетип калуу, түз болуу, көзү жумулуу, курман болуу, тамырын кыркуу, учуп кетүү и т.д.*

В русском языке имеется значительное количество эвфемистических выражений для тематической сферы «смерть»: скончаться, уснуть, угаснуть, уйти в мир иной, упокоиться, отдать богу душу, отправиться к праотцам и т. д. Употребляются слова тело или прах, когда речь идёт о мёртвом человеке. Во многих фольклорных и художественных произведениях описывается смерть и её характеристики. Древние люди считали, что слово «смерть» не надо произносить вслух, так как она может услышать и прийти. Традиционно в русском фольклоре смерть изображали костлявой старухой с косой. Персонифицированная смерть в сказках получает именования *курносая, гундосая,* которые тем самым заменяют прямую номинацию.*ушел от нас, его не стало* вместо *умер*; *кончина* вместо *смерть*; *летальный исход* как медицинский эвфемизм, заменяющий "слишком прямое" *смерть*, и др. Темы смерти и похорон, если эти события актуальны (либо совпадают с моментом речи, либо отделены от него небольшим промежутком времени), вербализуются почти исключительно с помощью эвфемизмов. Ср. *скончаться* и устар. и прост.*кончиться*, *усопший*, *Х-а не стало*, *нет больше с нами*; *предать земле* (но не *закопать*!). Ср. также в речи медиков: *потерять больного*, то есть допустить, чтобы больной умер, не справиться с болезнью; *дети уходят* (в значении 'умирают').

*Эвфемизация «свадебной» темы.*Социо- и психолингвистические, этнокультурные характеристики русских и китайцев отражаются в разном соотношении единиц, выбираемых с целью эвфемизации, так что количество эвфемистических групп в русском и китайском языках неодинаково: в русском сознании отсутствуют темы «свадебная лексика» и «эвфемизмы-обращения». Многие китайские слова, связанные со свадьбой, эвфемизируются (*出门chumen*‘выйти из дома’ вместо *出嫁*chujia выйти замуж’; *终身大事 zhongshendashi*‘дело всей жизни’' вместо *结 婚 jiehun*‘жениться’) в связи с некоторыми особенностями ментальности и психологии китайского народа: скромности, скрытности, интровертности. В

кыргызском языке слово «катыналды » заменяют эвфемизмом *үйлөндү, колуктуалды, акжоолуктуболду, башыэкөөболду* и т.д., вместо «кызды эрге берүү» и «уулгакатыналыпберүү» употребляют эвфемизмы *уулдуүйлөнтөм, келинчекалып берем, башынэкөөкылам, кызымдыузатам, или турмушкачыктым, уйлөнөм, үй-бүлө курам, турмуш курду, ой табышты, баш кошту, тагдырыбирикти.* Кроме этого вместо слов «катын», «катыны» используют смягчающие слова *«аял», «аялы», «жолдошу», «зайыбы», «байбичеси»,* а вместо слов *«күйөсү», «эри»* используют слово *«жолдошу».* В кыргызском языке есть слова, такие как *эрге тиеэлеккыз, эч ким сүйлөшөэлекаял и кыз,* которые относятся к женской половине. Эти слова считаются также грубыми и неприятными, поэтому их смягчают следующими эвфемизмами: *жубан, эшикачаэлек, элечекчен, башы бош.*

Эвфемизмы, выражающие физиологические процессы и состояния. И китайский, и русский языки активно используют для эвфемизации аббревиацию, что объясняется семантической неопределенностью сложносокращенных слов из-за пониженного уровня их конкретности.

В китайском языке аббревиатуры распространены шире и используются в различных функциональных стилях, что обусловлено лингвальной спецификой: за каждым иероглифом закреплены определенные значения; образование сложносокращенного слова возможно только при условии семантической редукции (сокращении доли информации, заложенной в иероглифе), например: 人流 renliu вместо полного наименования 人工流产 rengongliuchan ‘искусственный выкидыш’ ←人 ren ‘человек, взрослый, работник’; 流 liu ‘течь, плыть, распространяться, жидкий, течение’.

В русском языке вместо слова «выкидыш», употребляют словосочетания «потеряла ребенка», «не смогла сохранить ребенка».

В кыргызском языке употребляют только словосочетание «боюнантүштү».

В китайском языке по отношению к беременным женщинам вместо слова «怀孕 », употребляют 有了 ,有孩子, 受孕 ,字孕.

В кыргызском языке слово «бооз» стыдно и грубо применять по отношению беременным женщинам, это слово применяется только к животным. Поэтому вместослово «бооз» применяются слова: боюнда бар, кош бойлуу, экикабат, кош кабат, айгыоор, оорбойлуу и т.д.

В русском языке вместо словосочетания «она беременна», говорят она ждет ребенка, она в интересном положении, нас скоро станет трое и т.д.

Эвфемизмы вместо прямого наименования «проститутка»

В китайском языке вместо прямого именования *妓女 jinü*‘проститутка’: *站街女 zhanjienü*‘женщина, стоящая на улице’, *三陪女 sanpeinü*‘женщина, предлагающая услугу «тройное сопровождение»’, *按摩女 anmonü*‘массажистка’, *洗头妹 xitoumei*‘помощница по мытью головы’, *失足妇女 shizufunü*‘ оступившаяся женщина’). Внутри синонимических рядов слова и словосочетания могут дифференцироваться по трем признакам: стилистическому, эмотивному, семантическому.

В кыргызском языке вместо прямого наименования «сойку», употребляют следующие эвфемизмы: түнкү көпөлөк, көңүла чуу үчүн кыздар; но в средствах массовой информации в основном стали применять слово «сойку».

В русском языке с вуалированием, сокрытием сути даваемого сообщения связан и еще один тип объявлений - касающийся отношений между мужчинами и женщинами. Ср. следующие примеры: Молодая женщина *окажет услуги* состоятельному мужчине; Стройная, умная, молодая женщина *ищет личного спонсора*; Хочу *наказывать непослушную даму*; Юноша 20 лет *ищет наставницу* (объявления в газете "Частная

жизнь", 1992). *девушки без комплексов* (имеются в виду потенциальные проститутки), также «девушка легкого поведения».

В заключение надо отметить, что и эвфемизмы недолговечны. Времена, люди, общества и представления изменяются, и вследствие этого потребность, необходимость эвфемизации неодинаковы в разных культурах и для разных поколений. И это именно та изменчивость, которая делает исследованиеэвфемизации (и других данных выше явлений) интересным и актуальным как в области традиционной лингвистики (социолингвистики), а также когнитивной лингвистики, так и социальной психологии. В качестве перспективы нашего исследования укажем на возможность сопоставления китайских, русских работ, с кыргызскими, чтобы обнаружить как общие, универсальные элементы эвфемизации (такие наверняка найдутся), так и национально-специфические, культурно обусловленные.

Литература:

1. Ахманова, О.С. Эвфемизм/ О.С. Ахманова // Лингвистический энциклопедический словарь. - М., 1990. - 688с.
2. Дегтярева Э. и Рубан И.Эвфемизмы в русском языке - вид иносказания. Оргкомитет конкурса им. В.И. Вернадского, М., 2003
3. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Азыркыкыргызтилининининлексикологиясыжаналексикографиясы Б. «Текник» ББ., 2013
4. Крысин Л.П. Эвфемизмы в современной русской речи // Русистика. - Берлин, 1994. - № 1-2. - с.28-49.
5. Ларин, Б.А. Об эвфемизмах // Проблемы языкознания. - Л., 1961.
6. Москвин, В.П. Эвфемизмы в лексической системе современного русского языка / В.П. Москвин. - Волгоград, 1999. - 59с.
7. Саалаева Н.А. Кыргызтилиндегиадамжанажаныбарларгабайланыштуу тергөө сөздөр. Б. 2013, - 186 с.
8. Сапарбаев А. Кыргызтилининлексикологиясыжанафразеологиясы: (Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттери үчүн окуу китеби).- Б.: Кыргызстан- Сорос фонду, 1997.- 328б.
9. www.krugosvet.ru
10. Сеничкина, Е.П. Эвфемизмы русского языка: Спецкурс: Учебное пособие. - М., 2002. - 148с.
11. 李军华, 汉语委婉语研究, 中国社会科学出版社, 2010 年, 256 页.
12. 苗幽燕.苏联解体前后的俄语委婉语. 外语研究,1999, (3).
13. 徐海铭.委婉语的语用学研究.外语研究,1996,(3).
14. Вавилова Л. Н. К проблеме эвфемизации художественной речи / Л. Н. Вавилова. – Казань: Казан.гос. ун-т, 2004.
15. Лингвистический энциклопедический словарь./Под ред. Араповой Н.С. М.,1999, с.590.

К.АСАНАЛИЕВ - АЙТМАТОВ ТААНУУЧУ

Жунусалиева К.Т.

Талас мамлекеттик университети

УДК.894.341.09.

К.Асаналиев кыргыз адабият таануу илиминин, сынынын калыптанышында жана Айтматов тануу илиминин баштоочусу катарында орчундуу салым кошкон эң ири сынчы, адабиятчы, илимпоз окумуштууларыбыздын бири катары белгилүү.

Айтматовдун адабият майданына келиши, адабий жолунун башталышы кыргыз адабиятынын ошол учурдагы кырдаалын түп-тамырынан бери өзгөрткөн өзүнчө бир күтүүсүз окуя болду, башкача айтканда, окурмандардын көңүлүн өзүнө бурду. Ал тууралуу макалалар өзүбүздө гана эмес, улуттук республикалардын гезит беттеринде да пайда боло баштады. Атагы дүйнөнү дүңгүрөткөн калемгердин улам жазган чыгармалары адабиятчы, сынчылардын кызыгуусун туудуруп жатты. Натыйжада,

«Чингиз Айтматов (статьи и реценции о его творчестве)» аттуу китеп, 1979-жылы «Жазуучу жана адабий сын» аттуу китепче басмадан чыкты.

Ч.Айтматов өңдүү феномендин чыгармачылык өнөрканасынын окурмандар чөйрөсүнө анча тааныш болбогон табышмактуу сырларын, көп жактуу татаал көрүнүштөрүн илимий жактан таанып билүүнүн, үйрөнүүнүн, өздөштүрүүнүн жана жалпылоонун кыргыз адабий кыртышында бүр байлап өнүп чыккан түрүнөн башка дагы бир башка денгээлдеги формасы бар экендигин эстен чыгарууга болбойт. Айтматов таануу илиминин жергиликтүү деп аталган тармагынан тышкары да КМШ өлкөлөрүндө, жалпы дүйнөлүк масштабда да ишенимдүү түрдө жашап жатат. Ажырагыс бүтүндүктө жашап жаткан Айтматов таануу адабият жана илим чөйрөсүндө талаш-тартыштарды туудуруп келген бир топ маселелердин башын ачуу менен жазуучунун калемгерлик оригиналдуулугу менен индивидуалдуулугуна байланыштуу маселелердин чечмеленишине жол ачты.

Улуттук илимий кыртышта Айтматов таануу илиминин пайда болуу башаты, анын калыптануу жолу, азыркы абалы, өнүгүү тенденциялары жөнүндө сөз кылганыбызда, сөзсүз, биринчи болуп, К.Асаналиевдин ысымы аталат. Себеби, кыргыз адабий сыны калыптангандан бери сындын алдынкы сабында талбай активдүү эмгектенген калемгердин чыгармачылык диапозону кенен, ал адабияттын мейли фольклордук, акындар поэзиясынын жана профессионал адабияттын кандай көйгөйлүү маселелери болбосун, талбай ар түрдүү багыттагы эмгектерди жаратып келген. Ошондой болсо да изилдөөчүнүн өнөрканасында Ч.Айтматов тууралуу жазылган эмгектери, жазуучунун ар бир чыгармасына дароо көңүл буруп келгендиги баамга урунат. Ал эми 1957-жылы «Кыргыз ангемесинин айрым маселелери» (Ала-Тоо,1957,№2) аттуу макаласынан тарта 1995-жылы жарык көргөн «Ч.Айтматов кечээ жана бүгүн» аттуу китебине чейинки жазган макалаларына ырааттуулук менен кайрылып, жазуучунун калеминен жаралган уникалдуу көркөм дөөлөттөрдүн идеялык, көркөм-эстетикалык дүйнөсүнө тартылып, аларды кесипкөйлүк менен кылдат талдап, өзүнчө интерпретациялаганын окурман байкай алат. Сынчынын Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына бөтөнчө тартылып, аны изилдөөгө алуусунун обьективдүү себептери бар.

Биринчиден, жазуучунун чыгармалары курч, философиялуу, проблемалуу, реалдуу, көркөмдүк жактан чебер иштелиши, жаңыча көз карашта берүүсү окурмандын өз мамилесин билдирүүсү, пикир айтуусуна шарт тузуп туруусу; экинчиден, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук адабиятыбыздын тарыхый бир доору болуп калганын б.а. ал жөнүндө жазуу бүтүн кыргыз адабияты жөнүндө: анын кечээгиси, бүгүнкүсү, келечеги тууралуу жазуу экендигин К.Асаналиев биринчилерден болуп түшүнгөн жана бүткүл изилдөөчүлүк мүмкүнчүлүгүн мына ушул фундаменталдуу маселенин төркүнүн терең иликтеп ачып берүүгө аң-сезимдүү түрдө жумшоого киришкен», - дейт ф.и.д., профессор Л.Үкүбаева.

Айтматов да анын турмушунда чоң роль ойногон адабиятчы, сынчы К.Асаналиев болгондугу тууралуу жылуу пикирин билдирет: «Ошол тушта мен өзүмдүн жашташ курбумду, жаратылышынан сынчылык таланты бар К.Асаналиевди жолуктурдум. Аны менен адабият майданында бир катар келдик эле. Ал өзүнүн сынчылык чеберчилигин көп учурда менин чыгармаларымды талдоо менен жетилткен. К.Асаналиев мага кыргыз адабиятындагы өз ордумду түшүнүп, аңдап алууда чон таасир көрсөттү». (1)

Чындыгында эле, алигиче бир дагы китеби жарык көрө элек, бар болгону «Ала-Тоо» журналына жарыяланган үч аңгеменин авторуна төмөндөгүдөй мүнөздөмө бериши:

Ч.Айтматов ангемечи катарында өтө сараң жазуучу. Ал жай жазат, бирок ойлуу жана негиздүү жазат; Ч.Айтматовдун аңгемелери сюжет куруу боюнча, образдарды шөкөттөө боюнча кыргыз жазуучуларынын ичинен айрыкча айырмаланып турат;

Чыныгы жазуучу бул окуяны дал ушундай гана бүтүрмөк.

Бул жерде сөз үч аңгеме «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» жөнүндө гана болуп жатат. «Жаш автор», «жаш жазуучу» делбей түздөн-түз кадимки жазуучулардын кошунуна кошуп, кошкондо да чыныгы «айырмалуу», «оригиналдуу», «ойлуу», «негиздүү» сыяктанган эпитеттерди колдонуу менен мүнөздөмө берип, келечекте Айтматов өндүү жазуучунун келе тургандыгын алдын ала сезгендей андан ары сынчы жазуучунун эки аңгемесине талдоо жүргүзөт. «Түнкү сугат» ангемесинин негизги каармандары Каратай, Сабырбек, Канымгүл. Автор аңгемеде эки атаандаш мураптын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирип, андагы оң, терс сапаттардын кагылышуусу аркылуу адамдык мүнөздөрдү даана, так ачып берүүгө умтулат. Алардын ички дүйнөсү ишке жасаган ар башка мамилесинен улам ачык көрүнөт. Мүнөздөрдүн ачылышына жана курчушуна конфликт катары мураптардын райондук кенешмеси обьект болуп берет. Үчөө тең бирдей даражада окурман ишенгендей сүрөттөлөт.

«Асма көпүрө» аңгемесинин башкы каарманы Нурбектин адамдар менен болгон татаал өз ара карым-катнашын, ички ой толгоо, санаркоосун, ички дүйнөсүндөгү карама-каршылыгын иликтөөгө алуу менен жаш адамдын мүнөзүнүн калыптануусунун татаал процессин чагылдырууга бел байлаган. Өз эрки менен дың жерди өздөштүрүүгө келген жаш механик Нурбек коллективдин пикири менен эсептешпей, оозунан чыккан сөзүн иш жүзүндө көрсөтөм деп көгөрүп, айдоого кыйынчылык туудурган жан боорду түндөсү айдап, трактору ала салдырат да, эмне кылар айласын таппай качышы, Асияга жолугушу, асма көпүрөнү оңдошу сыяктуу эпизоддор кирет. Ал кыз өтүүчү көпүрөнү оңдоону өзү үчүн чоң сыноо катары эсептейт.

Сынчы Ч.Айтматовдун эки ангемесинин окуясы курч, мазмуну драмалуу, оригиналдуу экендигине көңүл бурат.

Жазуучунун «алгачкы дебьюту» болгон «Бетме-бет» повестинин кол жазмасын биринчи жолу автордун окуусунда угуп, чыгармага баа берип, анын кыргыз адабиятындагы жаңы сөз экендигин айтып, авторун кубанткан да К.Асаналиев болгон.(1)

«Бетме-бетти» жаш жазуучунун өз темасын, өз каарманын, өз ордун табууга жол ачкан адабий башталмасы деп эсептейт.

Чыгарманын башкы идеясы согуш менен адамдын бетме-бет кезигиши, б.а., Сейденин жан-дүйнөсүндөгү күрөш сүрөттөлүп, чоң реалисттик чеберчилик менен ачып бергендигин белгилейт.

Ч.Айтматовдун атагын алыска тараткан чыгармаларынын бири - «Жамийла» повести 1958-жылы «Новый мир» журналынын 8-санына басылып чыгары менен адабиятчы, сынчылардын, акын-жазуучулардын назарына түшүп, адабиятка таланттуу жазуучунун келишин кубаттап жатышты. Чыныгы талантты көрөгөчтүк менен баалап, алгачкы жылуу пикирин айтуу үлүшү казак элинин көрүнүктүү жазуучусу жана окумуштуусу, атактуу «Абай жолу» эпопеясынын автору М.Ауэзовго таандык. «Ак жолуң ачылсын» аттуу макаласында Ч.Айтматовдун повестин кыргыз, ал түгүл Орто Азия жана Казакстан адабиятынын ийгилиги катарында баалап, анын жаңылыгын баса белгилейт: «Самое отрадное и, скажем прямо, необычайное для киргизской прозы заключается для Айтматова в обрисовке людей, в показе их отношений как бы изнутри. В наших братских литературах характеры людей часто дают описательно, как то нарочито придумывают для своих персонажей мысли и намерения.

Повесть Ч.Айтматова психологична, естественна, изящна и проста» (2).

Повесттин башкы өзгөчөлүктөрү мына ушулар. К.Асаналиев өзүнүн «Көркөм нарк» аттуу китебинде чыгарма жөнүндө мындай дейт: «М.Ауэзовдун атайын кайрылып, макала жазышы өзүнчө бир даңазалуу окуя болду. Көрсө, М.Ауэзов ошондо эле «Жамийла» повести менен кыргыз адабиятынын жаңы доору башталганын байкаган экен. Жазуучу тарабынан дал ушул учурда айтылган сөз жаш жазуучунун чыгармачылык тагдырына жагымдуу таасирин тийгизери талашсыз чындык. Мүмкүн ушундан соң жазуучу келечегине ишенип, чоң адабияттын жүгүн көтөрүүгө даяр экенине көзү жетти окшойт. Ч.Айтматовдун «Жамийла» повести менен улуттук сөз искусствосунун жаңы мезгилин, жаңы мейкиндиктерин ачуу доору башталды, тагыраак айтканда, кыргыз эпосунун жаңы доору башталды» (2) **.** Айтматовго чейин кыргыз эпикасында окуялуулук, панорамалуулук басымдуулук кылчу. Айтматов болсо масштабдуулуктан качып, ички тереңдикке, психологизмге багыт алды, аны өз тажрыйбасында бекемдеди. Чынында эле бул баа жазуучунун чыгармачылыгына таамай берилген баа десек болот. Жекече адамдын тагдыры, турмушу аркылуу бүтүндөй элдин өмүр-тагдырын сүрөттөө - бул Ч.Айтматов ачкан азыркы эпостун көркөм мыйзамдарынын бири болгон. «Жамийла» повести да дал ушундай нукта, доошто жазылды. Повестте кыргыз чындыгынын терен социалдык катмарларын көркөм изилдөөнү, көп пландуу панорамалуулукту максат кылбастан, өз оюн бир гана чекитке топтоду. Бул, албетте, Жамийланын сүйүүсү эле. Француз жазуучусу Луи Арагон бул чыгарманы сүйүү жөнүндөгү «дүйнөдөгү эң сонун чыгарма » деп атады. Чындыгында эле бул курулай көтөрмөлөө эмес экенин, чыгарма сүйүү жөнүндөгү дүйнөдөгү эң бир көркөм үлгүлөрдүн катарынан орун алгандыгын турмуш өзү көрсөттү. Айрым изилдөөчүлөр айткандай, Жамийланын сүйүүсү бир көргөндө эле башталып, дароо эле чечилип калган жок. Жазуучу накта реалисттик сүрөтчүнүн салтына ылайык Жамийланын башына түшкөн оор сыноону өтө этияттык менен жана сабырдуулук менен психологиялык талдоодон өткөрөт. Бул окуя чыны менен Жамийланын адамдык, аялдык затына туура келген сыноосу аркылуу чечилди дешет.

Андан соң К.Асаналиев «Бетме-бет», «Жамийла», «Саманчынын жолу» повесттери кыргыз аялынын ар түрдүү тагдырын сүрөттөгөнүнө карабастан, аларды идеялык-көркөмдүк мазмуну жана ички пафосу жактан бири-бирин толуктап, тереңдеткен кыргыз аялы жөнүндөгү «эпикалык цикл»катары баалайт.

Чындыгында да согуштан кийинки мезгилдеги кыргыз айылынын турмушунун, андагы чечилбеген социалдык маселенин фонунда чабандын кунарсыз жашоосун көркөм фантазиясынан өткөрүп, ал турмуштун лирика, драма трагедиясынан Адам тууралуу «жаңы эпосту» жаратуу Ч.Айтматовго окшогон жазуучунун колунан гана келмек.

«Жаныбарым, Гүлсары» тууралуу жазган башка сынчылардын пикиринен айырмаланып, К.Асаналиев повестти «бир каармандын повести» деп атайт. Чындыгында эле реалисттик планда жазылган чыгарма. Андагы сүрөттөлгөн башка каармандардын бардыгы, алардын ичинде Гүлсары да Танабайга баш ийдирилген планда экендигин туура белгилөө менен алардын Танабайдын образын ачуудагы катыштыгына карата анализ жүргүзөт.

Танабайдын образы - Ч.Айтматовдун чыгармаларынын бийик чокуларынын бири. Гүлсарат - өзүнчө бир символикалуу образ. К.Асаналиевдин жана башка ал тууралуу жазгандардын пикири боюнча Танабай менен Гүлсарынын тагдырлары тутумдаш. Сары жорго жөн эле айбан мал эмес, адам кейпине да келе түшөт. Танабайды кемсинткендер, анын үстүнө бийлик жүргүзгөндөр менен да келише албайт. Өзгөчө белгилей кетчү бир маселе, изилдөөчү каармандын советтик турмуштун бекемдигине жана келечектүүлүгүнө карата ишениминин жоголуп баратышына биринчи кезекте ал турмуштун «кожоюну» болушкан партиянын өкүлдөрү өздөрү себепчи болгонун

жазуучу эң көп көркөм ыкмаларды колдонуу менен чыгарманын ичкериден терең анализдеп, ачып берген.

Жыйынтыгында, К.Асаналиев Айтматов таануучу илимпоз катары Ч.Айтматовдун аңгемелеринен тартып, романдарына чейин изилдеп, өзүнүн баалуу пикирлерин айтып келди. Жазуучу жөнүндөгү оригиналдуу, теориялык маңызы терең ойлорун макаладан макалага, китептен китепке өнүктүрүп отуруп, алардын жыйынтыгын «Ч.Айтматов. Поэтика художественного образа» аттуу докторлук диссертациясында чыгарган. Ал эмгеги Айтматов таануу илимине кошкон зор салымы болуп эсептелет.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Чыгармалар (беш томдук). -Б.: 1999.
2. Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. -Ф.: Кыргызстан, 1978.
3. Асаналиев К. Көркөм нарк. -Ф.: Кыргызстан, 1978, 118-бет.
4. Асаналиев К. Кыргыз аңгемелеринин айрым маселелери. //Ала-Тоо, 1957, №2.
5. Асаналиев К. Адабий айкаш. -Б.: 2008.
6. Асаналиев К. Шекер и космос. -Б.: Изд. Центра манасоведения, 2001.
7. Үкүбаева Л. Кыргыз адабияты: талдоолор жана ой жүгүртүүлөр. -Б.: БГУ, 2006, -172 б.
8. Садыков А., Жаңыбаева М. К.Асаналиев (Чыгармачылык портретине бир сүртүм). -Б.: «Технология» 2001.

УЛУУ АДАБИЯТЧЫНЫН УЧУ ТҮГӨНБӨГӨН ЧЫЙЫРЫ

Казакова Н.
УДК.894.341.09.

Уникалдуу талант, улуу адабиятчы-илимпоз Кеңешбек Асаналиевди көрбөй, көрсө да таанышуу мүмкүнчүлүгүнө жетишпей, агайдын лекцияларына катышууга сөздүн түз маанисинде зар болгон, маңдай-тескей отурбаса да, алыстан агайдын сүйлөгөн маңыздуу сөздөрүн уга албай калган бүгүнкү күндүн жаш окумуштуулары, аспирант-изилдөөчүлөрү, филологиялык багыттагы студенттери окумуштууну кыргыз адабиятынын алтын казынасын түзгөн баалуу эмгектеринен улам баалап, барктап тааныйт деген ишенимдемин.

Кеңешбек Асаналиев – эки кылым жашап, доорлордун алмашкан абалын (СССРдин учуру жана эгемендүүлүккө жетишкен заман) өз көзү менен көргөн жана кыргыз адабиятынын калыптанышына түздөн-түз катышы бар элибиздин белгилүү жазуучулары менен замандаш болуп, алардын көркөм чыгармаларын талдап, тагдырына, бурулушуна активдүү катышып, учурунда катаал жана адилеттүү баасын берген адабиятчы. Пикиримди "... менин жашоо-өмүрүм Совет доорунун кыргыз жериндеги эң бир кызыктуу учуруна туура келип, ошол мезгилде эң атактуу, эң даңктуу улуу-кичүү адамдар менен замандаш болгонумда"[1] –деген агайдын эскерме баяндагы сөздөрү тастыктап турат. Учурунун маанилүү, тагдыр чечкен окуяларына күбө болушу, маселен, 1952-жылдагы "Манас" эпосуна арналган драмалуу конференция, жазуучулар ортосундагы карым-катыш, эр чекиштер жана да эң башкысы тагдыр-жазмышы улуу адабиятчынын адабияттагы учу түгөнбөгөн чыйырын салган экен. Андыктан адабиятчынын "Тандалмалар", "Өрдөн өргө", "Көркөм нарк", "Аил Шекер и Космос" ж.б.у.с. китептери адабиятка кызыккандардын иш столунан орун алган болуу керек.

[1] Асаналиев К. Адабий айкаш.-Б.:2008.-7-б.

Агайдын жазгандарынан кыргыз адабиятынын тарыхынын панорамасын көрүүгө болот, жок көрүүгө эмес, ошол окуялардын арасында аралашып жүргөндөй сезимге кириптер болосуң. Өзгөчө, Кеңешбек агайдын көзү өткөндөн кийин 2008-жылы жарык көргөн "Адабий айкашты" окуганда, башканы билбейм, менин көзүм ачыла түштү. Адабий изилдөө, сын макала, эмгектерин окуп, таасирленип, өздүк китепканама агайдын жарыяланган бардык эмгектерин чогултууга аракет жасап жүргөн жаным, "Айкаштан" соң, чынында агайдын тагдыр күтүнгөн инсан экендигине көзүм жетти, далай маселелерди тактап да алдым.

Бир гана мен эмес, көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан тагдырга ээ окумуштуунун акыркы мезгилдердеги изилдөөлөрүнүн арасынан "Постсоветтик доор. Адабий тагдыр" аттуу үч бөлүктөн турган макалалар сериясы эгемендүүлүктү алган Кыргызстандын адабиятынын тагдыры, абалы, адабияттагы тенденциялар тууралуу жазылган акыркы иштеринин бири болуп саналат. Сериянын биринчи макаласында СССР деген улуу держава чачырап таркап, натыйжада жашоо-турмуш өзгөрүлүп, коомдук бир формациядан экинчи бир формацияга өтүп, баардык нерсе татаалдашып, капиталдашып, айтор баш-аламан болуп турган маалда адабияттын тагдыры да ойлоно турган абалга түшкөнү жазылып, өз баасын алган. Албетте, Кыргызстан көз карандысыздыгын алганга чейинки партиянын көзөмөлүнүн негизинде клеткага түшүп калган адабият, жазуучуларга көрүлгөн кам жана "сыйлар", укмуштай гонорарлар, азыркы учурдагы, тагыраак айтканда, XX кылымдын соңу XXI кылымдагы жазуучулардын абалын, айтор баарын окуп жана жазуучулардан угуп жүрөбүз. 1990-жылдан кийин кыргыз жазуучулары да эгемен жазуучуларга айланып, каалаган темада жана багытта чыгармачылыгын сынап жатканы маалым. К.Асаналиев жазгандай, "массалык" адабият өнүккөнү менен адабий сын мурункуга салыштырмалуу бошоңдоп, басмайылын бошотуп койду, ошондон улам азыр китеп бастырып чыгарууга каражаты жетишкендер деле көркөм чыгармачылыкка "аралашып", өздөрүн жазуучу санап жүргөндөрү бар. Ар бир кырдаалдын утушу, утулушу болот десек, анда утушубуз да, утулушубуз да адабият ээн-эркин өнүгүп жаткандыгында. Айтор мындай абал мезгил таразасына түшүп, өз баасын алып, татыктуулары калаарына күмөнүм жок.

Адабиятчынын учурдагы көркөм адабиятка, анын ичиндеги өзгөчө басым жасалып жаткан жанр маселесине тиешелүү ой жүгүртүүлөрүнүн учугун улантсак, чынында азыр тарыхый жанр активдешип, эгемендүү кыргыз адабиятынын басымдуу бөлүгүн тарыхый романдар ээлеп турганын К.Асаналиевдин "...азыркы учурдун адабияты деп кабыл алсак, анда постсоветтик көркөм процесс, тарыхый романдын үстөмдүгү, саясий тил менен айтканда, гегемондугу менен мүнөздөлөт"[1]-деген пикири тастыктап турат. Туура тарыхый романдар сандык жактан өсүп жатат, а бирок сапаттык жагычы? Маселенин маңызы ушул жерде. Андыктан сөз багытын окумуштуунун экинчи жана үчүнчү макаласына бурабыз.

Кыргыз адабиятынын тарыхында тарыхый романистиканын башатында турган жазуучулардын бири Төлөгөн Касымбековдун "Баскын", "Кыргын" аттуу тарыхый романдары изилдөөнүн кароолуна алынган. Төлөгөн Касымбековдун "Сынган кылыч" романы советтик мейкиндикте кызуу сөзгө алынганын билебиз жана анда бир тарыхый доордун картинасы көркөм баяндалып, тарыхый жана көркөм ойдон жаратылган каармандар аралашып, синтездешип, тарыхый чыгарманын кандайдыр бир деңгээлде мыкты үлгүсүн жаратканы маалым. Жазуучунун андан кийинки "Келкел" романы да жакшы жазылган.

Төлөгөн Касымбековдун 2000-жылы "Баскын", 2004-жылы "Кыргын" романдары басылып чыккан. Романдардагы окуялар, тарыхый мезгил Кеңешбек Асаналиевдин

[1] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Жаңы Ала-Тоо, 2010, июнь, №6(14), 222-б.

макаласында айтылып, сынчынын көнүлүн бурган жана күдүктөнткөн бул романдардын тарыхый деген аталышка жооп береби же жокпу деген маселе экендиги айдан ачык көрүнүп турат. Жазуучунун романдарын изилдөөгө алган көптөгөн эмгектер бар[1], бирок арасында чыгармалар тарыхый чыгарманын талабына жооп береби деген суроого Кеңешбек Асаналиевдин "Постсоветтик доор. Адабий тагдыр" макаласынан башка так жооп берген иштер жок. Макалада эки романдын сюжеттик өзөгүндө Шабдандын образы чечүүчү мааниге ээ, башкача айтканда, "Баскындын" башталышындагы бала Шабдан кийин орустардын войсковая старшина деген наамын алып, кыргыз-орус мамилесин жалгаштырууда жардамга келген "кадырлуу" адамга айланганы айтылса, "Кыргында" адабиятчы белгилегендей баскынчы "чоң элдин" түпкү максат маңызын түшүнүп, "аттиң" деп ээрдин кесе тиштеген Шабдандын образы сүрөттөлгөн. Демек, көрүнүп тургандай, каарман Шабдандын тагдыры биринчи орунда туруп, түндүк кыргыздарынын орус элинен көргөн запкылары каармандын жашоо-тагдыры менен байланыштуу баяндалган. Адабиятчынын оюн бурган жагдай "... тарыхый роман жазууга умтулган ар бир автордун алдында өтө орчундуу милдет турат, ал милдеттин маңызы: чыгармачылык процессте ким жеңип чыгат, жазуучунун ой-кыялыбы, ойдон жаратуу искусствосубу, же автордун аң-сезимин бийлеп алган тарыхый фактылардын тикелей үстөмдүгүбү, нукура көркөмдүк проблеманын түйүнү дал ушул чекитте."[2] Албетте, жазуучунун ойдон жаратуусу, ой-кыял чабыты биринчи орунда туруш керек деген пикирдемин. Тарыхый чыгарманы жазууга белсенген жазуучу сөзсүз архивдик материалдар, документтер менен таанышып чыгып, сүрөттөй турган доорунун чындыгын тактап алгандан кийин көркөм ойдун элегинен өткөрүп, жаратат. Негизинен тарыхый чыгарма ириде көркөм чыгарма, ал документтердин жыйындысы эмес. Мына ушул багыттан алып караганда Төлөгөн Касымбековдун "Кыргын" романында колдонулган документтерди төмөнкүдөй тизмелеп көрдүк:

76-78-б.	Шабдандын Петициясы
83-84-б.	1896-жылдагы Пишпек уездинин төрөсү Талызиндин Шабданга карата байкооосу,
108-б.	П.Столыпиндин Шабдандын жер сураган суранычына карата терс жооп каты
121-б.	Фольбаумдун буйругу
132-б.	Генерал-губернатор Самсоновдун телеграммасы
160-б.	Генерал-лейтенант Гиппиустун жарыясы
171-173-б.	Ротмистр Поротиковдун Фольбаумга билдирмеси
224 жана 227-	Г.Бройдонун билдирүүлөрү

[1] Мурзахмедова Г. Историческая романистика Толегена Касымбекова и ее место в развитии жанра.-Б.-2009

[2] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Жаңы Ала-Тоо, 2010, №8 (16), 185-б.

беттерде	
258-б.	Писаржевскийдин Куропаткинге телеграммасы
259-б.	Фольбаумга подполковник Рымшевичтин телеграммасы
261-262-беттин жарымына чейин	Куропаткиндин Фольбаумга жиберген телеграммасы
262-263-б.	“География коомунун ” мүчөлөрү Семенов, Пржевальский, Ч.Валихановдун жазган билдирүү-эскермелери
291-292-б. жана 293-беттин башында	Сотник Волковдун рапорту
299-300-б.	Прапорщик Кулаганын билдирмелери
304-б.	Прапорщик Устемесовдун билдирмеси
311-б.	Войсковая старшина Волженцовдун токтому
316-б.	ЦГИА Каз. ССР.ф.19,оп.1,150-документ
319-б.	Фольбаумдун Куропаткинге телеграммасы
320-б.	Прапорщик Дергачевдун билдирмеси
320-б.	Подполковник Гейцигдин Фольбаумга телеграммасы
320-321-б.	Полковник Доможировдун Фольбаумга билдирмеси
378-379-б.	ЦГИА Каз. ССР.ф.75, д.48,л.7

Мындан сырткары айрым майда документтер эсепке алынган жок. Көрүнүп тургандай, жазуучунун “Кыргын” романы дээрлик тарыхый материалдардын жыйындысы болуп калган. Албетте жазуучу тарыхый материалдар, фактылар менен иштешип, эң негизгиси көркөм чыгарма жаратуусу керек эле, тилекке каршы “Кыргын” романы Шабдандын образын жетишээрлик деңгээлде ача албай, кыргыз элинин ошол доордогу жашоосун документтештирип гана берген. Ушундан улам Кеңешбек Асаналиев Төлөгөн Касымбековдун кемчиликтерин баса көрсөтүп, “... ар кандай тарыхый инсан, тарыхый окуя жөнүндөгү чындык, ал канчалык көп түркүн болбосун, баары бир, эгерде ага “ойдон жаратуу” деп аталган бийик чындык айкалышып бирикпесе, анда ал, тарыхый чындык эмес, ал бар болгону тарыхый адам жөнүндөгү жарым гана, толук эмес чындык”[1]-деген жыйынтыкка келген. Албетте, адабиятчынын жогорудагы пикири азыркы мезгилде адабиятта үстөмдүк кылып турган тарыхый чыгармалардын авторлорунун кулагына күмүш сырга болушу керек.

Натыйжада, Кеңешбек Асаналиев “Постсоветтик доор. Адабий тагдыр” макалалар топтому менен кыргыз адабият таануусунда дагы бир жолу көркөм чыгарманы талдоонун үлгүсүн көрсөтүп, кандай критерийлерге көңүл буруу зарыл, маселенин төркүнүн аңдоо жана аны кеңири масштабда кароо өндүү маанилүү жагдайларды эске салып, үйрөтүп кетти.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Адабий айкаш.-Б.:2008
2. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Жаңы Ала-Тоо, 2010, июнь, №6(14)
3. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Жаңы Ала-Тоо, 2010, №8 (16)
4. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Адабий Алатоо, 2006, №13 (21), сентябрь
5. Төлөгөн Касым-Бек. Кыргын.-Б.:Акыл,Бийиктик.-2004

[1] Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Адабий Алатоо, 2006, №13 (21), сентябрь, 14-б.

КӨРКӨМ ЧЫНДЫК ЖАНА ЧЕБЕРЧИЛИК МАСЕЛЕЛЕРИ К.АСАНАЛИЕВДИН ОЙ ЧАБЫТТАРЫНДА

Карымшаков С.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.09

Көркөм чындык проблемасына эстетика жана адабият илиминде жеткиликтүү көңүл бурулуп, изилдөөчүлөр да аны чыгармага баа берүүдөгү башкы өбөлгөлөрдүн бири катары колдонуп келе жатат. Анткени, сүрөткер турмуш материалдарынан пайдаланып, өзү элестеткен идеалдуу турмуштун моделин жарата алышы ошол көркөм чындык категориясына байланыштуу. Бирок ал модель реципиенттин кабыл алуусуна ишенимдүү таасир калтырып, эстетикалык каниет берген, турмушта кездешпесе да кездешүүгө мүмкүн болгон чындыктын модели болууга тийиш.

Көркөм чыгармачылыктын бардык маселелери барып-келип, **эмне жөнүндө кантип жазуу керек** – деген маселенин айланасында топтолору белгилүү. Баа берүүнүн критерийлеринин табияты да мына ушул көп тараптуу процессти иликтөөгө байланышкан.

Кыргыз адабий илими менен сыны да жогоруда аталган проблемага байланыштуу ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берчү бир катар эмгектерден «куру кол» эместигин канагаттануу менен белгилеп кетүүгө тийишпиз. Алардын ичинен улуу сынчы жана адабиятчы, профессор К.Асаналиевдин «Көркөм нарк» аттуу адабий-сын макалалар жыйнагын өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

Жыйнактагы А.Токомбаев, М.Элебаев, К.Жантөшев, Ч.Айтматов, К.Каимов, Ө.Даникеевдин чыгармачылыктары жөнүндөгү макалаларда аталган жазуучулардын адабиятыбыздагы орду, алып келген жаңылыктары, жекече бөтөнчөлүктөрү жана көркөм өнүгүүнүн диалектикасы сыяктуу татаал, теориялык маселелер каралып, элибиздин турмушундагы этаптуу учурлардын, жаңы адамдын кулк-мүнөзүндөгү бурулуштардын көркөм наркта чагылышынын башкы мүнөз-белгилери талдоого алынып, бааланат.

Албетте, тигил же бул сынчынын макалалары баштан-аяк бир эле, айталы, көркөм чындык проблемасын эле иликтеп отуруп албайт. Алар – көп сайлуу, ар тараптуу, полемикалуу да болушу закон ченемдүү көрүнүш.

К.Асаналиев А.Токомбаевдин адабий ишмердиги кыргыз совет адабиятынын башталыш, калыптаныш мезгилинен тартып, кийинки жетилген мезгилине чейинки татаал жолу менен ажырагыс бирдикте экендигин адилет белгилеп, ал басып өткөн узак жол «турмуш чындыгын примитивдүү баяндоодон жана жалпы жонунан окшоштуруп жазуудан көркөм синтезге, реалисттик сүрөттөөгө өтүүнүн жолу эле, түрдүк жана формалык чектелүүдөн көп жанрдуулукка, көп түрдүүлүккө өтүүнүн жолу эле» деген тыянакка келет да, кыргыз жергесинде жаңы турмуштун орношунан тартып, азыркы учурдун эң бир жооптуу жана актуал маселелери акындын чыгармаларында кеңири чагылдырылганына өзгөчө басым коюп токтолот. Анткени, акын бул максатты ишке ашырууда дээрлик бардык жанрга – лирика жана поэма, аңгеме жана повесть, драма жана роман, очерк жана публицистика жанрына бирдей маани берип, бирдей кайрылган. Сынчынын баамында мындай көп жанрдуулук бир жагынан синкреттик искусствонун кучагынан жаңыдан гана бөлүнүп чыккан жазма адабияттын калыптануусундагы улуттук өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болсо, экинчи жагынан

автордун көп максаттуу чыгармачылыгын ырастаган. Себеби, реалисттик адабияттын ар түркүн жанрларын жана формаларын өздөштүрүү, аларды улуттук сөз искусствонун аңызына өндүрүү, өркүндөтүү – бул баарыдан мурда турмушту толук жана кеңири камтуу, аны колдон келишинче ачык жана ар түрдүү сүрөттөө талабынан улам келип чыгат.

Бул жерде көңүл бура турган нерсе – акындын үлүшүнө туш келген жоопкерчиликти жана ал жетишкен ийгиликтерди сынчы А.Токомбаевдин чыгармачылыгында эл турмушундагы этаптык окуялар чагылдырылганынан гана көрбөстөн, аларды баарынан мурда өнүккөн реалисттик адабияттардын салттарынын үлгүсүнө шайкеш келгендей «ачык жана ар түстүү сүрөттөө талабынан» чыккандыгынан көргөндүгү. Бул – эң маанилүү методологиялык жагдай. Анткени, турмуш чындыгынан көркөм чындыктын жаралышына чейинки көз мелжиген аралыктын ортосунда реалисттик адабияттын көркөм меодунун негизинде жаңы көркөм дүйнө жаратуу сыяктуу татаал чыгармачылык процесс жатат. Чындыгында эле турмуш материалдарынан керектүү материалдарды ылгап чогултуп, анан, көркөм методдун принциптерин, жол-жобосун аңдап билип алган күндө да нукура көркөм нарк жаратуу иши көрүнгөн калемгердин колунан келе берчү оңой жумуш эмес.

К.Асаналиев А.Токомбаевдин көп тармактуу чыгармачылыгынын борбордук өзөгүн белгилеп турган жанрлар лирика менен эпос экендигин бөлүп көрсөтүп, акындын лирикасы «эмнеден башталды, кантип өнүктү, кандай деңгээлге жетти, өзүнүн ички табиятын, доошун, кыраатын кандайча улам өзгөртүп, кубултуп отурду» деген олуттуу суроолорду коет да, аларга жоопту акын турмуштун, учурдун талабын туура түшүнүп, чагылдыргандыгынан табат. Компартия, совет бийлиги, кыргыз жергесиндеги социалдык курулуш, Лениндин образы, Улуу Октябрь революциясынын берген жемиши А.Токомбаевдин граждандык лирикасынын борбордук темасына айланып, алар темасы боюнча окшош экендигине карабастан, мазмуну, поэтикалык курулушу боюнча бирин-бири кайталабай, бирине-бири окшобой, маани жагынан да, көркөмдүк жагынан да бирин-бири толуктап тургандыгына, ал эми медитативдик лирикалары болсо бийик нравалык принциптери, активдүү турмуштук позициясы менен азыркыларга да, кийинкилерге да эстетикалык сабак, үлгү болорлугуна басым коет.

Макалада А.Токомбаевдин тигил же бул чыгармасы конкреттүү талдоого алынбаганы менен акындын жалпы чыгармачылыгы, турмуш чындыгынан көркөм чындык жаратууда жалпы декларациядан образдуулукка, бир беткей дидактикадан синтезге, жалпы баяндоодон психологизмге, эмпирикалык үстүртөндүктөн реализмге чейинки көркөм аралыкты басып өткөндүгү, дегеле турмуш чындыгы менен көркөм чындыктын диалектикалык байланышы жөнүндөгү байкоолор илимийлиги, негиздүүлүгү, концептуалдуулугу менен көңүлдү бурат.

Сынчынын: «Кыргыз совет адабиятында көркөм прозанын жаралышы жана өнүгүшү жаңы турмушту, жаңы социалдык-маданий өзгөрүштөрдү ар тараптан кеңири жана реалдуу сүрөттөөлөрү, керектөөлөрү, муктаждыктары менен шартталды. Реалисттик проза кыргыз турмушундагы, кыргыз жергесиндеги жаңы адамдардын татаал руханий дүйнөсүн таанып-билүүдө мурда болбогондой мүмкүнчүлүктөрдү алып келмек» деген тезиси – бул жөн гана бийиктен туруп айтылган сөздөр эмес, ал сынчынын эстетикалык ачылыштарга баа берүүдө ар дайым колдонуп келаткан эң зарыл, эң керектүү методологиялык ачкычы. Аны кыргыз совет адабиятынын жаралыш мезгилине гана эмес, улам соңку мезгилдерде да болгон жана пайда болуп жаткан көркөм нарктарга баа берген сынчылар да көп учурда билгичтик менен пайдаланып келе жатышат.

К.Асаналиев да өзүнүн бүткүл сынчылык ишмердигинде адабияттын тигил же бул маселесин так ошол жаңы адамдын ички турмушу канчалык деңгээлде көркөм

жана реалдуу сүрөттөлүп келе жатканына байланыштуу карайт. Аталган макаласындагы М.Элебаевдин, К.Жантөшевдин чыгармачылыгына берген басы да ушул жагдайдан келип чыгып, алар калтырган көркөм мурастардын көркөм наркы да ушул талаптан бычылат, көркөм чындык деген дүйнө кыргыз совет адабиятында кандай шартта, кандай күчтөр тарабынан калыптангандыгы туурасында мезгилдер аралыгынан туруп ой жүгүртөт.

Отузунчу жылдардагы адабий турмушубуздун абалын мүнөздөөгө келгенде сынчы ал кезде дагы эле болсо синкретизмдин жана көп жанрдуулуктун залдары күчтүү экендигине карабастан, кыргыз жазуучулары көркөм адабиятка чыгармачыл позициядан мамиле жасап калышканын, элибиздин тарыхый тагдырын аныктаган коомдук-социалдык өзгөрүштөрдүн шапатасы менен алар чыгармачылык процессте өздөрүнүн индивидуалдуулугун сезе, туя билүүлөрү аркылуу адабиятка сапаттык жаңылыктарды алып келгенин белгилейт. Ушул өңүттөн келип, «Узак жол» романына кең-кесири талдоо жүргүзөт да, жазуучунун турмуштук көрүнүштөрдү көркөм жалпылаштыруудагы, каармандарынын ички турмуш-абалын, эволюциясын көрсөтүүдөгү жетишкен ийгиликтери кандайдыр бир даражада Чынгыз Айтматовдун прозасынын башталма үлгүлөрүнө жатат деп белгилеп, М.Элебаев аталган романы менен реализмдин көркөм принциптерин өздөштүрүүдө өз доору, өз мезгили үчүн чоң тарыхый адабияттык иш жасаганына атайын басым коет. Ал эми нукура реалисттик, көркөм чындыкты жаратуу иши адабияттын өнүгүшүнүн алгачкы баскычтарында кандай объективдүү жана субъективдүү себептерге байланышарлыгы жөнүндөгү ойлорун сынчы К.Жантөшевдин чыгармачылыгын, айрыкча, «Каныбек» романын талдап, баалоо аркылуу негиздейт.

Көркөм чындык жөнүндөгү концепциясы андан ары «Кыргыз романы: кербен жол жана туюктар» аттуу макаласында ыраттуу түрдө тереңдетилип, каралып жаткан маселеге байланыштуу ал мындайча ой жүгүртөт: «Бирок, «активдүүлүк» менен активдүүлүктүн ортосунда чоң айырма бар. Турмуштун түрдүү булуң-бурчтарына кийлигишкен өңдөнүп, демилгелүүлүктүн иллюзиясын түзгөн, реалдуу турмуштук жагдайларды чалагайым, «чөп башылап» сүрөттөгөн, китеп артынан китеп чыгарып менменсинген активдүүлүк бар да, ар бир чыгармага өзүнчө карап, анын бүгүнкүсүн, эртеңкисин ойлоп, шашпай ийине жеткире иштеген сыпаа, басмырт, бирок, ичкериден, тереңден чыккан активдүүлүк бар». Бул пикир К.Каимовдун соңку мезгилдеги чыгармачылыгына байланыштуу айтылат да, анын көркөм дөөлөт жаратуудагы чеберчилиги, изденүүлөрү жөнүндө берилчү баасынын башаты катары көрүнөт. Ал башат андан ары сүрөткердин турмуштук көрүнүштөрдү жалпылаштыра, типтештире алуу, аларды өзүнүн жекече эстетикалык мамилесинин элегинен өткөрө алуу мүмкүнчүлүктөрүн ачуу аркылуу тереңдетилет да, жазуучунун идеалына, турмушка болгон көз карашынын горизонтуна, концепциясына басым коюу менен бекемделет.

Сынчы К.Каимовдун чыгармачылыгында азыркы күндүн турмушуна кайрылуу күчтүү өнүккөндүгүнө көңүл буруп, анын чыгармачылыгындагы уруттуу учурларды мындайча мүнөздөйт: «Азыркы учур жазуучунун адабий ишмердигинин, мындайча айтканда, изденүүсүнүн каршы-терши жолдорунун тогошкон жери, борбору. Айталык, «Кыш ыргактары», «Жигит баратат», «Белгилүү эркек» повесттери, ошол эле сыяктуу бир кыйла аңгемелери, азыркы күндүн турмушуна, болгондо да азыркы учурдун эң бир курч жетилген маселесине, адамдын коомдук жүрү-туруму, адептик маселесине арналган «Акырын күтпө» романы да ушул катардагы чыгармалардан. Шаар, интеллигенттин үй-бүлөсү, пенсионердик турмуш, ар түрдүү шаардык жаштардын тагдыры, уголовный кылмыш, аны изилдөө, ар түрдүү шылуундардын көмүскө иштери, алардын бетин ачуу, айтор ушул сыяктуу мурдагы кыргыз романдарында кездеше бербеген турмуштук жагдайдар К.Каимовдун романын эң кеминде идеялык-

тематикалык проблематикасы боюнча жаңы ачылгалардын катарына кошот». Сөз андан ары романдын проблематикасы, идеясы, тематикасы жөнүндө жүрөт да, образдар системасы кылдат талдоого алынып, ийгилиги мындайча бааланат: «Кептин баары жекече фактынын туткунунан чыгууда, турмуштук фактыны көркөм ойлоонун «тегирменинен» өткөрүүдө, ошондо гана ал жекече окуя адептик, психологиялык, реалисттик касиеттер менен сугарылып, күткөн формадагы чыгарма жаралмак. «Акырын күтпө» романында шаардык кыргыздардын турмушун, адамдар арасындагы жаңыча мамилелерди, татаал кырдаалдарды көрсөтүүдө жазуучу бир кыйла ачылгаларга жетише алганы талашсыз».

Бул жерде көңүл бура турган нерсе – сынчы турмуштук факты көркөм ойлоонун «тегирменинен» өтүп гана тим болбостон, жекече окуялар адептик, психологиялык, реалисттик касиеттер менен сугарылганда гана көркөм формадагы чыгарма жаралары жөнүндө ой жүгүртүп жаткандыгында. Тилекке каршы, айрым калемгерлер иштин мына ушул жагына көңүл бурушпайт же көңүл бурушса да, андай көркөм дүйнө жаратуу колдорунан келе бербей, жазгандарынын баарын көркөм нарк катары эсептеп, калың журтка тартуулагандан кайра тартышпагандарында.

Мына ошондой калпыстыктын, реалдуулукту сырткы эффект менен алмаштыруунун мисалы катары сынчы К.Сактановдун «Абат дүйнө» романын талдоого алат. Ал романда реалдуу чындык көркөм чындыктын деңгээлине көтөрүлмөгү мындай турсун, тескерисинче, ошол реалдуу турмуштун өзү да автордун субъективдүү конструкциясы аркылуу жасалма, ишенимсиз сүрөттөлгөнү («Эч кандай нормалдуу логикага туура келбей») сынчыны түйшөлтөт. Анын себебин макаланын автору баарыдан мурда жазуучунун турмушка болгон адепки позициясынын туура эмес экендигинен, ал азыркы учурдагы шаардык турмуштун көп катмардуу, көп маанилүү байланыштарынын ордуна кирди-чыкты жекече кокустук көрүнүштөрдүн, адамдардын ички дүйнөсүндөгү татаал, кескин бурулуштардын ордуна эч нерсеге арзыбаган жеңил баа окуялардын эффектисине алданып, ошонун кызуусу менен реалдуу турмушту бир беткей, үстүртөн каралоонун жолуна түшүп алганынан көрөт да, андай бир беткейлик, үстүртөн каралоочулук көркөм чыгармачылыкта өнүмдүү натыйжаларга алып келбестигин баса белгилейт. Анткени, сынчынын чыгармага баа берүүдөгү тутунган туусу – турмуш чындыгынын көркөм чындыкка айланышы.

Сынчынын ою боюнча проблеманы көтөрүү, же козгоо менен иш бүтпөйт, маселе аны иш жүзүнө ашырууда, турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда. Реалдуу турмуш менен көркөм чындыктын ортосунда өлчөнбөгөн айырмачылык жатат жана ал айырмачылыкты жоюу ар дайым эле оңунан чыга бербейт.

Албетте, сынчылык иштеги бул талап атам замандан бери эле келатат. Кептин баары ошол эзелки жол-жобону, талапты ар бир учурда иш жүзүндө колдоно билүүдө. Ал да болсо сынчынын жекече тажрыйбасына, чеберчилигине байланышкан нерсе. «Сылыктыкты талап кылсаң, өзүң да сылык бол» дегендей, сүрөткерден көркөм чындыкты талап кылуу менен ал жараткан көркөм наркты баалай билүүнүн ортосунда да кыйла татаал жол жатат.

Нукура көркөм чындыктын жаралышы сүрөткердин чеберчилигине байланыштуу маселе экендиги белгилүү. Горькийдин сөзү менен айтканда, чебер жазуучу гана турмушту өз колу менен жасап алгансып, аны «коен жатагына» чейин билет. Ал эми ал жараткан көркөм дөөлөттү талдап баалоого алган сынчы эмне жөнүндө кандай жазылыптыр? – деген суроолорго берчү жооптор болсо, барып-келип, көркөм чеберчилик маселеси жөнүндөгү кеп-сөздөргө айланат.

Көркөм чеберчиликке байланыштуу адистер тарабынан бир кыйла эмгектер жазылганына карабастан, а түгүл ал түшүнүккө белгилүү бир илимий мазмун кийирүү аракети көп кылымдык тарыхка ээ болуп келатса да, ушул убакка чейин анын жалпы

кабыл алынган аныктамасы жарала элек. Мунун бир себеби, белгилүү орус акыны М.Исаковский белгилегендей, ар бир сүрөткердин жана ар бир көркөм нарктын жашыруун сырлары ар башка жана алардын ар бири ар башка ачкыч менен ачыла тургандыгында да болушу мүмкүн. Ошондуктан биз жалпысынан көркөм чебердикти сүрөткерлер тарабынан турмуш чындыгынан иргелип алынган материалдардан типтештирилген көркөм образдар аркылуу идеалдагы экинчи бир, кыйла жакшыртылган көркөм чындыктын жаралыш жолдору катары карайбыз да, кантсе да бул «сыйкырдуу көрүнүштүн» Аристотелден бери колдонулуп келаткан объективдүү критерийлери жана закон ченемдүүлүктөрү бар экендигине таянабыз.

Чеберчилик – көркөмдүккө, жаңы ачылыштарга жеткирчү жол жана ошол жол жеткирчү көркөмдүктүн, жаңычылдыктын өзү. Ошондуктан чеберчиликти талдап баалоо дегенде биз көркөмдүктүн бийиктиктерин, мейкиндиктерин талдап баалоо дегенди түшүнөбүз.

Албетте, жогоруда айтылган пикирлер жалпы гана түшүнүк жана көркөм чеберчилик жөнүндөгү сөз конкреттүү чыгарманы конкреттүү талдоого алып баалаганда гана конкреттүү мүнөзгө ээ болмок. Ошондуктан сынчы чыгарманы талдап баалоодон мурда чеберчилик дегенди өзгөчө эстетикалык категория катары карап, анын башка категориялар менен болгон байланыштарын да көз алдында тутуусу максатка ылайыктуу. Ошондо гана чеберчиликтин көркөм өнүгүштөгү ордуна туура баа берилмек.

Мына ушул маселе боюнча кыргыз сынчы-адабиятчыларынын ой-пикирлерин кандайдыр бир даражада жалпылаштырып чыгуу иши күн тартибиндеги актуалдуу проблемалардын бири бойдон калып келүүдө.

Биз жогоруда белгилеп өткөндөй, көркөм чеберчиликтин компоненттери көп тармактуу, көп кырдуу болгондуктан анын бардык учурга жарактуу, «универсалдуу» так аныктамасы болушу мүмкүн эместей. Дегеле, искусство чыгармасы өзүнүн табияты боюнча көп функциялуу болгондуктан, ал жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр да бир же бир нече аныктамага сыя койбойт.

Албетте, көркөм чеберчилик жөнүндөгү сөз белгилүү бир жанрдын табиятынын талаптарына ылайык жаралган көркөм дөөлөт бийик искусство деңгээлине көтөрүлгөн учурда гана болушу мүмкүн. Ал эми ал деңгээлге жетүүнүн жолу нечен түйшүктүү, азаптуу жол болору, анан ошол жолдо жаралган көркөм нарктын баасын бычып, талдоо жүргүзүү андан бешбетер машакаттуу жол болорлугу белгилүү. Болбосо бир эле чыгармага же бир эле жазуучунун чыгармачылыгына арналган бир нечелеген макалалар, изилдөөлөр жазылбас эле. Ал да болсо көркөм чеберчилик маселелери жөнүндөгү сөз түгөнбөй тургандыгынын, чексиз экендигинин күбөсү. Буга башка жактарга кайрылбай эле өз адабиятыбыздагы классиктердин, айрыкча, Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгына байланыштуу жазылган эмгектерди мисалга келтирсек жетиштүү. Анткени, чынында эле «… адабий негизги критерийлердин бири катарында Чынгыз Айтматовдун прозасынын алынышы закон ченемдүү көрүнүш».

К.Асаналиевдин бул пикиринин маани-мазмуну - тереңде. Анда сынчынын көркөм чеберчилик жөнүндөгү концепциясы, аны талдап баалоонун бийик критерийлери конкреттештирилип, такталып жатат.

Учурдагы адабий процесстин контрасттуу көрүнүштөрүнө баа берүүдө Ч.Айтматовдун феноменин айланып өтүүгө мүмкүн эместигин, анткени ар бир улуттук адабиятта пайда болгон зор көркөм окуя акыры келип, ошол улуттук адабияттын кыймылдаткыч күчүнө айланарын сынчы төмөнкүдөй ою менен бекемдейт: «Чынгыз Айтматовдун көркөм ачылыштарынын эң негиздүүлөрүнүн бири ал улуттук чындыкты, улуттук турмушту, улуттук бытиени азыркы замандын адамзаттык проблемаларынын деңгээлинде карап, ошол бийиктиктен туруп сүрөттөдү. Мындай деп айтуу кыргыз

элинин чындыгы, турмушу, бытиеси Чынгыз Айтматовдун так, даана баянында башка элдердин, улуттардын тагдырына түздөн-түз кийлигишкен терең катмарларын ачты дегендикке жатат».

Мындай ой биз сөз кылып жаткан көркөм чеберчилик жөнүндөгү маселенин эң башкы, эң орчундуу белги-мүнөздөрүн чагылдырганы менен баалуу.

Сынчы андан ары: «жазуучунун жазуу маданияты, романдык көркөм ойлоо манерасы, жанрдын закон өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү деңгээли» сыяктуу маселелерди да көркөм чеберчиликтин компоненттери катары карап, 70-жылдарда пайда болгон романдарды, повесттерди мына ушул критерийлердин бийиктигинен талдап баалайт. К.Акматовдун «Мезгил», М.Мураталиевдин «Сары кар» романдарындагы, А.Стамовдун «Чүй баяны», «Нөшөрдөн кийин» повесттериндеги көркөмдүк-структуралык жаңылануу баарыдан мурда инсандын ички дүйнөсүн, жекече тагдырын коомдук тагдыр менен диалектикалык бирдикте сүрөттөп, адамдар ортосундагы не бир татаал байланыштарды, жеке керт баштагы карама-каршылыктарды көрсөтүүгө негизделгенин, бул болсо кыргыз прозасындагы көркөм чеберчиликке көтөрүлүүнүн жаңы баскычы, эстетикалык жаңы этаптын башталышы экендигин конкреттүү мисалдар менен талдап көрсөтөт.

Көркөм чеберчилик жөнүндөгү сынчынын ойлору, айрыкча Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгына арналган эмгектеринде жаңычылдыгы, кыргыз адабиятынын кыйын кезең жолдорундагы өзгөчөлүктөрдү, улуттук көркөм өнүгүштүн диалектикасын жеткилең билгендиги, талдоолорунун илимий жактан ишенимдүүлүгү, изилдөөгө алган объектисинин маңызын ичкериден ачууда көз караштарынын ачыктыгы менен айырмаланып турат. Мисал катары «Кыргыз эпосунун жаңы доору» макаласын келтирсек болот. Анда сынчы Ч.Айтматовдун чеберчилигинин эң негизги, башкы белгилерин ачып аныктоого жетишкен. Чынында эле Ч.Айтматовдун алдында өнүккөн адабий салтты өздөштүрүп, анын күчтүү жана чабал жактарын чыгармачылык акыл-эстен өткөрүү, ошонун натыйжасында жаңы чыйыр ачып, жаңы мейкиндиктерге чыгуу милдети турган. Ал «чыгармачылыктын өзүнчө жолуна чыгуу үчүн, барыдан мурда, кадыресе тиричилик турмуштун этнографиялык жасалгаларын сүрөттөөдөн улуттук чындыктын терең социалдык драмасын, жалпы адамзаттык философиялык маңызын ачууга өтүү зарылдыгын калетсиз түшүндү». Ал эми мындай татаал чыгармачылык изденүүлөргө баш байлап, ийгиликтерге жетишүү чеберчиликсиз эч мүмкүн болбостугу түшүнүктүү.

Ч.Айтматовдун ар бир жаңы чыгармасы көркөмдүктүн улам жаңы закондорун ачып, улам жаңы бийиктиктерди жеңип алып жаткан сайын аларга ар убак эң биринчилерден болуп чыгып турган К.Асаналиевдин да жазуучунун чеберчилиги жөнүндөгү ой-чабыттары улам жаңыланып, улам тереңдеп, талдоолору да сынчылык чеберчиликтин үлгүсүндө жүргүзүлөт.

Айрыкча «Кыямат» романы жөнүндө Москвалык тажрыйбалуу адабиятчы, сынчылар да ага кандай өңүттөн мамиле жасарды билишпей, «көркөмдүктүн көндүм эмес тиби» деп турушканда К.Асаналиев бул романдын новаторлук табиятын, көркөмдүктүн законуна алып келген жаңылыгын Ч.Айтматовдун феномени бийик реализм менен байыркы эпосту көркөм кыйыштыра алгандыгынын натыйжасында көркөмдүктүн жаңы касиет-сапаттары, жаңы өлчөм-ченемдери, критерийлери жаралганынан, элдик эс-акылдан жаралган эпос өзүнүн эстетикалык жаңы дооруна өткөн кезде ага бетме-бет кездешкен реализм мурда көмүскөдө жаткан мүмкүнчүлүктөрүнүн жаңы кырларын ачкандыгынан көрөт да, «Ч.Айтматовдун дүйнөлүк эстетиканын практикасына алып келген ачылгасы, мурда мына ушул бийиктикке көтөрүлө элек кыргыз эпосунун реализм менен диалектикалык биримдигине байланыштуу», «…бул жалпы адамзаттык, жалпы дүйнөлүк проблеманын

улуттук адабиятта ишке ашырылышынын конкреттүү учуру, конкреттүү көрүнүшү», деп аныктайт. Көрүнүп, тургандай, эпостун табияты менен реалисттик искусствонун бийик үлгүсүндө жаралган романдагы образдарга өтмө катар талдоо жүргүзүү аркылуу сынчы келген жогорудагыдай корутунду илимий жактан тактыгы, ишенимдүүлүгү менен айырмаланып турат.

Көркөмдүктүн табиятын ачып берүүдөгү сынчынын чеберчилиги Ө.Даникеевдин «Көкөй кести» романын талдаганда да башка кыры менен ачылат. Анда көркөм образдар жазуучунун конструкциясы болорлугун, ал эми «конструкциялоону, ченеп-өлчөөнү билүү жазуучулук чеберчиликтин бирден-бир касиет-сапатына жатарлыгын», жазуучу адамдын татаалдыгын, күтүлбөгөн психологиялык абалдарын терең аңдап-түшүнүп сүрөттөө аркылуу өзүн чоң чебер катары көрсөтө алгандыгын романдын сюжеттик курулуштарын, образдарды талдоо аркылуу ачып берет.

Көркөм чеберчиликтин маңызына тикеден-тике тиешелүү илимий-теориялык ойлорун сынчы роман жанрынын табиятына байланыштуу чабыттатып келип, мындайча жыйынтыктайт: «Турмуш чындыгын, адамдын тагдырын романдык формада өздөштүрүү, бул анчейин гана ар түрдүү көрүнүштөрдүн, окуялардын тизмеги, информациялык жыйынды эмес, бул барыдан мурда турмуштун, адамдын көркөм концепциясы. Адамдын, турмуштун көркөм концепциясын жаратуу социалдык, этикалык мазмунун ачууга тийиш».

Албетте, бул ойду айтуу артыкчылыгы К.Асаналиевге таандык деп айта албайбыз, бирок ал ойдун К.Асаналиевге «менчик» сыяктуу таасир калтырып жаткандыгы – сынчы ошол белгилүү жобону кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгына байланыштуу «ички мазмунун ачып», конкреттүү, кылдат колдоно билгендигинде.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Көркөм нарк. –Ф., 1988.
2. Асаналиев К. Башталуу. Биринчи макала //Асаналиев К. Көркөм нарк. –Ф., 1988, 33-б.
3. Македонов А.В. Анализ художественного мастерства. //Современная литературно-художественная критика. –Л., 1975, стр.44-67.
4. Асаналиев К. Айлампадан чыгуу керекпи же… //Асаналиев К. Доор менен бирге. –Ф., 1981, 103-б.

ВЛИЯНИЕ ГЛОБАЛИЗАЦИИ НА ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ В СОВРЕМЕННЫХ СЕМЬЯХ

Качкын уулу А., Ашырбеков Б.А.
Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына

УДК: 371.4(575.2) (04)

В современных условиях, когда происходят непрерывные изменения в образовании, в культуре, в обществе меняются и ценности воспитания в семьях. Семья как социальный институт выступает центром, где формируется мировоззрение, мировосприятие и личность ребенка. Но с активным внедрением массовой культуры (вестернизации) запада меняются стили и ценности воспитания.Так родители, воспитывая детей, идеализируют вымышленных персонажей, формируют «успешных» людей, у которых в свою очередь отсутствует национальная идентичность. Воспитание оказалось между двух дилеммой принять и внедрить методы большинства (глобализация) или же воспитать и вырастить в контексте народных традиций. В эпоху глобализации ничто не долговечно, одни ценности появляются и исчезают в виде

всеобщей моды и тут же их заменяют другие. В таком быстроменяющимся мире процесс воспитания требует много усилий и особого внимания.

По Левяшу, «глобализация – процесс развертывания качественно новых, уникальных в истории человечества противоречий, которые представляют непосредственную угрозу выживанию рода «Человек» и могут быть успешно решены путем кардинальной смены ценностно-нормативного ядра современной цивилизации и объединенными усилиями народов и государств»[5].

Мы живем в эпоху глобализации, эпоху расцвета субкультур и в настоящие время переживаем кризис ценностей, и в первую очередь, духовных.Самюэль Хантигтон еще в 1996 году описывая свою концепцию «Конфликт цивилизаций» отмечает: *«Куда более важными, чем экономика и демография, являются проблемы падения нравов, культурного суицида и политической разобщенности на Западе» одним из проявлений морального упадка называет: «Распад семьи, включая возросший процент разводов, незаконнорожденных детей, подростковой беременности и неполных семей*» В условиях глобализации выше упомянутые проявления активно поддерживается в первую очередь молодежью [6].

Глобализация несет собой не только отрицательные проявления, но и положительные, так например Американский ученый Дж. Стиглица по влиянию глобализации на воспитание и обучения сказал следующее «…у глобализации огромный потенциал улучшения жизни людей, в том числе, и в развивающихся странах, и в некоторых аспектах это уже происходит – например, глобализация знаний привела к совершенствованию здравоохранения и продлению длительности жизни» [3].

Придерживаясь изложенных выше высказываний, хочется особо отметить место современной семьи в преобразовании общества, изменения происходящие в обществе и в государстве первую очередь влияет на взаимоотношения в современных семьях. Это обусловлено рядом причин. Во-первых, семья-это часть общества, все что происходит на государственном уровне находит отражение в семейных отношениях, родительская семья как таковой перестает существовать. Во-вторых, важным фактором, влияющим на процессы взаимоотношения и воспитания является социально-экономическое положение современной семьи, чтобы дать достойное воспитание, родителям приходится трудится, чтобы избавится от национальных стереотипов родители все больше внедряют попустительство в свои семьи. Это предполагает потребность объективной, комплексной оценки рисков, потенциальных возможностей и тенденций влияния глобализации на семейные отношения [1].

Проблема влияния глобализации на процесс воспитания детей привлекает немалое внимание со стороны общественности, так как воспитание современных детей является одним из важнейших аспектов жизни современного общества и вызывающая несомненный интерес, как в научной сфере, так и в бытовой. Влияние глобализации на воспитание и обучения детей интересует многих педагогов-исследователей в нашей стране. С.Байгазиев, Э.Мамбетакунов, О.Сманбаев и другие посвящают свои труды именно к этой проблеме.

Для полного разъяснения данной проблемы, нам следует определить роль семьи в воспитании детей. Семья – это целый мир, в котором ребенок живёт, действует, делает открытия, учится любить, ненавидеть, радоваться, сочувствовать, именно с семьи начинается социализация ребенка, еще с младенческого возраста ребенок воспринимает эмоциональный тон родительского голоса, ищет в отце героя, а в матери символ добродетели и красоты. Не с проста говорили великие умы человечества, ведь сознание человеческого существа не может развиваться вне общества, только самые близкие люди в силе воздействовать на дальнейшее развитие сознания. В семье для ребенка, родители выступают эталоном во всем и это определяет, роль родителей в

формировании личностных качеств ребенка, они могут оказывать на него как положительное, так и негативное влияние. Вследствие этого ребёнок растёт либо доброжелательным, открытым, общительным, либо тревожным, грубым, лицемерным и лживым.

Подтверждением вышеизложенного выступает высказывание известного ученого-педагога А.А. Лазерева«Под влиянием глобализации семья может выступать в качестве как *положительного генератора, так и отрицательного — приобщить или изолировать от общества, жить строго по канонам религии, действовать в контексте народных традиций или же готовят современных людей для современного общества».*Положительное воздействие на личность ребенка состоит в том, что никто, кроме самых близких для него в семье людей – матери, отца не относится к ребенку лучше, не любит его так и не заботится только о нем. И вместе с тем никакой другой социальный институт не может потенциально нанести столько вреда в воспитании детей, сколько может сделать семья [4].

Влияние родителей на развитие ребенка очень велико. Педагоги - новаторы при воспитании и обучении в школе активно задействуют родителей, так например, из далекой Баткенской области ГапырМадаминов - основатель и директор экспериментальной школы не отрицает влияние глобализации на воспитание детей в семьях. Он смог достичь наивысшего результата при обучении и воспитании детей, открывая специальные курсы для родителей (школа для матерей), он заинтересовал их быть активными участниками преобразования стилей воспитания в семьях придерживаясь культурных ценностей кыргызского народа, традиций на основе мировой интеграции. При таком параллельном ориентире воспитания и обучения школьники показывают самые высокие показатели в учебе. Учитель-новатор верит, что глобализация необратимый процесс и надо всегда направлять этот процесс в нужное русло.

Перемены, происходящие в обществе показывают, что информационные и компьютерные технологии, интернет ресурсы и многие другие проявления глобализации активно внедряются в нашу жизнь, за счет массовой культуры будет меняться потребности общества, и модель современной семьи. Преобладающее в семьях нашего народа - авторитарное воспитание вытесняется “демократичным” или попустительским воспитанием, число разводящихся пар с каждым годом становится все больше, современные молодожены не чувствуют той ответственности, которое необходимо при создании и укреплении семьи, участились случаи разводов, ведь аномальной считается та семья которая не полная. И дети в таких семьях воспитываются с некой деформацией, молодежь (не только) злоупотребляет понятием демократия, с лозунгом “каждый в праве выбирать и высказывать свое мнение” они вытесняют традиции отцов и дедов из сознания более младшего поколения.

Влияние глобализации на общий уклад жизни всего народа нашей страны, требует от нас создания новых приоритетов, идеалов и моделей современного культурного общества. В век глобализации супругам приходится больше трудится и мало времени уделять своим детям, а дети тем временем пожинают плоды мировой интеграции. Посещают интернет сайты с неприватным содержанием, смотрят фильмы деспотического характера, а также играют в компьютерные игры, что в свою очередь приводит к нарушениям психики.

При составлении хронометража занятости родителей в течении 24 часов было выявлено, что родители стали все меньше времени уделять своим детям, на работу, на уборку дома, на поездки к родственникам время находят, а вот своим детям меньше 15 мин в день. Ведь ребенок ищет, кому подражать, за кем следовать и в это время родитель отсутствует. Детям предоставляют альтернативу во всем, с ранних лет ставят

телевизоры, чтобы как- то отвлечь, покупают компьютеры, естественно ребенку загружают игры, ребенок больше времени проводит за компьютером, общается, и вырастает социально неадаптированным. Глобализация охватывает все более и более масштабные территории и события, за счет мировой интеграции меняются и законодательные проекты, так в 2012 году депутатами ЖогоркуКенеша были предприняты ввести изменения в получении гражданства КР, там говорилось, что для полной демократизации общества, надо изменить национальную идентичность на гражданство. Теперь попробуем определить место культуры в эпоху мировой интеграции - глобализация в культурной сферекак и других существует в двух видах, как минусах, так и в плюсах. С одной стороны, в культуре многие вещи становятся унифицированными, культурные национальные традиции могут вытесняться международными, или же превращаться в интернациональные. А значит, происходит утрата национальных культурных ценностей в этом случае традиционная семья как таковой не будет существовать. Но с другой стороны, процесс глобализации влечет за собой культурное многообразие, и отдельные виды культур могут стать популярными по всему миру. Мировая практика показывает, что если на государственном уровне контролировать те или иные процессы, то воздействия извне будет адаптироваться к нашим условиям и этот процесс называется глокализацией[3].

Изучив различные данные, научные статьи нам стало ясно, что глобализация не обратимый процесс, культурные ценности более развитых стран будет разрушать ценности менее развитых, превосходство в экономической сфере позволяет странам старого мира и США распространять и внедрять свои культурные особенности в общественно-политическую и культурную жизнь других стран. Есть вероятность, что с активным внедрением глобализации в нашу жизнь изменит все наше отношение к проблемам семьи, Ведь в странах Европы существует множество проблем связанных с семьей и браком – однополые браки, неполные семьи, люди живут многие годы в гражданском браке и др. Что будет с детьми росших в таких семьях? Какая будет у них судьба? и многие другие вопросы будет волновать нас с Вами.

Современные семьи испытывают множество трудностей при воспитании детей, родители учат детей быть реалистами, т.е. действовать в зависимости от ситуации, быть успешным невзирая ни на что. Глобализация подтверждает, что без частного бизнеса не прокормишь семью, все это и многое другое реалии нашего времени.

В заключении хочется добавить, что мы не должны видеть угрозу в глобализации, а должны осознанно стараться не отставать от норм современного общества, осваивать новейшие технологии, при воспитании детей брать и внедрять эффективные методы мировой педагогической практики. Мы, как педагоги должны разработать модель идеальной семьи, которая следует за прогрессом, у которой нет жестких стереотипов, которая уважительно относится к традициям своего народа и страны и самое главное традиционные семьи. А также разработать и распространить технологии воспитания - “Рекомендации родителям по воспитанию детей в современных условиях”, которая будет настольной книгой каждого родителя и конечно же усилит взаимодействия родителей с образовательными учреждениями.

Литература:

1. Велимеева, Ю. Новикова. – М.: ООО «Издательство АСТ», 2003. – с. 501 [3].
2. Ерасов Б.С. Социальная культурология – издание третье, доп. и перераб. – М.:Аспект Пресс, 2000. – 591 с.
3. Ионин Л.Г. Социология культуры – М.: Изд. дом ГУ ВШЭ, 2004 – 427с.
4. Лазарев А.А. Семейная педагогика: Учебное пособие / А.А.Лазарев - М.: Академия 2005. 314с.
5. Левяш И. Я. Культурология. (Высшее образование) – 5-изд., испр. и доп. – М.: Айрис-пресс, 2004. - с. 518.

6. Мадаминов Г. Устаттыконору. – Б.: «Билим-Компьютер», 2011. 47 б.
7. Хантигтон С. Столкновение цивилизаций / С. . Хантигтон; Пер. с англ. Т.

АКЫНДЫК ПОЭЗИЯ К.АСАНАЛИЕВДИН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ

Көлбаева М.
Чүй университети

УДК.894.341.09

Кыргыз адабий сыны XX кылымдын 20-жылдарынын орто ченинен тарта пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейинки узак жолду басып келди. 20-жылдары алгачкы адабий-эстетикалык ой пикирдин пайда болушуна Т.Жолдошев, М.Дөгдүров, К.Рахматуллин, Б.Данияров, А.Идирисов өңдүү сынчылар менен адабиятчылар өз салымдарын кошуп, алгачкы сындын пайдубалын түптөшкөн. 30-жылдары адабият менен сын өнүгүү жолуна түшүп, Ө.Жакишев, Ы.Тойчинов, М.Кырбашев өңдүү жаңы күчтөр келип кошулат. Ал учурда “адабий сынга чыгарманын партиялуулугу, таптуулугу, социалисттик реализмдин чыгармачыл жол-жоболорунан тышкары көркөм котормонун мааниси, адабияттын өз ара таасирлери” [1] сыяктуу багыттар пайда болгон. 40-жылдары адабий сын карама-каршылыктуу мүнөз күтүп, ал саясий идеологиянын куралына айланып, вульгаризатордук сапатка ээ болот. Ал мезгилде М.Богданова, К.Карасаев, К.Рахматуллин, Т.Саманчиндер адабиятка, адабий сынга активдүү аралаша баштаган. Адабий өнүгүштүн өзгөчө “адабий сын менен адабият таануу илиминин күрдөөлдүү өнүккөн мезгили” деп аталган 50-жылдары Б.Керимжанова, Ж.Таштемиров, А.Салиев, Ш.Үмөталиев, К.Укаев, К.Артыкбаев өңдүү жаңы ысымдар келип кошулду. Бул мезгилдеги сынчыл ойлоо маданиятынын жогорулашына, көркөм-эстетикалык бийиктикке умтулуусуна, адабий фактыларга илимий-аналитикалык өңүттөн баа берүүгө өзгөчө, орошон салым кошуп, бүт өмүрүн, талант-дараметин кыргыз адабий сыны менен адабият илимине жумшай турган Кеңешбек Асаналиев да келип кошулду. Ленинградда аспирантурада окуп, 1953-жылы Түгөлбай Сыдыкбековдун чыгармачылыгы боюнча кандидаттык диссертациялык ишин коргоп келгенден тарта кыргыз проза жанрынын күнгөй-тескейин иликтей баштаган К.Асаналиевдин сынчылык, илимпоздук арымы артып, көркөм нарктарга эмтетикалык өңүттөн талдоо жүргүзүп, халтурага каршы далилдүү ойлору менен күрөшүп өттү. Негизинен Кеңешбек Асаналиев көркөм чеберчилик, салттуулук, жаңычылдык, социалисттик реализмдин салттарынын көркөм адабиятта чагылдырылышы сыяктуу проблемалардын тегерегинде ой калчап, жалпысынан профессионалдуу адабиятка басым жасагандыгы көрүнөт. Бирок, элдик оозеки чыгармачылыктын көч башында турган “Манас” эпосу жана анын маселелери, акындар чыгармачылыгы жана айрым бир акындардын чыгармачылык өзгөчөлүгү тууралуу олуттуу ой-пикирлерин билдирген эмгектери да өзгөчө орунда турат. Маселен, Молдо Кылыч тууралуу талаш-тартыштарда өз пикирин билдирип, ал аркылуу жалпы акындар чыгармачылыгынын ошол мезгилдеги абалына баам салгандыгын көрөбүз. Ал мезгилде (40-50-жылдарда) мурастар тууралуу эки пикир жашап, бири “Молдо Кылычтын чыгармалары калайык-калкка тартууланышы керек” деген пикирди жактоочулар болсо, экинчилери “өлүп бара жаткан патриархалдык-феодалдык коомду жактоочу” деп айыпташып, адабий сын турмуш чындыгынан келип чыпастан, социалисттик саясаттын талаптарынан берип келгендиги маалым. Ошол саясий чоң кармашка мурда профессионалдуу адабияттын гана маселелерин талдоого алып келген К.Асаналиев да аралашып, “Молдо Кылычты

көтөрмөлөөгө аракеттенүү, аны элдик акын-агартуучу катарында көрсөтүүгө аракеттенүүгө умтулуу идеялык жана саясий жактан зыяндуу болуп эсептелет" [2] деген пикирин айтып чыгат. Кийин ал пикиринен баштартып, өкүнүү менен Молдо Кылычка арналган алгачкы макаласы Борбордук Комитеттин токтомунун духунда жазылганын, ал өзүнүн ошол кездеги "кызмат абалындагы милдетин аткарганын, ким болсо дагы ошондой иштей турганын айтып", андан соң кызматсыз калганын эскерет [3]. Демек, К.Асаналиевдин ал макаласын Борбордук комитеттин кысымы катары гана кароого болот. Кийин ал Молдо Кылычтын чыгармачылыгына кайрадан кайрылып, 1989-жылы "Башат" аттуу макаласын жарыкка чыгарат. Ал макалада улуттук мүнөздөгү көркөм дөөлөттөрдүн мындай абалга киреп тер болушун "демагогиялык системага, бир беткей саясатташкан көз карашка ар кимдин жекече ойлонуу касиет-сапатын, жекече чыгармачылык касиетин мокотуп, тып-тыйпыл кылып жоготууга багытталган догматтык философиядан көрүп [4]", "брежневдик шал" мезгилдин улуттарды руханий жактан жабыркатууга багытталган саясатынын залалы катары баалайт. Мындай "шал мезгилдин" запкысына калган дүйнөлүк адабияттагы кыйла чыгармалардын тагдырына токтолуп, Молдо Кылычтын чыгармачылыгындагы талаш-тартыштуу маселелер дагы ошол мезгилдин бир сүртүмү, "вульгардык-социологиялык, нигилисттик мамилелердин, чексиз жекече бийликтин, патерналисттик ("аталык") жалган камкордуктун" [4] бир көрүнүшү экенин айтат. Чындыгында, адабиятчы айтмакчы, ошол мезгилдеги Молдо Кылычтын тегерегиндеги ызы-чуулар жалпы союздук масштабга тарап, ал тургай Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда иштеген араб жазмасын үйрөнүү боюнча ийримдин да жабылып калышы, ал мезгилдеги саясаттын улуттук дөөлөттөргө карата мамилесинин эң катаал чегине жеткенин көрөбүз. Бир эле Молдо Кылыч менен К.Тыныстановдун мисалында кыргыз маданияты, адабиятына карата идеологиянын кескин чабуулун, улуттун улут катары мүнөзүн аныктай турган көркөм дөөлөттөрдүн абалын ачык сүрөттөп берген. Адабиятчы Молдо Кылычтын чыгармачылыгын шарттаган булак катары акын жашап өткөн доорду, андагы эки бийликтин чыгармаларында чагылышын ошондой эле акындын ата-теги манаптар болгондугун, анын үстүнө диний билим алып, чыгыш адабиятынын үлгүлөрү менен тааныш болгондугун көрсөтөт. Чындыгында да ошол мезгилдеги бардар үй-бүлөлөрдүн балдары диний билим алып, дүйнө таанымдары кеңейип, кол жазма адабиятынын түптөлүшүнө алгачкы аракеттер жүрүп турган. Молдо Кылычтын "Кол казалы", "Чүй баяны", "Зилзала", "Канаттуулар" ж.б. чыгармалары оозеки жашап келген адабияттын жаңы багыт ала башташы, жазма адабияттын алгачкы үлгүлөрү катары бааланат. Ошондой эле акындын чыгармалары "философиялык изилдөөлөргө шыкак бере турган, орчундуу негизи бар" чыгармалар экени акыйкат белгиленет. Мындан сырткары акындын чыгармаларындагы башкы тема кыргыз жерин, кыргыз жаратылышын сүрөттөгөн казалдары ("Керме Тоо", "Жинди Суу"), табиятты сүрөттөө менен социалдык мотивди бирдей чагылдырган "Чүй баяны", мифологиялык сюжеттин негизинде жазылган "Буудайык", Калыгул, Арстанбектин чыгармаларынан бери уланып, салттуу темалар катары сакталып келген "Зар Заман", 1911-жылдагы Кыргызстанда болгон жер титирөөнү чагылдырган "Зилзала" казалдары талдоого алынып, акындын "билимин, өнөрүн элдин маданиятын өнүктүрүүгө жумшаган, караңгылыктан, түпкүрдөн, жылчык таап, көз таап жарыкка чыгууга аракет кылган башат" [4] катары мүнөздөйт. Чындыгында, XIX кылымдын акыры XX кылымдын баш чендериндеги туташ сабатсыздык, караңгылык мезгилиндеги алдыңкы прогресске, билим алууга, чыгармачылыктын мыйзамдарын түшүнө билүүгө умтулган Ишеналы Арабаев, Осмоналы Сыдык уулу, Белек Солтоноев сыяктуу алдыңкы билимдүү адамдардын катарында Молдо Кылычтын болушу жана анын 1911-жылы "Кысса-и-Зилзала" чыгармасынын жарык көрүшү караңгылыктан

чыгуунун башаты катары кароого негиз берет. Демек, К.Асаналиев Молдо Кылычтын чыгармачылыгын иликтөө менен акындык поэзиядагы кол жазма адабиятынын жаралышы, андагы өйдө-ылдыйлар тууралуу өз сын пикирин билдирип, адабиятчы катары туура баа берген.

Профессор Кеңешбек Асаналиевдин акындык поэзияны изилдөө ишине кошкон дагы бир бараандуу эмгеги катары көп кырдуу талант Тоголок Молдонун акындык чыгармачылыгына арналган портреттик мүнөздөгү изилдөөсүн айтууга болот. Эмгек портреттик мүнөздө болгондугуна карабастан, окумуштуу акындын чыгармачылык эволюциясын кылдат иликтеп, тарыхый-хронологиялык тартипте карап чыкпаса дагы акындын чыгармачылыгындагы фольклордук салттардын сакталышы, жалпылыктан индивидуалдуулукка өтүү маселелерине токтолот. Эмгекте акындар чыгармачылыгы менен салттуу фольклордун карым-катышы, жанаша өнүгүшү кепке алынып, акындарыбыз оозеки адабияттын салттарын “этияттык менен” улантышканын, акындардын чыгармачылыгы элдик поэзиянын салттары менен бекем, органикалык түрдө бириккенин” [5] адилет белгилейт. Чындыгында кандай гана индивидуалдуу чыгармачылык болбосун, өзүнө чейинки оозеки чыгармачылыктын салттарына таянбай койбойт. Айталы, чыгармачылыктын синкреттик мүнөз алышында ал өнөрлөрдүн жуурулушуп, аралашып, элдик вариантуулук сыяктуу белгилерге ээ болот. Бирок, Тоголок Молдонун чыгармачылыгындагы айрым синкреттик касиеттердин (ырды өзү чыгаруу, өзү жазуу) орун алганы менен айрым белгилердин (эл алдында аткаруу) сакталбай калышы акындын жалпылыктан индивидуалдуулукка өтүүдөгү аракеттери катары бааланып, ошол эле учурда анын чыгармалары элдик поэзиянын үлгүлөрүндө жазылып, инпровизациянын нугунан алыс кете албагандыгы белгиленет да, ал оюн “Дыйкандын аялынын кошогу”, “Устанын аялынын кошогу”, “Калмергендин аялынын кошогу” сыяктуу кошок формасындагы чыгармаларды талдоо менен далилдейт. Кошок-адатта бул дүйнөдөн өткөн адамдын кылган жакшы иштерин, жекече адамдык касиеттерин кошкон жоктоо ыры экенине карабастан, Тоголок Молдонун кошокторунда карапайым эмгекчи адамдын образын түзгөн социалдык маани алып, кеңири социалдык, коомдук жалпылоолорго умтулганын белгилейт. Андан кийин арман ырларынын жаралышы, маанилик бөтөнчөлүктөрү кепке тартылып, “Качкан кыз” чыгармасындагы чагылдырылган окуяларды талдоого алуу менен “сезимдин бир гана учурун чагылдырып, көргөзүп тим болбостон, анын кыймылын, динамикасын, жалпы жонунан болсо да сүрөттөө жолуна түшүп, алгачкы реалисттик поэманын моменттери пайда боло баштаганбы” [5] деген адилет суроону коёт. Адабиятчы бул суроонун төркүнүндө акынга тиешелүү ал аркылуу акындар чыгармачылыгынын жекелик мүнөз ала башташын, профессионалдуулуктун алгачкы саамалыктарын белгилөөнү кыйытат. Демек, адабиятчынын жогорку соболу “акындар чыгармачылыгы-фольклор менен профессионалдуу жазма адабиятты байланыштырып турган өзүнчө этап” деген пикирди дагы бир ирет тастыктап олтурат. Мындан сырткары акындын санат-терме ырлары, тамсилдери да талдоого алынып, ал чыгармалардагы акынга тиешелүү өзгөчөлүктөр белгиленип, айрым чыгармаларында турмуштун оор тагдырын объективдүү сүрөттөөдө ийгиликтерге жетише алса, айрымдарында (“Кара макмал жорголо”) терең социалдык жыйынтыктарды чыгарууда алешемдиктерге жол бергендигин адилет белгилейт.

Демек, Кеңешбек Асаналиев кыргыз адабият таануу илиминде, айрыкча профессионалдуу жазма адабий үлгүлөрдү талдоого алууда, илимпоз адабий сынчылык ишмердүүлүгү бийик адабиятчы катары адабият тарыхынан өз ордун татыктуу ээлеп калды. Ал кыргыз адабиятынын эволюциялык өнүгүшүн илимий өңүттөн талдоого алган эмгектери оригиналдуулугу менен айырмаланат. Анын Молдо Кылычтын, Тоголок Молдонун чыгармачылыгына арналган портреттик иликтөөлөрүндө акындар

чыгармачылыгына тийгизген саясий идеологиянын таасири, “брежневдик шал мезгилдеги” улуттук көркөм дөөлөттөргө карата текебер мамилелерге саресеп салынат. Ошондой эле акындар поэзиясында фольклордук салттардын сакталышы менен профессионалдуулукка умтулууга байланыштуу тематикалык, мазмундук жактан жаңылануулардын болуп жатканына карата айткан пикирлери бүгүнкү мезгилде да актуалдуулугун сактап турат.

Адабияттар:

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. IX том. А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. –Б., 1012-ж. - 12-б.
2. Сов. Кыргызстан -1960.- 24-январь.
3. Очерки истории Киргизской Советской литературы.-М., 1961. –стр.40.
4. Молдо Кылыч. Казалдар. Баш сөзүн: К.Асаналиев жазган. Б-1990.-4-б.
5. Асаналиев К. Тоголок Молдо (Чыгармачылык портрет) –Ф.: “Мектеп”, 1975-ж., 4-б., 16-б.,

ОСНОВНЫЕ ЗАКОНОМЕРНОСТИ, ЦЕЛИ И РАЗЛИЧИЯ ОБРАЗОВАНИЯ РЕГИОНАЛЬНЫХ ТОРГОВЫХ СОГЛАШЕНИЙ НА СОВРЕМЕННОМ ЭТАПЕ

Кулжанова А. Ж.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК 3039.543.622

Международное право, политику и экономику трудно представить вне связи с явлениями объединения наций. В условиях, когда на общемировом уровне говорится о взаимозависимости экономик и глобализации хозяйственных связей, а на региональном – об общих исторических корнях, длительном совместном хозяйствовании, нельзя обойти вниманием вопросы о международно-правовых средствах и способах сближения, интеграции, под которой обычно понимают экономическое и политическое объединение государств. Интернационализация хозяйственной жизни во второй половине XX века стала ведущей тенденцией развития современного мирового хозяйства.Одна из основных тенденций глобальной интернационализации мирового хозяйства как результата развития международного разделения труда и международной кооперации производства проявляется в образовании обширных зон влияния той или иной державы или группы наиболее развитых стран. Эти страны и группы государств становятся своеобразными интеграционными центрами, вокруг которых группируются другие государства, образуя своеобразные материки в океане мирохозяйственных связей. Сам термин «интеграция» был введен в общественный и научный оборот сравнительно недавно, однако объединительные, интеграционные тенденции возникли в мире не сегодня. На протяжении всей истории государственного развития страны находили общие экономические, политические и военные интересы, однако это не означало их объединения. Объединение материальных и финансовых ресурсов для решения общих задач, создание надгосударственных органов управления и передача им части полномочий, – все это стало характерным для многих стран мира начиная совторой половины XX века [1].

При этом участие государств в том или ином интеграционном образовании предполагает различную степень объединения или сближения их экономик, в том числе прохождение основных этапов экономической интеграции. Большинство из существующих в мире интеграционных группировок находятся пока на стадии формальной интеграции, т. е, проходят первый и второй этап интеграционного

развития. Если первый этап предполагает создание зоны свободной торговли (ЗСТ), то второй этап приводит к формированию таможенного союза (ТС).

Как показывает, мировая практика многие страны предпочитают объединяться в зону свободной торговли и лишь немногие в таможенный союз. Преобладание ЗСТ над таможенными союзами можно объяснить тем, что формирование ЗСТ подразумевает собой отмену таможенных тарифов и других ограничений между странами-участницами, а также упразднение взаимных торговых барьеров, но идет сохранение полной свободы действий в экономических связях с третьими странами. К примеру, право на отмену или введение новых таможенных пошлин, либо иных ограничений, право на заключение торгово-экономических договоров, соглашений, альянсов. Вследствие этого между странами сохраняются таможенные границы и посты, контролирующие происхождение товаров, пересекающих их государственные границы и соответственно препятствующие льготному ввозу товаров из третьих стран проходит быстрее и требует меньших усилий по координации политики в торговле с третьими странами.

В отличие от соглашения зон свободной торговли таможенные союзы направлены не только на устранение взаимных торговых барьеров, но и учреждают единую систему внешних торговых барьеров и общих таможенных пошлин по отношению к третьим странам. При этом таможенные службы на внутренних границах упраздняются, а их функции передаются соответствующим службам на внешних границах. Возникает единое таможенное пространство, ограниченное пределами входящих в него государств. Эти процессы требуют более тщательной работы над соглашением и продолжительного времени.

В соответствии с данными ВТО, в настоящее время в мире насчитывается 34 многосторонних региональных торговых соглашений (в это число входят также СНГ и ЕврАзЭС). Наиболее известными из этих соглашений являются ЕС, Североамериканское соглашение о свободной торговле (НАФТА), Ассоциация стран Юго-Восточной Азии (АСЕАН), Южноамериканский общий рынок (МЕРКОСУР), но помимо данных организаций в списке присутствуют практически все регионы мира, что говорит о высокой востребованности многосторонних торговых объединений в условиях современной экономики. В таблице 1. приведены некоторые из них [2].

Таблица 1.

Действующие региональные многосторонние торговые соглашения
(по данным ВТО)

Аббревиатура	Наименование соглашения	Страны-участники
AFTA	ASEAN Free Trade Agreement — Зонасвободнойторговли ASE AN	Бруней, Камбоджа, Индонезия, Лаос, Малайзия, Мьянма, Филиппины, Сингапур, Таиланд, Вьетнам
ASEAN	Association of South East Asian Nations — Ассоциациястран Юго-ВосточнойАзии	Бруней, Камбоджа, Лаос, Индонезия, Малайзия, Мьянма, Филиппины, Сингапур, Таиланд, Вьетнам
BAFTA	Baltic Free-Trade Area — Балтийская зона свободной торговли	Эстония, Латвия, Литва
BANGKOK	Бангкокское соглашение	Бангладеш, Китай, Индия, Корея, Лаос, Шри-Ланка
CER	CloserEconomicRelations — Торговое соглашение о тесных торговых	Австралия, Новая Зеландия

	отношениях	
CARICOM	Caribbean Community — Карибское сообщество и общий рынок	Антигуа и Барбуда, Багамы, Барбадос, Белиз, Доминикана, Гренада, Гайана, Гаити, Ямайка, Монсеррат, Тринидад и Тобаго, Сент-Китс и Невис, СантаЛючия, Сент-Винсент и Гренадины, Суринам
CIS	Commonwealth of Independent States — Содружество независимых государств	Азербайджан, Армения, Беларусь, Молдова, Казахстан, Россия, Украина, Узбекистан, Таджикистан, Кыргызстан
COMESA	Common Market for Eastern and Southern Africa — Общийрынок для Восточной и Южной Африки	Ангола, Бурунди, Коморы, ДРК, Джибути, Египет, Эритрея, Эфиопия, Кения, Мадагаскар, Малави, Маврикий, Намибия, Руанда, Сейшелы, Судан, Свазиленд, Уганда, Замбия, Зимбабве
EAEC	Eurasian Economic Community — Евразийское Экономическое Сообщество	Беларусь, Казахстан, Кыргызстан Россия, Таджикистан
Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) он жылдан ашык жашоосунда алдына койгон максат жана милдеттерине жеткендей көз карашты жаратып келүүдө. Алсак, 2013-жылы 14-15 сентябрда ШКУнун мүчө мамлекеттеринин жетекчилеринин катышуусунда болгон Бишкек саммititинде, ШКУ дүйнөлүк жана чөлкөмдөк деңгээлдеги тынчтыкка коркунуч туудурган эң маанилүү маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтө ала турган уюм катары чечкиндүү иш аракеттерди жасап жаткандыгын айгенелеген. Мындай кыймыл аракеттин негизи уюмду түзүүчүлөрү катары таанылган Орусия менен Кытайдын ортосунда биринчи жолу уюмдун ишине байланышкан маселелерди чечүүдө бир пикирдүүлүккө келгендигин менен тастыкташкан[1].

ШКУ- Оруссия, Кытай жана төрт Борбордук Азия республикаларын башын кошкон бирден бир эл аралык чөлкөмдүк уюм. ШКУ алкагында чөлкөмдүк байланыш процесстерин анализдөө көптөгөн эл аралык изилдөөчүлөрдүн ири кызыкчылыгын жана абдан кылдат байкоосун жаратып келет [2]. Негизинен бул уюмдун ишмердигин жана кыймыл аракеттин изилдөөдө бир нече багыттар калыптанып жатат. Алсак, “атлантика”, “евроцентризм” багыттары, кытай, орус жана жергиликтүү серепчилердин ШКУнун ишмердигин баалоодо өзгөчө көз караштарды жаратып келүүдө[3].

Борбордук Азияда 55 миллиондон ашык адам жашайт, жаратылыш ресурстарына абдан бай, жетиштүү өнүккөн экономикалык жана илимий – техникалык потенциалы менен жайгаштырылган чөлкөм [1].

ШКУ геграфиялык алкагы жагынан Евразиянын 60% түзүп - Оруссия, Кытай жана Борбордук Азиянын төрт мамлекетинин аймактары кирет[4]. Анын ичинен Борбордук Азиянын территориясынын жалпы аянты 3995,9 миң кв.км., калкы 53,2 мил. адамдан ашуун жашайт[5. с.14].

Борбордук Азиянын ар бир республикаларынын жалпы көрсөткүчтөрү[6]:

Жалпы көрсөткүчтөр	Казак республикасы	Кыргыз республикасы	Тажик республикасы	Өзбек республикасы	Түркмөн республикасы
Территориясы миң. кв. км.	2717,3	198,5	143,1	447,4	488,1
Калкынын жалпы саны: мил	15,3	5,3	7,1	27,8	5,1
Улуттук курамы: %	каз. 53, орус 32	кыргыз 65, өзбек 15, орус 13	тажик 80, өзбек 15, орус 2.	өзбек 80, орус 14, тажик 5	түркмөн 87, өзбек 9, орус 7, казак 7

Жогоруда көрсөтүлгөн республикалардын ичинен Түркмөн республикасы ШКУга мүчө катары таанылбайт. Ал эми ШКУга кирген Борбордук Азия республикаларынын маданий- цивилизациялык алкагы, Кытай менен Орусиядан айырмаланат. Бирок, Кытайга караганда Орусия менен Борбордук Азия элдеринин тарыхый байланышы тыгыз болгондугу анык.

Ошону менен катар ШКУ мамлекеттеринде диндик ишеними бир тамырлаш эмес ар кандай каада салтты туткан улуттар жашашат. Кытайда конфуций, буддизм, Борбордук Азия республикалары ислам, Оруссия батыш-христиандык, православ-словяндык маданияттын туткан көп улутту калктар азыркы мезгилдге чейин өз ара карым-катнашын үзбөй жашап келишет. Бирок, жогорудагыдай көп цивилизациялык маданиятта жашаган калктын бүгүнкү мезгилге чейин чечилбей келген, абдан татаал этникалык, диндик, территориялык ж.б. маселелери бул чөлкөмдүн тынч, стабилдүү жашоосуна көптөгөн тоскоолдуктарын жаратып келет. Негизинен, азыркы күндө дүйнөдөгү эл аралык чыр-чатактар жана локалдык согуштардын 80% Евразия чөлкөмү менен байланыштуу экендиги белгилүү[7]. Евразия чөлкөмүндө ШКУнун мүчө мамлекети катары таанылган Кыргызстан, Казахстан, Өзбекстан жана Тажикстан республикаларынын ортосундагы абдан талаш жараткан орчундуу маселелерине кайрылсак:

1. Этникалык маселе —Фергана өрөөнүндө жайгашкан ШКУга мүчө мамлекеттер ортосунда чек аралардын улуттук мүнөздө сакталып келиши. XX кылымда Фергана территориясы үч мамлекеттин ортосунда бөлүнгөн. Көбүрөөк бөлүгү тоо кыркалары

менен Андижан, Ассаке, Коканд, Кувасай, Маргилан, Наманган и Фергана шаарлары административдүү түрдө Өзбекстанга кирген. Ферганананын чыгыш бөлүгү Жалал-Абад, Ош и Өзгөн шаарлары жайгашкан, түндүк жагынан өрөөн менен курчалган, чыгышта жана түштүктө тоолор Кыргызстанга караган. Ал эми Ферганананын батышы Исфара и Канибад шаарлары (Ходжент) –жана Согд (мурунку Ленинабад) областыТажикстанга кирет. Ушундай административдик бөлүнүүнүн кесепетинен бир эле этникалык группа бири-бирине жакын аймактарда жашашканы менен башка мамлекеттин курамында жашоого аргасыз болуп, чек ара менен бөлүнүп калган[8].

2. Анклав маселеси –Кыргызстан мененТажикстандын, Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосунда чек араны жөнгө салуудагы эң эле оор жагдайды туудуруп келет. Азыркы көрсөткүчтөр менен салыштырып карасак, өзбек диаспорунун этникалык улуттук структурасы Тажикстанда 24,4%, Кыргызстана — 13,8% түзөт. Ал эми Өзбекстана 4 % тажик жана 0,9% — кыргыздар. Мунун ичинен эң көп кыргыздар Өзбекстанга караштуу Фергана өрөөнүнүн үч областтарында: Андижан, Фергана жана Наманганда жашашат[9]. Мындан тышкары Кыргызстандын территориясында эки өзбектерге, бир тажиктерге тиешелүү анклавдык аймактар жайгашкан. Алар 40-50 миң өзбек улуту жашаган Сох жана Шахимардан анклавдары, 29 миң таджиктер турган Ворух анклавы. Ошону менен катар Өзбектердин территориясында 600 кыргыз улуту жашаган Барак айылы бар[8].Жогорудагыдай маселелерден улам мамлекеттер ортосундагы чек араларды делимитациялоо процессин ишке ашыруу кыйын абалга кабылууда.

3. Калктын жайгашуусунун жыштыгы (М: Фергана өрөөнөндө 8-9 млн адам жашайт, Орто Азиянын бардык калкынын 15-20% түзөт), айдоо жердин жана суунун жетишпегендиги социалдык-экономикалык чыңалууну жаратууда. Мындан тышкары жакырчылык жана экономикалык инфраструктуралардын өнүкпөй калышы, жумушсуздук, ички жана тышкы миграциянын күчөшү, бажы өтмөлөрүнүн ортосундагы келишпестиктер этникалык топтор арасындагы чыр-чатактын негизги булагы болууда.

4. Мамлекеттер чектешкен аймактардага суу ресурстарын, газ, нефть ж.б. маселелери.

5. Борбордук Азия мамлекеттеринин тышкы саясатынын ар кандай багытта болушу жана республикалардын саясий маданияты, экономикалык өнүгүү стратагиясы, геосаясий ориентациясы ар башка болуусу карама-каршы жагдайларды жаратууда.

Негизинен, ШКУ уюмунун жаралуусундагы алгачкы кадам Кытай, Орусия жана Борбордук Азия мамлекеттери чектешкен аймактарын жөнгө салуу болгондугу анык. Алгачкы чек ара маселенин чечүүгө белсенген жолугушуу 1996-жылы 26-апрелде Кытайдын Шанхай шаарында болуп өткөн. Жолугушууда Борбордук Азия республикалары менен чек-ара маселесин чечүүдөгү тарыхый келишим катары “Шанхай бештигинин” уюшулушуна негиз түзгөн. Ушундан кийин 1997-жылы 24-апрелде экинчи саммитинде беш мамлекеттин жетекчилери “чек-ара райондорундагы куралдуу күчтөрдү биргелешип азайтуу жөнүндөгү Макулдашууга” кол коюшкан. Чөлкөмдөгү коопсуздукту камсыз кылуу, чек араларда ар бир мамлекетке колюлган милдеттерди аткаруусун текшерүү, аскердик бөлүктүн санын чектөө, куралдуу күчтөрдү азайтуу жана чектөө ж.б. маселелер каралган[10].

2000-жылы “Шанхай бештигинин” кезектеги саммити чек ара маселесин чечүүдө чоң бурулуш жасаган. Мында Кытай, Таджикистан, Кыргызстан мамлекет башчылары үч мамлекеттин кошулган жана чектешкен талаш территориялары боюнча Макулдашууга кол коюшкан. 2001-жылы кытай-кыргыз, кытай-таджик, кытай-казак чек-ара сызыктары боюнча маселелери ийгиликтуу макулдашуулардын негизинде чечилгендигин тастыкташкан[11]. Ошону менен катар 2001-жылы “Шанхай бештиги” Өзбекстан мамлекетинин мүчө болуусу менен “Шанхай Кызматташтык уюму (ШКУ)”

деген аталыштагы Борбордук Азиядагы ири чөлкөмдүк эл аралык уюм катары жашоосун уланткан[12]. Умдун алкагында бир нече мамлекеттер аралык келишимдердин болушу Борбордук Азиядагы мамлекеттер ортосундагы чек-ара маселесин чечилиши адбан позитвдүү денгээлде ишке ашып жаткандыгын айгенелеген. Анткени, кыска мөөнөттө Кытай менен чектешкен коңшу мамлекеттердин ортосундагы ыңгайлуу макулдашуулардын болушу бул уюмдун ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн көрсөткөн. Бирок, ШКУнун максаты Кытай жана Орусия менен чектешкен территориялардагы талаш-тартыштарын гана чечүү эмес, Борбордук Азияда жайгашкан ар бир эгемендүү мамлекеттин улуттук коопсуздук маселесин камсыздоодо ар бир мамлекеттин чек ара маселесин тынчтык жолу менен чечүүсү негизги милдеттеринин бири катары каралуусу тийиш. Уюмга Өзбекстандын мүчө катары таанылышында да, Борбордук Азия мамлекеттеринин чек-ара маселелери жакынкы аралыкта чечилээринде күмөн болгон эмес. Бирок, азыркы күнгө чейин Борбордук Азия республикаларынын чек ара маселесин чечүүдө, чечкиндүү кадамдардын жоктугу уюмдун ишмердигине кедергисин тийгизээри белгилүү.

ШКУнун келечектүү планын кеңейтүүсү 2001-жылдан башталган, ушул эле жылы терроризмге каршы күрөшүү, 2002-жылы ШКУнун уставы кабыл алынып, башкы кааласы Ташкент шаары богон терроризмге каршы чөлкөмдүк структурасы (РАТС) түзүлгөн. 2004-жылы ШКУ БУУнун Жогорку Ассамблеясында алдында көзөмөлдөөчү катары таанылган [13]. ШКУнун милдеттүү кеңейиши Индия, Пакистан, Иран, Монголия жана Ооганстан мамлекеттерине көзөмөлдөөчү статусун бериши. Ал эми Белоруссия, Шири-Ланка жана Түркия мамлекеттерин диалог боюнча шериктеш[14] катары таанышы уюмдун эл арылык абройун жогорулашына алып келген.

Уюмдун мындан аркы келечекке койгон маселелери геосаясий багытта болмокчу, тактап айтканда, көп полярдуу тынчтыктын пай дубалын салуу жана Евразия мейкиндигинде “жибек жолун” киргизүү.Бул чөлкөмдө доллардык көз карандылыкты жоюу менен валюталык көп полярдуулукка жетишүүнү көздөөдө[1]. Келечектеги ШКУнун өнүгүүсү постсоветтик катышуучулардын жеке эркинен да көбүрөөк көзкаранды, анткени бул уюмдун алкагында ар бир мүчө мамлекеттин анын ичинде Борбордук Азия республикаларынын көйгөй жараткан кызыкчылыктары арбын. Кытай уюмдун алкаганда деле эки тараптуу өз арабайланыштын болушуна кызыктар экендигин жашырбай келет. Бирок, уюмдун алкагындагы мамлекеттер аралык байланыштын ийгиликтүү болушу азыркы мезгилде интеграциясыз ишке ашышы мүмкүн эмес. Кытай ШКУ мамлекеттеринин интеграциялык өнүгүүсүн Улуу Жибек Жолун жандандыруу менен Борбордук Азиядан Персия булуңуна чейинки транспорт коридорун турмушка ашырууну сунуштап келет. Мындай идеянын демилгечиси КЭР төрагасы Си Цзиньпин Борбордук Азия республикаларынын ар бири менен транспорт магистраль жолдорун куруу долбоору боюнча ондон ашуун келишимдерге кол коюп, миллиарддаган доллар инвестициялаган[15]. Алсак, азыркы мезгилде Кытай тарабынан Борбордук Азия багытына 87 транспорт маршруттары, анын ичинен 43 жүргүнчү ташуучу, 44 жүк ташуучу автоунаа маршруттары бар. Эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин негизинде КЭР менен Борбордук Азия республикаларынын ортосунда унаа жолдору курулуп колдонууга берилген. Алар Ляньюньган (Цзянсу провинциясы)-Сиань-Хоргос (СУАР) Е40 трассасына чыгат; Кытай-Тажикстан; Тажикстан-Кыргызстан; Тажикстан-Өзбекстан. Негизги жүк ташуучу агын чек ара өтмөктөрү Торугарт аркылуу (кытай-кыргыз чек арасы), Иркештам (КЭР, Кыргызстан жана Тажикстан кездешкенчек арасы), Кульма-Карасу (китай-тажик чек арасы). Кытай булардан тышкары жакынкы арада Борбордук Азия республикаларынын батыш райондору менен байланыштыруучу 12 автоунаа жолдорун курууну ишке ашырып жатат. ШКУ алкагында да бир нече автоунаа жолдорунун долбоорлорун өнүктүрүү

каралууда. Мындай долбоорлорго Ташкент-Чымкент-Тараз-Бишкек-Алмата-Хоргос жана Астрахань-Атырау-Актау- Түркмөндөрдүн чак арасына чейинки жолдорунун реконструкциясы кирет. 1990-жылдардан баштап КЭР Борбордук Азия республикалары менен темир жол каттамдарын демилгелүү түрдө ишке ашырып келет[16].

Мындан тышкары Кытай келечекте ШКУ мүчө мамлекеттерине илим жана техника боюнча ири өлчөмдөгү инвестициялык долбоорлорду салууга даяр экендигин билгизүүдө. Уюмдун алкагында миңге жакын долбоор башталып иштеп жататкандыгы да белгилүү. Жакынкы аралыкта Синьцзян-Уйгур автономиялык районунда Борбордук Азия илимий-техникалык лабораториясын ачуу, мында ШКУ өлкөлөрүнүн окумуштуулары илимий изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөөрү планда каралып жаткандыгын Бишкекте болуп өткөн саммитте айтылган[1].

Азыркы изилдөөчүлөрдүн көз карашында Кытай ШКУ аркылуу Борбордук Азияда таанылууда өзүнүн маданий – цивлизациялык алкагын кеңейтүү менен кытай тилин, жашоо турмушун жайылтууну каалап “жумшак күч” колдонуу аркылуу ишке ашырууда дешет[17]. Ал эми Орусия болсо Евразия мейкиндигинде Кытайдын таасиринин жогорулашына жана орун алышына жол берүүнү каалабайт. Бирок, азыркы күндө Орусия Евразияда таасирдүүлүгүн бекемдөөгө багытталган саясатында Кытай менен болгон мамилеси Батыш мамлекеттерине караганда жакын жана ишеничтүү болууга тийиш. Ошондуктан, постсоветтик мейкиндикте ишке ашып жаткан интеграцияда Кытай негизги тышкы партнер катары таанылылуусу абдан маанилүү. Ушул негизде Кытай ШКУ аркылуу Еразиянын коопсуздугун камсыз кылууга болгон багыттарга бирдиктүү программаларды иштеп чыгууга жөндөмдүүлүгүн көрсөтүү менен бардык долбоорлорго катышууда.

Мындан тышкары Кытай ШКУ Борбордук Азия мамлекеттери аркылуу геосаясий, геостратегиялык жана экономикалык өз ара байланышты түзүү менен Евразия чөлкөмүндө каржы-экономикалык маселени чечүүдө ийгиликтүү жетишкендиктерге жетүүнү каалап жаткандыгы да белгилүү. Дагы Кытай АТР аймагында экономикалык, стабилдүү экспорттук өнүгүү саясатынын болушун өз таасири астында болушуна кызыктар экендигин жашырышбайт[7]. Ошону менен бирге Кытай мамлекетинин тышкы саясатынын негизи милдети Евразиядагы интеграциялык процесстерге активдүү катышууда, партнерлук долбоорлордо жөн гана катышуучу катары эмес алдынкы же орчунудуу орунду ээлегиси келет. Борбордук Азиядагы ири мамлекет катары Кытай Евразия интеграциялык долбоорунда башкы жетектөөчү ролдо болууну көздөйт[18].

Евразиядагы интеграциялык процесстердин натыйжалуулугуна жетүүдө Кытайдын катышуусу жок ишке ашыруу өтө кыйын. Кытай – континенталдык интеграциянын эң керектүү архитектуралык элементи катары белгилүү. Практикада интеграциянын экономикалык түшүндүрмөсү же өз ара байланышы ар түрдүү транзиттик чектешкен инфраструктура менен тыгыз байланыштуу. Алар нефть-газ түйүндөрү, темир жол жана унаа транспорттук коридорлор, эффективдүү чек ара өтмөлөрү жана чек ара соода зоналары ж.б. биригелешкен элементтер Евразияда эркин соода кыймылын түзүүгө шарт түзүүсү керек. Жогорудагыдай ой пикирди ШКУга мүчө Борбордук Азия республикалары да колдоп келишет. Бул жагынан алып караганда келечекте постсоветтик интеграциядагы Кытайдын катышуусу абдан маанилүү экендигин аныктайт.

Бүгүнкү күндө Кытайдын соода интеграциясы эң ынгайлуу позицияда ишке ашып жаткандыгы белгилүү. Орусия жана Борбордук Азия мамлекеттеринин экономикасы Кытай үчүн чийки зат даярдап берүүчү гана ролду аткарып калуу коркунучу бар. Мындай абал Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн эң көйгөйлүү маселелерден. Алсак, Борбордук Азия өлкөлөрү менен Кытайдын ортосунда ар бир жылдагы соода экономикалык товар айлануунун көлөмү 46,94 млрд. долларга барабар болсо, ал эми

Борбордук Азиядан Кытайга ташылып кетүүчү товардын көлөмү 5 млрд. долларды түзүп жалаң гана чийки зат түрүндө чыгат. Мындан КЭР соода кирешеси бул мамлекеттин тышкы саясатынын стратегиялык принцби “Кытайдын даяр продукциясы Борбордук Азиянын арзан чийки заттары менен алмашуусу” деген пикирди туудурат дешет[19].

Эгемендүүлүктүн жылдарында Кытай Борбордук Азия республикаларынын ишенимдүү соода-экономикалык шериктеши катары таанылуу менен Өзбекстан, Таджикстан жана Кыргызстандын соода шериктеши катары Кытай үчүнчү орунга чыкса, Казахстан и Түркмөнстан үчүн ири соода партнеру катары таанылууда. Келечекте бул мамлекеттердин экономикасын Кытай өз экономикасынын нугуна багыттап жаткандыгы мүмкүн дешет. Салыштырмалуу анализ ирээтинде КЭРдин ар бир жылдагы Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн багытталган инвестициясынын көлөмү 15 млрд. долларды түзсө, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бирөөсү да КЭРде инвестициясы жокко эсе же ишке ашырылбайт[20].

Эми ШКУнун алкагында ишке ашып жаткан иш аракеттерде Борбордук Азиядагы постсоветтик республикалардын стратегиялык, геосаясий, транзиттик жана ресурстук потенциалын карап көрсөк:

- Чөлкөмдүн стратегиялык мааниси – дүйнөдөгү беш ядердик мамлекеттердин ичинен экөөсү менен – Кытай жана Орусия менен чектешет, Иран жана Ооганстан аркылуу Персия булуңуна жана Индия океанына чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.
- Борбордук Азиянын транзиттик потенциалы бул жөн гана бир нече мамлекеттердин транспорт мүмкүнчүлүктөрү эмес. Борбордук Азия республикалары – саясий, аскердик, экономикалык ж.б. көптөгөн кызыкчылыктардын чордону.Бул чөлкөм көп кылымдык тарыхый, маданий жашоосу менен айырмаланып, бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн кыймылдуу күчтөрдүн экономикалык өнүгүүсү үчүн негизги булагына айландырууну жана транзиттик потенциалын пайдаланууну көздөгөн иш аракеттер болуп келүүдө. Транзиттик темри жол магистралдарынын көбөйүшү, унаа жана аба жолдорунун өнүгүүсү Борбордук Азия республикаларынын геосаясий, соода-экономикалык маанисин жогорулатууда. Борбордук Азия аркылуу ири жүк ташуучу агындар Азия тынч океан чөлкөмүнөн (АТР) Европа, Батыш Азияга чейинки мейкиндиктерди байланыштырат. Азыр Борбордук Азиянын автоунаа жолдору 320.000 км ашат, темир жол – 20.000 км, нефти, мунай зат магистралдары – 40.000 км. Республикаларда 100 ашуун аэропорттор бар, анын ичинен 20 эл аралык болуп эсептелет[16] .
- Борбордук Азия мамлекеттеринин эл аралык мамиледе алган орду жана кызыктырган феномени, бир эле мезгилде Европалык, Азиялык (мусулман) жана чөлкөмдүк эл аралык уюмдарга жана банктарга мүчө болуусу. Ошону менен катар бул чөлкөм Кытай, Оруссия мамлекеттерин эске албаганда, АКШ жана Европа, Түркия, Япония сыяктанган мамлекеттерин көңүл чордонунда кызыктырып тургандыгы менен да белгилүү.
- Борбордук Азиянын ресурстук потенциалын абдан жогору, пайдалуу кендер, жаратылыш газы, энергия, минералдык ресурстар, түстүү металлдар ж.б. мурунку СССРдагы кендердин 62% түзгөн, Орусиянын территориясындагы (запас) кендердин 2,2-2,5 эсеге жогору[21].

Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен Кыргызстан стратегиялык жактан маанилүү аймакты ээлеп, Кытай, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан мамлекеттери менен чектешет. Кыргызстандын ШКУга эгемендүү мүчө мамлекет катары таанылуусу эл аралык мамледе өз алдынча актор экендигин айгенелейт. Бирок, ички саясий стабилсиздик, тышкычечилбеген маселелер, жакшы өнүкпөгөн экономика, күндөн - күнгө өсүп жаткан карыздарыбыз өз алдынча өнүгүүгө кызыктар экендигибизди унутта

калтырып келет. ШКУ сыяктанган эл аралык уюмдардан жардам алып, алардын койгонбардык шарттарын аткаруу менен гана эч кандай кызыкчылыгы жок, максатсыз жашап келе жаткандайбыз. Ошондуктан бүгүн эгемендүү мамлекет катары жөн гана эл аралык уюмдардын мүчөсү болуу менен жашабастан өз кызыкчылыгыбызды билгизүүгө жана ишке ашырууга убакыт келип жеткендей.

Жыйынтыгында орусиялык, кытайлык, батыш жана жергиликтүү изилдөөчүлөрдүн баамында ШКУ алкагында Борбордук Азия мамлекеттери Орусия менен Кытайдын иш аракети менен саясат, экономика жана коопсуздук областарында өз ара карым-катнашын ишке ашыруу менен жашап жаткандыгын тастыкташууда. Ошону менен катар Орусия менен Кытай үчүн Борбордук Азия республикаларынын жогоруда көрсөтүлгөн бардык потенциалын ШОС алкагында интеграциялык өнүгүүдө пайдалануу абдан маанилүү экендиги да эч кимге жашыруун эмес.

Адабияттар:

1. ШОС: путь через десятилетияhttp://www.gezitter.org/politic/23781 kitay_i_rossiya_pod_shkuroy_bumajnogo_tigra_shos_/
2. Международные отношения: теория, конфликты и организации: учеб. Пособ./ под ред. П.А. Цганкова. – М., 2004.
3. Байков А.А. сравнительная интеграция. Практика и модели интеграции в Зарубежной Европе и Тихоокеанской Азии /отв. ред. А.Д.Богатуров М.: Пресс, 2012;
4. Шанхайская Организация Сотрудничество http://www.sectsco.org/
5. Шукуров Э. Центральная Азия: проблемы и факторы регионального сотрудничества. // Центральная Азия: новое пространство для сотрудничества- Б.: 2000. С.14
6. Колдунова Е. Роль ШОС в Центральной Азии: сравнительный анализ исследовательских дискурсов. 2.11.13 http://www.centrasia.ru
7. Интернет-журнал "Новое Восточное Обозрение 11.11.2012 г. http://www.centrasia.ru/newsA.php?st=1352634120
8. Лунев С. Ферганская долина как одна из моделей регионального развития.источник: http://www.ca-c.org/journal/09-1997/st_04_lunev.shtml
9. Осипов А.Г. Ферганская долина: этничность, этнические процессы, этнические конфликты. М.: «Наука», 2004. Международный институт гуманитарно- политических исследований http://www.igpi.ru/info/people/osipov/1172304934.html
10. Нятбеков В. Решение пограничных вопросов-как фактор образования ШОС. // материалы научной-практической конференции. Душанбе 2002.
11. Слово Кыргызстана 16 май 2002
12. Китай в мировой политике. –М.: 2001
13. Колдунова Е. Роль ШОС в Центральной Азии: сравнительный анализ исследовательских дискурсов. 2.11.13http://www.centrasia.ru
14. Шанхайская организация сотрудничество.www. sectsco.org/
15. Интересы Китая в “Великом шолковом пути” , ШОС- “Китайское НАТО” http://www. ru /33237 – shos-kitayskoe-nato.html
16. Свечников А. Чаплинский С. Транзитный потенциал региона. // Центральная Азия. Геополитика и экономика региона. – М., 2010. С.90-91
17. Серебрякова Н.В. Центральная политика КНР как региональная проекция “теории гарманичного мира” //Мировые державы в Центральной Азии. М.,2011, с. 74-75
18. Евразийская интеграция и Казахстан.Экспертный форум http://www.easttime.ru
19. Фроленков В. С. Современные торгово-экономические отношения КНР с центрально-азиатскими странами – членами ШОС: Автореф. дис. … канд. экон. наук. – М., 2008. – С. 18 // URL: http://www.ifes-ras.ru/old/aspirant/Frolenkov-avtoref.pdf /
20. Эксперт: торгово-экономическое сотрудничество Китая со странами Центральной Азии продолжится на высоком уровне (10-06-2013) // URL: http://russian.cri.cn/841/2013/06/10/1s471591.htm /,.
21. Парамонов В.,Строков А.Центральная Евразия – экономика. 17.07.2010.http://www.easttime.ru

УСТАТТЫ СЫЙЛОО ЫЙЫКПЫ?..

Садыков А.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК.894.341.09

Устат менен шакирт деген сөздөрдүн теги тереңде. Ал тарбия-таалим маселесине келип такалат. Мисалы үчүн устат-зергер, устат-жыгаччы үйрөнчүк алып, ага өз өнөрүнүн сырларын үйрөтөт. Ушундан улам устат менен шакирт деген сөздөр көп мезгилдерден бери колдонулуп келе жатат. Эгерде илим жаатынан алып карай турган болсок, анда устат – бул тажрыйбалуу окумуштуу. Шакирт анын аспиранты же илимий изденүүчүсү. Шакирт устатынын көрсөткөн жолу менен анын илиминин сырларын өздөштүрүп, анан аны өзүнүн жаңылыгы менен байытууга тийиш. Ошентип, устат менен шакирттин ортосундагы чыгармачылык мамиле түзүлөт. Мыкты окумуштуу бир-эки эле илимпоз менен алектенбей, ал мөмөлүү дарак сыяктуу көп шакирттерди тарбиялап чыкканга кудурети келет. Андай устаттар, башкача айтканда, өзүнүн илимий мектебин жараткандар бардык илим тармактарында жолугат.

Мен К.Асаналиевди ошондой тажрыйбалуу, билими терең устаттардын бири деп эсептейм. Мен ага шакирт болуп 1956-жылы өткөмүн. Ошондо ал Ленинграддан диссертация коргоп келип, академияда жана университетте иштеп жүргөн кези экен. Мен аны кыргыз адабиятынан кандидаттык минимум бергени Оштон келгенде бир эле жолу көргөн элем. Эми ал киши мага ректораттын буйругу боюнча илимий жетекчи болуп дайындалыптыр. Ошол кездеги тартип боюнча аспирант жекече планды толтуруш үчүн сөзсүз түрдө жетекчисине жолугуп, тема тандап алууга тийиш эле. Мен ошондой миссия менен академиянын Тил жана адабият институтуна барсам, ал институттун директорунун орун басары экен. Көпкө отуруп баарлашкан деле жокпуз. Келген максатымды айтсам, иштеп жүргөн темаң бар беле деп сурады. Мен жок эле дедим. Максатым совет доорундагы жазуучулардын бирөөнүн эле чыгармачылыгын изилдөө дегенимде, ал мага өз колу менен жекече планыма «Новаторство Алыкула Осмонова» деп жазып койду. Бир гана айткан сөзү – жаңычылдык эч качан традицияга таянбай туруп жаралбайт. Демек, сенин темаң традиция жана жаңычылдык багытында иштелет деген мазмунда сөз айтты. Ошентип, биринчи окуу жылында философия менен чет тилден экзамен тапшырып, темама тиешелүү материалдарды кошо чогулта жүрдүм. Май айына Москвага командировка пландаштырылган эле. Мен ошонун алдында жетекчимди жана кафедра башчым К.Иманалиевди, доцент К.Субанбековду ресторанга чакырып, чай бердим. Алар мага келер-кетер сөздөрүн айтышты. Ошол боюнча мен жетекчимден улам бир суроо сурап, улам барып тынчын алганым жок. Жогорку айтылган багытта өзүнчө иштеп жүрдүм. Аспиранттык мөөнөтүм бүтөөрүнө үч-төрт ай калганда, мен диссертациямдын өзүмдүк вариантын жетекчиме алып барып бердим да, 1959-жылдан баштап Кыргыз кыз-келиндер пединститутунда окутуучу болуп иштей баштадым.

1960-жылы академиянын Тил жана адабият институтунда Б.Маленов деген кандидат университетке кетип, анын ордуна кенже илимий кызматкер болуп мен бардым. Жетекчим менен кызматташ болуп калдым. 1961-жылы сектор башчысы Б.Керимжанова менин диссертациямды талкууга коюп, сектордон өткөрүп, коргоого сунуш этти. Жетекчим ошондон кийин менин диссертациямды окуп чыгып, орчундуу эч сын айтпай эле мага өзүнүн пикирин жазып берди. Ошол боюнча мен коргоону күтүп жүрдүм. Керимжанова эже Москвада Есмагамет Исмаилов деген казак окумуштуусуна жолугуп, менин ишим тууралуу сүйлөшүптүр. Ошондон улам мен 1961-жылы декабрь айында Алма-Атага диссертация коргоо үчүн бардым.

Жетекчимдин кадыр-баркы ал кезде Казакстанга чейин белгилүү болуп калган эле. Анткени, анын 1961-жылы «Открытие человека современности» (Заметки о творчестве Айтматова) деген эмгеги орус тилинде чыккан эле. Ал кезде мындай эмгектер бүткүл союз боюнча китепканаларга жетчү. Ошол себептүү болсо керек Есмагамет агай Кекемди жакшы тааныйт экен, ал мага оппоненттикке макул болуп, диссертациямды коргоп, дипломду алгандан кийин улук илимий кызматкер болуп иштеп жаттым.

Мына ушул кезде бир оор кырдаалга туш келдим. К.Асаналиев 1960-жылы Кыргызстан КП БКнын тапшырмасы боюнча Кылыч жана Тыныстановдун чыгармачылыгы боюнча редакциялык макала даярдап, ал партиялык газеталарда орус жана кыргыз тилдеринде басылып чыккан эле. Анда бул эки инсандын чыгармачылыгына тескери баа берилген. Ошол себептүү болсо керек, Кылыч менен Тыныстановду жактап жүргөн А.Токомбаев К.Юдахин, Б.Юнусалиев Кекемди (мен ал кишини агай дегендин ордуна ушундай деп айтып үйрөнүп калгам) улук илимий кызматкерликке шайлабай, кулатып ташташты. Ошондон кийин ал кенже илимий кызматкер болуп иштөөдөн уялып, педагогика илим-изилдөө институтуна которулуп кетти. Бирок, ал жакка деле көп байыр ала албай, институттун директору Измайлов менен пикири келишпей, ал жактан бошоп алып, 2-3 жылча кызматсыз жүрүп калды. Менин жетекчим менен байланышым үзүлдү. Ага моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүүгө менде кудурет жок эле. Кийинчерээк Борбордук партия комитетинин идеология боюнча катчысы К.Н.Кулматовдун (Кекем аны университетте бир-эки жыл окутуп калган экен) тапшырмасы менен ал Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтуна келип, улук илимий кызматкер болуп иштей баштады. Кийинчирээк совет адабияты секторун башкарып жүрдү. Ал киши өзүнүн мурда институттан эмне болуп, кантип кеткендиги жөнүндө арызданып деле сөз айтчу эмес. Анткени, ага каршы чыккан кишилер ошол эле жерде институттун иштерине аралашып жүрүшкөн. Кекем эми баягыдай ачуу сындарды токтотуп, кыргыз совет адабиятынын эки томдук тарыхын түзөлү деп (мен анда институттун директору болуп калдым эле) ошого киришип кеттик. Ал эки-үч жылдык убакытты алды. Кекем баягы өзү тескери баа берген Кылыч менен Тыныстанов жөнүндө «Мурас» деген бөлүмдү жазып, алардын чыгармачылыгына позитивдүү баа берип, чоң эмгек жаратты. Бирок, Кылыч менен Тыныстановду жаратпай жүргөн академик А.Алтымышбаев биз жараткан биринчи томго тескери рецензия жазып, токтотуп койду. Экөөбүз Токомбаев, Сыдыкбеков, Алтымышбаев, Айтматовдорду баш коштуруп, ошол бөлүмдү талкууладык. Үч академик аны Асаналиевдин жазганын ушундай эле формада өткөрүү керек дешти. Ал эми Алтымышбаев болсо, партиялык токтом бар деп кашайып болбой койду. Ошентип, Кекем оңдоп жазган Кылыч менен Тыныстанов бул жолу колдоого ээ болгон жок. Биз биринчи томду алардын чыгармаларына берилген терс баа боюнча чыгарууга аргасыз болдук.

Кекем эки томдукту чыгарып бүткөндөн кийин пландык тема катарында баягы эле кыргыз прозасы боюнча изилдөөлөрүн жүргүзүп келди. Кыргыз романдары тууралуу макалаларды, китептерди жазып жатты. Мен бир жолу (ал кезде кандидат, докторлорду көп даярдоо боюнча атайын өкмөттүк тапшырмалар берилчү) докторлук диссертация коргоо тууралуу сөз кылсам, ал аны анча кубаттаган жок. Ошол боюнча жүрүп жаттык. Анан дагы бир жолу директор катарында андан талап кылуу маанисинде: «Кеке, сиз эми көп романдарды жаратпай жүрөсүз, жазуучулар баары бир сизди жылдырбайт, ошон үчүн Айтматов боюнча эле диссертация коргоңуз» десем, ушул пикирге бир аз уюду. Анда материал даяр эле болчу. Аны диссертациялык формага гана келтирүү керек эле. Кекем докторлук диссертациясын ушул эле өзүбүздүн Адистештирилген кеңешибизде казак досторубуздун колдоосу менен

(З.Кабдолов, З.Ахметов) жогорку деңгээлде коргоп, дипломун тез эле өз убагында алды.

Анан дагы бир жолу өзгөрүү болуп кетти. Мен институттун директорлугун өткөзүп берип, 1988-жылы Улуттук университетке өттүм. Ал кезде академиянын кадыры мурункудай болбой, түзүк кызматкерлер тарай баштаган эле. С.Байгазиев педагогика институтуна, К.Ибраимов Арабаев институтуна кетип калышты. Эки жылдан кийин Кекем да Улуттук университетке келип, бир кафедраны жетектеп жүрдү. Ушул жерде ал «Айтматов: кечээ жана бүгүн» деген монографиясын университеттин басмаканасынан чыгарды. Ал кезде китеп чыгаруу да оорлошуп калган эле. Биз экөөбүз кызматташ болуп жүрдүк.

Кекем юбилей-маараке өткөрүүнү анча көп жактырчу эмес эле. 1988-жылы ал 60 жашка чыккан кезде Кубат Ибраимов ж.б. эки-үчөөбүз болуп ал кишинин туулган айлына барып, чакан тойчук өткөрдүк. Кекемдин өзүнүн короосуна кирсек, кыргыздын кичинекей бир жалпак тамы турат. Ал жерде эч ким жашабайт экен. Кекем мына ушул үйдө апам экөөбүз жашоочу элек деп, ошол балалык мезгилин бир аз эскерип өттү. Көрсө, атасы мурунураак дүйнөдөн өтүп, Кекем апасы экөө гана жашап жүрүптүр, ал жалгыз бала экен. Ал эми 70 жылдыгында Улуттук университеттин эки кафедрасы биригип, бир чапан жаап, чай уюштуруп өткөрүп койдук. Андан кийин шакиртим М.Жаңыбаева экөөбүз «Кеңешбек Асаналиев» аттуу чакан очерк жазып, китепче кылып чыгардык. Кекем аны окуп, ыраазычылыгын билдирген эле. Бул К.Асаналиев жөнүндөгү алгачкы илимий иликтөө болчу. Бир аз кийинчирээк ошол эле Жаңыбаева экөөбүз К.Асаналиевдин эмгектеринин аннотацияланган библиографиясын китепче кылып чыгардык. Муну да ал кишиге көрсөтүп, ыраазычылыгын алган элек.

К.Асаналиев жөнүндөгү очеркти илимий жактан тереңдетип жана кеңитип, Жаңыбаева Кекемдин көзү өткөндөн кийин кандидаттык диссертациясын коргоп, бир жылдан соң бекиди. Ушул жерде Кулубек Бөкөнбаевдин бир сөзү эске түшөт. Ал бир жолу бир нерсеге кату нааразы болуп, «кыргыздын канында цианид» деген зат бар окшойт деген эле. Ушул сөз мага абдан туурадай сезилди. Аны мен К.Асаналиевге өтө бир жакын жүргөн айрым адамдардын ал жөнүндө жазылган диссертацияга көрсөткөн каршылыгына байланыштуу эскерип жатам.

Кекем 80жашка бир аз жете бербей бул дүйнө менен коштошуп кетти. Мына эми анын 85 жашка чыккандыгына байланыштуу юбилей өткөнү жатат. Жан курбу досу Айтматовдуку декабрь айында болмокчу. Албетте, ал өтө бийик деңгээлде өтө тургандыгына көзүбүз жетет. Ага бүткүл коомчулук катышмакчы. Ал эми Кекемдики болсо Рсепубликалык деңгээлде гана белгиленип жатат, анткени, чама-чаркыбыз ошончо эле. К.Асаналиевге «Эл жазуучусу» катары өкмөт да кийлигишүүсү тийиш болсо да, азыркы кыйын шартта ал маселени кое алганыбыз жок.

Кекем окумуштуу жана улуу инсан катары эч качан биздин эсибизден чыкпайт, бирок, биздин жашыбыз да бир топ жерге барып калды. Кекемдин даярдаган окуучулары азыр эч нерседен капарсыз эле жүрүшөт. Алардын кайсы жерде, кандай кесипте иштеп жатканынан да кабарым жок.

Демек, баягы совет заманындагыдай алдуу-күчтүү болсок, бул юбилейди бир топ бийик деңгээлде өткөрөт элек. Айла жок абал түзүлгөн. «Жылкыңа карай ышкыр» деген накыл кепте айтылгандай, коомдогу абалыбыздан ары узап кете албадык. Жазуучулар Союзу дегендин аты бар, заты жок. Жазуучуларыбыз болсо өздөрү чыгарган китептерин өздөрү сатып, кудайчыдай болуп жүрүшөт. Эми биздин бир гана тилегибиз улуу адабиятчы жана сынчыбыз Кеңешбек Асаналиевдин 3 томдук тандалмаларын чыгарууга спонсор табылса кандай жакшы болоор эле, атаганат. Ошондой бир мээримдүү, илимди сыйлаган бай адам чыкса, мен анын аталган томдорун тез эле даярдап, колуна өткөрүп берүүгө кудуретим жетет.

ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДА КОКОН ХАНДЫГЫНЫН НЕГИЗГИ МААНИДЕГИ АСКЕРДИК-САЯСИЙ ЧЕПТЕРИ

Султаналиев Б.Т.
Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына

УДК: 947.(575.2) (04)

Кыргызстан кылымдар аралыгында ири державалардын Россия, Англия жана Кытайдын геосаясатынын аренасы болуп келген. Ал өзүнүн географиялык жактан ыңгайлуу жайгашкандыгы, өткөөл соода жолдорунун боюнда болгондугу кызыктырган. XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башында кыргыз урууларынын ички-тышкы саясатында оор кырдаал түзүлгөн. Бир тарабынан Циндик Кытайдын, экинчи тарабынан жаңыдан күчтөнүп келе жаткан Кокон хандыгынын басып алуу коркунучу туулган. Үчүнчүдөн, казактар менен жайыт талашуу, барымталашуу, жылкы тийүү ж.б. чыр-чатактар көп болуп, ири кагылыштарга чейин жетип турган. Андан тышкары, кыргыз урууларынын өздөрүнүн ич-ара бүтпөгөн чыр-чатактары, жалпы кыргыздардын биримдигин, күчүн алсыздандырып, коңшу саясий жактан борбордошкон мамлекеттерге оңой эле жем болуп беришкен. Бул кыргыз урууларынын ички жана тышкы саясатындагы болуп жаткан жагдайлар жана кырдаалдар Кокон хандыгынын Кыргызстандын аймагын толук басып алуусун жеңилдеткен жана кокондуктар кыргыз урууларынын ортосуна от жагуу менен иш жүзүнө ашыра алган. Ошентип, XIX кылымдын 30-жылдардын ортосунда кокондуктардын бийлиги Түндүк Кыргызстандын бардык территориясында орногон.

Кокон хандыгы Түндүк Кыргызстандын аймагын башкаруу, салык жыйноо жана бийлигин бекемдеп кармап туруу максатында бир катар аскердик-саясий чептерин түзүшкөн. Ташкент өкүлчүлүгүнө караган Чүй, Ысык-Көл, Суусамырлык кыргыздарды жана улуу жүз казактарынын бир бөлүгүнүн аймагын башкаруу, салык чогултууда көзөмөлдөп туруу үчүн хандыктын негизги таянган Пишпек чеби аркылуу жүзөгө ашырылган. Пишпек чебине түздөн-түз Токмок жана Ак-Суу чептери баш ийдирилген. Ал эми Борбордук Теңир-Тоодо Нарын, Ак-Талаа, Жумгал, Ат-Башы, Тогуз-Торо аймагында жашаган кыргыздар Анжиян өкүлчүлүгүнө карап, хандыктын негизги таянычы Куртка чеби болгон. Бул эки чеп бүткүл Түндүк Кыргызстандын аймагындагы хандыктын негизги маанидеги таянычы, кыргыз урууларын башкаруудагы административдик-саясий борборлордун ролун аткарышкан. Аларга хан тарабынан жиберилген жогорку даражадагы бек же датка башкарган. Алар өз кезегинде Ташкентке жана Коконго кыргыздарды башкаруу боюнча жооп берген. Пишпек менен Куртка кокондук бектердин резиденциясына айланган жана бул чептердин комендanttарына башка чакан чептердин бардыгы баш ийишкен жана алардын көрсөтмөсү менен ар кандай буйруктарды аткарып турушкан. Бул чептердин комендanttары жылыга кыргыз уруу башчыларын чакырышып, ар кандай талаш маселелерди чечүү үчүн жыйналышка (топко) чогулушкан. [3. С.52]

Пишпек чебинин 1825-жылы кокондук аскер башчы Ляшкер Кушбеги тарабынан негизделиши, архивдик документтерде төмөндөгүдөй баяндалат: «чүйлүк кыргыздардын бир бөлүгү кокондук аскер күчтөрүнүн кысымына чыдай албай, зекет төлөөгө аргасыз болушту. Бир бөлүгү Атаке бийдин балдарынын башчылыгында баскынчыларга пассивдүү каршылык көрсөтүү менен Ысык-Көл аймагына конуш которушкан». Бул документе айтылгандай, солто уруусу жана сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү кокондуктардын бийлигин таануугa аргасыз болушкан. Ошол эле жылы алар Мадалы хандын буйругу менен Чүй өрөөнүндөгү Аламүдүн суусунун сол жээгине Пишпек чебин тургузушкан. Бул жөнүндө документтерде төмөндөгүдөй айтылат:

буйрукчул (приказчик) семипалатиндик көпөс С. Попова Файзулла Сейфуллин 1825-жылы күзүндө товарлары менен Чыгыш Түркстанда болуп, «кокон төрөсүнүн 3000 ден ашык адамдары жапайы-таш кыргыздарынын жерине шаар тургузушту» деген маалыматты укканын айткан. [2]

Чеп бийик дөңсөөдө, стратегиялык жактан өрөөнгө үстөмдүк кылуучу ыңгайлуу шартта жайланышып, Жети–Сууга жана Ысык–Көлгө өтүүчү жолдордун тоомунан орун алган. XIX кылымдын 50-60-жылдарында Россия империясынын Борбордук Азия чөлкөмүнө болгон колониалдык басып алуу саясаты Түндүк Кыргызстандын аймагына жеткенде, кокон үстөмдүгүн кулатууда бир катар маанилүү кокондук чептердин түзүлүшү, схемалык пландары чийилип, маалыматтар топтолгон.[8] Ушундай маалыматтарга ылайык, орустар үчүн стратегиялык маанилүү пункт болуп келген кокондук Пишпек чебинин түзүлүшү жазылган. Чеп бири-бирине дал келбеген төрт бурчтук түрүндө болуп, ар бир дубалынын узундугу 225-235 метрге чейин жеткен жана ички бекемделген экинчи дубалы да болгон. Сырткы дубал топурактан салынып, дубалдын үстүндө кыдыракей тишчелер түшүрүлгөн. Бийиктиги 5,5 метрге жакын, дубалынын калыңдыгы түп жагы 8,5 метрге, өйдө жагы 3 метрге чейин жеткен. Коргонууну күчөтүү үчүн чепти айланта терең аң казылып, суу толтурулган. Аңдын тереңдиги 5,3 метрдей, туурасы 6,4 метрге чейин болгон. Мылтык, замбиректерден атуу үчүн дубалдын ар кайсы жеринде атайын тешилген көзөнөктөрдү жасашкан. Дарбазасы чептин батыш тарабында, түндүк-батыш жагына жакын жайгашкан. Аңдын үстүнө чепке кирүү үчүн көпүрө ташталган жана ал курчоо убагында алынып салынган. Сырткы дубалдын ичинде мечит, бакча, суу сактоочу көлмө, конок аянты жана ал жерде жайгашкан 70 ке жакын дүкөнчөлөр буюмдары менен, соодагерлердин жана чепте жашагандардын турак-жайлары болгон. Ички дубалдын калыңдыгы өйдө жагы 7,5 метр, түп жагы 10,5 метр, дубалдын үч тарабы кургак аң менен курчалып, аңдын таманынан эсептегенде бийиктиги 10,5 метрге жеткен. Бурчтары жана бет маңдайы мунаралар менен күчөтүлүп, маңдайынан жана капталдарынан душмандардан коргонуу үчүн, ок чыгарууга ылайыкташылып курулган. Мунаралардын бийиктиги 11,7 метрдей, кум аралашкан топурак менен согулуп, сыртынан узундугу жана калыңдыгы 0,70 метр, туурасы 0,50 метр болгон катуу топурак кыш менен капталган. [5. С. 16-47] Ички дубалдын ичинде аскерлердин жатаканасы, ок–дары, курал–жарак кампалары, темир устаканасы, чарбачылыкка керектүү имараттар, комендanttын үйү жана аскерлерди машыктыруучу аянттар жайгашкан. Ошондой эле, жетишээрлик өлчөмдө суу менен камсыз болуу үчүн, суу сактоочу көлмө жана жети кудук болгон. Чептин айланта казылган аңга Аламүдүн суусунан арыктар аркылуу суу толтурушкан. Чептеги гарнизондо тынч мезгилдерде 150-170 дей сарбаздар жана сыпайлар болгон. [9] Керек болгон учурларда аскерлердин саны 500-700гө чейин көбөйтүлгөн. 1860-жылы гарнизондогу аскерлер 4 жез замбирек, 11 чоюн замбиректер, түтөтмө мылтыктар, кылыч, найза менен куралданышкан. [7. С. 247-252, 269-272] Пишпек 1853-жылга чейин кокондуктардын Сыр-Дарыянын төмөнкү агымындагы Ак-Мечит чеби сыяктуу ички дубалдан гана турган. Орустардын 1853-жылы Ак-Мечит чебин алышы менен, Пишпекке экинчи дубалды тургуза башташып, 1858-жылы гана аякташкан. Пишпек чеби Ак-Мечит чебинен 4 эсе чоң болгон жана Кокон хандыгынын түндүк-чыгыш чек-арасындагы эң күчтүү чыңдоосуна айланган.

Пишпек чеби Кокон хандыгынын Чүй өрөөнүндө жайгашкан саясий–административдик эле эмес, соода борборуна да айланган. Кербендер Пишпек чебине токтоп өргүү кылышкан. Соода-кербендерине бажы көзөмөлүн жүргүзүшүп, салык алышкан. Айланасында кыргыздардын кыштоолору жана аштык жерлери болгон. [4. С. 104-105] Салык чогултуучулардан сырткары, кыргыздардан сатып же алмашып алган мал-мүлкү менен Ташкенттик, Бухаралык сарттар жана Ташкент, Маргалаң,

Намангандан келген өзбек соодагерлери байырлашкан. Алар бул жерден кыргыздар менен кызуу соода-сатык иштерин жүргүзүшкөн. Соода алмашуу түрүндө, кыргыздар кокондук кол өнөрчүлөрдүн буюмдарын мал-жандыктарга алмаштырып алышкан. Соодагерлер менен чиновниктер үй-бүлөлөрү менен чептин ичинде, сыртында да жашашкан. Анча көп эмес санда кол өнөрчүлүк, жер иштетүүчүлүк менен алектенген өзбектер да жашашкан. XIX кылымдын ортосунда Пишпек уездинин башчысы А. Талызиндин берген маалыматтары боюнча чепте жана анын айланасында кокондуктардын 1000 жакын үйлөрү болгон. [6. С. 29]

Куртка чеби Борбордук Теңир-Тоодогу хандыктын административдик-саясий борбор катары негизги таянычы болуу менен бирге эң маанилүү соода борборунун да милдетин аткарып турган. Бул жерден кокондуктар менен кашкарлык көпөстөрдүн жана теңир-тоолук кыргыздардын ортосунда кызуу соода-сатык иштери жүрүп турган. Кашкарга, Коконго, Ташкенди көздөй өткөн соода кербендерине көзөмөл жүргүзүүчү маанилүү пункт болуп эсептелген. XIX кылымдын 50-жылдарынын аягында Россия бийлиги тарабынан Чыгыш Түркстанга чалгынчы катары жиберилген окумуштуу-саякатчы Чокон Валиханов, соода-кербендери менен Кашкардан кайтып келе жатып, кыргыз жергесинен Куртка чеби аркылуу өткөн. Окумуштуу-саякатчы Куртка чебинин түзүлүшүн, анын учурдагы акыбалын, ага баш ийген кыргыз уруулары тууралуу маалыматтарды жазып, калтырган. 1832-жылы кокондук Мадалы хандын тушунда, миң башы Хаккула 7000 сыпай менен саяктардын каршылыгын басып, башчылары Атантай менен Тайлакты туткундап, Коконго кошо ала кеткен. Черик, басыз жана моңолдор урууларын баш ийдирип, Куртка чебин негиздеген. [1. С. 385] Атантай жана анын иниси Тайлак туткундан бошонгондон кийин кокондуктарга баш ийүүнү каалабастан, Иледеги улуу жүз казактарынын жерине көчүшкөн. Ал жактан казактар тарабынан кысымга алына баштаганда кайрадан өздөрүнүн конушуна кайтышып, кокондуктардын бийлигин таануууга аргасыз болушкан.

Куртка чеби Нарын дарыясынын оң жээгинде жайланышып, айланта 430 метр, үч жагы дубал менен курчалып, бир жагы суунун жээгиндеги тик жарга такалган. Бийиктиги 6,5 метр, дубалдын калыңдыгы 1,5 метрге жакын болуп, топурак жана таштар менен согулуп, салынган. Башкы дарбазасы чыгыш тарабында болуп, түндүк тарабындагы дарбазасы аркылуу сыйынуучу жайга киришкен. Бул жер мазар деп эсептелип, мал жандыктар курмандыкка чалынган. Чептин ичинде бир нече топуректан салынган кепе үйлөр болгон. Комендант жашаган үй бир нече бөлүктөрдөн кабыл алуучу, мечит ж.б. өз-өзүнчө кепелерден турган. Кыргыздардын да боз үйлөрүн тигишип, жашашкан. Чептин гарнизону тынч мезгилдерде 50-70 сыпай болгон. Керек болгон учурда Анжиян өкүлчүлүгүнө кайрылып аскер сурап турган. Артиллерия болгон эмес жана көбүнчө кылыч, найзалар менен куралданышып, бир аз сандагы түтөтмө мылтыктары болгон. [1. С. 384] Андан тышкары, чепте салык жыйноочулар жашаган. Куртка чебинин айланасында 400гө жакын кокондуктардын үйлөрү болгон. [6. С. 29] Чепке жанаша кыргыздардын аштык жерлери болгон.

Ч. Валихановдун берген маалыматы боюнча, XIX кылымдын 50-жылдардын аягында Куртка чебинин комендантына үч уруунун өкүлдөрү саяк, черик жана бугу уруусунун бир бөлүгү баш ийип турган. Саяктар үч бөлүктөн: 1) Чоро уругу – Осмон Тайлак уулу башкарган; 2) Кулжыгач – Төлөке Эраалы уулу башкарган; 3) Иман – Байтур Жапалаков башкарган. Бул үч урук тең бири-бирине душмандашып турушкан. Куртка чебине бугу уруусунун тынымсеит бутагы жана Нарын суусунун жогорку агымында көчүп жүрүшкөн калмактардын бөлүгү да баш ийген. Аларды Мамаке Шопактын тукумундагылар башкарган. Булардын ичиндеги таасирдүүлөрү: Найман Буйдаш уулу, Алжан жана Табылды Алекенин балдары болгон. Куртка моңолдор, басыз ж.б. кыргыз урууларынан да салык жыйнаган. Тогуз-Торо жана Жумгал чептери

буга чейин Курткага баш ийип келишкен болсо, кийинчерээк өзүнчө башкарууга өткөн. Курткадагы жана бул чептердеги сыпайлар кыргыз урууларынан салык жыйноо учурунда дайым чаташтыруулар болуп турган. Куртка бегине баш ийген саяктар 600 түтүнгө чейин, Турдуке башкарган чериктер 1500, Ат-Башыда жана Арпада көчүп жүргөн чериктердин бөлүгү 1300 түтүнгө чейин жана бугулар 1200 түтүн болгон. Кыргыздардан Куртканын беги тарабынан эки түрдөгү зекет чогултулган, кыргыздар өздөрү чогултушуп «улпан» деп аталган же санак түрүндө болгон: биринчи учурда 40 баштан бирди жана санак түрүндө болсо 100 баштан экини алган. Алардын үстүнө гарнизондогу аскерлерди нан менен камсыз кылып турганга милдеттүү болушкан. Зекетти жылына бир жолудан алганга карабастан, кээ бир учурларда эки жолудан белгисиз өлчөмдөгү салыктарды жыйнашкан. Ушул сыяктуу бугуларга 60 жылкы салык салышкан. Кокондуктардын бийлиги чынында алдамчылык жана эки жүздүүлүк саясат менен коштолуп турган. Чептин комендanты өзүнүн бийлигин кармап туруу үчүн белгилүү үй-бүлөлөрдөн аманат катары адамдарын барымтага алып, уруу башчыларынын ортосундагы чыр-чатактарды ырбатып турган. Себеби, бул саясат кокондук комендanттардын көп жылдык тажрыйбаларынан негизделип, кыргыздарды күч менен, гарнизондогу аз аскерлер менен эч кандай жазалай алышкан эмес. [1. С. 384-388]

Жыйынтыктап айтканда, кокондуктар өздөрүнүн бийлигин ушундай административдик-саясий маанидеги ири чептерге таянуу менен жүргүзүшкөн. Ошондой эле, кыргыздарды баш ийдирип, бийлигин бекемдеп кармап туруу максатында, урууларды ортосуна от жагышып, бири-бирине каршы тукуруп, эки жүздүүлүк саясаты менен коштолгон. Бирок, хандык бийлик реалдуу түрдө кыргыз көчмөндөрүнүн арасында алсыз болгон. Кокон хандыгы өзүнүн үстөмдүгүн орноткону менен кыргыз урууларынын ички иштерине кийлигише алган эмес. Зекетчилер сарбаздардын коштоосунда гана кыргыз айылдарын аралап салык чогултушкан. Кыргыз уруулары хандыктагы саясий баш-аламандыктан пайдаланышып, салык төлөөдөн баш тартышып, зекетчилерге кол салып, чептерди камалоого алып турушкан. XIX кылымдын 50-60-жылдарында Россия империясынын колониалдык саясаты Түндүк Кыргызстандын аймагына жеткенде, Кокон хандыгынын үстөмдүгүн кулатууга кыргыз уруулары орус аскерлерине чоң жардам көрсөтүшүп, кокондук чептерди талкалоого түздөн-түз катышышкан. Бир кездеги кубаттуу болгон кокондук чептердин үйүлгөн боз топурактары гана калган. Пишпек чебинин урандысынын айланасына жаңы келгиндер көчүп келишип, жайгашышкан. Ошентип, Кыргызстандын аймагында алгачкы жолу европалык типтеги отурукташкан шаар маданияты пайда болуп, кийинки мезгилдеги Түндүк Кыргызстандын аймагында Россия империясынын колониалдык саясатынын эң башкы таянычы, башкаруудагы административдик-уездик борбордун милдетин аткарган маанилүү пунктка айланган.

Адабияттар:

1. Валиханов Ч. Сочинения. СПб., 1904; Зап. РГО по отд. этнограф, т. XXIX
2. ГАОО, ф. 3, оп. 1, д. 569, л. 36.
3. Джамгерчинов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX века.–Фрунзе,1966
4. Маев Н.А. Материалы для статистики Туркестанского края. Выпуск 4. СПб.,1876
5. Описание военных действий в Заилийском крае и журнал осады Хокандской крепости Пишпек с 2-мя чертежами. – Инженерный журнал. – Спб., 1861, № 1
6. Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1850—1868 гг.). Памятная книжка Семиреченской области на 1898 г., т. II. Верный, 1898
7. Терентьев М.А. История завоевания Средней Азии, т. I, СПб., 1906
8. ЦГА РУз., ф. И-715, оп. 1, л. 23, док. 115
9. ЦГА РУз., ф. И-715, оп. 1, д. 22, л. 168

КЫРГЫЗСТАНДЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

Сыдыкбаев Ч.М.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Коопсуздук системасы: түшүнүгү, түрлөрү

Кайсы өлкөдө болбосун мамлекеттүүлүктүн ажырагыс бир бөлүгү, экономика, социалдык тармак сыяктуу приоритеттүү деп аталган тармактардан да өзгөчө мааниге түшүнүк Улуттук Коопсуздук маселеси. Ааламдашуунун шартында жана маалымат алмашуу анчалык кыйынга турбай калган өзгөчө азыркы учурда бул маселе мамлекеттер(мейли ал экономикалык, аскердик жактан кубаттуу болсо да) үчүн талылуу маселеге айланган кез.

Улуттук Коопсуздук системасы түпкүлүгүндө саясий илимдин изилдөө объектиси жана маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Ага ылайык бул түшүнүккө саясий илимде төмөндөгүдөй аныктама берилет: Улуттук Коопсуздук – бул душмандык аракеттердин же жөн гана окуялардын жүрүшүндө мамлекеттин негизги баалуулуктарына терс таасирин тийгизе турган абалда коопсуздукту сактоо .

Арийне бул аныктама менен анын көп кырдуу табиятына толук мүнөздөмө берүү мүмкүн эмес. Же болбосо коопсуздук коркунучу ар дайым бар, өзгөчө азыркы шартта коопсуздукту камсыз кылуунун деңгээли өзүнүн эң жогорку чегине жете албайт. Демек Улуттук Коопсуздук бул жөн гана түшүнүк эмес, азыркы учурдун раелдуу жана потенциалдуу чакырыктарына субъектилердин туруктуулук көргөзө алышы жана ошондой эле бул багыттагы зарылчылыктарды, маалыматтарды кайра-кайра текшерүү, аныктоо, тең салмактоо жана талдоо.

Традициялуу Улуттук Коопсуздук алгач тышкы күчтөрдүн куралдуукол салуусунан сактануу абалы катары каралса, мындай түшүнүк кийинчерээк өтө эле чектелүү экендиги ачыкка чыгып, системанын алдында жаңыча ар-тараптуу ыкчам аракет көрүү максаттарын койгон.

Саясат изилдөөчү окумуштуулар Улуттук Коопсуздук түшүнүгүнө комплекстүү мамиле кылуу менен анын бир нече багыттарын аскердик, саясий, экономикалык,

экологиялык-техногендик, рухий, криминалдык, демографиялык, маалыматтык, азык-түлүктүк, социалдык жана жеке инсандык деп бөлүп көргөзүшкөн.

Эгер булардын ар-бирине токтолуп, кыскача мүнөздөмө берип, жогорудагы коопсуздуктун түрлөрүнүн кайсынысы боюнча коопсузбуз, кайсыларына келгенде алсызбыз талдап көрсөк улуттук коопсуздугубуздун башкалардыкына салыштырмалуу шалапайлыгын айгине болот же көңүл өйүткөн пессимиздик маанайды жаратат б.а. көңүл жубатарлык эмес.

Аскердик Коопсуздук – бул мамлекеттердин ортосундагы басып алуучулук жана коргонуу күчүнүн жана коркунучтарды аскердик аракет менен кабыл алуунун өз-ара көз карандылыгынын абалы. Армиябыздын саны чектелүү, сапаты күмөн туудурат, бул тармакка 2005-жылы генерал И.Исаков келгени биттеп, командирлердин үй жана чарба жумуштарында , талаачылыгында кулга айланып калган кыргыз армиясы бир баш көтөрүп сергип алды эле ал кеткенден кийинки абал анчалык жакшы эмес. Кошуналарга сырткы душмандарга эле ыйман берип кудайдын көзү түз болбосо сырттан кол салуу болсо кыргыз армиясынын мүмкүнчүлүгү чектелүү экенин аскер адистери, эксперттери өздөрү моюнга алып жүрүшөт (ошол эле коопсуздук максатында аскердик коопсуздуктун абалын ачык талкуулоо мүмкүн эмес).

Саясий коопсуздук – бул мамлекеттик жана өкмөттүк институттардын легитимдүүлүгү жана өлкөдөгү стабилдүүлүк менен бааланат. 5жылда эки жолу бийлик

революциялык жол менен алмашканын жана ошол учурларда мамлекеттүүлүгүбүздүн түркүгү кычырап барып, кыйрап калбай аз-аз жерден оңолгонун эске алсак мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү жана коомдогу стабилдүүлүк б.а. саясий коопсуздугубуздун бекемдиги жөнүндө сөз кылуу азырынча эртелик кылат.

Экономикалык коопсуздук – бул ресурстарга жана финансы булактарына ээлик кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен инсандын жеке жашоосун бакубатчылыкка жеткирүү жана ал аркылуу коомдун стабилдүүлүгүн камсыз кылуу. Тилекке каршы бул нерсе да кыргыз коому үчүн дээрлик 20жылдан бери «көздөн учкан көк жээк» болуп келет. Себеби биздин өлкөдө экономикалык эркиндик болгон менен экономикалык акыйкаттык жана экономикалык өнүгүү жок. Мамлекет бул багытта натыйжалуу, ырааттуу координация, реформа жасай албай келет.

Экологиялык-техногендик коопсуздук - жергиликтүү о.э глобалдык биосфераны, жаратылыш системаларын коргоо жана алардын бүтүндүгүн, турмуштук функцияларын коомдун туруктуу өнүгүшү үчүн колдонуу менен жашоонун сапатын, калктын ден-соолугун жана демографиялык абалды жакшыртуу. Союздан мураска калган Майлысуу, Мин-Куш, Каджысай сыяктуу уулуу заттардын ири химиялык калдыктары көмүлгөн, жакында дагы бир катар кендерди иштетүү (экологиялык коопсуздук жагын дыкат изилдеп чыкпай изилденсе да көз жумду мамиле кылынып) пландалып жаткан өлкөдө экологиялык коопсуздук жөнүндө кеп кылуу жөн гана баёолук. Кудай анын бетин ары кылсын табигый же башка кырсыктар болуп кетип алар ачылып кетсе Кыргызстан эле эмес бүт Фергана өрөөнүн жашоого жараксыз абалга алып келчү факторлор бар.

90-жылдардын аягында 2000-жылдардын башында А. Акаев кызматтан кызматкка көтөрүп бөпөлөгөн Бишкек мэри, 1-вице кызматтарын аркалаган, “Кыргызстандан кууса да кетпейм” деп жүргөн Б.Силаев биздеги бир облустун бийик тоолуу аймагына 84 бочка уулу заттардын калдыктарын көмүү боюнча чет элдиктер менен чоң суммага түзгөн жашыруун келишими ачыкка чыгып калып Оруссияга шуу койгон жайы бар.. Мындай кылыгы үчүн аны кыргыз эли ташбараңга алса да жарашмак. Баса 2011-жылдын башында эле Кумтөр кенин, ал жактагы чыныгы абалды изилдеп келген өкмөткө да, парламентке да тиешеси жок патриот атуулдар, кыймылдар тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыгы Кумтөр боюнча төбө чачты тик тургузган маалыматтарды таратышты. Ага ылайык Кумтөр кенинин Нарын облусу тарабындагы түбөлүк муздун сезилээрлик бөлүгү эрип кендин хвостохронилищасы эртеби кечпи Нарын суусуна куюлуп түшө турган абал жаралган. Ал эми анын кесепети Борбордук Азияга болуп көрбөгөндөй экологиялык кырсыкты алып келээрин, демек Кыргызстан үчүн андан да 10 эсе коркунучтуу болоору айтпаса да түшүнүктүү. Япониядагы зилзаладан кийин Фукуцима АЭСдеги жарылуунун кесепети менен күрөшүүдө жапон өкмөтү алсыздык кылганын эске алсак, экологиялык кооптуу кырдаал түзүлсө Кыргызстан кандай абалда калаарын элестетүү коркунучтуу.

Бул багытта азыр деле абал көңүл жубатарлык эмес.

Рухий коопсуздук – аркандай диний-экстремистик агымдардын, идеологиялардын, кыймылдардын жана тынчтыкты сүйгөн диндерге салыштырмалуу ультрафундаменталдык топтордун коркунучунан жеке адамдардын жашоосун эле эмес, мамлекеттик түзүлүштү да коргоо. Ансыз да көйгөйлөрү башынан ашкан, күч түзүмдөрү алсыз, коррупцияланган, тартипкоргоо органдары сатылма, адам укугуна жамынган Ал-Каида, Хизбут-Тахрир, Иогова күбөлөрү, кришнаидер, сатанистер ж.б. секталар ээн эркин иш жүргүзгөн Кыргызстан үчүн коопсуздуктун бул түрү өзгөчө талылуу маселелерден.

Бул жерден баса белгилей кетүүчү дагы бир жагдай, азыр граждандар арасында китепкана, башка маданий жайларга баруу сыяктуу көрүнүштөр өтө сейректеп

баратканы жүргүзүлгөн социологдордун изилдөө, сурамжылоолорунда көргөзүлгөн. Рухий таяныч болуп, калктын калың катмары үчүн маяк болчу улуттук идеологиябыздын жоктугу да буга кошул ташыл.

Криминалдык коопсуздук – уюмдашкан кылмыштуу топтордун жана жарым жартылай криминалдашкан демек мамлекеттик органдар менен жалгашкан, саясий-экономикалык элитанын таасирдүү өкүлдөрү аралашкан абал. Кыргызстанда Криминалдык коопсуздукту камсыз кылуу жыл өткөн сайын кыйындап баратат. Анын үстүнө биздин өлкөдө криминалдык элементтер байма бай ачыкка чыгып, өз талаптарын саясат менен байланыштырып өкмөттүк органдарга жана коомго таңуулаган учурлар көп кездешүүдө. Жыл башынан бери криминалга каршы жарыяланган согуш реалдуулу натыйжага жетип жатканын байкоо кыйын. Балким учурда таза түрдөгү криминал кандайдыр бир деңгээлде ооздукталганай болду, бирок мамлекеттик чиновниктер менен жалгашкан жарым жартылай экономикалык, саясий криминал күч алып жатат. Албетте мында мамлекеттик органдардагы коррупциянын салымы чоң.

Демографиялык коопсуздук – бул төрөлүүнүн кескин төмөндөшү, улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы, улуу муундун пайдасына оогон теңсиздик (дисбаланс). Бүгүнкү күндө биздин өлкөнүн демографиялыккоопсуздугуна төрөлүүнүн төмөндөшү эле эмес ички жана тышкы миграцинын негизиндеги калктын жумушка жарамдуу, «болуп толуп турган курактагы бөлүгүнүн» чет өлкөлөрдөн массалык түрдө бакыт издеп кетүүсү кошул ташыл болууда. Эң эле кооптуусу социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгы көргөзгөндөй алардын дээрлик көпчүлүгү мүмкүн болсо эле ошол өлкөлөрдүн граждандыгын алып калып калууну көздөшкөндөрүндө. Калкыбыздын саны 5млндон кичине көбүрөөк болгон менен эмгекке жарамдуулардын саны 2,5млндон ашпайт. Ошол эле убакта 600 миңдей эмгекке жарамдуу жаштар четте жүрүшөт. Күн санап кетип жаткандары, бүгүн эртең кетебиз деп камынып жаткандары миңдеп саналат.

Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция комитетинин мурдагы жетекчиси А.Рыскулованын пикиринде “Кыргызстанда 10 же 15 жылдан кийин демографиялык чоң проблема жаралышы мүмкүн. Албетте мындай пикирден кийин коопсуздуктун бул багыты боюнча кошумча бир нерсе деш кыйын.

Энергетикалык коопсуздук – өлкөдө энергоресурстардын болушу же мамлекеттин тыштан алынуучу энергоресуртарга көз карандылыгынын деңгээли. Тилекке каршы биздин жалгыз артыкчылыгыбыз, Борбор Азия аймагындагы көзүрүбүз болгон бул тармакты ийгиликтүү, натыйжалуу колдоно албай келебиз.

Маалыматтык коопсуздук – өлкөнүн улуттук кызыкчылыктарынын маалымат айдыңыда корголушунун деңгээли. Бул процесс ар кандай PR акцияларды уюштуруу менен дүйнөлүк коомчулукка жана өлкө ичинде мамлекеттин оң имиджин калыптандыруу аркылуу ишке ашырылат. Эркин маалымат каражаттары башкаларга салыштырмалуу жетиштүү, оперативдүү аракеттенет деп төш какканыбыз менен түштүктөгү июнь окуяларында биздин маалымат каражаттарыбыз чет өлкөлүк ММКларга уттурду.

Деги эле глобализациянын, маалымат кылымынын шарттарында өлкөнүн массалык маалымат каражаттары өзгөчөлөнгөн керек учурда тышкы дүйнөдөн кандайдыр бир деңгээлде изоляцияланган режимге өтүүчү маалымат саясатын иштеп чыгуу зарылчылыгы бышып жетилди. Балким улуттук кызыкчылыктарга каршы кооптуу абалдар түзүлгөндө демократиянын баалуулуктарын, принциптерин экинчи үчүнчү планга жылдыра туруу керек болуп жүрбөсүн, мындай ыкмалар өнүккөн демократиялуу мамлекеттерде да практикаланып жүрөт. Болбосо Эл аралык уюмдар,

чет элдик фонддор тарабынан каржыланган маалымат каражаттары үчүн Кыргыз мамлекеттинин улуттук кызыкчылыгы маанилүү эмес.

Социалдык коопсуздук – Улуттун тилдик, маданий, диний чөйрөлөрдө улуттук өзгөчөлүктү сактоо жөндөмдүүлүгү жана ага ылайыктуу прогресске жеткирүүчү социалдык мейкиндиктин камсыздалышы. Батышта «Социалдык коопсуздук» түшүнүгүнүн пайда болушу калкты социалдык-турмуштук тобокелчиликтерден калкалоочу шарттын мамлекет тарабынан кепилдениши менен түшүндүрүлөт.

Өткөөл мезгилдеги биздей өлкөлөрдүн бир кемчилиги да дал ушул социалдык тармакка артыкчылык берип ички дүң продуктунун маанилүү бөлүгүн бул тармактын пайдасына көбүрөөк оодарып, социалдык өнүгүүнү оң жолго сала албагандыгында.

Азык түлүк коопсуздугу – мамлекетте өзгөчө кырдаалдарда же жай турмушта деле кескин түрдө азык-түлүк каатчылыгына кептелүү же кептелбөө мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли. Биз агрардык өлкө болгонубуз менен мындан бир топ жыл мурун эле либерализмдин , жапайы базар экономикасынын эйфориясына берилип кетип өкмөттүн баа саясатын көзөмөлдөө, деги эле рынокко таасир этүү, жөнгө салуу функциясын алсыратып алганбыз. Бул албетте азык-түлүк тармагына да тиешелүү, бекеринен антимонополдук комитет деп аталган мекеме ундун ж.б. күндө керектелүүчү товарлардын баасын түшүрө албай алдастап жаткан жок…

Инсандын жеке коопсуздугу – инсандын жеке турмуштук кызыкчылыктарынын мамлекет тарабынан сакталышы, адамдын укуктарынын, эркиндиктеринин камсыз болушу социалдык коргоонун жана коопсуздукту камсыз кылынышынын кепилдениши. Коопсуздуктун бул түрү анын жогорудагы башка түрлөрүнүн камсыздалышы менен тыгыз байланышта. Коопсуздуктун башкаларын камсыз кылбай туруп, жеке инсандын коопсуздугу жөнүндө кеп кылуу мүмкүн эмес. Учурда бул биз үчүн мүнөздүү көрүнүш.

Өткөн 20 жыл аралыгында өлкөнүн коопсуздугуна жооптуу болгон башкы орган УКК жаатында эмне болду? Экс президент А.Акаев аталган кызмат жетекчилигине Ф.Кулов, Б.Жанузаков сыяктуу ж.б чыныгы адис эмес милиционерлерди коюп алсыратса, алар өз кезегинде УККнын сезилээрлик бөлүгүн «милициялаштырган». Кийинки өлкө жетекчилиги андан ашып түшүп зөөкүр чалыш дагы бир милиция генералын ал органдын башына койду эле ал өзүнүн ким экенин 7-апрелде көргөздү.

Кийинки президенттин нысапсыз эрке уулу болсо (Улут коопсуздугун эмес) атасынын жана өзүнүн бийлигин бекемдеш үчүн УККга эң күчтүү заманбап аппаратураларды алып келип саясий оппоненттердин «Сары изине чөп салгысы келди эле», тыйылбаган напсисинин, нысапсыздыгынын айынан «Сагызган сактыгынан өлбөй суктугунан өлөт» болду. Азыр деле ошол “суперзаманбап” техникалар бүт атка минерлерди тыңшоого корлдонулуп жатыптыр

Ушунун баары бизге жана өлкө жетекчимлигине сабак болушу керек.

Демек УКК терең, кординалдуу реформаларга муктаж о.э бул тармактта улутчулдук духтун (албетте чеги менен) болушу өзгөчө маанилүү факторлордон экенин турмуш чындыгы далилдеп келет.

Ага биздин бийликтин эрки жетеби бул чоң суроо. Себеби биз эгемен өлкө болсок да 20 жылдан бери кимдир бирөөлөрдүн көзүн карап улут коопсуздугубузду бекемдөө аларды басмырлоо катары кабыл алынып калчудай кылчактап жүрүп ушул абалга кептелдик.

Азыркы ааламдашуунун, дуйнөлүк процесстердин чакырыктары керек болсо коопсуздук кызматтары дүйнөдө эң күчтүү деп эсептелген Америка, Россия, Турция, Израил сыяктуу өлкөлөрдүн атайын кызматтарынын шаштысын кетирип бул сиситеманын ыкчамдык менен модернизациялап, илимий-аналитикалык жактан камсыз кылып туруунун зарылчылыгын жаратууда.

Тээ союз убагында СССР КГБсы дүйнөдөгү эң күчтүү түзүм катары саналып «канжарчан кара плащ» деген ат менен тергелчү. Бул органдын Кыргызстандагы бөлүгү өлкө эгемендүүлүгүнө ээ болгондон баштап өз кызматын жамандыр жакшыдыр өтөп келет.

Бирок кандай бийлик болбосун анын ишенимдүү бир адамына досуна, же бир тууганына тез эле жетеленип, өзүнүн түпкүлүктүү функциясын экинчи үчүнчү пландарга калтырып тигил же бул режимдин жан-жөкөрүнө, айрым учурда баш кесерине айланып келген алгач комитет, кийин министрлик анан кызмат, ал эми учурда кайрадан комитет деген макамдарга ээ болуп келген жана эконмикалык кылмыштарга аарыдай жабыша калып жан баккан биздин «атайын кызмат» мамлекет, улут коопсуздугу үчүн «каруусун казык кылып», «чычканга кебек алдырбай» иштеп жатканына күмөнүм бар. Андан калса биздеги аталган кызмат улут коопсуздугун камсыз кылганды кой ошол өзүанын камчысына айланган режимдин коопсуздугун тыңгылыктуу коргоп бере албай шермендеси чыккан учурлар арбын. Мисалы 2005-жылы 24-март күнү андагы УКК башчысы Акүй астында көпчүлүктүн курчоосунда калып мадыра баш балдардан көчүккө жеп, жаш балдар аны жамбашка тепкен сайын алды артын жал-жал карап секирип качып коомчулук алдында шерменде болгон жайы бар. Мындай кордукту «публично» көргөн генерал намысы болсо атынып өлмөк…

Кийинчерээк К.Бакиев ишенип табыштаган кийинки УКК башчысы «Реформа үчүн кыймылынын» ноябрь митингисинде коопсуздугун өзү камсыз кыла турган улуттун өкүлдөрүнө баш бармагын көргөзүп колун чыканагына чейин сороктоткон. Ал эми 7-апрелде болсо улуттук коопсуздук кызматы ошол улуттун тайманбас, жалындуу уулдарына кеч бешимге чейин ок жаадырып туруп жок болгонун кандай түшүнсөк болот.

Мына ушундай көрүнүштөрдөн, жетекчилеринин тигиндей деңгээлинен кийин сыртынан сүрдүү көрүнгөн биздин УККнын ичинде апрелден кийин структуралык, функционалдык деги эле маңызы, табияты боюнча реформа болуп жатканынан күмөн санайсың. Өзгөчө Мегеком компаниясынын, 1-вице Ө.Бабановдун тегерегиндеги жана башкы прокурордун чуулгандуу отставкасына байланышкан окуялардан кийин биздин атайын кызмат көнгөн адатынан арыла албай жатканына күбө болдук.

2010-жылдагы июн айындагы түштүктөгү кандуу окуялар май айынын башында эле учкундана баштаганын УКК анын алдын ала албаганын эске алганда азаптуу (многострадальный) кыргыздын атайын кызматынын чама-чаркы чакталуу экени өзүнөн өзү белгилүү .Же аларды Бишкектин этегине келип Берген Урмат Барктабасовду байлап келген «эрдигине» карап баа беребизби? Бекеринен сөөгүнөн бери чекист К.Байболов бул органдын кызматкерлерине өткөн жылы да, быйыл 1-апрелдеги ЖКнын сессиясында да ачык доомат койгон жок. Анын мурдагы дооматына атайын кызматтын пресс катчысы жооп берген болду бирок эч кандай негиздеме жок.

Убагында дүйнөдө эң күчтүү деп саналаган СССР КГБсынын мектебинен өткөн жана анын ардак тактасында турган “сөөгүнөн бери”кгбшниктер К.Байболов, М.Ниязов, О.Модалиев, К.Кожоналиев сыяктуу чыныгы профессионалдардын бирөөсү бул мекемени жетектесе ал жактагы абал такыр башкача болмок беле деген ой кетет. Тилекке каршы андай профессионалдарды дайындоого өлкөнүн мурдагы эки жетекчилиги, азыркысы да даай албай келет.

Кыскасы «боло берет турмушта особенно кыргызда» деген афоризм аты улук супарасы курук бул органга да тиешелүү.

Демек биздин УКК бүгүнкү замандын талаптарына, атына заты такыр жооп бербейт.

Улут коопсуздугу биздин саясатчыларды анчалык кызыктырбасын ушундан билсек болот аттуу-баштуу лидерлер шайлоого чейин ат тезегин кургатпай Оруссияга

арманын айтып бара беришкени аз келгенсип, шайлоодон кийин да «эми биз кантели кандай кадамдарга баралы сиздердин бир ооз сөзүңүз» дегендей шуу койушкан.

Албетте алар Кыргызстандагы ансыз да белгилүү саясий-социалдык абалдын көрүнөө да, көмүскө да жактарын жая салып келишти.

Бүгүн өлкөнүн коопсуздугуна болуп көрбөгөндөй коркунуч туулуп турган кез. Азыр биздин саясий, экономикалык, диний, экологиялык, керек болсо азык түлүк коопсуздугубуз да бекем эмес. Өкүнүчтүүсү бир дагыжетекчилик: (академиги да, өндүрүшчүсү да, дипломаты да) бул тармакты түп-тамырынан кординалдуу реформалоooго аракет кылбай келгендигинде. Эмне ага интенллектиси жогору А.Акаевдин, атасы, уулу ошол тармакта иштеген өндүрүшчү Бакиевдин, дипломат Отунбаеванын түшүнүгү жетпей калмак беле…? Эң сонун жетмек тек гана буларда патриоттук сезим, саясий эрк анан улутчулдук, мекенчилдик жок же өтө төмөнкү деңгээлде болууда.. .

Кыргыздын соңку жетекчилеринде кыргыздын Манасы Ататурку, Путини катары тарыхта калуу каалоосу жок.

Бул органда азыр чыныгы чекисттер дээрлик калган жок дешет УККнын кухниясын жакшы билгендер… Демек бизде кадрдык таңсыктык да жогорку денгээлде.

Союздук мектепте даярдалган кадрлар жыл өткөн сайын сейректеп барат. Эми бул багыттагы кадрларды чет өлкөдө даярдоонун да кооптуу жагы бар. Себеби биздин өлкөнүн, элдин улуттук өзгөчөлүгү, менталитети духу башкача, бул багыттагы кадрлар жогорку билимдүүлөрдүн арасынан өзгөчө дыкатттык менен тандалып алынып, жарым жартылай жабык “улуттук мектепте” даярдалышы өтө маанилүү. Андай жарым жартылай жабык окуу жайын калыптандырууга бизде политология, юридика, социология боюнча коопсуздук багытында илимий даражалары бар адистер жетиштүү. Эң негизгиси ал окуу жай саны бар сапаты жок ЖОЖдордун катарын толуктап калбай өзгөчөлөнгөн шартта иштеген жана Улуттук Коопсуздукту чындоо багытында иш алып барган илимий-аналитикалык борбору менен түзүлүшү керек.

Болбосо ааламдашуунун, тынч экспанциянын шартында азыртадан эле амбициялары ачыкка чыга баштаган ири империялардын араанына кептелип калыш бир паста. Жакында АКШнын Борбордук Чалгын Кызматы сенаттка жолдогон отчетунда: “АКШ үчүн учурда эки чоң кооптуу душман бар биринчиси Кытай, экинчиси Оруссия” деп ачык белгиленди. Бул эки өлкө океандын ары жагындагы АКШ үчүн коркунуч туудуруп жатса, биз Кытайдын арааныныи астында жаткан, Оруссиянын астында өзүн “младший брат” сезген кулчулук психологиядан арылбай келген жана

субъективдүү жана объективдүү себептерден улам орустардын айтканын кылууга аргасыз болуп олтурган Кыргызстан үчүн канчалык кооптуу экенин эске албай жаткандайбыз.

Демек жамбаштап жатып алуу Кыргызстан үчүн кечиримсиз.Он, жыйырма жылдан кийин убакыттын өтүшү, табигый ресурстардын азайышы менен өлкөлөр экспанциялык аракеттерин ачыкка чыгара баштоосу мүмкүн. Анда кеч болуп, ал учурда профессионал кадрлар да жок калат.

Бекеринен өткөн жылдары абройлуу эл аралык уюмдардын бири Кыргызстанды 20, 30 жылда жок болуп кетчү өлкөлөрдүн катарына кошкон жок. Алар биздин мамлекеттин мурдагы кийинки жетекчиликтеринин дараметин, жыйырма жылдан бери калыптанган “баарын акчага сатып алса, сатса болот” деген түшүнүктүн улуттун аң-сезимине кыттай куюлганын, саясий элитанын жеке кызыкчылыктары үчүн баарына кайыл экенин жана башка дагы бир катар факторлорду эске алып изилдеп-анализдеп туруп кошушту.

Ал эми ал тизме саналуу гана адамдардын тынчын алды.

Адабияттар:

1. Суюнбаев М.Н. Геополитические основы развития и безопасности Кыргызстана Бишкек 2005г.
2. Проблемы национальной безопасности Кыргызстана Бишкек-2006г
3. И.А. Абдуразаков Внешная политика как фактор обеспечения безопасности //статья//2006г Вестник БГУ №6.

Садиев К.С. Военная безопасность Бишкек 2009г Сборник научной конференции МОКР.

4. Сыдыкбаев Ч.М. “Саясий илимдин негиздери” Бишкек-2011.

УЛУТТУК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР ТУТУМУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

Сыдыкбаев Ч .М.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Билим берүү – бул коомдун өнүгүшүнө жана функционалдашуусуна активдүү таасир этүүгө жөндөмдүү, салыштырамалуу өз алдынчалыкка ээ автономдуу система. Бирок билим берүүнүн башка тармактарга салыштырмалуу өз алдынчалуулугу ашыра пайдаланылып, анын мамлекеттик милдеттемелерден такыр эле оолактап кетишине жол берилбеши керек.

Тилекке каршы мамлекеттик саясаттын бир катар маанилүү багыттары теңирден-тескери жолго түшүп алган Кыргызстанда билим берүү системасы да кризискке белчесинен эмес керек болсо, кокосунан баткан десек болот. Өлкөдөгү жалпы экономикалык абалга шылтап, тармактын күнүмдүк маселелерин чечүү менен алектенген өкмөт же мамлекет улуттун келечек тагдырын тайкылантчу маселеге тактап айтканда билим берүүгө көз жумду мамиле кылууда. Керек болсо башында сөз болгон билим берүүнүн автономдуулугу да кыргызга каршы иштеп жатканы өкүнүчтүү.Бул өзгөчө жогорку окуу жайларында байкалат. Мисалга министрликтин буйругу менен сөзсүз түрдө киргизилиши милдеттендирилсе да айрым окуу жайларда “Манас таануу” сабагы өтүлбөйт. Окуу жайдын жетекчилиги “битирлик” кылып, каражат үнөмдөп кошумча штат ачкысы келбей жатат дейин десең, ал жерде “Гендердик укук” деген сабак кадикидей өтүлүп жатканына күбө болосуң, бул өзгөчө жеке менчик жоздорго тийиштүү көрүнүш. Бул билим берүүдөгү “көзкаманчылык” эмей эмине.

Билим берүү системасы мамлекеттин улуттук кызыкчылыктар тутумундагы өзгөчө маанилүү багыт. Себеби бул система мамлекеттин келечеги болгон жаштардын, өспүрүмдөрдүн адам, инсан катары калыптанышында чечүүчү рольду ойногон институт. Орто жана жогорку билим берүү системасы аркылуу жаш муундун социалдашуу процесси ишке ашат, ал өз кезегинде 20, 30 жылдан кийин коомдун негизин түзгөн муундун дүйнө таанымын, саясий маданиятын калыптандырат. Өлкөбүздүн билим берүү системасынын мектептик жана жоздук деңгээлдеринде улуттук кызыкчылыкка караманча каршы келген көрүнүштөр кездешет.

Жакында эле КРнын алдындагы башкаруу Академиясында кыргыз тили такыр эле окутулбасы белгилүү болду, (белгилүү эле болчу, ачыка чыкты) муну ачыктаганмамекет башчысы окуу жайды каарып өттү, эгер бул кемчиликти Президент айтпай, башка бирөө айтса ал окуу жайдын жетекчилигинин кулагынын сыртынан кетмек. Чынгыз Шамшиевди европалык билимге ээ, жаңыча ой жүгүрткөн либерал окумуштуу катары жогору баалайм, ал өзү жетектеген окуу жайда колдоого татырлык реформаларды жүргүзүүдө. Мен Чынгыз менен ал КР Президентинин алдындагы “Эл аралык стратегиялык изилдөөлөр институтунда” директор кезинде коопсуздук боюнча

эксперт катары чакырылып эки ирээт жекече аңгемелешип ой чабытынын кенендигине, реформаторлук духуна ыраазы болгом, либералдык идеялары кыргыз кыртышына сиңээр бекен деген ойдо калгам. Бул орой кемчилиги менен ал өзү эле уятка калбастан бүтүндөй жогорку билим берүү системасынын башын коомчулук алдында шылкыйтты, ал эле эмес улуттун рухий агаларынан болгон атасын да жаман абалда калтыртты. Ушундай мекендеш эң жогорку денгээлдеги европалык билим, жаштык жигер, реформатордук дух болгон менен жан дүйнө улуттук көрөңгөдөн куржалак калып батышчылыка ашкере сугарылып калса, биздин баа жеткис этнопедагогика үй-бүлөлүк тарбияда колдонулбаган болсо кайсыл жетекчи болсун эртеби кечпи, улуттук кызыкчылыка каршы кадамдарга билип билбей барып алышы мүмкүн..

Билим берүүнүн денгээлинен эмгек ресурстарынын денгээли б.а. келечек коомдун экономикасынын денээли көз каранды.Билим берүү системасы гражданинди калыптандырат ал аркылуу коомдук турмуштун саясий чөйрөсүнө таасир этет. Ал аз келгенсип билим берүү өзүнүн маданий-тарбиялык функциясы аркылуу келечек коомдун рухий жашоосуна да таасир этет. Анда эле Кыргызстандын келечеги туш тараптан бүдөмүктөнүп баратканын элестеткен божомол ачуу чындык.

Белгилүү экономист Айылчы Сарыбаев “Общественный рейтинг” гезитинде интервю берип: “Билим берүү системасын талкалоо мамлекеттүүлүккө каршы диверсия менен барабар” деп эң таамай аныктама берди.

Себеби билим берүүнүн денгээли Кыргызстанда кескин төмөндөп кеткени жана да жыл өткөн сайын тездик менен төмөндөп жатканы жашыруун эмес. Жеке мен жождун окутуучусу катары “Кыргызстандын тарыхы” сабагынан мамлекеттик экзамендерге катышып: “Ч.Айтматов эл артисти”, “колхоз- тарбиясы жок айылдык бала”, “маркс, энгелс аялы менен күйөөсү”, “Тоголок молдо басмачы болгон” дегендей төбө чачты тик тургузган жоопторго күбө болом. Албетте буга сабактарды жеткиликтүү бере албаган мугалимдер жана окуйм деп келип убактысынын көп бөлүгүн иштеп акча табам менен өткөргөн студент да күнөөлүү дейли. Бирок мектепти бүтүп келген абитуренттердин билим денгээли да туруктуу түрдө төмөндөөдө. Дагы азырынча айылдык мектептерде мурдагы “союздук закалкадан өткөн мугалимдер” иштеп жатышат, бери жагы 5жыл ары жагы 10 жылда алардын дээрлик баары пенсияга чыгып кетишет. Алардын ордун болсо мектепти бүтөөр менен жождордун сырттан окуу бөлүмдөрүнө тапшырып коюп мектепте иштеп калышкан же жожду окуп эмес, иштеп жүрүп бүткөн жаш мугалимдер басат ошондогу билим берүүнүн абалы кандай денгээлге түшөт элестеткиң келбейт. Кыргызстандагы орто билим берүүдөгү “Жаш мугалимдин депозити” программасын тармактык эле эмес, улуттук долбоорго айландыруунун мезгили келип жетти.

Албетте баары нөл болуп калды деп оозду куу чөп менен аарчыбайлы билимдүү, акылы зирек, тубаса жөндөмдүү жакшы окуган уул-кыздар да бар. Бирок ошондой окуучуларды кыргыз-түрк лицейлери, андан ары кыргыз-түрк университеттер, кыргыз-америка университети, кыргыз-орус славян университети сыяктуу окуу жайлар каймакты калпыгандай калпып кетип жатат. Ооба ал окуу жайларда билим алган жаштар татыктуу билим алышат, кийин программалар аркылуу ошол эле мамлекетерде билимдерин чет өлкөдө улантышат, биринчи мүмкүнчүлүктө эле ошол жакта калыпкалып жатышат. Багы жокко дагы жок дегендей болуп экономикабыздын чабалдыгынан биздеги айлык акы менен аларды байлап да Кыргызстанда алып кала албайсың.

Ал эми жер жайнаган ата мекендик, сапаты начарлаган окуу жайларда билим алган студенттердин армиясыкүнү-түнү иштеп, лекцияларда үргүлөп олтуруп же келбей эле сабактарын айлыктын аздыгынын айынан акчага күнкор болгон окутуучу

аркылуу бир басып келбей жүрүп бүтүп профессионалдык-интеллектуалдык сапаты төмөн адистердин катарын толуктайт. Андан алар иштеген мекеме, система, түпкүлүгүндө мамлекет жабырланат.

Кыргызстандын билим берүү системасын агын суудагы айлампага салыштырсак анда билим алган жалкоо, билим алууга жоопкерчиликтүү мамиле кылбаган же антейин десе ага шарты жок студенттер айлампадан сыртка чыгып калган келечеги күмөндүү шилендиге, агындыга окшош. Ал эми татыктуу билим алып дүйнөлүк окуу жайларда билимин өркүндөтүп жаткан жаштарды, агын менен кошо кеткен айылына, ата мекенине пайдасы жок ааламдашуунун курмандыктары.

Адабияттар:

1. А. М. Мамытов, С. М. Мамбеткалиев. Образоавтельная безопасность Кыргызстана. Сборник института социально-политических наук 2006г. ст 184-209.
2. А.К.Джусупбеков.Этническая идентичность номадов. Бишкек-2009г.
3. Р.Б.Салморбекова Кыргыз коомундагы антропосоциеталдык өзгөрүүлөр. 2011-ж.
4. Сулайманова Р.Т., Баймурзаева З.А.совершенствование системы повышения квалификации педагогических кадров в современных условиях. Вестник КНУ2014г №2.
5. Раимкулова А.С. Современные требования к подготовке школьного учителя в условиях гуманизации общества.Вестник КНУ, №2 2014г.

УЛУУЛУК – ЖӨНӨКӨЙЛҮКТӨ…

Умаралиев А.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Кыргыз журтчулугуна, адабият чөйрөсүндөгү окурмандарга кеңири белгилүү болгон инсан жөнүндө макала жазуу бир топ татаал жана түйшүктүү иш экенин эми гана сезип жаткандаймын. Себеби тигил же бул улуу инсан жөнүндө жазылган макала ошол адамдын инсандык бийик касиетин чагылдыра алган, маани-маңызы жагынан ошол адамдын өзүнө төп келе алган макала болушу абзел. Ошол себептен Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору, профессор, мыкты сынчылардын көч башында турган сынчы-адабиятчы Кеңешбек Асаналиев жөнүндө жазууга, анын адамдык табиятына баа берүүгө, ар ким эле батына бербейт жана андай иш ар кимдин эле колунан келе бербегендиктен мен дагы өзүмдү ошондой адамдардын катарында сезсем да ал адам жөнүндө өз оюмду колуман келишинче баяндап берүүгө белсенип отурам.

Кеңеш ага (мен ал кишиге ушинтип кайрылчумун) менен бир кафедрада жыйырма жылга жакын иштешип калдым. «Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» дегендей, Кеңеш ага жүрүм-туруму, улуу-кичүүгө жасаган мамилеси, сүйлөгөн сөзү анын жөнөкөйлүгүн айгинелеп турчу. Улуу адам жөнөкөйлүгү менен башкалардан айырмаланат деген чын окшобойбу. Адабият жаатындагы билими башка адабиятчыларга салыштырмалуу алда канча күчтүү да, бийик да болгондугуна карабастан, өзүн ар дайым өтө жупуну, өтө жөнөкөй алып жүрчү. Ал киши менен ушунча жыл бирге иштешип, бир аяктан тамак жеп, туз даамдаш, ырыс-кешиктеш болуп, ал киши дем алган аба менен дем алып, ошондой адамдын замандашы болуп калганыма Аллага миң мертебе тобо кылып, өзүмдү эң бактылуу адамдардын катарына

кошуп келем. Андай адамдар менен бирге жүрүү, туз даамдаш, кызматташ болуу ар бир эле адамдын энчисине бериле бербесе керек. Кеңеш аганын ар бир сөзү, ар бир кыймылы жанындагы адам үчүн үлгү эталон катары кабыл алынууга толук татыктуу.

Кеңеш ага менен иш убактысынан тышкары дагы ага-инилик алакабыз бар болчу. Күндөрдүн биринде жумуштан чыгып баратканыбызда:

- Аскар, жүрбөйсүңбү, мына бул кафеге кирип, аркы-беркини кобурашып отуруп кичине шам-шум этип алалы, - деп калды.

Улуу киши сунуш кылып жаткандан кийин жок дей алган жокмун. Ахунбаев көчөсүнүн боюнда жайгашкан кафеге кирип, бир топко сүйлөшүп олтургандан кийин мен ал кишиден:

- Кеңеш ага, кечирип коюңуз, мен сизден бир нерсе жөнүндө сурайын деп жатам, мүмкүн болсо, - десем:

- Мен сени ынандырарлык жооп бере ала турган болсом, сурай бер, - деди.

- Сиз адамдык касиетиңиз боюнча да, илимпоз катары да, кыскасын айтканда бардык жактан менден алда канча жогору турсаңыз да, мени өзүңүз менен бир катардагы адамдай көрүп, ээрчитип алып маектешкениңизге таң калып жатам, - десем:

- Мен деле башка адамдардаймын, менин азыркы учурда билгенимен билбегеним алда канча көп, ошон үчүн мен сени менен өзүмдүн актай жерлеримди толтурушум керек, - деген жообун укканда кийин менде таң калуу сезими пайда болуп, көрсө, жогоруда айтылгандай, андай адамдар канчалык бийик турса да, канчалык көптү билсе да, өз дилинде катардагы эле жөнөкөй адам катары кала берет турбайбы, көрсө, улуу адам ушунусу менен башкалардан айырмаланып, өзгөчөлөнүп турат турбайбы.

Ал киши менен кафедрада шахмат ойноп калган күндөрүбүз да болгон. Шахмат ойногондо, сынчылык касиетине байланыштуу болуу керек, ар бир жүрүштү ойлонуп, андан соң жүрүштү жасачу. Мен ал кишиге салыштырмалуу андан начар ойночумун, бирок шахматты жакшы көрөрүмдү, шахмат оюнун туура кабыл аларымды билет.

- Кеңеш ага, келбейсизби, бир-эки партия ойноп, сизге шылдың болуп берейин, - десем, колу бош болуп, убактысы эч жок дечү эмес.

Менин өз жеке пикиримде прозада Ч.Айтматов, поэзияда А.Осмонов, адабият таанууда К.Асаналиев – бир нече кылымда бир келчү адамдардын катарына кирип, дүйнөгө бир келген уникум инсандар турбайбы, ыраматылыктар. Салижан агайым айткандай, «кайрандарым»!

АЛ ӨЗҮ КӨГҮЛТҮР КӨЗ БИР ДӨӨ ЭЛЕ…

Чокоева Д. М.
Жалал-Абад мамлекеттик университети

УДК.894.341.09.

Бул чакан макалабыздын баш каарманы: орошон-ойчул, сынчы-адабиятчы, окумуштуу, улуу инсан Кеңешбек Асаналиев бактылуу өмүр сүргөндөрдүн катарында турат. Себеби, ал өмүрүндө өзүн-өзү толук ачканга, өзүнүн жашоосунун маани-маңызын терең түшүнгөнгө, өзүнүн кудай берген талантын туура баалаганга жана башка жактарга чарпылбай, ушул өнөрдүн арты менен өз элине эмгек өтөгөнгө жетише алганы менен бактылуу. Анын дагы бир себеби, Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу К.Асаналиев илимпоз сынчы-адабиятчы, окумуштуу катары өзүнүн бийиктигине чыга алды. Тагыраак айтсак, өзүнүн дареметине тең келчү илимий объекти алыстан эмес, өз адабиятынан табылгандыгы, албетте, агайдын бир бактысы болду. Жазуучу менен

сынчы бири-бирин толуктаганын Ч.Айтматов өзү да мындайча белгилеген: «Өзүнүн чыгармачылык жолунда чыгармаларына болгон сын мамиле менен, же ошол сынды кесип кылган адамдар менен кездешпеген бир дагы жазуучу, адабиятчы болбойт эмеспи. Мындай карым-катыш, байланыштар ар түрдүүчө болот. Мени адегенде эле кандайдыр бактылуу башталды десем болот, анткени, мен өзүм менен теңтуш, табиятынан сынга таланттуу адамды жолуктурдум. Мен Кеңешбек Асаналиев жөнүндө айтып жатам. Кеңешбек Асаналиев адабий турмушка мени менен бир катар кириштиси, ал өзүнүн сынчыл ой жүгүртүүсүн, чеберчилигин көпчүлүк учурларда менин чыгармачылыгымды талдоо аркылуу өнүктүрдү деп ойлойм. Ал дагы мага кыргыз адабиятынан алган ордумду жана максатымды түшүнүүдө катуу таасир берди» («Искусство и человек» Фрунзе: Илим, 1981, 16-б.). Азыр болсо, Асаналиевдин изилдөөлөрүсүз дүйнөлүк айтматов таануу илиминин бир капталы эңшерилип турмак. Кыргыз адабиятынын тарыхынан анча-мынча кабары барлар «кыргыз адабиятына өзгөчө таланттуу жаңы ысым келгенин» айтып, ошого чейин эч ким биле элек Ч.Айтматов жөнүндө биринчи кабарлап чыккан адабиятчы Кеңешбек агай болгонун жакшы билишет. Ошол бойдон Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы К.Асаналиевдин түбөлүк илимий обьектиси болуп кала берди. Бул жагдайга байланыштуу анча-мынча айтылган өйдүк-сөйдүк сөздөргө… көңүл буруп да койбоду. Анткени, жогоруда айтылгандай, ал сөздөр убактылуу, ал эми дүйнө таанып, тамшанып кабыл алып жактан кыргыз жазуучусунун көркөм дасмиясын дүйнөлүк адабияттын бийиктинине ачып берүү өзүнүн талант-жөндөмү, кудурети жетчү иш экенине көзү жетип, эч нерсеге кылчактабай иштеди, шашып иштеди. Көрсө, өмүр деген бир ирмемге гана берилген убактылуу мүмкүнчүлүк экендигин агай жакшы түшүнчү тура. Албетте, окумуштуунун илимий предмети бир эле Айтматовдун чыгармачылыгы болбогонун баарыбыз жакшы билебиз. Кыргыз адабият таануу илиминде К.Асаналиев көз кырын салбаган, өзүнүн сейрек кездешкен эрудициясы, көркөмдүктү өзгөчө сезе билген бийик эстетикалык табити менен жогорку деңгээлде ачып бербеген проблемалар кездешпесе керек. Окумуштуунун ишмердик диапозонун жубайы, Кыргыз илимдер Академиясынын мүчө-корреспенденти Раиса Заитовна төмөндөгүдөй деп абдан так белгилеген: «Кеңешбек кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүү жолунда, ага жан дили менен берилип, адабияттын, маданияттын ар кайсы түрлөрүнө өзүнүн салымын кошкон теоретик-илимпоз, сынчы, Эл жазуучусу, жаштардын насаатчысы болгон.

Ал оозеки адабияттан баштап, акындар поэзиясына чейин, профессионалдык адабияттын жаралышынан тартып, азыркы күнгө чейин кыргыз адабиятынын басып өткөн жолун көз ирмеминде алып жүргөн изилдөөчү»(К.Асаналиев Адабий айкаш, Бишкек, 2008, 281-б. Мындан ары шилтемелерде китептин бети гана көрсөтүлөт Ч.Д.). Ал эми өмүрүнүн акырындагы «ак куу» ыры болуп калган «Адабий айкашы» менен К.Асаналиев өзүнүн талантынын көпчүлүккө белгисиз болуп келген көркөм, публицистикалык, философиялык кырларын өзүнө гана таандык тактык менен, сүрөттөлүп жаткан коомдук, адабий кубулуштардын маанисине терең сүңгүү менен философиялуу, бир жагынан илимий, ошол эле учурда окуучуну тажатпаган популярдуу стиль менен абдан таасын ачып берди. Ушул макаланы жазууга камынып, «Адабий айкашты» дагы бир сыйра окуп чыгып, К.Асаналиевдин кеменгердигине дагы бир жолу тан бердим. Түшүнгөн адам бул китеп философтор үчүн да, көркөм адабияттын жана фольклордун тарыхын изилдөөчүлөр үчүн да, тарыхчылар үчүн да, тиги бу жазуучулардын жеке чыгармачылыгын изилдөөчүлөр менен кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүү тенденцияларын изилдөөчүлөр үчүн да, же жөн гана акылдуу китеп окугусу келгендер үчүн бирдей баалуу, табылгыс китеп экендигин түшүнөт. Агай өзү эч нерсени түшүнбөгөн кезинен келип (бул жеке агайдын эмес цивилизациядан четте калып кеткен жалпы элибиздин трагедиясы болгону азыр

баарыбызга белгилүү да), жалпы дүйнөлүк көркөм маданиятты ар тараптан талдоо дареметине чейин көтөрүлүүдөгү басып өткөн жолун ашкан чынчылдык менен ачып, ошондогу ар бир кыймылга өзүнүн учурунан, өзү турган деңгээлден карап баасын бергени, бул эмгектин коомдук маанисин абдан тереңдетет. Мисалы, Радловдун белгисиз манасчыга (аты-жөнү келтирилбеген) суроо берип алган жообу жөнүндө агай мындай ой жүгүртөт: «Мазмунуна, стилине караганда котормочу кыргызча айтылган жоопту оригиналга жакындаштырып берүүгө аракеттенгени байкалбай койбойт. Мен эми орусчадан кайра кыргызчага которуп көрөйүн: «Кандай гана «ыр-песня» болбосун (сөз эпостун эпизоду, сюжеттик мотиви, окуясы жөнүндө) мен аны сөзсүз аткара алам, анткени «ыр жаратуу» өнөрүн кудай мага өзү берген. Мен ырды издебейм, ырды Кудай өзү оозума салып койгон, мен бир дагы ырды үйрөнүп, жаттап алган эмесмин. Баары өзүмөн, ичимен чыгат». Менин оюмча - деп, жазат андан ары окумуштуу, - дал учурунда айтылган шумдуктуу **сөз.** Улуу эпостун айланасын саясий идеология каптап, курчай электе бул сөздүн токтоосуз айтылып калгандыгы, В.В.Радлов аны кандай укса, дал ошондой жазып калтырганы, бул сөзсүз тагдыр. «Айтуучунун» («певец») табыйгы түрдө жөпжөнөкөй чыгарган сөзү окумуштуу-фольклористке «Манас» эпосу боюнча фундаменталдуу жыйынтыктарга келишке негиз түзгөн» (180-181-б.). Албетте, бир сөзгө ошончо маани берип, манасчылык бүткүл өнөрдүн сырынын кулпусунун ачкычы ошол сөз болуп жатканын билиш үчүн адам канчалык деңгээлдеги окумуштуу болуш керектигин илимий чөйрө жакшы түшүнөт. Илимий деңгээлдин төмөндүгүнөн биздин айрым аттуу-баштуу адамдар бир сөз эмес, миллион саптын тегерегиндеги океан сындуу «Манас» эпосун керектен чыгарып мусорго ыргытып жиберишке аз эле калганы агайдын китебинен дагы даана көрүнүптүр. Эң негизгиси К.Асаналиев ушундай калпыс иштердин кандай психологиялык жагдайлар менен ишке ашканын же аша жаздаганын зерикпей, кадалып олтуруп жазып чыгышынын түпкү максаты кийинки муун, кийинки урпактар билсе, түшүнсө, илимге келе бакан, куу союлдук менен эмес, бийик интеллектуалдык мамиле болсо деген изги тилек болгону байкалып турат. Адабиятыбыздын алгачкы жерпайын түзгөн акын-жазуучуларыбыз (А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, К.Маликовдордун) идеалык күрөштү акыл менен, илимий түшүнүк, маданият менен жүргүзбөстөн, илгертен калган көктүк, бир беткейлик, тажаалдык ал эле эмес жоокерлик замандан калган көк жалдык сапаттар менен жүргүзгөндөрү канчалардын нервин, канчалардын өмүрүн алып кеткени кандай гана өкүнүчтүү. Бирок бул эч ким аттап кете алгыс өнүгүүнүн мыйзам ченемдүү баскычтары (диалектика) болуп жатпайбы.

Китепте баштан-аяк «билген жокмун», «билген эмесмин», «анда түшүнгөн эмесмин» анан «тагдыр» деген сөздөр жыш кездешет. Философиялык концепт катары колдонулган «тагдырдан» башка сөздөрдү чечмелей турган болсок: бардык ой-кыялы пенделик тиричилик өткөрүүгө гана багытталгандай сезилген (а чындыгында андай эмес…) байыркы кыргыздын жайдак жашоосунан келген адамга илимий чөйрөдөгү болуп жаткан кыймыл-аракеттер түшүнүксүз болушу мыйзам ченемдүү нерсе. К.Асаналиев ошол көп нерсени түшүнбөгөн аңгүдүк боюнча «Пушкин үйүндөгү» чоң адабият менен маданияттын борборуна тушугуп, илимпоз катары аң-сезими ошол жерде калыптанат. Ал эми Кыргызстанда болсо, кыргыз «чылыкка» чыланган илимий интеллигенция калыптанып жаткан мезгил болчу (мунун саркындысы азыр деле сезилет). Ошондуктан, анын кызматы (бирден-бир илимдүү адам катары) аба менен суудай зарыл болуп турган кезде кызматтан четтетилип, канча жылдар бош жүрүүгө туура келет. Мындай нерсени европалык окумуштуулар деле баштарынан өткөрүшкөн (албетте 18-19кылымдарда), бирок, аларды бир жерде түшүнгүсү келбегени менен башка жерде түшүнүп кызматка чакырып алып турушкан. Ал эми агай канча жылдар бою өзүн баалаган адамдарды жолуктура албагандыгы (агайдын мүнөзү оор эмес

экендигине карабай) ошол мезгилдин залакалары, илимдин, адабият менен маданияттын туура жана интенсивдүү өнүгүшүнө кандай гана тийгенин боолголоого болот. Жана бул сөздөр ретроспективдүү баяндоо үчүн атайы максаттуу түрдө колдонулган. Тактап айтканда, ошондогу айтылган сөздөрдүн, жасалган иш-аракеттердин маанисин агай кийин өзүнүн бийиктигинен карап чечмелеп чыгат. Бул эми кечээ жакынкы эле тарых болгондуктан китептин авторунун обьективдүүлүгү көзгө бадырайып эле көрүнүп турат. Агайдын «тагдыр» деген сөздү философиялык жагдайда колдонгону байкалат жана бул сөз философиялык категорияларга салынып изилденүүгө муктаж. Мен олуп-чолуп ушул багыттагы макалалардан окуп түшүнгөнүмө караганда, азыркы учурда, адамдын (же адамдык аң-сезимдин) космос менен болгон байланышы көз-көрүнөө эле чындык болуп калган сыяктанат. Муну кеп кылып жатканымдын себеби, агайдын жаш кезинде турмуштун жагдайына карап алган өзүнчө чечими суу кечпей отуруп, борбор шаарга (Фрунзеге) ишке калат, андан Москвага, Москвадан Ленинградга «сүрүлүп» олтуруп, акыры «Пушкин үйүнө» туш болот. Кийин ал жер агайга окшоп адабият деп дегдегендердин эңсеп түшүнө кире турган, ааламга аты-заты белгилүү борбор экендиги түшүнүктүү болот. Агай муну тагдыр деп кабыл алат. Мунун табышмагы эле, агайдын ички даярдыгы, ички каалоосу (азырынча көптөрү бей-аң түрдө, ал эми илимдин түшүндүргөнүнө караганда подсознание менен космос түздөн-түз байланышта болот экен) ошол жерге жетелеп барат. Мындай нерсени кыргыздын макалдарынан деле жолуктурса болот: «Пенденин оозундагы - кудайдын кулагында»; «Жакшы тилек, жарым ырыс»; «Кудай жаштын тилегин берет» деген сыяктуу жана башка. Асаналиевдин тагдыры менен кыргыз адабият таануу илиминин тагдыры түздөн-түз байланыштуулугу да талашсыз нерсе го. Ошондо непадам агайдын өз жүрөгүн тыңшабастан, турмуш жагдайына карап, анын үстүнө үйүнөн узакка чыгып көрбөгөн жашык сезимине (апасын кыялбаган) жетеленип кабыл алган чечимдери ишке ашып, айылда мугалим болуп кала берчү болгон болсо кандай болот эле? Кеңешбек Асаналиевсиз кыргыз адабият таануу илимин саамга болсо да элестете алабызбы? Жок. Жана да жок!

«Адабий айкаш» - жеке бир окумуштуунун эле эмес, бүтүндөй кыргыз адабиятынын жана адабият таануу илиминин мемуары. Анда көркөм адабият менен адабият таануу илимине тиешелүү түйүндүү маселелердин канчасы талданат:келип чыгышы, обьективдүү, субьективдүү жагдайлар, катышуучулар жана маселенин тигиндей же мындай чечилишиндеги алардын ойногон ролдору. Тагыраак айтканда, менин көз карашыман алганда (балким менин бул пикирим жаңылыштыр) кыргыз адабият таануу илиминде башы ачыла элек бир канча маселелер бар, ошолордун ичинен сөз болуп жаткан китепте каралгандарына токтоло кете турган болсок: У.Абдукаимовдун феномени, А.Токомбаевдын кыргыз адабиятынан ээлей турган орду (таразанын ташы анын кыргыз адабиятына сиңирген кызматы жакка оойбу же «злой генийлиги» аңтарып кетеби азырынча белгисиз), көркөм адабиятты илимий изилдөөдөгү мындан аркы багыт: илимий обьективдүүлүктү сактай алабызбы же мында да артка кетип, «оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» болобу? (Азыркы кезде таланттуулар эмес акчалуулар китеп жазып калгандыгы кооптондурат). Ушул маселелер изилдөөгө алына турган болсо, «Адабий айкаш» табылгыс булак, жол көрсөткүч маяк болуп берери бышык. Агайдын сөз болуп жаткан китебинин маанисин дагы тереңирээк ачуу окумуштуунун жубайы жана илимпоз Раиса Кыдырбаеванын агай жөнүндөгү эскерүүлөрүсүз мүмкүн эмес: «Кеңешбектин алгач адабиятка болгон көз карашы орус элинин улуу адабиятынын таасиринде калыптана баштаган, ал Ленинграда аспирантурада окуп жүргөнүндө Д.С.Лихачев, А.Б.Томашевский, Н.К.Пиксанов, А.С.Бушмин, Б.С.Мейлах, П.Н.Берковдой болгон залкар окумуштуулар менен аралашып жүргөнүн мемуарында бир нече ирет кайталаганын көрөбүз. Анын

өзүнүн стили, багыты, көз карашы, ой жүгүртүүсү менимче өзүнчө эле чоң дүйнө экен. Ал дүйнөлүк улуу орус адабиятын өздөштүрүүдөн калыптанып, чыйралып, анан кыргыз адабиятынын өсүү жолуна жуурулуштуруп, өзүнүн ички дүйнөсүнүн түшүнүгүнө багынттырып, өзүнчө бир адабий багыттын түзүлүшүнө көмөктөш болгону көрүнүп турат» (282-б.).

«Ушул өзүнчөлүк адабий багытка көтөрүлүүдө ага европадагы жазуучулар да өзүнүн таасирин тийгизгени сезилет. Ушундай адабияттардын синтези аркылуу, алардын тажрыйбасын өздөштүрүү аркылуу ал кыргыз адабиятын ошол чоң адабияттардын призмасы аркылуу кабыл алып, жеке кыргыздын көркөм ойлоосу менен жуурулуштуруп, өзүнүн ой жүгүртүү методологиясына баш ийдирип, иштеп чыккан деп айта алам» (283-б.).

«Кеңешбек кыргыз адабиятын түзгөн залкар инсандар, илимпоздор: А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, У.Абдукаимов, Ясыр Шиваза, Ч.Айтматов, К.Маликов, К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиевдер менен тагдырлаш болгонун айтып, алар менен болгон мамилесин, алар менен болгон курч полемикалуу учурларды элестетип, өзүнүн тагдырына канааттангандай болот. Ал кыргыз адабиятынын тарыхында болгон конференцияларды, трагедиялуу учурларды – камакка алынган илимпоздор, жазуучулар жөнүндө кеңири сөз кылат»

(283-б.).

Адабият таануу илиминде төрт аягы тең жорго К.Асаналиев «Адабий айкашта» философчулук да, публицист да, ошондой эле көркөм чыгарма жазууга да даркан таланты бар экендигин көрсөтүптүр. Ал эми бул чыгарманын жанры, анын дүйнөлүк адабияттагы мемуарлардан өзгөчөлүгү менен кыргыз адабиятынан ала турган орду жөнүндө өзүнчө сөз болууга тийиш. Ошентип макаланы аяктар алдындагы сөз: мен бир кезде бир ыр окудум эле. Мазмуну түрк тилдүү чыгаан акын жөнүндө болсо керек эле, жадымдан чыгып кетпесе. Ошондон бери ошол ырдагы «Ал өзү көгүлтүр көз бир дөө эле…» деген сап эсимден кетпейт. Ушул сап эмнегедир агай жөнүндө айтылгандай ассоцация чакыра берчү эле, ошондуктан, Агай жөнүндөгү макалага мындан башка аталышты ыраа көрбөдүм. Чындап эле Асаналиев кыргыз адабият таануу илиминин бир алпы эле го, анын бүт дасмиясын боюна сиңирип көтөрүп жүргөн. Эмне дейбиз, сынбасты уста, өлбөстү кудай жаратпайт экен…

Адабияттар:
1. Асаналиев К. Адабий айкаш. -Бишкек, 2008.

Ч.АЙТМАТОВДУН «ЖАМИЙЛА» ПОВЕСТИНИН ДҮЙНӨЛҮК КӨРКӨМ КОНТЕКСТЕ ИЗИЛДЕНИШИ (К.АСАНАЛИЕВ МЕНЕН Г.ГАЧЕВДИН ЭМГЕКТЕРИНИН МИСАЛЫНДА)

Чокоева Д. М.
Жалал-Абад мамлекеттик университети

УДК.894.341.09.

Албетте, Ч.Айтматовдун жалпы чыгармачылыгы, анын ичинен айрыкча «Жамийла» повести дүйнөдөгү көптөгөн окумуштуулардын илимий обьектиси болуп келаткандыгы айгине иш (караңыз: Л.Укубаева Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты, 2012, 49-50-беттерде). Бирок, ошол окумуштуулардын ичинен окумуштуулар К.Асаналиев менен Г.Гачевди Ч.Айтматовдун чыгармаларын улуттук жана жалпы

адамзаттык өңүттөн изилдөөдө өзгөчө орунда турушат жана буга бир канча себептер бар. Ал себептердин эң негизгиси: масштабдуу жана терең ой жүгүртүүгө жөндөмдүү жана ар тараптуу эрудициялуу эки илимпоз жазуучу менен жашташ, тагдырлаш (социалистик идеологиянын оош-кыйыш жактарына бирдей күбө болушкан, анын оң-терс жактарын ар кимиси өз жон терилери менен сезишкен), бир мамлекеттин атуулдары болушкан, бир тилде сүйлөшкөн жана экөөнүн бирөө жазуучу менен бир элден болгондугу эске албай коё турган факторлордон эмес. Биз сөз кылганы жаткан эки окумуштуу тең Жамийланын образы Кыргызстанда, дал ошол мезгилде гана жаралышы мүмкүн болчу деп бир ооздон бекемдеп жаткандыктарынын абдан терең сыры повесттин мазмунунун ушундай түзүлүшүн шарттаган тарыхый өбөлгөлөр жөнүндө башкаларга салыштырмалуу (чет өлкөлүк изилдөөчүлөр эске алынып жатат) буларга көбүрөөк белгилүү экендигинде.

Экинчиден, эгерде К.Асаналиев илимпоздук генийинин маанилүү бөлүгүн Айтматовдун чыгармаларын изилдөөгө жумшаса, Г.Д.Гачев өзүнүн онтогенез (индивидуальное духовное развитие народа) жана филогенез (…воспроизвести в сжатом виде необходимые стадии мировой культуры) боюнча теориялык ойлорун Ч.Айтматовдун да чыгармаларын мисалга келтирүү менен ырастаган (китепте: «Любовь, человек, эпоха» М,, 1965) ошондой эле Г.Гачев улуттук моделин түзгөн элдердин катарында Кыргыз улуту да бар экендиги Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы менен байланыштуу. Дагы конкреттиштирип айтсак, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы эки окумуштуунун тең өмүр бою илимий обьектиси болуп кала берген. Албетте, бул себептер эмне үчүн Ч.Айтматовдун чыгармаларын талдоого алуу боюнча дүйнөдөгү эң чоң илимий авторитеттер деп К.Асаналиев менен Г.Гачевди эсептээрибизди түшүндүрүүчү себептердин толук эмес тизмеси.

Ошондой эле жазуучунун жалпы эле чыгармачылыгын тереңден изилдеп чыгуу, кандай зарыл болсо, Асаналиев менен Гачевдин масштабындагы окумуштуулардын ой жүгүртүүлөрүн да ошондой эле деңгээлде изилдөө зарылчылыгы бар, анткени, алар да Е.Сидоров «Такие литераторы и ученые, как Гачев, есть тоже наше национальное достояние, и не меньше, чем творцы эстетических ценностей как таковых» деп белгилегендей, сөз болуп жаткан эки окумуштуунун бир чыгарманы («Жамийла») бирдей аспектиден изилдөөсүн салыштырып карап чыгуу адабият таануу илими үчүн актуалдуу деген ойдобуз.

